КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ

Ч. АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ
ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ

«ЭЛ АДАБИЯТЫ» СЕРИЯСЫ

# ОШ ОБЛАСТЫНАН ЧОГУЛТУЛГАН ФОЛЬКЛОРДУК МАТЕРИАЛДАР

**38-том**

Академик **Абдылдажан Акматалиевдин**
жалпы редакциясы астында

Түзгөн
**Асел Исаева**

БИШКЕК
«ТУРАР» – 2018

УДК
ББК

*Кыргыз Республикасында 2014–2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн улуттук программасы боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгынын (2014-ж. 2-июнь, № 119) жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомунун (2015-ж. 6-апрель, № 151) негизинде жарык көрдү.*

*Басмага Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун Окумуштуулар кеңеши тарабынан сунуш кылынды.*

Редкеңеш:

*Акматалиев А.А.* *Мусаев С.Ж.*
*Байгазиев С.* *Садыков Т.*
*Жайнакова А.Ж.* *Токтоналиев К.Т.*
*Маразыков Т.* *Эркебаев А.Э.*

**«Эл адабияты» сериясы. 38-том:** Ош областынан чогултулган фольклордук материалдар /*Түз. А. Исаева.* – Б.: «Турар», 2018. – 604 б.

ISBN

Бул китеп Ош дубанынын Алай, Кара-Кулжа, Ноокат, Өзгөн, Чоң-Алай, Араван өрөөндөрүнөн XX кылымдын 20-80-жылдарында экспедиция жумуштары учурунда жыйналган түрлүү жанрдан турган мол материалды ичине камтыды. Бул тексттер эл арасынан кылым башталышынан анын дээрлик акырына чейинки мезгилде жыйналгандыктан оозеки чыгармачылыктын өсүү динамикасын, доор шартына карай маани-мазмундук өзгөрүүсүн чагылдырат.

Китеп фольклор, этнография, этнология, антропология адистерине, мугалимдерге, студенттерге, окуучуларга жана кыргыздын байыркы мурастарына кызыккан жалпы журтка арналат.

**УДК**
**ББК**

ISBN

© КРУИА, 2018
© «Турар», 2018

## БАШ СӨЗ

Бул китеп Ош дубанынын Алай, Кара-Кулжа, Ноокат, Өзгөн, Чоң-Алай, Араван өрөөндөрүнөн XX кылымдын 20-80-жылдарында экспедиция жумуштары учурунда жыйналган түрлүү жанрдан турган мол материалды ичине камтыды. Бул тексттер эл арасынан кылым башталышынан анын дээрлик акырына чейинки мезгилде жыйналгандыктан оозеки чыгармачылыктын өсүү динамикасын, доор шартына карай маани-мазмундук өзгөрүүсүн чагылдырат.

Белгилей кетерибиз, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч.Айтматов атындагы тил жана адабият институту ар дубандан жыйналган материалдарды өз өзүнчө китеп түрүндө жарыялоо ишин алгачкы жолу колго алып олтурат. Кыргызстандын булуң-бурчун мекендеген элдин жалпы улуттук мүнөзүн жана аймактык бөтөнчөлүктөрүн чагылдырган материалдар окурмандардын кеңири чөйрөсүнө арналат, ошону менен бирге илимий чөйрө үчүн дагы мындай алгылыктуу аракет өтө баалуу тажрыйба болуп кызмат өтөйт. Жыйнакка кирген тексттердин бардыгы Ч.Айтматов атындагы тил жана адабият институтунун Колжазма корунда сакталып турат. Жарыяланып жаткан ар бир тексттин колжазма түрүндөгү инвентар номери көрсөтүлгөн. Колжазма корунда сакталып, бирок ушул күнгө чейин жарык көрбөгөн материалдарды жарыялоо жыйнакты түзүүчүлөрдүн эң башкы милдети болду. Ал эми колжазмалардын түпнускасы баалуу архив документи катары урпактарга таберик.

Жыйнакты басмадан чыгаруу бир жагынан изилдөөчүлөрдүн кызыкчылыгын көздөйт, себеби аларды иликтеп-үйрөнүүдө фольклордук материалдын типологиясын аныктап, оозеки кордогу айрым жанрлар

бара-бара эл оозунан көп эскерилбей унутулса, айрым элементтери турмушта ургаал урунуу процесси байкаларын аныктоого шарт түзөт. Жарыяланган материалдарды диахрондук жана синхрондук таризде кароого мүмкүндүк бар. Диахрондук өңүт материал жыйналган тарыхый доор менен (XX к. 20-80-ж.ж.) белгиленсе, ал эми синхрондук материал жыйналган аймактын бөтөнчөлүгү аркылуу аныкталат.

Экинчи жагынан мындай жыйнак окурмандардын эң кеңири катмарында зор кызыгуу жаратышы шексиз. Бул китепте Ош аймагында кең тараган оозеки чыгармалардын түрлүү-түркүн жанрлары жарыяланып, алардын эл ичиндеги өөрчүп-өсүү өзгөчөлүгүн калкка таанытат. Ошол эле учурда кыргыз калкына жалпы мүнөздүү болгон бир бүтүн салттуу фольклордун үлгүсүн тартуулайт.

Жыйнактын лирикалык чыгармалар бөлүмүнө терме, санат, арман, кошок жана секетпай, күйгөн сыяктуу ашыктык ырларынан турган лирикалык жанрдын барлык түрлөрү, табышмак, жаңылмач, калп өңдүү майда жанр үлгүлөрү, эпикалык жанрдан жөө жомок арбын.

Терме бөлүмүндө тарыхый, философиялык, социалдык мазмундагы жана үй-бүлө мамилелерине арналган лирикалык ой толгоо ырлары абдан көп. Лирикалык чыгармалардын чоң катмары туулган жерге, мекенге арналып, оозеки ырчылар өз журтунун атынан «Ноокат», «Алай», «Оштон» деп топонимдик аталыш берип муундан-муунга өткөрүп келгендиги байкалат. Башкалары тууган жерине арнаган жылуу сезимин «Туулган жерин кошуп ырдаганы», «Эл жерине арнаганы», «Агарат башы тоолордун», «Түштүктүн тескей тоосунан», «Сагындым туулган жеримди» деген поэтикалык теманын алдында топтогон.

Жыйналган колжазмалардын ичинде турмуштун ооош-кыйыш жагдайын философиялык лирикага чөгөргөн «Жокчулук», «Жашчылык», «Не керек» өңдүү элдик поэтикалык ой толгоолор өтө көп учурайт.

«Не керек» деген чыгармада жашоонун чар тарабы – жаратылыштын ажайып кооздугу, ашыктык сезим, улуттук асылнарк даңазаланат. Бул чыгарма ар кыл теманы ичине камтыган «терме» жанрынын айкын үлгүсү. Чыгарма кыргыз жергесинин түндүк-түштүгүн сүрөттөп, бүтүн бир мейкиндикти түзгөн мекенин мактап ырдайт. Адам жашоосундагы эң башкы сезим сүйүү сезими ырдын негизги мазмунун түзөт. Бул термеде самолётто учуу сыяктуу турмуштун жаңы өзгөрүштөрү дагы ырга кошулуп, каалаган жериңе заматта жеткирген учактын кереметы менен бирге эле Ала-Тоонун бийик чокусун, анын кооздугуна көз чаптыруу бактысы байандалат. Негизинен чыгарма кыргыздын салтуу стилинде, түзүлүп, оптимизм менен эпикурдук маашырлануу маанайында жаралган гимнди элестетет.

Аталган аймактан жыйналган колжазмаларда социалдык тематикага дагы кеңири орун берлген. «Атка минер», «Башкарма», «Айылдын өзгөрүшү» ж.б. чыгармаларда бир жагынан таптар ортосундагы кастык ырга кошулса, экинчи жактан карапайым калк жашоосуна оңолуу киргизген жаңы (советтик) турмушту мактап, эл оозунда келечекке карай үмүткө толгон жаңы мазмундагы ырлар пайда болгон.

Өлкөнүн түштүк бөлүгүндөгү тарыхый кырдаалга жараша оозеки лирикада ислам мотиви өтө күчтүү чагылдырылган. Андыктан жыйнактын «Терме» бөлүмүндөгү көпчүлүк чыгармаларда бул мотив байма-бай кездешет. Ислам дини жана анын айрым ырым-салтына арналган «Рамазан» сыяктуу чыгармалар жаралган. Мусулман пайгамбарлары тууралуу легендага байланыштуу ырларды дагы кездештирүүгө болот, мисалы: «Илгери Сулайман деген ырчы аксакал атын бөрү жеп кеткенде ырдаган». Аталган чыгармада ислам мотивдери эскерилгени болбосо, ыр түзүлүшү, мазмуну жана көркөм наркы улуттун салттуу поэтикалык системасына толугу менен төп келет.

Оозеки лириканын тутумунда дин өкүлдөрүнүн ач көздүк, арамзалык, абийирсиздигин ашкерелеген,

мисалы «Молдолорду сынга алуу» өңдүү чыгармалар дагы аз эмес. Мындай чыгармалар XIX–XX кылым арасында акындык поэзиянын мыкты чыгармалары эл арасына кеңири таркап, алардын чыгармасындагы антиклерикалдык маанай маанилүү орунда тургандыгы менен мүнөздөлөт. Поэзия диний догмаларды зордоп таңуулоого, улуттук салттын бузулушуна каршы калк пикирин билдирүүдө таасирлүү каражаттын бири болгон.

Салт боюнча кыргыз калкынын лирикалык чыгармачыгында «секетпай», «күйгөн» атанган ашыктык ырлары итапкан орунду ээлейт. Бул жыйнакта дагы ашыктык ырлары «лирика» бөлүмүнүн басымдуу бөлүгүн түзүп, жалпы кыргыз фольклоруна таандык мотивдер менен салтуу көркөмдүк сакталуу менен катар эле географиялык аймактын тиешелүү тамгасы түшкөн өзүнчөлүк менен бөтөнчөлүктө калыптанган материалдар түзөт.

Лирикалык жанрдын ар түрдүүлүгү анын түзүлүшүнөн гана эмес, анын көп версиялуу нускаларынан дагы көрүнөт. Алсак, мал чарбачылык менен күн көргөн кыргыз элинде «Шырылдаң» ыры абдан кеңири ырдалып келген. Ош аймагынан жыйналган колжазмаларда дагы бул ырдын эки башка версиядагы мисалы катталган. Мындай көп түрдүүлүк жыйырманчы кылымдын 20-80-жылдарында ар кыл багытта эл оозунда дагы деле болсо жандуу жашаган көрүнүш болуп, жыйноочулар тарабынан өз маалында кагазга түшүрүлүп калгандыгы урпактар үчүн баа жеткис таберик болгон.

Жыйнакка киргизилген оозеки чыгармалардын көркөм наркына жүргүзүлгөн жалпы талдоо оозеки чыгармаларды салтуу түрдө муундан муунга өткөрүүнүн көп кырдуулугун тастыктайт. Ошондой эле, поэзия жаатында чыгарманын көркөмдүгүн арттырган параллелизм, аллитерация, салыштыруу, эпитет, поэтикалык кайталоолордун кызматын төмөнкү мисалдар көрсөтүп турат.

*Поэтикалык параллелизм үлгүсү:*

Шумкарды колумдан
Учурдум торумдан
Алтыным сени издеп
Адаштым жолумдан («Шумкар»).

Гүлгөнүн тоонун гүлүндөй,
Гүлгүнүн өссүн гүбүлбөй.
Үзүлүп жаным чыкканча,
Үмүт да кылам түңүлбөй («Эл ырлары»).

*Аллитерация:*
Кыярган тоонун бетинен
Кыргыйек учат четинен
Кыйшайып барып бир өпсөм
Кызгалдактай бетиңен.

Саргайган тоонун бетинен
Сары улар учат четинен
Санаадан кетер күйүтүн
Сен өптүрсөң бетиңен («Өптүрчү»).

*Салыштыруу:*
Бото көз, моймол, бураң бел,
Болжолум ушул сууга кел.

Чачың тоонун кундуздай,
Көзүң чолпон жылдыздай («Жаштык ырлары»).

Кайталоо:
Эгиз тоолуу бөлүнгөн,
Кыйын болот турбайбы....
..............................
Кара тоодо бөлүнгөн,
Кыйын болот турбайбы...

Окурмандарга оңтойлуу болсун үчүн маалымат берүүчүлөрдүн аты-жөнүн ар бир чыгарманын аяк

жагына бербестен, жыйноочулардын жазмаларына таянып, алар тууралуу кошумча маалыматты: кесибин, жаш курагын (ар бир эле колжазмада толук эмес), билим деңгээли жазылганы бойунча берилди. Жыйнакты түзүүчүлөр жыйноочулардын жазуу стилин өзгөрүүсүз калтырды.

Айтып берүүчүлөр тууралуу маалыматта өз билим деңгээли жөнүндө өкүнүү маанайда билдиргени менен, ал кишилердин тек оозеки формада гана тубаса эстутумда көлөмдүү маалыматты сыйдырып жүргөндүгү фольклор жыйноочулар үчүн табылгыс дүйнө болучу. Кат-сабатка таянбастан, тек жеке эстутумда сакталган оозеки материал улуттук маданияттын кайталангыс нукура үлгүлөрү XX кылымдын экинчи чейрегине дейре эл оозунда кеңири сакталгандыгын күбөлөйт.

Маалымат бергендердин турак алган жеринин аталышы ошол кезде кандай аталса, ошол бойдон берилди. Себеби топонимдик аталыш материал жыйналып алынган жылдардагы тарыхый доорду, совет мезгилинин тамгасын белгилейт, мисалы «НКВД» колхозу, «Калинин» колхозу, «Социализм» колхозу, «Ленинчил жаш» колхозу, «Большевик» колхозу д.у.с.

Жыйнакта жарыяланган материалдар кимдин оозунан жазылып алынгандыгы жөнүндө маалымат:

Абдисатар Уулу Тойчубек. Алай р-ну, с-з Чоң-Алай, Улуу Кара-Мык.

Абдыкадыр уулу Жапар. Алай району, с.Сары Могол.

Абдыкеримов Акмат. Ош областы Мырза-Аке району «Ара-Гөл» колхозунан жыйналды (6-июль 1947-ж.).

Абдылдаев Түмөнбай. Совет р-ну, к-з Калинин бр. 2, с Кара-Булак.

Абдырахман Баймыратов.

Акмат Мисамамбет уулу. Алай Гүлже болушу, Ак-босого эли. Жоош уругу. Жашы 23де. Түк окуган эмес.

Акматалиев А. Алай району. Көрүл с/совети. К-з «Социализм».

Акматов Турдубай. Совет району, к-з «Ленинчил жаш», с. Чалма.

Алмомунов Абдыкадыр. Ош обл. Узген р-н Заргер с/с «К-Октябрь» к-з

Алпейс Чотон уулу. Ак-Буура болушу, Жоош кышлагы. Ырды кичине кезинде үйрөнгөн.

Аманов Токтогул. С. Көк-Бел; Конезавод 44.

Анарбаев Зайир. Кыргыз-Ата с/совети. Тельман атындагы к-з.

Анарбаев Ибраим. Алай району. Корул с/совети, к/з «Социализм».

Андабаева. Араван району Уйгур-абад с/с «Жаңы-жол» к-з.

Бакир Абды уулу. Акбуура болушу, Жапалак кыштагы. Ырды 1925-жылы үйрөнгөн.

Бекмуратова Топчу. Алай р-ну, с-з Алай отд. №3. Ак-Босого.

Бекмырза Нияз уулу. Жашы 14де. Алай Гүлжо болушу Акбөсдү кыштагы. Жоош уруусунан. Мектепте бир аз окуган. (16-июль 1927-ж.)

Бекназаров. Ош бол. Тулейкан р-н, к-з Большевик (29-июль 1947-ж.).

Боетонбаев Касым. Алай району. Ленин к/зу.

Борбо уулу Эрмекбай. Алай р-ну, с-з Алай, с Ак босого.

Боркоев Маметисак. Өзгөн район Кызыл- Дыйкан с/с. Фрунзе к/зу (10-август 1947-ж.).

Боромбаев Калил. Ош обл. Ноокат району, Чачмасай к-зу.

Гадан Агназар уулу. Алай Гулжа болушу. Ак босого кыштагы. Жоош уругуна көчмөн (18-июль 1927-ж.)

Жаанбаев Аскар. Ош обл. Кара-Суу р-н. Жоош с/с. «Маданият» к/з.

Жакып уулу Темирбай. Алай району, с-з Ленин, с. Жошолу.

Жолдошев Төлөн. Ош. Обл. Ош р-н к/з «Жаңы Маданият»

Жумаева Сурма. Алай району, с. Ак-Босого.

Жунусбеков Аматкерим. XXII парт съезд. 2-отд,

Кан-Коргон кол.

Жунусова Ашир. Ош обл. Ноокат р-н. село 1-май к/з Салиева. Өрнөк айылы.

Зайнап Конобай зайыбы. Алай-Гүлше болушу Ак-Босого кыштагы.

Исаков Урустан.

Исмаилов Ашырбай. Ош обл. Мырза-Аке району, к/з «Салам-Алик».

Исраил уулу Акматаалы. Сагындык, с Коо-Чаты.

Калпаева С. Өзгөн району Төрткүл с/с, «НКВД» колхозу.

Каримова Б. Ош обл. Өзгөн район, Кызыл-Дыйкан с/совет Кызыл-Дыйкан к-зу.

Каримова П. Өзгөн район Кызыл-Дыйкан с/с Кызыл-Дыйкан орто мектеби.

Карымова Бөпө. Өзгөн району «Кызыл-Дыйкан» с/с.

Келдибаев Жаныбек. Ош обл. Өзгөн району Заргер с/с, к/з. «Кызыл Октябрь»

Колдошбай Атасара уулу. Гүлже Алай болушу, Ак босого кыштагы, жоош уругу. Жашы 26-да, он жашында бир аз кыргызча окуган. Кат билбейт.

Коңкошов Рыспай. Мырза-Аке району «Кызыл Октябрь» к/з, Шамал терек кыштагы.

Курманбаев Ээмэтжан. Совет р-ну, «Кызыл-Байрак» к-зу, Сары-Бээ айылы.

Курманбү Сартбай кызы. Совет району. с. Тоготой.

Күңбаш уулу Тажибай. Алай району, Ак-Босого айылы.

Кыдыр Түмөнбай уулу. Алай Гүлүше болушу, Ак-Босого кыштагы.

Кыдыров Сатылган. Алай р-ну, с-з Алай, с. Ак-Босого.

Кыйбат Арык Кызы. Алай району, с. Ак-Босого.

Максымбаев Тойчу. С. Көк-Бел. Конезавод 44.

Маматов Жармат. С. Көк-Бел. Конезавод 44.

Мамыт Абаз уулу. Алай Гүлче болушу, Акбосого кыштагы.

Марифбекова А. Мырза-Аке району.

Матысаев К. Ош обл. Жаңы-Ноокат р-н 1-Май с/с.

Медер уулу Акматаалы. Совет району с/х Сагындык с. Коо-Чаты.

Меңдибаев Калыбай. Өзгөн район Кызыл-Дыйкан с/совет к/з «Кызыл-Дыйкан». Село «Кара-Дыйкан» (1939-1940 жылы).

Мырзабаев Маматкул. Алай совхозу, 3-участок.

Орозалиева Майрам. Совет району «Кара-Кулжа» с-зу, с Тоготой.

Осмонова Тургун. Кара Суу р-ну. Эркинч/с. Эркин к/з.

Разаков Төрөкул. Ош обл. Жаңы-Ноокат р-н.

Сагымбаева Хруниса. Ош обл. Түлейкен р-н. к/з. Пятилетка

Сагынаалы Макебай уулу. Панфилов р-ну. С. Кум-Арык.

Садикова Разия. Ош обл. Мырза-Акинский р-н. с/с Адырек к/з «Обком». (27-июль 47-жы).

Салиев Турдумамат. Ош олбасть Өзгөн район Кызыл-Дыйкан с/совет Кызыл-Дыйкан колхозу 5. 07. 47

Сармолдоева Шарипа. к/з Калинин (29-июль 47-ж.).

Сулатов Низамидиндин айтуусу боюнча. Алай району, совхоз Чоң-Алай, Ишве кыштагы.

Сулейманов Маматшарип. Ош областы Мирза-Аки району Буденный колхозу.

Султанова Күлү. Ош. обл. Мырза-Аке район Кара-Кочкор с/с колхоз «Киров».

Сыдыков Табылды. Алай р-нан жыйналган элдик оозеки чыгармалар (1961-ж.)

Табакалов Закир. Алай р-ну, с-з Алай, с.Ак-Босого.

Талканбай кызы Санамбү. Алай району, Будалык айылы.

Ташматов Кадыр. Ош обл. Жаңы-Ноокат р-н. «Бель» с/с.

Текебаева Саламат. Өзгөн р-н (1947)

Термечиков Муса. Алай району, совхоз Чоң-Алай, Кара-Мык кыштагы. Уруусу – кыпчак.

Токторбаева Б. Совет району. с. Советское. (3-июль 1947-ж.).

Токтосунов Шакир.

Чотон Мусамамбет уулу. Алай Күлчө болушу. Ак-Босого кыштагы.

Шаамырзаев Маты. Алай совхозу.

Шеркулова Батма. Ош обл. Ноокат р-н село Өрнөк. к/з Салиева.

Эргешбай Нияз уулу. Алай Күлчө болушу. Ак-Босого кыштагы. Жоош уругу. Жаш 23де. Алмаз кат билет.

Эркин Омонов. Ош обл. Кара-Суу р-н.

Эрмек Борбу уулу. Алай Гүлже болушу. Ак-Босого кыштагы. Жоош уругу. Жашы 22де. Кат билбейт. Көчмөндүү.

Бул жыйнактын жарыкка чыгуусуна эбегейсиз зор кызмат өтөгөн, албетте, жыйноочулар болгон. Илимдер академиясынын кызматкерлери ар жылдарда экспедияга аттанып, ушундай кайталангыс эл казынасын кагазга түшүрүп келген. Жыйнакка кирген колжазманын алгачкысы 1927-жылдагы А.Шүкүровго таандык. 1947-жыл менен катталган негизги фольклор материалдарын Ош аймагынан Абдылдабек Тайгүрөңов жыйнап, колжазма коруна өткөрүп берген. 1985-жылы Тил жана адабият институтунда ири экспедиция уюшулуп, илимий кызматкерлер – К.Ибраимов, Б. Сабыров, Р. Сарыпбеков, Р. Мээрканова катышкан фольклордук топ бир кыйла көлөмдүү материал чогултуп келген. Жыйноочулардын жана маалымат айтып берүүчүлөрдүн мээнетинен жаралган жыйнак бүгүн жалпы окурмандардын назарына тартууланды.

***АСЕЛ ИСАЕВА***

***Орус тилинен которгон Н.Нарынбаева***

## ТЕРМЕ

### ТЕРМЕ[1]

Ак чамгыл тоонун этегин
Азиз да мерген кийиктейт
Алганы яким яналса
Азамат үнү бийиктейт.
Сүйгөн элим кулак сал
Сөз баштайын термеден
Таңдай тилим сайратып
Таанышайын эл менен
Жамил ираң чөп өсөт
Жазгы жамгыр сел менен
Тал теректер ыргалат
Таңкы салкын жел менен
Колумдагы калемим
Оң колума алайын
Алтын сөзгө толтурган
Ак кагазда парагың
Кыялым сөздүн табамын
Кырданбагын жигиттер
Кыжалат ишке жарагын
Кырданып кесир сүйлөсө
Кыйыны ушул баланын
Касиет болот сыйлашкан
Карыга айткан саламың
Күн нуру жарык тийгендей
Күлгөнү сонун баланын

[1] КР УИА КЖБ. – Инв. № 731.

Көйкөлүп өссө жашыл чөп
Көркөмү мейкин талаанын
Сыйлашпай кетсең жат болот
Сыр билги жакын адамың
Сумсайса тору каргаша эй
Сулуунун айтам жамалын
Умтулсаң чамдап эмгекке
Узарат жаштар кадамың
Аймагы зор гүлдөгөн
Адилеттүү заманың
Казыналуу да акындан
Канттай да ширин ыр чыгат
Жүгүртсөң күлүк оюңду
Жүрөктөн терең сыр чыгат
Ойлоп да жүргөн кеп болсо
Оюнуңан чыр чыгат.
Сугалак киши суранчаак
Суктанып келип кур чыгат
Белсенип эмгек иштесең
Бетиңен тердеп нур чыгат
Буралган кырчын тал менен
Булбулдар сайрат тил безеп
Тал кабыгы сыйрылса эй
Тамырына зил кетет
Көркоо менен дос болсоң
Көңүлүңдү кирдетет
Паатырлар чыкса майданга
Петтешкен жоосун сүрдөтөт
Жалкоолордун белгиси
Жарыбай жүрүп күн өтөт
Көбүртүм толкун айдаган
Көк ирим чалкар көл болот.
Көчкү суулар кошулса эй
Көл толкуса сел болот
Берген бир намыс душманга
Бирдиктүү биздин эл болот
Эр жигитке бак консо

Элге да сөзү эм болот
Корсулдаган оройлор
Курбусунан кем болот
Жабыркап турган кезиңде
Жакшы сөз уксаң дем болот
Туйгунду торго түшүргөн
Томуктай гана жем болот
Агасы турса иниге
Ала-Тоо, аскар бел болот
Өнөр, илим адамга эй
Өмүрлүк бир кен болот
Өйүздүү малга чаржайыт
Өзөндүн көркү суу болот
Күлүктү күүлөп чуркаткан
Көпчүлүк сүрөп чуу болот.
Көк шумкар кушту теминткен
Көлдөкү аппак куу болот
Ата-энең төрдө олтурса
Айдай да алтын туу болот
Ойлоп-ойлоп олтурсаң
Октон да күлүк ой болот
Шаттанып жеңиш туу алган
Шайырдын көркү той болот
Суйкая басып керилген
Сулуунун көркү бой болот
Уйкуну санаа жүз бөлүп
Уктабай жигит толгонот
Көшүлүп кызуу түш көрүп
Күйлөнүп сулуу ойгонот
Аттансаң жигит эртелеп
Ачылып бактың жол болот
Байлыктын чоңу ден соолук
Баридан оору кор болот.
Билегим жоон деп мактанба
Билими бар зор болот
Качканда киши жалтанчаак
Караан бир көрсө корголоп

Ач кылва минген атыңды
Алыска жүрсө зордонот
Жүрө-жүрө жакшы аттын
Жүрүшү чыгат жорголоп
Жипке тизген берметтей
Жазамын ырды ормолов
Эрте туруп чамдансаң
Элден да ишиң бат болот
Эмектирсе бузуку
Эки тууган жат болот
Эмгегинен таанылса
Эр жигитке даңк конот
Эгини чыкса ыргалып
Эмгекчи көөнү шат болот
Былдырап сүйлөп олтурса
Баланын тили кант болот.
Турмуштун терең сырын эй
Түшүнгөн адам март болот
Улууну кичүү сыйламак
Мурунтан жакшы салт болот
Ары жок жалкоо кишинин
Айтканы бүтүн калп болот
Өзгөчө айтам жигиттер
Өлүмдөн кыйын ант болот
Каадалу кептен сүйлөсө
Карынын сөзү бал болот
Сонун да күлгүн жаш чагың
Солкулдак кырчын тал болот
Жайлоонун көркүн чыгарган
Жайытта чарба мал болот
Жардамы жанга тийбеген
Жалкоонун пейли тар болот
Көпкө ыраазы болбостон
Азга жетпей зар болот
Ак ниеттүү адамдын
Айтканда кеби шар болот
Эки сөздү калп айтыш

Эр жигитке ар болот
Кызгалдактар гүл ачса эй
Кызыкта мезгил жай болот
Таңдайдан ырды чубурткан
Акындар сөзгө бай болот
Карагер атты курчуткан
Карчытта казы май болот
Карынын черин тараткан
Канттан ичкен чай болот
Кыз он сегиз жашында
Кырандан чыккан ай болот
Ай асмандан жаркырап
Ай асмандан тийбейби
Айдай да сулуу жаш жарың
Армансыз жигит сүйбөйбү.

## ЗАРЛАДЫМ[1]

Көк өтөк чөптүн шалбасы,
Көгүчкөн куштун далбасы.
Көлөкөң көрбөй зар болдум,
Көгөргөн тоонун далдасы.
Кара өтөк чөптүн шалбасы,
Карчыга куштун далбасы.
Караның көрбөй зар болдум
Карарган тоонун далдасы.
Салам кат жазган саламым,
САКУда болуп талабым.
Салам кат жазып көөнүн бас,
Санадар болгон балаңын.
Жаркыраган тамагың,
Жазайын катка жамалың,
Жалдырап кимди карадың.
Жалт этип эске түшкөндө,
Жадымдан чыгат сабагым.

[1] КР УИА КЖБ. – Инв № 236 №1 дептер.

Кыярган аппак тамагың
Кылгырып кимди карадың
Кылт этип эске түшкөндө
Кыялдан чыгат сабагым.
Ушинтип кыйын зарладым,
Уу жутуп келин сандалдым.
Убакты өтүр зыпылдап
Убадаңа канбадым.

## ЖЕҢЕЛЕРГЕ[1]

Калемди талыкбастан колго кармап
Кат жаздым жеңелерим силерге арнап
Кайнимдин арнап жазган каты экен деп
Милдети жеңелердин тосуп алмак.

Эч нерсе эмес кайда болсоң соо болгула
Адам жеткис аскадагы тоо болгула
Алтын күмүш кымбат баалуу
сый кадырды
Азилкечтер бат унутуп койбогула.

Табышмактуу терең сырды ушул чечбей
Бул кагазды тытып койбогула
Кайда болсом силерди эстен
чыгарбаймын
Кадырлуу жеңелерим ойлогула.

## БАШКАРМА[2]

Кызыл чийкил жаш бала
Ар өнөргө маш бала
Улууга жаман айтпаган

[1] КР УИА КЖБ. – Инв № 236 №2 дептер.
[2] КР УИА КЖБ. – Инв № 236 №2 дептер.

Биздин Султан башкарма.
Жылкысы кере жайылган
Койлору батпай байыган
Ыразы болуп район
Рахмат кетпей айылдан
Гүлдөгөн сайын чубаган
Эл жетине кубанган
Гүлдөп өскөн жаштарга
Биздин Султан башкарма,
Султан Шерденбаев.

## АРМИЯДАГЫ ТУУГАНДАРГА АРНОО[1]

Элимден кеткен тууганга,
Эсендикти билгизем.
Эли журттуң тынч аман,
Экендигин билгизем.

Калкымдн кеткен тууганга.
Кат жазып салам жиберем.
Камтама болбой жүрүңүз,
Калган тууган элиңден.

Өлтүрүп бардык душманды,
Жеңериңди тилеймин.
Өз элиңе мактанып,
Келериңди тилеймин.

Эсен болсоң бир күнү,
Айланып элге келерсиң.
Эмне көргөн болсоңуз,
Айтып эле берерсиң.

Карчыга куштай айланып,
Калкыңа бир күн келерсиң.

[1] КР УИА КЖБ. – Инв № 236 №4 дептер.

Кандай укмуш көргөндү,
Калкыңа айтып берерсиң.

## ДУШМАНДАР[1]

Күн чыгып кайра кеч кирет,
Ушинтип өмүр эскирет.
Көрө албай жүргөн душмандар.
Ар жериңден кемсинтет.

Катуулап басып кадамым,
Мектепке кетип барамын.
Кадимкидей шыкаалап,
Аягын пайлайт адамдын.

## ТИЛЕК ЫРЫ[2]

Кайрылышта карагат
Карлардын суусу шар агат
Калыңдап чыккан шиберди
Кайберен оттоп жаланат
Кадыркеч жарың эл мында
Кайтарып жоону келерсиң
Кадырлаш жүргүн саламат.

Эңкейиште карагат
Эриген суулар шар агат
Эрбейип чыккан шиберди
Эликтер оттоп жаланат
Эрмегиң жарың эл мында
Эреним жүргүн саламат.

---

[1] КР УИА КЖБ. – Инв № 236 №4 дептер.
[2] КР УИА КЖБ. – Инв № 236 №8 дептер.

## ТИЛЕК[1]

Эгиздечи нормону
Эпкиндүүлөр аткарат
Элимден кеткен жаштарды
Элиме качан кайтарат

Капталдагы нормону
Колхозчулар аткарат
Калкымдан кеткен жаштарды
Калкыма качан кайтарат.

Сай жакалай коноюн
Сарала кучкач болоюн
Саналаш анда мен мында
Кантип адам болоюн

Көк жакалай коноюн
Көгала кучкач болоюн
Көңүлдөш анда мен мында
Кантип адам болоюн.

## АТКА МИНЕР[2]

Атка минер, атка минсе чуу койгон
Атка минер бастырганча чоңойгон
Колхозчулар кайда бардың деп койсо,
Үтүрөйүп, кабагын чытып ойлогон.

Атка минер ат жакшысын тандашат
Аркасынан да бирөөнү камдашат
Ал жаныбар баспай койсо шылкыйып
Арабакечтин аттарына жармашат.

[1] КР УИА КЖБ. – Инв № 236 №9 дептер.
[2] КР УИА КЖБ. – Инв № 236 №9 дептер.

Атка минер каткырат
Шодоң, шодоң бастырат
Жаңы чыккан жаштарды
Өз жолунан жазгырат.

## МЕРГЕНЧИНИН ЗАРЫ[1]

Аркарды атып тийгиздим ботом,
Аркар тон кайдан кийгиздим ботом.
Эликти атып тийгиздим ботом,
Элик тон кайдан кийгиздим ботом.
Өткөнчө ой жүгүртсөң алыстагы
Күн экен карагашалуу тарихтагы
Береги ак селделүү ала тоону
Муң менен жомоктошкон кең караңгы.
Кыргызы сайма көкүл кенен чалбар
Куюндай көчүп, конуп жүргөн чагы
Турмуштун теңсиз бүткөн запкысынан
Айрылган жалгызынан мерген зары
Өмүрү бою тоону мекендеген
Болуптур Акмат деген ашкан мерген
Бараңы жондон түшпөй тоону кезип
Күн өткөргөн кийик ууло кесип менен.

## КАНТ ЗАВОДУ[2]

Кант заводу курулду
Жаңылык жайнап туулду
Кыргызстан элине
Кубаныч кабар угулду.

Паровоз гудок кыйкырып,
Балбандар эркин чакырды

[1] КР УИА КЖБ. – Инв № 236 №9 дептер.
[2] КР УИА КЖБ. – Инв № 236 №9 дептер.

Тизилип турган вагондор
Заводдун жүгүн батырды

Эригип жаткан талаада,
Эмгек сүйүп кайнады.
Эркек аял ээрчишип,
Эмгек колун алалы.

Эмгек күүлөр тартылды,
Эледик жерден алтынды.
Миңдеп завод курулуп.
Биздин өлкө артылды.

Жер эмгеги кайнады
Килемдей түрлүү жайнады
Кызылчадан көп айдап
Гигант өскөр пайданы.

## ЖОКЧУЛУК[1]

Он төртүмдөн жалдантып
Малай кылдың жокчулук
Жатканымды мал баккан
Сарай кылдың жокчулук.

Кемирчегим жашымдан
Кайырдың го жокчулук
Чечен тилди тең сөздү
Айырдың го жокчулук
Көз каратып байларга
Карып кылдың жокчулук
Көтөргөнүм мойнума
Чанач кылдың жокчулук.

Таманымды жоорутуп

[1] КР УИА КЖБ. – Инв № 236 №9 дептер.

Жара кылдың жокчулук
Тартканымды жашымдан
Санаа кылдың жокчулук.
Эки этекти түрүнтүп
Жөө бастырдың жокчулук
Колдон кетмен түшүрбөй
Жер каздырдың жокчулук.

Кудам келсе карызга
Мал сураттың жокчулук
Курдаштарым ичинде
Алсыраттың жокчулук.
Тең тушум келсе карызгы
Мал сураттың жокчулук.
Темтеңдетип жашымдан
Телмирттиң го жокчулук.

Жайдын күнү жамаган
Тон кийгиздиң жокчулук.
Жаман чокой жаргак шым
Чоң кийгиздиң жокчулук.
Жардылыкка таянтып
Алдантасың жокчулук
Жайы, кышы бир койго
Жалдантасың жокчулук.

Баладан таттуу сөзүмдү
Эм кылбадың жокчулук.
Байдын жаман уулуна
Тең кылбадың жокчулук.

Оорусу жок онтотуп
Касал кылдың жокчулук
Олтурганда сүйлөтүп
Месел кылдың жокчулук.

## ЖАШЧЫЛЫК

Асмандагы жылдыздын
Учканындай жашчылык
Алмамбеттин Сарала
Тулпарындай жашчылык.

Торгой менен булбулдун
Үндөрүндөй жашчылык
Улуу Сталин жылмайып
Күлгөнүндөй жашчылык.

Асмандагы жылдыздын
Жарыгындай жашчылык.
Ак толкундуу дайранын
Балыгындай жашчылык.

Керме тоонун кеч курун
Шамалындай жашчылык.
Кебелбеген баатырдын
Карааныңдай жашчылык.

## НООКАТ[1]

Кызыл-тазыл кармаган
Түзү сонун Ноокаттын
Алты сайдан тең түшкөн
Суусу сонун Ноокаттын
Көргөн адам чыккысыз
Базары сонун Ноокаттын
Кызыл аскер ойногон
Капка, Чечме казына
Жери сонун Ноокаттын
Каңды, Баргы аралаш
Эли сонун Ноокаттын

[1] КР УИА КЖБ. – Инв № 236 №9 дептер.

Жаңы көргөн жандама
Жери сонун Ноокаттын
Өзбек, кыргыз аралаш
Эли сонун Ноокаттын
Каракчы, Кол, Бел-Өрүк
Жери сонун Ноокаттын
Каңды, Борбаш аралаш
Эли сонун Ноокаттын
Жаңы көргөн Согаба
Зову сонун Ноокаттын
Агарт, Безарт, Ак гүл
Тову сонун Ноокаттын
Алтын Бешик, Кыз көргөн
Зову сонун Ноокаттын.
Кызыр-Ата, Карагай
Тову сонун Ноокаттын
Алтын Казык, Жаз Колдой
Зову сонун Ноокаттын
Кекири, Көкбел ачылган
Совхозу сонун Ноокаттын
Тамеки план аткарган
Колхозу сонун Ноокаттын
Жаңы базар, Куу майдан
Жери сонун Ноокаттын
Кожеке, байыш аралаш
Эли сонун Ноокаттын
Кетта, кичик көтөрмө
Жери сонун Ноокаттын
Каңды, Бөрү аралаш
Эли сонун Ноокаттын
Казанат минип ойногон
Эли сонун Ноокаттын
Булбул конуп сайраган
Багы сонун Ноокаттын
Комсомолдор ойногон
Залы сонун Ноокаттын
Асыл тукум көбөйткөн

Малы сонун Ноокаттын
Амбар толгон ак кайрак
Даны сонун Ноокаттын
Шакты жаткан Алмалы
Кени сонун Ноокаттын
Кызыл-тазыл кармаган
Байрагы сонун Ноокаттын
Кычыраган чилдеде
Муңу сонун Ноокаттын
Кундуздай чачы жылтылдап
Тамеки план иштеген
Кыздары сонун Ноокаттын
Каштай болуп суу аккан
Арыгы сонун Ноокаттын
Мака, буудай көп болот
Тарыхы сонун Ноокаттын.

## ЭШЕГИН БӨРҮ ЖЕГЕНДЕ[1]

Куу арпа берип семирттим
Кудайымдын бөрүсүн
Кубалап жүрүп жедирттим
Ак арпа берип семирттим
Адырдын ак жал бөрүсүн
Аңдып жүрүп жедирттим
Карышкыр бөрү күч алды
Хамгыл менин эшегим
Казысы чыкты үч эли
Жалгыз үй делбак мен жүрүп
Табилбедим пейлимди
Эшекти бөрү жеп коюп
Душмандын көөнү сергиди
Бахияга барганда
Байлабадым казыкка

[1] КР УИА КЖБ. – Инв. № 731.

Сатпадым аттан гадикка*
Тайиз сууду кечвеби
Гүдүбай эде агасы
Көзү ачыкта жетпеди.
Каратегин барганда
Жыгирма чыкса буудайды
Көтөрөт эде ар дайым.
Карал-Дөбө ашканда
Тартат эде карнайын
Эгерин кайың арча эде
Өгөй энең Калча эде
Эки жыл өмүр сүрбөдү
Энең өгөй күйбөдү
Асылып калды йэгериң
Хамит эде жээниң
Узун эде кулагы
Кыя жолдун алдында
Суулай турган булагы
Апсатар шайтан атасы
Адилбай эде тагасы
Таба асылбай алами
Таба алып кирбеди
Арзыматтын санами
Карышкыр жеди батуда**
Жүгөрдүм катын табупка
Эл менен тең Бокбас жайлабай
Тегирменге байлабай
Ким болду пушманым
Жергеталдын ичинде
Жетип келди душманың
Тегирменге барганда
Бир бажасы Жумагул
Башыңа түштү кыйын иш
Ак-Чубакка барганда
Бир бажасы Ыдырыс

* камчы куйрук метис кой
** капыстан

Бошоп кетти олоңу
Ноокан жүктөп кел деди
Садырдын Бадыр коногу
Арал кепе барганда
Оонайт эде сазыга
Кайненеси Кайырма
Кайнагасы Исрайыл
Кажысыны (какшып,кайнап) жоготуп
Селде оронтуп башыга.

## ТУУЛГАН ЖЕРИН КОШУП ЫРДАГАНЫ[1]

Туулган жерим Жошолу[*]
Турмушум бэки кошолу
Жашаган жерим Жошолу
Жарыгын айтып кошолу
Ат жүрбөгөн жерлериң
Аалами сонун жол болду
Айылдын баары чогулуп,
Бу күндө ажыбызга ор болду
Эшек жүрбөс жерлериң
Эң эле сонун жол болду
Эл чогулуп бу күндө
Пассажирге оң болду
Гаражды курган коргону
Совхоздун болду борбору
Кырбулай курган дубалдар
Курбуларың кубанар
Жер-жерге салып сарайды
Жетишип совхоз уланган
Пресстеп чөптөр жыйналган
Таалада калып таланып
Мал жеген күндөр жыйылган
Коомдун малы төлдөдү

[1] КР УИА КЖБ. – Инв. № 731.
[*] айылдын аты

Койчулар төрдө өрдөдү
Чабандын кою төлдөдү
Чалкайган төрдү өрдөдү
Байбиче-Жылга, Узунга
Кормоцех завод курулган.
Турбадан өйдө куюлган
Моторлуу оту жайнаган
Анысына чыдабай
Атала бышып кайнаган
Ийгилик шундай башынан
Тирешкен чөптөр ташып ал
Акыры сонун кыналып
Тезеги кетет куланып.
Тез эле чөптөр куланып
Иштелет экен бардыгы
Механизатор ток менен
Силесир кармайт темирди
Кызарган кызыл чок менен
Торпок баккан малчылар
Токтолбогон жалпыңар
Эрмек болуп иштеген
Эмгеги тийсин артынан
Жетекчи болгон райком
Күндө келет текшерип
Бүтүргүн деп эскертип
Үлгүсүн элге арнаган
Уюштуруу иштери
Усталарды тандаган
Бу Гүлчөнүн ичинен
Иликтр шамы жаркырап
Өзгөрүш болду бир канча
Өзгөчө сонун жалтырап
Ээй, чымыны жок Чоң-Алай
Чындыгын айтам ыргала
Көркөмүн айтам бир далай
Коктусу жок Чоң-Алай
Койлору оттойт бир далай

Чалдары жүрөт ышкырып
Жылкылар жүрөт пышкырып.
Дайрасы агат кызарып
Барамын деген жерлерге ай
Жете албайсың узарып.

Күнгөй жагын карасаң
Кыргызстан жайлаган
Кыдыртып малын айдаган
Тескей жагын карасаң
Өзбекстан жайлаган
Адырга малын айдаган
Айланасын карасаң
Аскалуу тоолор бийиги
Аркар бир зоолор кийиги
Көп каттайт экен машина
Койлоруң айдан көңүл ачып
Өзбектер менен ашына
Ак талаа бир бозоруп
Асфальт болгон жолдору
Санаага жетет ойлору
Сары-Таш экен борбору
Сары-Таш ылдый Корулда
Солдат болот турбайвы
Санаасы бузук адамдын
Талдыктын белин ашканда
Атактуу Көк-Суу жер экен
Кытайга жакын чеп экен
Солдаты постто көп экен
Арчасы, бир кайың, карагай
Жыгачтын кени жер экен
Кыдыртып аны ырдасаң
Акындарга ыр экен
Аркары тоодо жайылган
Атайын коргон камынган
Кулжасы тоодо жайылган
Кубалып мерген камынган

Кыргыз-Бел менен Обала
Ортосу жайлоо айлана
Маңдай тескей турбайвы
Жайы-кышы мөңгү кар
Муздай кетет турвавы
Көгөрүп агат мөлтүрөп
Суусу тунук турвайвы
Олуясы колдогон
Мазары улук турвайвы
Жамгыры карга айланып
Туман болот турвайвы
Жылкысы оттоп семирип
Буудан болот турвайвы
Көбүргөлөр уч алып
Көп оттоп малдар сүт алып
Көөдөсү тегиз ыргалат
Көргөн адам кубанат
Митис койлор жайылса
Көркүнө көркү уланат
Чабандары чогулуп
Улак тартып кубанат
Кырмызы көйнөк башайы
Кыз келин басып буралат
Балыгы суида улунуп
Карышкыр жондо жулунуп
Бүркүтү суур койбогон
Бүтүн жесе тойбогон
Кыз улагын кашка суу
Кыйла жерден башка суу
Ашуусу бийик бел айда
Ар кайсы уруу эл жайлап
Азап тарткай ар жолдо
Азамат эрлер бел байла
Эркечтин белин ашканда
Бийик экен кыязы
Билинбейт куштун уясы
Тар капчыгай Бүлөлү

Тал терек өсөт кыязы
Аягы тар да басип кең
Ак тескей деген жер экен
Арпа, буудай кычырап оой
Бир арык суусу бел экен
Аркырап шамал жүрбөсө
Адам тургус дем экен
Адыры бийик бетеге
Айтар сөзү кэп экен.
Кымызы кырап гүлдө деп
Чымчыгы сайрап үндө деп
Кармарга карап ашуулу
Кашкулак басып жүрбөгөн
Карагай, кайың, шагыл жок
Карарып жаткан бары жок
Койлору оттойт кышында
Койчулар жүрөт сыртында
Жылкысы оттойт кышында
Жылкычы жүрөт сыртында
Жайыты сонун ак тескей
Жайылса койлор жуушаган
Жамбаштап койчу уктаган
Жайы-кышы тагы да
Жаңылып малп учпаган
Искирттеп чөптөр жыйылган
Жүктөр түшөт ылдыйлап
Казып койгон жолуга
Кар кетпесе тоңу бар
Этегиде карасаң
Ыстандартный сарай бар
Сарайдын түрүн карасаң
Башкача түшкөн поруму
Байкап туруп иштеген
Усталардын жоругу
Ичине кирип карасаң
Козулар турат бөлмөдө
Бөлмөдө козу өлбөгөн

Акыры турат эң сонун
Жерге бир чөптү түшүрбөй
Асырап карап үч убак
Артынан такыр үзүлбөй
Илгертен берки санатын
Эптеп ырдайт адатын
Эпкиндүү биздин башкарма ай
Эл үчүн жайган канатын.

## ГҮЛЖЭРИМ[1]

Чымын канат чырмалды
Кийин калды Гүлжэрим.
Чын ыкылас кармаган
Үйүң калды Гүлжэрим.

Ак үйүң калды бүгүлүп
Алганың калды түңүлүп.
Көк үйүң калды бүгүлүп
Көргөнүң калды түңүлүп.

Кайчы кулак кара атым
Камышка барып оттовойт
Калың берип алганым
Гүлжэрим саңа окшовойт.

Топчу кулак тору атым,
Токойго барып оттовойт.
Тогуздап берип алганым
Гүлжэрим саңа окшовойт.

Тойдо көрдүм тотуну
Ич пэндэгэ салбасын
Гүлжэримин отуну.

[1] КР УИА КЖБ. – Инв. № 731.

## АЛАЙ[1]

Овал бээр көктөмдө
Көк чымырап өскөндө
Сугаты бар Алайдын,
Бетегеси арпача
Куваты бар Алайдын.

Кумурусу буркурап,
Кумдан чыкса шыркырап.
Булагы бар Алайдын
Чавандэстэр чабарга
Улагы бар Алайдын.

Чавандэстэр бириксе
Улакта чери жазылат.
Кыз-жувандар бириксе
Булакта чери жазылат

Чымыны жок Чоң-Алай
Паашасы жок баш Алай
Каттамалуу кан Алай
Жэлчимэндүү жэн Алай
Сени да көрөр күн барбы ай.

## АЛТЫН ЭГАР[2]

Алтын эгар ат басвайт
Алтын эгар ат басса
Алтынын алып отко жак
Атаңдын алдын жоо чапса
Бек кармашкан доско чап
Бек кармашакан досуңдун

[1] КР УИА КЖБ. – Инв. № 731.
[2] КР УИА КЖБ. – Инв. № 731.

Бир гүлүн тилеп бак
Досуң бир гүлүн бервесе
Өлөңдүү сазга тал бүтөт
Өлбөгөн кулга мал бүтөт
Мал бүткөнчө эс кетет
Эшикке келген дос кетет
Аттын пири Бабакан
Алкынтып чаап бараткан
Куштун пири Сулайман
Талпынтып салып бараткан
Жээми куштун баарысы
Ынтыстан карап кетип бараткан
Ынтыстан барып бир көрүп
Алла таала жан эгер
Нэри бектен жараткан
Жан-жаныбар макулук
Жалгыз өзүң яраттың
Он сэкис миң ааламды
Өкүмүңө караттың
Алты тенге пул болуп
Агасына кул болуп
Айланайын аты бар
Азирети кулуң сатып ал
Жети тенге пул болуп
Жездесиге кул болуп
Айланайын аты бар
Же бир Жусуп сатып ал.

## АГАСЫНЫН ЫРЫ[1*]

Кетип бара жатам поюзда
Белгисиз кайда барарым
Чоңойду бекен Төрө аке

---

[1] КР УИА КЖБ. – Инв. № 731.
[*] Бул ырды агасы фронтко кетип бара жатканда ырдаган экен. Агасы согуштан кайтпай калган.

Тентибай аттуу жаманым
Абалы кандай болду экен
Айсары, Кыдыр абамдын
Жыла-Чакта, кербеден
Келе элекпи дагы эле
Таарынып бирге жүрбөсүн
Таштамирге дуба деӊ
Кызыл белдин тагинда
Асан, Тоту бар эле
Ачуубурак жан эле
Булар таарынып бекер жүрбөсүн
Буларга дагы дубай де
Жээнбү менен Канбүгө
Жана дагы Бурмага
Калтырбастан дубай де
Мен инимден кат келди
Шүгүр дейин буга да
Сурагандын баарына
Эсен экен Мөмө де.

## БАЛДАРЫ[1]

Ак зоодон түшкөн шыргалаӊ
Шыргалаӊдан сыйгалам
Атакемди эстесем
Арык койдой ыргалам

Көк зоонун башы шыргалаӊ
Шыргалаӊдан сыймалан
Мен атамды эстесем
Көтөрүм койдой ыргалам.

Кара кыя жол жолуӊ
Кайгырганда келбедиӊ
Качан кой сенин болжолуӊ

[1] КР УИА КЖБ. – Инв. № 731.

Болжогон күнүң көп карап
Убара болгон экемин
Убара болсом өлбөсмүн
Айнектей жүзүң көрбөсмүн
Абалкыдай болбосмун.

Кызыл кыя жол жолуң
Кычыраганда келбедиң
Качан кой сенин болжолуң
Болжогон күнүң көп карап

Убара болгон экемин
Убара болсом өлбөсмүн
Күзгүдөй жүзүң көрбөсмүн
Абалкыдай жүрбөсмүн.

## АПАМА[1]

Кызыл жибек манатты
Токуганым жок эле
Кымбатым энем өлөт деп
Окунганым жок эле.

Ала манат кечтелеп
Токунганым жок эле
Кайраным энем өлөт деп
Окунганым жок эле.

От боюнда отурган энем
Ойлошуп көңүл толтурган энем
Жүк астында отурган энем
Сүйлөшүп көңүл толтурган энем.

Байбиче энем базарым
Эми бир өтөт азарың

[1] КР УИА КЖБ. – Инв. № 731.

Саймалуу болду өңүрүң
Байбиче энем өткөн соң.

Саналуу болду көңүлүм
Кештелүү болду өңүрүң
Энемдин көзү өткөн соң
Кейиштүү болду көңүлүм.

Кеште бир сайдым жаңылдым
Кеңеш бир кебиң сагындым
Сайманы бир сайдым жаңылдым энем
Санат бир гэбиң сагындым энем.

Аравандын ак дэкэ
Маңдайыңа жарашкан
Аравандын ак нават
Таңдайыңа жарашкан.

Маргаландын ак дэке
Маңдайыңа жарашкан
Маргаландын ак нават
Таңдайыңа жарашкан.

Айлансам энем базарым
Базарлыгың билбепмин
Нэзэримэ илбепмин.

## АКЕМДИН ЫРЫНАН[1]

Кагылайын жалгызым
Жалгызым деген оозума
Кум куюлуп калбады
Атыңды неден айттырдың
Азабың неден тарттырдың.

[1] КР УИА КЖБ. – Инв. № 731.

Айтка бир киер манатың
Айланып учар канатым
Тойго киер манатым
Толгонуп учар канатым

Катар бир катар чиркеген
Пияның калды жалгызым
Жаш экенде бир өскөн
Жарың калды жалгызым

Топ топ туя чиркеген
Туяң калды жалгызым
Жаш экенде бир өскөн
Жарың калды жалгызым.

## ЭЛ ЖЕРИНЕ АРНАГАН[1]

Ак-Босого асыл жер
Алайга чыгар көп элдер
Ашуусу адыр жол менен
Эгизи алыс Талдык бел

Кара жылга босого
Калган эл жайлайт ошого
Согушка кетип балдары
Айтуучу сөзүм ошого

Шумкар менен бел кыштоо
Шаңшышып куштар чак түштө
Жигиттер жүрсө согушта
Жолдошу болсун паришта

Жыгач-Арт менен Чолок-Боз
Жараткан элди коротбос

[1] КР УИА КЖБ. – Инв. № 731.

Чааряр мадат кылсын да
Жалында жүрсө ок өтбөс

Өмарали атайдын
Уулу аман бар бекен
Кат кабар келип туравы
Ээнсиреген сайда экен

Шоро жылга ай жайлоо
Түлкүлөр жойлойт ар жолго
Түвүнөн тынчып биз барсак
Пурулуп элим колдойво.

Салсомыр менен Көк булак
Жылкылар отойт тыткылап
Саабалар яр болуп
Саламат барсак ыхтылап

Берк учкан эчки качырган
Белестен кийик ашырган
Барабыз биз да алыстан
Душманды кууп шаштырган

Талдык даван уй даван
Кийиктер оттойт жылгадан
Кечикбестен барыбыз
Кезектүү сөзүм ырдаган

Ак капчыгай уу саздын
Алтын бир чөбү бу саздын
Айланып барсак биз дагы
Калган бир элим көз ачкын

Эсен болсо көп келер
Заңгыраган жайда экен
Карабөктөр Катын-Арт
Согушта октор атылат

Кынынан кылыч суурулуп
Кызарган кандар чачылат
Кадырлуу жерим кең Алай
Жашыл гүлдөр жошулат

Каарман кайың жигиттер
Кайрылып элге кошулат.

## АГАРАТ БАШЫ ТООЛОРУ[1]

Агарып башы тоолору
Ак карлуу жерим жакшы экен
Аргымак атты чуурултуп
Чаап жүрсө бакты экен

Кымыз ичип кыйкырып
Жайлоодо жүрсө жакшы экен
Жаркырап шайыр жаралсаң
Жалындуу кучак асты экен

Дүния жүзүн кыдырдым
Жер жүзү бүтүн такта экен
Тең келишип сүйлөшүп
Дененде жаниң бакты экен

Жайлоого жайып койлорун
Адырда жүргөн жакшы экен
Ышкырып улар ак зоодо
Булбул сайрап шакта экен

Эгиз тоода кийиктер
Эмгектеп мерген иликтер
Элден бир кеткен жигиттер
Эркин бир элге келиңер

[1] КР УИА КЖБ. – Инв. № 731.

Тизелешип отуруп
Сузулушса жакшы экен
Көпчүлүк курган кадыр тай
Шыңкылдап күлүп келиндер

Көшөгөдө сүйлөшүп
Кыз алса жигит жакшы экен
Көгөрүп чыккан дарактын
Мевасы болсо багда экен

Көпкөрү чаап талаада
Көпчүлүк жүрсө жакшы экен
Көгөргөн жайлоо Алайда
Чарваңго турса жакшы экен

Кайири жок какшыган
Карынбай жердин асты экен
Капкан коюп түлкү алсаң
Телпек кийсе жарашкан

Өрдөгү учуп асмандап
Өлөңдү сазды талашат.
Өлбөсө жигит жар менен
Акыры бир күн жанашат.

Кайдасын деп артынан
Бир бирин айтып карашат.
Кетмен чаап мээнет кылсаң
жакшы экен
Жоврунаны салган жайы
жакшы экен
Ар бир түрлүү дарактарда мевалар
Орто Азия калың шаар жакта экен.
Шарактаган күмүш жабдык атта экен
Жоомартчылык колу ачык мартта экен
Жанымдын жазган каты сызылып
Жаңы ачылган пахта чигит кайда экен.

Сонун болуп элиңе
Кайрылып келсе жакшы экен
Айтинин уулу сенда атыр
Кашыңа келген бакты экен

Ахотчу эгиз адырдан
Кийик атса жакшы экен
Ардактуу адам баласы
Турагы жердин асты экен

Тизилип кэттэ жол менен
Караван жүрсө жакшы экен
Асилго адам баласы
Арманы жердин аста экен

Элдего жүргөн жакшылар
Эпкиндүү алга басыңар
Дува кылса тилектеш
Түвөлүк калкым барсыңар.

## КЫЗГАЛДАК ГҮЛДӨР ЖАРАШАТ[1]

Адырлуу эгиз тоолордо
Кийктер жүрсө жарашат
Айдыңдуу Алай жеримди
Аркар кулжа талашат.

Армия кеткен жигиттер
Аргымак минсе сабашат
Кымбаттуу асил уландар
Элинде жүрсө жарашат.

Көгөргөн эгиз тоолардо
Түлкүлөр жүрсө жарашат

[1] КР УИА КЖБ. – Инв. № 731.

Көйкөлгөн Алай жеримди
Көпчүлүк эңсеп талашат

Казатка кеткен жигиттер
Аргымак минсе савашат
Каарман асил уландар
Калкында жүрсө жарашат.

Жер жүзүнө кавардай
Кызгалдак гүлдөр жарашат
Элиңде болсо бир нуска
Белсенген эрлер талашат

Курук моюн узун чач
Уландар алса жарашат
Уурулар ээн талаада
Ырызкы элден талашат

Чарванын жайлоо кезинде
Аялдар жүнүн савашат
Үйгө жаан агартса
Алыстан көрсөң жарашат

Алтын така аргымак
Ардактап минсе таң ашат
Армия кеткен жигиттер
Арманы кадырлуу калкын санашат.

Көгөргөн кара дарактын
Мевасы болсо жарашат
Молло Закир сиз үчүн
Көпчүлүк тууган элдериң

Ар күнү болгон намазда
Дува кылып карашат.

## САРАЛАЛУУ САН ЖЫЛКЫ[1]

Саралалуу сан жылкы,
Саралалуу сары гүл
Конуштарга кончу элек.
Сары кемсел келиндер,
Саагандарда болчу элек.

Көкалалуу көкмөк гүл,
Конуштарга кончу элек.
Көгалалуу көп жылкы,
Өрүштөрдө болчу эле.
Көк кемселчен келиндер,
Саагандарда болчу элек.

Кара саба кучактап,
Калк күзөткөн биз элек.
Эки саба кучактап,
Эл күзөткөн биз элек.
Кетмен куйрук кой союп,
Үлүш берип жүрчү элек.

## БАЛАМ СЫДЫКТЫН ЫРЫ[2]

Өзүм менен боорлош,
Долонго айткан саламым.
Асыра сактап чоңойткон,
Апама айткан саламым.
Жүрөгүн чапкан ардактап,
Абама айткан саламым.
Жээналы карыя.
Тагама айткан саламым.

[1] КР УИА КЖБ. – Инв. № 731.
[2] КР УИА КЖБ. – Инв. № 731.

Шоро-Жылга, Кызыл-Бел,
Жериме айткан саламым.
Кичинемде бирге өскөн,
Кары дебей жаш дебей.
Калкыма айткан саламым.

## ШЫРЫЛДАҢ[1]

Шырылдаңчы шыйкыбыз,
Түндө келет уйкубуз.
Элиртип кулун чабабыз,
Элдикин кошуп багабыз.
Каңтарып кара ат чабабыз,
Калктыкын кошуп багабыз.
Токулуу тору ат жандайсың,
Тобуңан сулуу тандайсың.
Тобуңан сулуу саз келбей,
Эми торугуп бизди жандайсың.
Каңтарып кара ат жандайсың,
Калкыңдан сулуу тандайсың.
Калкыңан сулуу саз келбей,
Кайтара бизди жандайсың
Каалабай койсоң кандайсың.
Элиртип эки ат жандайсың,
Элиңен сулуу тандайсың.
Элиңден сулуу саз келбей,
Энди бизди жандайсың.
Элебей койсок кандайсың.

[1] КР УИА КЖБ. – Инв. № 731.

## КЕЧЕТКАН (КЕЧҮҮ) ЖЕРДЕ ЫЛАЙ БАР[1]

Кечеткан* жерде ылай бар,
Кел ойнойлу Молдо уул.
Кечирет го кудай бар.

Жаңырык нары, жар бери,
Жар ойнойлу кел бери.
Көпүрүк нары, көл бери,
Көрүшөлү кел бери

Көк кагазга чийилип,
Тумар болом тегизим**
Ак бетиңди көрбөсөм,
Кумар болом тегизим.

Айт, айт десең айтайын,
Ашыгылык сөздөн баштайын.
Ашыгылыктын жолуна,
Аманат жаным таштайын.

Жаандан жааган мөңгү кар,
Жаныңдан толмоч кылыгдар.
Жез көчарчаң*** шылдырайт,
Желпинсең койнуң гүлбурайт.

Кош алмаңан кармасам,
Колум толот толмочум.
Гүл койнуңан аттансам,
Жолум болот толмочум.

Короодо бассаң ыргала,
Кошуп жүрөт бир бала.
Айылда бассаң ыргала,
Айтып жүрөт бир бала.

---

[1] КР УИА КЖБ. – Инв. № 731.
* кечүү
** Аялдын аты
*** таккан мончок

Болсо болду, ушу болот,
Ак бозой* күйүп жоголот.
Эки токтум жогудан,
Элге оозум шогунан
Жаман болдум шекилди.

Айда айлыңа бара албай,
Азилдүү гебиң сагындым.
Күндө айылыңа бара албай,
Күлкүлүү габың сагындым.

Айда айылыңа барууга,
Алганыңдын көөнү тар.
Ай асманга тийбейби,
Айдай жаркып жүрсөңүз.

Аш ичкен пенде күйбөйбү.
Күн асманга тийбейби,
Күндөй жаркып жүрсөңүз
Гумра банде күйбөйбү

Ай асманда зор жарык,
Алда кайда бир барып.
Ааламдын үстүн каттадым,
Аста сиздей таппадым
Шол себептен мактадым.

Байыр көлдөн учурган,
Каз экенсиң толмочум.
Бир пашанын өзүнө,
Саз экенсиз толмочум.

Ай асмандын шооласы,
Астейдил** ойноп күлөлү.
Чыкпасын гептин гоогасы***

* он беш, жыйырмадагы уул бала
** чын дили менен сүйгөн
*** эл билип алып, чатак чыкпасын

Топ-топ басат жубандар[*] ,
Топ жубандын ичинде,
Торгой көз толмоч биздин жар.

Катарлап басат жубандар,
Катар жубан ичинде,
Кармаса бели ийилген,
Каламдай кашы чийилген,
Кырай көз толмоч биздин жар.

Арык казып, суу койгон,
Ата мүлкү жерибиз.
Амалын таап ойносок.
Ак толмоч биздин теңибиз.

Киндик кесип, кир төккөн,
Кең ыраң биздин жерибиз.
Амалын таап ойносок,
Ак толмоч биздин теңибиз.

Оң капшытта пайчың[**] бар,
Оң колуңда кайчың бар.
Өзөлөнүп[***] сүйгөн бар,
Өз элинде күйгөн бар.

## ШЫРЫЛДАҢ[2]

Саап-саап сабалар дей
Салам айттык акелер дей
Бөртө-бөртө бөртөлөр дей
Суралардан чечелер дей
Чечелердин кийгени дей

---

[*] эрге тийген
[**] кароол
[***] жүрөгүнөн
[2] КР УИА КЖБ. – Инв. №733

Жеңи тартаң кулпун тон дей
Аны бычкан жеңенин дей
А дүйнөдө оруган дей
Бу дүйнөдө териген дей
Ана Солтоң шырылдаң дей
Шып шырылдаң шыйкыбыз дей
Түндө келбейт уйкубуз дей
Шып шырылдаң шыр экен дей
Жылкычынын ыры экен дей
Айт десеңер айтабыз дей
Кайт десеңер кайтабыз дей
Жыла-жыла барабыз дей
Жылкыбызга жетебиз дей
Жылкы ичинде боз буя* дей
Боз буянын боз кулун дей
Бутун ширге салабыз дей
Саап сүтүн алабыз дей
Сабаабызга куябыз дей
Идишибизге куйдуруп дей
Уулубузга сундуруп дей
Ана Солтоң шырылдаң дей
Мына Солтоң шырылдаң дей
Шып шырылдаң шыр экен дей
Жылкычынын ыры экен дей
Айт десеңер айтабыз дей
Кайт десеңер кайтабыз дей
Өз абамдын үйү экен дей
Аяк-табак калдырайт дей
Курут салып жатабы дей
Бычак учу жалтырайт дей
Май томуруп жатабы дей
Конок берсең кооп бер дей
Колу-жүзүң жууп бер дей
Таруу берип тастайтпа дей
Таз кишидей боздотпо дей
Ана Солтоң шырылдаң дей

* боз бээ болсо керек

Мына Солтоң шырылдаң дей
Кызы-кызыл кыялар дей
Кыргыектер уялар дей
Кыргыектин балдарын дей
Кызыл кымкап тон кийип дей
Байдын уулу Төлөмүш дей
Анын уулу кубалар дей
Кара нарга кыялар дей
Карчыгалан уялар дей
Кара кымкап тон кийип дей
Байдын уулу Төлөмүш дей
Анын уулу кубалар дей
Ана Солтоң шырылдаң дей
Мына Солтоң шырылдаң дей
Айт десеңер айтабыз дей
Кайт десеңер кайтабыз дей
Таң агарып сөгүлүп дей
Атып кетип баратат дей
Минген атым тай эле дей
Жата калып баратат дей
Жанымдагы жаш бала дей
Катта качып баратат дей – деп ушу менен бүтөт экен.

Жамынганың барча болсун
Жатканың арча болсун
Жумшаганың орок менен камчы болсун, оомийин олдоакбар – деп бата кылып кете берет экен.

## КАШКАБОЗ[1]

Көкүл, куйрук түлкүдөй
Кылаңдайсың Кашкабоз
Кыйла адамды көзгө илбей
Булаңдайсың Кашкабоз

[1] КР УИА КЖБ. – Инв. № 644. 2-дептер.

Ала куйрук түлкүдөй
Буландайсың кашкабоз
Адамдарды көзгө илвей
Буландайсың Кашкабоз
Теңтуштуктан геп урсам*
Теригесиң Кашкабоз
Өзүңдөн башка жоксунуп
Керилесиң Кашкабоз
Кашкабоздун дердинен
Бир эчкини сатпасам
Беш пейсе**
Кашкабозго бербесем
Бул эм болвойт желмогуз дейт
Орокчу досум келет дейт
Он кадак*** кантты берет дейт
Орокчуча болвосом
Эчкинин бирин сатпасам
Он кадак кантты алвасам
Оромолго салвасам
Орокчу менен чавышып
Ойго чыгып барвасам
Керилген Кашкабоз менен
Короолош болуп алвасам
Бул эм болвойт желмогуз деп
Кумарваз досум келет деп
Кырк кадак кантты берет деп
Кумарвазча болбосом
Кунаным бирин сатпасам
Кырк кадак кантты алвасам
Кумарваз менен чавышып
Кувалашып барвасам
Кашкавоз менен бир кече
Кучакташып калвасам
Эрте саар эртелеп

* кеп салсам
** салмак өчөмү 50гр
*** салмак өлчөмү – 400гр

Торпогум бирин жетелеп
Жөнөп калдым базарга
Жөнөп калаган жеримде
Үйүң күйгөн* Турдубай
Үй эгеси болгонсуп
Уклап калды Турдубай
Чылкылдатып башыма
Мушлап калды Турдубай
Мал эгеси болгонсуп
Пайлап** калды Турдубай
Эки колум аркама
Бейлеп калды Турдубай.

## ТҮШТҮКТҮН ТЕСКЕЙ ТООНУН[1]

Түштүктүн тескей тоонун
Пайдалуу аккан суулары
Каркылдап көлдө ойногон
Каз өрдөк менен куулары
Кар кетпейт эгиз кырлары
Карлуу тоонун башында
Ышкырып сайрайт улары
Тескейдин тоосу дегенин
Ашууга кыйын кырлары
Аркар кийик бекинген
Ажайып өткүр зоолору
Көгаалы майдан түздө ойноп
Кийиктин майда балдары
Көргөнгө оюн курарт той
Жигиттин таркайт арманы
Агын суунун боюнда
Жавайы кайың талдары
Агып келет кум менен
Аралаш диллэ кептери

* кудай алган
** аңдып
[1] КР УИА КЖБ. – Инв. № 425.

Керепшин тоонун башыдан
Үзүлбөй чыгат зарлары
Фабрик завод салдары
Иштетет совет заргари
Жамыратып кой жайсаң
Жайлоонун өткүр майданы
Чарыдай көзү семиртип
Чарпалар кылат пайданы
Адамдын чери жазылат
Айныкса бахар күндөрү
Жазылат чери дегеним
Ал жашыл гүлдөйт гүлдөрү
Казала, торгой, кекилик
Ар түрлүү чыгат үндөрү
Күкүк менен сүттактын
Овазы өчпөйт түндөрү
Көп жерде кызыл зоолордон
Табылат кинвир сымавы
Атактуу кеним Айдаркан
Хар жерге маалим сурагы
Караңгы түндө жарыткан
Иликтир жанган чырагы
Адам корккон дэш эди
Шаардын кирди сыягы
Жакшы иштеген рабочий
Жыргалага жеткен убагы
Шүл доордо кем эмес
Хайдархандын байлыгы
Түнүгө туруп түйшөлүп, аялы
Бирге иштей алган кайлыгы
Хакийкатта тоюнган
Рабочийдин бардыгы
Жеткизип жакшы иштеше
Жети миң чыгат айлыгы
Он бир жерже айлыгы
Товарга толгон сандыгы
Санаа менен кайгы жок

Саанга даяр жандыгы
Нечenчи орун билбеймин
Маскөөгө дайын кендиги
Катасы болсо кечирсин
Сөзүмдүн болор кемтиги
Аваз кылат каршөккө
Эшиткен элдин кыйласы
Кадыры бөлөк Маскөөгө
Кадамжайдын сурмасы
Кара тоодон казылып
Үзүлбөй чыгат дүйнөсү
Катырып мээнет кылгандан
Маскөөгө болду деп угат
Рабочинин кыйласы
Илимдүү балдар окуса
Өзүнө маалим темасы
Ак дариянын боюда
Көргөнгө сонун хавасы
Базарында сатылат
Ар түрлүү жемиш мевасы
Ар кандай кезел жазылат
Табылат дарттын дабасы
Имарат кылды зоо мисал
Таш тизип цемент куйдуруп
Заводдо мындай эритет
Зоолардын ташын жыйдырып
Ак жүрөклүү рабочий
Жакшы иштейт күчүн билдирип
Забоду иштейт ход менен
Зоолардын ташын сындырып
Кубаты күчтүү Кадамжай
Кубасайдан күч келип
Кара сымдан ичинен
Кызыл кубат от келип
Столбы менен жеткизди
Хайдарханга өткөрүп
Мынчалык ишти билбеген

Кулак угуп көз көрүп
Жети күндө отдыхы
Кызматчы көөнүн өзгөртүп
Карыган чалдын сөзү деп
Онусун мардин эп көрүп
Жакшылыкка уласын
Каталык жериң өткөрүп
Ферганадай шаарга
Машина тынбай катталып
Түндү-күндүз дебестен
Жеткизет убактын чактанып
Кадамжай менен Айдархан
Маскөөгө дайын макталып
Кадырлуу мындай кендерди
Инженер тапкан аңтарып
Инженер издеп таппаса
Жатчы эле тоодо сакталып
Жашасын биздин партия
Бул ишти күткөн башкарып
Фергана жолун оңдогон
Ташка майда таш салып
Канагат тышка кылбастан
Шагал менен кум төгүп
Шагалды жылбай турсун деп
Цемент менен мым төгүп
Өкмөт адил болбосо
Ким оңдойт жолду пул төгүп
Шаанин жазда ырастай
Шахарларга суу төгүп
Үч күндүк эле жолубуз
Үч саатта жеткирип
Жолоочу салкын өтсүн деп
Жолдорго дарак эктирип
Саясы жолго түшсүн деп
Четиге майдан өстүрүп
Шоферлер батпай кетет деп
Контрор койду тостуруп

Акылдап тапкан туура жол
Акындар айтат сөз кылып
Тушунан чыкса имарат
Бирини койбой буздуруп
Туура кетет машина
Туйгун куштай сыздырып
Аргымак жетпейт жүгүрсө
Автобуз күлүк ат кылып
Базан күлүк ат кылды
Үстүнү бекем жабдырып
Победаны чыгарды
Миңгендерди мас кылып
Көп шаарды оңдоду
Мурункудан саз калып
Көп жерде суусуз чөлдөрдү
Көк ала майдан бак кылып
Көпчүлүк журтту байытты
Көтөрмө карзын сап кылып
Көп үчун кылган пайданы
Рахман айтат кеп кылып
Жолбашчы мындай өтпөгөн
Жок-жардыга нап кылып
Көп эле созуп кетпестен
Токтоттум сөздү сап кылып

## БАЛАЛЫК[1]

Кан базардын ичинде
Каалап алган бөзүм бар
Капарыман чыгарган
Карылар угар сөзүм бар
Сөзүм эмей немине
Сары таман күлүктү
Сары аяздай суутуп
Саяпкер тапкөй сынчы өткөн

[1] КР УИА КЖБ. – Инв. № 630.

Сакалын куудай агартып
Сартпай, Чонду ырчы өткөн
Сайын давлет жаштыкты
Сап маанисин билбепти
Садагын таңга илбептир
Сайын давлет жаштыкпы
Сан маанисин билбепти.
Кызыл чеке Төрөкул
Кыйкырып ырдап чыкчу экен
Кыйла ырчыдан мыкты экен.
Капарына албаптыр
Кайран давлөт жаштыкты
Калың журтка жайбаптыр.
Байлоодо кулун жулунган
Майлув кожо кулунчак
Карайган булут Сакуну
Булар казактардын акуну,
Сайын давлет жаштыкты
Булар казактарга жайбапты.
Бир кудайдын кулубуз
Карылык менен жаштыктын
Ортосунда турубуз
Оор чоюн кумганга
Орто жолдо турганда
Орустан көрдум кызыл бөз
Оюма түштү үшкү сөз
Орчун давлет балалык
Жыйырмага келгенде
Жыла басып жүрөсүң
Жыгыларың билбейсиң
Жык толугуң баламын
Жыйрма бешке келгенде
Жылкыдай туйлайт жүрегиң
Жыландай сойлойт билегиң
Отузга жашың барганда
Оюң менен иш кылсаң
Оюңа түшөт балалык

Омбу-домбу жоргодой
Бирде барда, бирде жок
Кирди чыкты балалык
Кырда болот кызыл таш
Кырктын өзү кыйла жаш
Кыйлада болсо ак сынат
Кыйалында жас сынап
Жалаң кийип салынып
Жатсаң келбейт балалык
Жаагыңды тындырбай
Айтсаң келбейт балалык
Төгүлөр шорпо мойнуңа
Өткөн экен убак деп
Тынч жүрөсүң жолуңа
Ак бараң мылтык асынып
Аяктай ташка жашынып
Кырдасаң келбейт балалык
Абазыңды көтөрүп
Ырдасаң келбейт балалык.
Он бешке жашың келгенде
Оюнга тойбойт жүрөгүң
Орчун дөвлет балалык
Он бешке жашың келгенде
Бирде бар да, бирде жок
Кирди-чыкты балалык
Кепире жакса үйлеген
Кетте келчүн билбеген
Кетте сөздөн сүйлеген
Кетте дөвлет балалык
Арча жакса үйлеген
Ашык сөздөн сүйлеген
Ашык дөвлет балалык
Балалыкка мас болуп
Күлдөп жүрөт балалык
Бирин-бири көргөндө
Ата-энесин аралаш
Тилдеп жүрөт балалык.

Көк бараң мылтык асынып
Кыдырсаң болот балалык
Көңүлүңдү көтөрүп
Ырдасаң болот балалык
Салда кары чогулуп
Токтонсоң келбейт балалык
Атасы өлгөн немедей
Жоктонсоң келбейт балалык
Оозуңду тындырбай
Айтсаң келбейт балалык
Аксыда сууп калчылдап
Түнөсөң келбейт балалык.

## ЖОКЧУЛУК[1]

Мен айтайын маанисин,
Жокчулуктун маанисин
Алтымыш теңге карызы бар
Бир кудайга арызы бар.
Төрт эчкисин төбөгө
Жайып коёт кембагал
Катыны башым десе бирөөнүн
Кагып коёт кембагал
Базарга барып ат алат
Арзан баа болсун деп
Арыгын алат кембагал
Тегиз-тегиз жерлерге
Коюп алат кембагал
Жалгыз атын коройтуп
Союп алат кембагал
Жашыгына өлгөнчө
Тоюп алат кембагал
Конок ичсе кобосуп
Илип коёт кембагал
Коржоюп атым турду деп,

[1] КР УИА КЖБ. – Инв. № 630.

Күлүп коёт кембагал.
Тарык ичсе талканын
Илип коёт кембагал
Тарс дедире бир тепсе
Арам өлгүр кантет деп
Чаап коёт кембагал.
Жылма жигит болом деп
Жылкысын багат кембагал
Коюу айран ичем деп
Койду багат кембагал.
Суюк айран ичем деп
Сыйыр багат кембагал
Жарты туурдук жамынып
Жаны калат кембагал
Эски туурдук жамынып
Эси кетет кембагал.
Көтөрмөнү (насыя) көп кийип
Көнүп калат кембагал,
Көтөрмөнү бер десе
Акылын таппай шашкандан
Өлүп калат кембагал.

## САГЫНДЫМ[1]

Чакырып эл коргоого
Турмушуңа багындым
Чымыркан тылда иштеген
Чүрөктөй сулуу сагындым.

Арык үстү пактаңдан,
Аскер белбоо тагындым.
Аскерге келип мен мында,
Айнектей сулуу сагындым.

Окуганмын мектеп жаштан,

[1] КР УИА КЖБ. – Инв № 236 №9 дептер.

Белгилүү пагон тагындым.
Белсенип тылда иштеген
Берметтей сулуу сагындым.

Аскерде канчалык жүрсөм да
Алтыным сенин жарыңмын.
Өзгөртбөстөн иштегин
Стахановдун калыбын.

Аскерге келип мен мында
Алтыным сени коргоймун.
Алыска кетти курбум деп,
Антты унутуп койбогун.

Агарып бетиң көрүнгөн,
Акылым сага бөлүнгөн.
Акылдуу сени дегенде,
Аянбай кирем өлүмгө.

Кыярып бетиң көрүнгөн,
Кыялым сага бөлүнгөн.
Кыз жарым сени дегенде
Кылчайбай кирем өлүмгө.

## КАМБАГАЛ[1]

Буудайынын кебегин
Илип алат Камбагал.
Булкунуп турат алым деп
Күлүп алат Камбагал.
Таригинин кебегин
Илип алат Камбагал
Тартайып турат атым деп
Күлүп алат Камбагал.
Коногунун кебегин

[1] КР УИА КЖБ.– Инв. № 35 (228).

Илип алат Камбагал
Кошкуруп турат атым деп
Күлүп алат Камбагал.
Соку түбүн торсойтуп
Таап алат Камбагал.
Торс эттирип бир тепсе
Арам өлгөн кантет деп
Минип алат Камбагал
Жайык-жайык жер келсе
Жайып алат Камбагал.
Кокту-кокту жер келсе
Коюп алат Камбагал.
Жалгыз атып дардайтып
Союп алат Камбагал.
Эчки улак сойгон эл барбы
Эпчил келет камбагал
Ысык бир ысык аш ичине
Терчил келет Камбагал.
Камабагалы курусун
Жалгыз атып дардайтып
Соорусунан чемелеп
Оюп алат Камбагал.
Катынга көйнөк келет деп
Ошко барат Камбагал.
Байлар Ошка барганда
Кошо барат Камбагал.
Байлар гүрүч алганда
Гүрүч алат Камбагал.
Катынынын көйнөгүн
Унутуп калат Камбагал.
Жазга маал болгондо
Айран-тойрон чыкканда
Көнөчөгүн көтөрүп
Барып калат Камбагал.
Күзгө маал болгондо
Байлар коюн кыркканда
Баштыгына көтөрүп

Барып калат Камбагал.
Байлар пулум дегенде
Өлүп калат Камбагал.
Кекиртегин кержейтип
Кетмен чабат кембагал
Омурткасын оржойтуп
Орок орот Камбагал.

### КЕЛИНГЕ[1]

Өмүрүң өтөр токтобой
Өрчүндөп өткөн шамалдай
Өмүрдү келин кор кылба
Ал убакта өткөн амалдай
Өмүрүң өтүп кеткен соң
Өкүмбө кайра таба албай
Мөмөдөй гүлдөп ачылсын
Ыргалып булбул сайрасын
Аз күндүк өмүр ичинде
Көңүлүң куунак жайнайсың
Коркунчак кылып үйрөтпөй
Көргүнүң жүрөк пайдасын.
Жүрөктү өзүң башкаргын
Башкадан коркпой оолуксун
Өмүрдүн чиркин жашында
Жашасын алда соолуксун
Жаш өмүр өткөн соң
Ал мезгил кайдан жолуксун
Арстанбек акын айткандай
«Айланып келбейт жашчылык»
Айлымдан сага кол сундум
Алсаңчы мени мас кылып,
Алсырап токтоп тура албайм
Авалтан калган жашчылык
Арачы болбос деп ойлойм

[1] КР УИА КЖБ. – Инв № 236 №9 дептер.

Арадан жүргөн касчылык.
Токтогул акын айткандай:
«Толгонуп келбейт жашчылык»
Тобумдан сага кол сундум
Толкуткун келин мас кылып
Токтонуп тура албаймын
Токтотпойт чиркин жашчылык
Тоскоолдук кылбас деп ойлойм
Тор коюп жүргөн касчылык

Колуңду мага бербесең
Көтөрүлбөйт көңүлүм
Көп жылдар сени деп жүрүп
Кор болуп өтөр өмүрүм.

Акылды чиркин баштаса
Ар жака кетет таралып,
Ак келин сени катка алдым
Акылда сөзүм саналып
Алыстан чыкса чоң максат
Ак келин – экөөбүз бирдей баралык
Алтындын кени жолукса
Ак келин кошо касышкын
Ашыктык отко мен аздым
Сен дагы кошо азышкын
Жүрөгүм күйүп ыр жаздым
Муну да кошо жазышкын.

## РАМАЗАН[1]

Атсалоомалейкум жаткан байлар,
Ак салдасы бир кучак, миң койлуу байлар.
Миң коюндуу миңдетип кимиң айдар,
Айдаймын деп койчу колуңа таяк шайлар

[1] КР УИА КЖБ. – Инв. № 731.

Жылга толгон жылкыңды кимиң айдар,
Айдайын деп жылкычың укурук шайлар.

Жооматым байрамазан,
Нан бербесең ичиңди жара басам.
Жатың толгон туеңди кимиң байлар,
Шалдырак чачпак буриң көз кызың
байлар.
Байлайын деп колуна буйла шайлар.

Бай айтат короодон кой берем деп,
Байбиче айтат бокчодон тон берем деп.
Байдын берген койлору сары башыл,
Байбиченин берген тону жибек жашыл.
Жооматым, байрамазан,
Нан бербесең ичиңди жара басам.

Казан-аяк калдырайт,
Курут эзип жатабыейм,
Бычак учу жылтырайт,
Май томуруп жатабыейм.
Жооматым, байрамазан,
Нан бербесең ичиңди жара басам.

## АР КЫЛ ЫРЛАР

### (АЛАЙ)[1]

Түбү чирип түрлүү чөп
Түрүлүп жатат калдайып
Күбүрүндө жуушаган
Кулжалары калжайып
Купуя ичтен ойлосом
Курган жан кетет шалдайып

Шаарымдан чыктым кыйналып
Нааразы болуп ыйладык
Көрүнбөй шаарым калганча
Көздүн жашын тыйбадык.

Туулуп өскөн Гүлчө
Бооруна неге сыйбадык
Карып болуп ушинтип
Кара жанды кыйнадык.

[1] КР УИА КЖБ. – Инв. № 515. № 2-дептер

## АЙЫЛДЫН ӨЗГӨРҮШҮ[1]

Алайкуунун Кызыл-Жар
Айылдаш элге чек ара
Аткарам деп планды
Аябай болгон убара

Жылдыздай шамы жадырап
Ою менен адырың
Ажырата билбейсиң
Ак үйлөр түшкөн бадырап.

## САГЫНДЫМ ТУУЛГАН ЖЕРИМДИ[2]

Атактуу Тогуз-Булакта
Эмгекчилер биригип
Эгинин сонун айдаган
Эмгектин гүлү жайнаган.

Намазбектин балдары
Элиртип күлүк байлаган
Чалкайган Ак-Таш төрүнө
Жайылтып малын айдаган

Капталында Байбулак
Жонуң сонун жайкалган
Күрүчтөй аппак буудайы
Гүлчөдө макталган.

Кош Кара-Таш бадалдуу
Ит агытып, куш салсаң
Кайберени саналуу

[1] КР УИА КЖБ. – Инв. № 515. № 2-дептер
[2] КР УИА КЖБ. – Инв. № 515. № 2-дептер

Капчыгайы сонун жеримдин
Эсимден кетпей сагындым
Туулуп өскөн жеримди.

Аралап жүрүп өскөмүн
Кайыңды, Акташ жеримди
Көрсөм деп эңсеп жүрөмүн
Курбу курдаш, теңимди
Көңүлдөн чыкпай сагындым
Досмамат, Насып бегимди.

Карчыга шаңшып кетпеген
Караган менен жетпеген
Көк ала таш Кум-Белди
Көрсөм деп көңүл эңсеген.

Тулаңы килем түрлөнгөн
Чалкайып жаткан көлүнө
Каркылдаган каз, өрдөк
Качпай конот көрүнөө.

Айланып туман кетпеген
Кумайык өскөн уяга
Адамдын колу жетпеген
Шаңкыткан Жали комузун
Уккум келет эстесем.

Ышкырбай улар учпаган
Касабалуу аскага
Кайберен келип уктаган
Ала-Дөбө, Сары-Кыр.

Тескейиңди көрсөм деп
Делгиреп көңүл болот кир
Асырап элден калган соң
Алыс жакын баары бир.

Балтыркан менен шибери
Оролушуп буралган
Кызгалдактай кыз-келин
Кыясынан суу алган.

Суук Дөбө, Ак-Башат
Суйсалган сулуу жеримди
Кыялын эстеп сагындым
Кыяматтык теңимди.

Баш аягы күнчүлүк
Көз жетпеген түздүктү
Айдасаң берет мол түшүм
Ак буудайдан күздүктү.

Күндө жаңы Кең-Жылга
Төрүң сонун көрүнөт
Аралап ойноп жүрүшкө
Артыкча көңүл бөлүнөт.

Конушу сонун жайылган
Бакачөөл ойношот
Кыз-келиндер айылдан
Ою сонун Ак-Белдин.

Ак-Белге ордо салышкан
Жигиттери чогулуп
Ордодон мөрөй алышкан
Саргаят ыраң сабылып
Оюнуң мени сагынткан.

Тегерек саз тегизге
Уюлгуп улак чабышкан
Улак болгон сазына
Уруулу журтум барышкан.

Уялап куштар кетпеген
Адамдын колу жетпеген

Кайберен чыгып түнөгөн
Айдап түшөм аны деп
Абдылда жезде жүдөгөн.

Коюлдуу жылга Атаке
Жарың сонун керилген
Жарыңдан түлкү атсам деп
Жаш жүрөгүм эзилген.

Ыргайы менен арчасы
Аралашкан бадалдай
Айканды алам деп жүрүп
Учике менен Тынайга
Найза тийип кадалган.

Эстелик болуп калсын деп
Айкан тепши аталган
Буралган чөптүү жеримди
Булбулдай тилин сагындым
Гүлсаара, Абаз бегимди.

Тулаңы өсүп саз болгон
Турна менен каз конгон
Кара шоро кабылан
Көлүң сонун көрүнөт
Көркөмдүү элим эстесем
Көзүмдүн жашы төгүлөт.

Ызылдап чымын учпаган
Оттогон жылкы уктаган
Үйүр жылкы адашпай
Үйүн көздөй ыктаган.

Уусаз менен Актөрдү
Ажырап элден көрбөпмүн
Мындай ишти ким көрдү
Жылуу-Суу мазар жеримден

Агып чыккан булагы
Арашан болуп кайнаган
Козусун бөлүп кош-коштоп
Койчулар коюн айдаган.

Көбүргөнү эшилген
Көйкөлүп малы жетилген
Буралып өскөн тулаңы
Балыгы сонун суудагы
Балык уя Гүлчө
Дарияң сонун агымдуу
Ичкенге суусу жагымдуу.

Ийри-Суу сонун жеримде
Кайберен оттойт бадалдан
Кара алтын сонун жаралган
Ар кайсы ишке жарамдуу
Асили адам атадан
Сагынганда кат алам
Ардагым Шарип баламдан.

Гүлдөрү жайнап түрүлгөн
Гүбүрдөн малы сүрүлгөн
Душманы чыкса бир жактан
Жигити билек түрүнгөн
Карабөктөр жеримди
Көрсөм деп көңүл бөлүнгөн.

Эл четинде жүрсүн деп
Энебиз төрөп бел бууган
Алдейлеп багып өстүргөн
Эже, сиңди бир тууган
Урматыңды сагындым.

Түтөктүргөн желине
Түнөгөн бээнин сүтүнө
Түрлүү адам мас болгон.

Мамрасул, Максатбек,
Өмүрүн тилейм алыстан.
Кат жаздым кабар бергиле
Советтик почто калыстан.

Кайраса бычак курчуткан
Жылгасы сайын шаркырап
Айнектей тунук суу чыккан
Ферменин малы жайлаган.

Аркары зоодо секирген
Сүлөөсүн менен суусары
Суу боюна бекинген

Аскасы бийик болгон соң
Аскалы деп аталган
Кыянат элге кылгандар
Элден сүрүп айдалган.

Булбулу сайрап кетпеген
Мунара салса жетпеген
Бийик өскөн тереги
Маданият курууда
Элине тийген кереги.
Чалкайган терек өзөнүн
Душманды жеңип мен барып
Босогоңду көрөрмүн.

Чымыны жок Алайга
Колхоздун малы жайлаган
Эр азамат минсин деп
Туйлатып тулпар байлаган
Тубарын бөлүп тулпардан
Жылкычы малын айдаган.

Желине чыдап турбаган

Арчасы өспөй куураган
Ашуусу бийик Теректи
Ашсаң Көк-Суу барасың.

Туланың капка жыйнаган
Туралбай жылкы туйлаган
Арпадай күчтүү оту бар
Менин туулган жерим малга жай.

Катар турган эки таш
Эгиздей болуп жаралган
Баатыр Бакай байбөөчөн
Тосмосу ушул болсун деп
Эгизек деп атаган.

Курманбек кыпчак агабыз
Манас баатыр тагаңыз
Калмакты кууп айдаган
Кан соргучун жайлаган

Эркечтен элүү сойдурган
Эки суунун ортосун
Чек ара ушул болсун деп
Эркеч таш атын койдурган.

Кышкысын суук чилдеде
Ашуу бербейт Тоң мурун
Айлама менен демейге
Айыл консо бир сонун.

Жагалданып бир кезде
Нуранын суусун бойлодум
Ажал жетип өлбөсөм
Туулуп өскөн жериме
Барармын деп ойлоймун.

Кара Киндик, Ак Киндик
Касиеттүү мазарым

Ардактуу элден алсырап
Ашыкча тарттым азабын

Сары таш ашып келгенде
Кол менен жасап койгондой
Ак босого жеримди
Аябастан сагындым
Ак калпак кыргыз элимди

Аман болсом көрөрмүн
Алыста жээн тагамды
Төлөгүм деп өстүргөн
Адиш, Машрап агамды.
Белегим болуп чоңойгон
Ардагым Доспай баламды

Иштедим Алай жерине
Агайын тууган элиме
Эл жер коргоо ыйык иш
Алыстап элден кетти деп
Кочкорбай иним кейибе.

## МОЛДОЛОРДУ СЫНГА АЛУУ[1]

Аалам аалим молдолор
Маселе айтып отурат.
Курандын чечип маанисин
Мээңизди толтурат.

Аялы менен балдарын
Оюна албайт молдолор
Акыреттен башканы
Мойнуна албайт молдолор.

Наамы нышан бизде деп,
Санат кылган молдолор.

[1] КР УИА КЖБ. – Инв. № 515. № 2-дептер

Намаз менен орозону
Адат кылган молдолор.

Аят адис маанисин
Оюна алат молдолор.
Айылда кылган иштерин
Мойнуна алат молдолор.

Жолугуп калса аялга
Койнуна алат молдолор.
Жараткан өзү кечет деп,
Жолун табат молдолор.

Адамдардын асилин,
Мусулмандын насилин
Азап менен өткөрдүм
Алланын жазган насибин.

Азыраак айттым агайын,
Аалымдардын кесибин.
Кыйытып айттым агайын,
Кылгандардын кесибин.

Кабактан жөнөп суукта
Кайгылуу жүрөк жашыдым.
Ош, Жалалабад балдарын
Табылды сага тапшырдым.

## САРДАЛ[1]

Каргаша менен Гүлүшө
Жерибиздин тазасы
Кечигип калдым барс албай
Айлыбыз алыс арасы.

[1] КР УИА КЖБ. – Инв. № 515. № 2-дептер

Убада сөздү танбаган,
Жамандык жолго барбаган.
Жакшы адамдын адаты
Жакшы болот санаасы.

Тагдырым сени буюрса,
Таалайым колду сундурса.
Тал-тал чачың тарачы
Таалайыңдан карачы.
Алыста болсо жакындай
Айлыбыздын арасы.
Бел байладым сен үчүн
Пешенеңе карачы.

Айлыбызда жүрүүдөн
Айбыгып алыс мен жүрдүм
Абдибали молдого
Ашкере нике кыйдырып.

Баскан жолдун баарысын,
Баркы менен айтайын,
Өткөн иштин баарысын,
Өз жолуна таштайын.

Каттадым Корул жеримди
Алыска таштап мен келдим
Алганым үрүм теңимди
Абазбек аттуу бегимди.

Сабайга чыгат сары камыш
Атың Сардал аялсың.
Саналуу ойду таштаңыз
Бараласы болсун деп,
Пайгамбар сөзүн баштаңыз.

Унутчаак болуп ылгабай
Уятка бир күн калбаңыз

Шариятты унутуп,
Шайтандык жолго барбаңыз.

Чакмактын берки көпүрө
Цементтеп салган турбайбы
Жүзүңдү жубай суу ичсең,
Шарият сени урбайбы?

Кара-Булак, Жылуу-Суу,
Калтар болот түлкүсү
Алганың жакшы болгон соң,
Адамдын тапкан мүлкү ушул.

Ашуусу бийик Чыйырчык,
Алыста оттойт боз кийик.
Алганым Сардал жакшы бол,
Алмашып бериң ийилип.

Талдыкта кардын түйүнү
Март айында суу болот.
Таза жүрүп тилесең,
Ачылып бактың гүл болот.

Сай кечик суунун агымы
Бек жардан келип башталат
Тилесең тагдыр алладан
Таалайыңыз ачылат.

Ак-Жар менен Баш-Булак,
Ар кайып өскөн тал турат.
Акырет жагын ойлогон,
Ак жолуна баш урат.

Мады менен Кара-Эчки
Ак жолуна баш ийүү.
Адам ата, ава эне
Авалтан калган эмеспи.

Ата бабаң жүргөн жер,
Кыргыз чек сенин мекениң.
Алганым Сардал сен үчүн
Акыл сөзүм айтамын.

## УГУЗУУ ҮЧҮН АЙТЫЛГАН ЫР[1]

Тагдыры болбой эгемдин
Таарынып кеттиң эриңдеп
Ажалы жетип өлгөн соң,
Ажырадың Ак соно
Ардагың Абадбегиңден.

Буйругу болбой эгемдин,
Бузулуп кеттиң эриңдеп
Каза таап алган соң,
Карасын кийип сен калдың
Карегиң Абадбегиңден.

Чылбыры болбой эгемдин
Чыгып кеттиң эриңден.
Чындап ажал келген соң
Ажырадың Ак Соно
Чырагың Абадбегиңден

Кагылайын Абадбек,
Туулдуң борбор шаарда.
Ажалиң жетип сен өлдүң,
Тогузга жашың барганда.

Ак зоонун башы мунарык,
Агарып жүзүң тунарып.
Ардагым менин Абадбек
Акырет кеттиң суналып.
Ардагым неге жүрбөдүң,

[1] КР УИА КЖБ. – Инв. № 515. № 2-дептер

Атаңдын атын чыгарып.
Көк зоонун башы муңарык,
Көйкөлгөн жүзүң тунарып.

Көркөмүм менин Абадбек,
Көрүнбөй кеттиң суналып.
Көркөмүм неге жүрбөдүң,
Энеңдин атын чыгарып.

Абадбек бар деп ишенип,
Алыста жүрдүм калдайып.
Абадбек өттү деп угуп,
Араң калдым арбайып.

Абад сага ишенип,
Чөлдө жүрдүм калдайып.
Абадбек көзүн көрбөдүм,
Азабын тартып көп ыйлап,
Ажалым жетип өлбөдүм.

Чыгынып барбай мен жүрүп,
Чырагым көзүң көрбөдүм.
Күйүтүңдү көп тартып,
Же чын ажал жетип өлбөдүм.

Кагылайын Абадбек,
Кысылды менин өмүрүм.
Кызыгын көрбөй дүйнөнүн
Кыскарды сенин көңүлүң.

Айланайын Абадбек,
Жараланды көңүлүм.
Жарыгын көрбөй дүйнөнүн
Жалып болду өмүрүң.

Жаңырыктын кыядан,
Жалгыз элең уядан.

Жаштайыңдан сен кеттиң,
Жазымы болуп кудайдан.

Көк Иримдин кыядан,
Көп болбодуң уядан.
Көктөйүңдөн сен кеттиң,
Көнүмү болуп кудайдан.

## МОЙНОК АК ТЕРЕКТЕГИ КОРООНУ КОШУП ЫРДОО[1]

Жайыты кенен Мойноктун
Жайытына мал толгон
Жайы, кышы токтолгон,
Күзү жаздай от болгон,
Күрөөсүнө мал толгон.

Кышкы туут турсун деп,
Колхоздон чечим алынган.
Жети жүз койго ылайык,
Мойнокко короо салынган.

Жүзүнө бир жүз он бештен,
Козуну аман сактаган,
Атактуу чабан болду деп,
Рамани мактаган.

## ЭСЕНДИКТИ СУРОО КАТ[2]

Эсендикти суроо кат,
Эзилтпей жүрөк тийсин бат.
Эңсеген боорлош окусун,
Эскирген көңүл толкундап.

[1] КР УИА КЖБ. – Инв. № 515. № 2-дептер
[2] КР УИА КЖБ. – Инв. № 515. № 2-дептер

Кымбаттуу тагам Абалды
Угузам элден кабарды
Жалпы элге келген иш экен
Көрөбүз башка алганды.
Ардактуу тагам Абалды
Айтайын турмуш абалды
Амма элге келген иш экен
Аман болсок көрөбүз
Пешенеге сызганды.
Көңүл буруп кеп тыңшап,
Билгенимди айтайын.
Тарбия алдым жети жыл
Колунда эне-атанын.
Бордоку болуп жатуунун
Бүтүрдүм кыска сапарын
Сават жоюп окушка
Тартылды менин талабым.
Ошондон бери мектепте
Окуп келе жатамын
Барыктадым ар дайым
Окуунун улуу атагын.
Кап качан эле ойлогом,
Караңгылык чатагын.
Максат кылып окууну
Тырышып келдим атайын
Тогуз жыл окуп түшүндүм
Кадырын эне-атанын.
Кебин уктум кадырлап
Көңүлүн буруп апамын.
Акыл салып өткөндү
Ак кагазга жазайын.
Тогуз жылдан бер жака
Башталды узун сапарым
Башыма түштү бир кайгы
Бозоруп кыйын капамын
Эл башына түшкөн мүшкүлгө
Боз туман кайгы тартамын.

Баркыңыз болуп жогору
Эл башкарып жүрдүңүз
Эркинче ойноп күлдүңүз
Бактылуу насип көрдүңүз
Канат кагып талпынып
Таалайга учуп кондуңуз.
Эске алып эл жакты
Жүргөндүрсүз тагам сиз.
Алыска жөнөп кеттиңиз,
Жүрөккө салып кайгыны.
Конвертин жоготком
Биринчи келген кагаздын
Адресин байкабай
Кайгыда жаман кыйналдым
Кымбаттуум сизден кат албай
Сыдырып каттуу түйүлөт
Тамактан оокат өтө албай
Жоругун эстеп кыйналам
Же жоголуп элден кете албай.
Убайым жеп мен жүрөм
Жүрөктүн сырын ача албай
Адресиң билбедим
Кат жазып кабар айта албай
Ушинтип жүргөн убакта
Бир кат келди байтамдай
Ачып окуп кубанып
Тиктедим эчен кайталай.
Отургандар сураса
Калыпмын бир сөз айта албай
Үн чыгарбай көз салып
Окудум ичтен акмалай
Көрө албадым тамганы
Көзүмдү бирөө тарткандай
Боз тунарык уюлгуп,
Боло түштүм бир кандай
Жазыпсыз мага бир катты
Октябрь айында

Почта менен акырын
Келгендир биздин айылга
Кабарын эч бир укпадык,
Почтольеон тараптан
Болбосо керек жарыя.
Колуңузга тийиптир,
Айланып барып кайтара
Жиберипсиз жаңылап,
Капалуу болуп мындайга.
Жазыпсыз мага бул катты
7-февраль айында.
Жете келди бат эле
Жергиликтүү айылга
Кызыгышып бардыгы
Көңүл салды дайынга
Таарыныпсың биздерге
Көңүлдүн иши кыйын да.
Авалыңыз сураймын,
Турасызбы саламат.
Арнап сизге жибердим,
Почта аркылуу жазып кат.
Санаага салбай жүрөктү,
Саламым сизге тийсин бат!
Буюрса насип жетишээр,
Максат ишин көздөгөн.
Кайраттуунун белгиси
Кайгыга өңү азбаган
Ак көңүлдүү адамды
Арам санаа баспаган.
Сурасаңыз биз жактан
Саламаттык денибиз.
Өлүм, житим, сыркоодон
Тынччылыкта элибиз.
Сурасаңыз турмуштан.
Баштагыдай демибиз.
Атам, апам, апичем,
Бак дөөлөттүү энебиз.

Кадича жана туугандар
Аман-эсен элебиз.
Айтайын өзүм кабарын,
Акыл салып көрүңүз.
Кара тарых элинде
Окуудабыз өзүбүз.
Аман-эсен саламат,
Ачык эле жүзүбүз.
Ак кагаз менен жиберген
Арналды сизге сөзүбүз.
Көргүчө эмес түбөлүк
Саламат болуң өзүңүз.
Кайрылышпай кетпестен,
Катташ болсун жүзүбүз.
Жүрөктөн чыккан саламым,
Жалындуу сизге арнадым.
Түбөлүк эсен болуңуз,
Түнөгүм тагам ардагым!

## ЭНЕНИН ЭМГЕГИ[1]

Алдейлеп багат апакең,
Тарбия берет атакең.
Ата-эне турса маңдайда,
Турмушта болгон берекең.

Ак сүтүн берип чоңойтот,
Эркиңе коюп ойнотот.
Чоңоюп алып өскөндө
Сени да эчен ойлонтот.

Кайтарсам деп ак сүтүн,
Ойлоносуң жашыңда.
Пайда болот сенин да,
Ойлоо, иштөө башыңда.

[1] КР УИА КЖБ. – Инв. № 515. №3-дептер.

Алдейлеп багып сен үчүн
Уйкусун кечип түн катат.
Жетилтсем деп өстүрөт,
Жаш өстүрүп сен канат.

Бир күндө кылган эмгегин,
Сен аткарбайсың миң күндө.
Өмүрүн берсе деп ойлоп,
Ойлонот эчен бир түндө.

## ЖАШТЫК ЫРЛАРЫНАН[1]

Жашчылык керек адамга,
Жарабас ишке таарынба.
Арада душман көп жүрөт
Кетпейли бекер арманда.

Салкын жайлоо, жер арык,
Санасам көңүл тунарып.
Тилекке качан жетем деп,
Саргарып көзүм тунарып.

Ардагым жаным сүйгөнүм,
Сиз үчүн отко күйгөмүн
Аныктап колуң берсеңчи,
Ашыгым бар деп жүрөйүн.

Закымдап учат ой санаа,
Учуна жетер күн кана.
Ушул ырды арнаймын
Эстелик үчүн мен сага.

Кат жазамын өтүнүп
Калбасын ичте өкүнүч.

---

[1] КР УИА КЖБ.– Инв. № 515. №3-дептер.

Кабыл болсо жаш тилек
Орундалсын ушул иш.

Жалтанып элден жүрбөйлү,
Жалындап отко күйбөйлү.
Чындап бир көңүл жетишсе,
Тал чыбыктай бүрдөйлү.

Орунду менен курама,
Өрдөшү болот кулама.
Өзүңдөн бөлөк адамга
Бербеймин эч бир убада.

Колтукташып сиз менен,
Көчөдө бирге жүрөмбү.
Көздөгөн максат оорундап,
Көп жылдар дооран сүрөмбү.

Сагынганда жаздым кат,
Санаалаш жүргүн саламат.
Чын көңүлүң бар болсо,
Кайра жообун бергин бат.

Ала-Тоонун кары бар,
Ар кимдин сүйгөн жары бар.
Сүйгөнүнө баш кошсо,
Таалайлуу жаштын багы бар.

Алган ушул барагым,
Түшүнөм жигиттин талабын.
Атайы сизге сунулган
Жалындуу ысык саламым.

Жайдары сонун жүрүшү,
Жаштардын ойноп күлүшү.
Жалганда артык жараткан,
Жалындай ысык сүйүүнү.

Карандаш алам колума,
Кат жазып колум коюга.
Канчага алып жүрөм деп,
Албагын секет оюңа.

Жаз мезгили болгондо,
Айлыбыз бирге конорго.
Жаш селки сизге айтарым,
Кол жазмамды жоготпо.

Кереге Таш, Сарыгамыш,
Айылдан чыгат өң тааныш.
Бузукуга бурулбай
Канакей секет кол алыш.

Адырдын кызыл гүлдөрүн,
Атайын барып мен көрдүм.
Үч убак ойдон кетпейт го,
Балдан бир ширин сөздөрүң.

## НЕ КЕРЕК[1]

Ашыкпа аркы бетке, кен таппайсың
Жай кылып турак кылгын бир конушту.
Анчалык каалап калсаң ким кой десин,
Бирок да арты болоор бир нерсенин.

Не керек көтөрүп көкүрөктү,
Зилдетип чындап сүйгөн жаш жүрөктү.
Болбосо мурун эле айткан болсоң
Тапмакмын бир минутта сендейлерди.

Айтарым эскертерим сүйгөнүм сизге,
Таарынба чындап күйүп бекер мага.

[1] КР УИА КЖБ.– Инв. № 515. №3-дептер.

Ишенгин салам дурус, сөзүм чындык,
Бирөө үчүн өз туттанткан эки арага.

Керилип балта чаппа суу терекке,
Таппайсың ал ишиңден бир берекке.
Баары бир борпоң жыгач сынып калат.
Убараң, түк жарабай бир керекке.

Кеңири чыккан кат жакиан,
Келбетиң тилди сайраткан.
Кекkенген душман көп жүрөт,
Кейиштүү болбо кайрадан.

Пишпектен ары Ак Чий бар
Бир өзүңө мен кумар
Ойноп бир жүрүп алалы
Бир күнү өлүп жан тынар.

Замандын ойло тереңин,
Сизге бир берген кеңешим.
Эскерип алып жүрүү үчүн,
Эскермемди беремин.

Апийим кызыл гүлдөгөн
Жаштыкка кимдер жүрбөгөн.
Алдбайын деп ким айтат,
Ак алма турса бүрдөгөн.

Караны минсем бургутам.
Кармасам белиң бир тутам.
Кайырма жакка, кош этек,
Кадырың кантип унутам.

Кызылды минсем бургутам,
Кыссам белиң бир тутам.
Кызыл көйнөк, кош этек,
Кылыгың кантип унутам.

Колуңда күмүш билерик,
Күндө эле жүрөм имерип.
Кол кармашып жүрүүгө,
Колуңдан бергин күбөлүк.

Орустун жолу он күндүк,
Омоктуу атка бир күндүк.
Оролуң барда ойноп-күл,
Оюнсуз дүйнө бир күндүк.

Сунулуп турган моюнду,
Суурган кылыч кессчү эмес.
Алдына келип тургандар,
Сумсайган бойдон кетчү эмес.

Сүйүү оту махабат,
Неге бир мынга туран ат.
Экөөбүз кылган иш эмес,
Илгертен калган эски адат.

Эскерме болот ыр башы,
Ар кимдин болот сырдашы.
Өзүңдөй болсо арман жок,
Өлбөгөн жандын курдашы.

Кушумду салдым өрдөккө,
Кусадар болдум көрмөккө.
Кудайдан ажал жеткенче,
Кучактап жатсам эрмекке.

Элимде жашап жүрөмүн,
Эриксем ойноп-күлөмүн.
Эрмегим сизди көргөндө,
Эзилип дегдейт жүрөгүм.

Кулпуланган анттуу сырды ачып бер,
Жүрөгүмдү жүрөгүмө кошуп бер.

Бүт денеме кишен салдың чыгалгыз,
Анттым ушул анттуу сырды чечип бер.

Ак туйгун менмин талпынган
Ак кептер сенсиң талпынган.
Байланып алыс кетким жок,
Ак кептер сындуу жаркындан.

Магазинде ак фонар,
Үшкүрүгүң таш жарар.
Сиз алыска кеткенде,
Окшобойт экен башкалар.

Кум бел менен Согорту,
Машиналар көп өттү.
Сизди эстен чыгарып,
Окшотом кантип бөлөктү.

Атымдын башы «К» тамга,
Аягы «Ш» га токтолот.
Сиз эсиме түшкөндө
Жүрөгүм күйүп чок болот.

Атыңдын башы «...» тамга,
Ашыктык керек ар жанга.
Алтыным кантип чыдаймын,
Азапты салдың жаш жанга.

Колумдагы күрөгүм,
Жалындап сүйөт жүрөгүм.
Максатыма жетем деп,
Ичимден тынып жүрөмүн.

Калем алдым колума
Карадым сүйүү жолуна.
Кат жазып сизден өтүнөм,
Өмүрлүк жолдош болууга.

Үзүлсө алма бутактан,
Узатпай алып тозсоңчу.
Ушундай сонун турмушта,
Үйлөнүп бирге болсоңчу.

Агарып таңдын атканы,
Кызарып күндүн батканы.
Ойлосом кыйын иш экен,
Жаштардын жалгыз жатканы.

Бир убакта беш өрүк,
Жанаша туруп жешелик.
Кадыр-көңүл калтырбай,
Сыйлашып жүрүп өтөлүк.

Атыңды айтсам эл билет,
«Ак алма десем ким билет.
Ашыктыктын айынан,
Албырып жүрөк элирет.

Ак деңиздин боюнда,
Архангельский порту бар.
Ушул жазган ырымды
«Ак алма» алтын тосуп ал.

Сен бир бышкан анделек,
Ар кимге сиздей жар керек.
Алек кылдың жанымды,
Кандай адам пар келет.

Сиз бир бышкан чиесиз,
Уктасам түшкө киресиз.
Убара кылдың жанымды
Качан бир колго тиесиз.

Сен бир бышкан тыт болуп,
Кеч курун соккон жыт болуп.

Кезеги келбей дүйнөнүн,
Кетебизби сырт болуп.

Сен бир бышкан жүзүмсүң,
Шагыңдан шамал түшүрсүн.
Колу бир жетпей жүргөндөр
Мына ошондо түшүнсүн.

Бышып бир турган карагат,
Күйүп бир ичим баратат.
Көрбөгөнүм көп болду,
Жүрөсүзбү саламат.

Ойносо оюн күнөбү,
Ойнобой жаштар жүрөбү.
Биз өңдөнгөн жаштардын
Оюнда болот тилеги.

Пьеса болуп алынган,
Шарип менен Иричка.
Оңой эмес турбайбы,
Сүйүүгө көңүл бурулса.

Кат жазып сизге арнаймын,
Катыңды белек кармайын.
Кат жазып турсаң жаш курбу,
Кат жазуудан далбаймын.

Биринчи жазган салам кат,
Жаш курбу сизге арналат.
Ушул жазган саламым,
Жаш курбума жетсин бат.

Кош болгун эми көргөнчө,
Кайрылып жүзүң көргөнчө.
Сагынарбыз кантейин
Почтолук кагаз тийгенче.

Киндик каның тамган жер,
Жеңиште бирге тууган эл.
Элиңде жүргөн курбуңа,
Сагынтпай салам кат жибер.

Эртели кеч санаймын,
Келечек күндүн далайын.
Берсе деп биздин тилекти,
Турмушка күлө караймын.

Жайдары курбум тилектеш,
Жалындуу жаштык жүрөктөш.
Жайкы гулдөй ачылган,
Кымбаттуу курбум көңүлдөш.

Айланамды карасам,
Кыргыздын Ала-Тоосу бар.
Буралып турган кызыл гүл,
Бозойдун катын тосуп ал.

Окуганым орус тил.
Орус тил бизге керектир.
Учурашып келүүгө,
Руксат бербейт деректир.

Асмандап учкан самолёт,
Прижваль көздөй сызылат.
Кызыл гүл сени эстесем,
Таңга жуук уйкум бузулат.

Калтар менен жалтанбаң,
Кыялай өрдөп мал баскан.
Сүйгөндүктүн белгиси,
Жетише албай зарлашкан.

Саймалуу сары жоолукчан,
Санааңды самап оолуксам.

Санааң бир эске түшкөндө,
Самаган жерден жолуксам.

Кылчая басып мен барып,
Кучактасам мойнуңдан.
Кубулжуп сүйүп сен алтын,
Кармалап турсам колуңдан.

Кылайып булбул көрүүгө,
Кызыгам колдо гүлүңө.
Бурулуп кулак сала жүр,
Булбулдун муңдуу үнүнө.

Ашык болуп сүйбөсө,
Адамды адам сагынбайт.
Жаш кезде ойноп күлгөнүң
Жакындай кайтып табылбайт.

Келдим былтыр күзүндө,
Кеп айттым быйыл өзүңө.
Бура басып кирбей жүр
Бузукунун тилине.

Эмне үчүн менин ичим тар,
Ортодо тереӊ сүйүү бар.
Беш мүнөт сени көрбөсөм
Окшобойт экен башкалар.

Эстедим сени бешимде.
Капага түштүм кечинде.
Канчалык ойноп күлсөм да,
Сен турасың менин оюмда.

Айдай тамак алтыным,
Башкалардан жакыным.
Антты, шертти байкагын
Бар болсо сенин акылың.

Жети күндө дем алыш
Мектепте болот жыйналыш.
Чың көңүлүң бар болсо,
Колуңду коюп кат жазыш.

Санаа жетсе ал жетпей,
Санаалаш келчи дегдетпей.
Сизге ашык мен болдум,
Сарынжы менен Берметтей.

Жазган сыя жалындуу
Денемдин ички канынан.
Ушул жазган эскермем,
Жүрөгүмдүн кабынан.

«О» тамгасы тегерек,
Окуудан башка не керек.
Онунчуну бүтсөк деп
Обдулуп жүрөк термелет.

Ак кептер билет барчынды,
Аңдыган билет баркыңды.
Алыскы жерде мен жүрөм
Катыным эсен барсыңбы?

Курдашым деп ойлосоң,
Кат жазып турсаң болбойбу.
Алыскы жерде жүргөндө
Бир канча медер болбойбу.

Кызарып күндүн батканы,
Кыргыек болдум бактагы.
Жалындап сизге жетээрде,
Агарып таңдын атканы.

Жайлоодо болсо сүйгөнүм
Жаш гүл болсо үзгөнүм.

Жашоого жыргал эмеспи,
Жадакад болсо сүйгөнүм.

Гүл өзөнү кең талаа,
Экөөбүздө тең санаа.
Түбөлүк жолдош болууга,
Тилектешмин мен сага.

Сүйүү гүлүн жөнүндө,
Азыркы тартип ушундай.
Окуйлу жакшы окуйлу,
Жашчылыкка бурулбай.

Эскерме жазып беремин,
Жүрбөдүм бирге дебегин.
Жазылган каттын ичинде
Жалыны кетти денемдин.

Созула тартып гүл ачкан,
Соң көлдүн жайын талаасы.
Санаасы дурус болбосо,
Забыркайт адам баласы.

Дабышың күкүк үнүндөй,
Таасириң жайдын күнүндөй.
Таалайга жалгыз бүткөнсүп,
Талаанын жашыл гүлүндөй.

Кыялымды толкутат,
Кызарып күндүн батканы.
Ар кимдин болсо өзүндөй
Ардактап сүйгөн жан жары.

Кара нөшөр куйганда,
Качпай туруп суу болдум.
Кадырың калып калт деп
Калп эле элге чуу болдум.

Алыскы жерден салам кат,
Ашык жар жаздым сизге кат.
Сунсам колум жетеби,
Сунган кызыл гүл кармап.

Ак куу болсоң көлдөгү
Ак туйгун болсом көктөгү
Алданын салган буйругун,
Жаш курбу чогуу көрөлү

Элимден сиздей таба албай,
Элирип жүрөк умтулду.
Эркелеп ойноп бир жүрүп,
Эмгектеш болсок жаш курбу.

Дүкүлдөп каккан жүрөк басылганча,
Деңиз жердин алдына шашылганча.
Сиз менен кадырлашып жүрсөм деймин,
Ойлогон жаш жүрөгүм орундалса.

Китебин окудуңбу Тариелдин
Ичинде арманы көп андай шердин.
Сүйүүнүн күйүтүнө чыдай албай
Түбүнө түшүп кеткен кара жердин.

Сүйүүдө баатырдык бар, алсыздык бар,
Сүйүүдө ыктуу жигит жолду табар.
Сүйүүнүн ички сырын байкабаса,
Сүйүү да далай жанды адаштырар.

Жаштык ысык күйүп турган жалындап,
Сүйүү чиркин кандай күндө жаралган.
Дүнүйөдө өтө кымбат көрүнөт,
Соккон жүрөк кара кочкул каныман.

Арнаймын ушул жазган ырларымды,
Айтамын жүрөктөгү сырларымды.

Алганда өзүң окуп түшүнөсүң,
Бир канча «арноо» деген ырларымды.

Ичтеги сыр башкаларга табышмак,
Кээ бир селки чече албайт барыктап.
Оңой эмес ойлогончо сыр чечүү
Баркын билип кыял жорук алышмак.

Турмушта түркүн, түркүн өмүр өткөн.
Ичтеги муң кайгынын күнү бүткөн.
Жүрөктүн эң бир татаал түйүндөрүн
Такалбай кандай адам чечип берген.

Сүйүү чиркин, сүйүү кандай жаралды,
Жалындатып отко салып адамды.
Ойноп-күлүп сүйүү менен баратса,
Жарык болот айсыз түнү караңгы.

Калем алып кат жазган,
Жаш жигиттин оң колу.
Коюлган чексиз көп точка,
Жүрөктө сырдын борбору.

Беремин сага антымды,
Айтамын ичте дартымды.
Канткенде эстен чыгарам
Сиз окшогон жаркынды.

Эстесем ооруйт жүрөгүм,
Ашкере сизди сүйөмүн.
Ойдо ишти сен ойлоп
Болбой коюп жүрбөгүн.

Сунамын сизге колумду,
Сураймын ачык жообумду.
Кат менен жаздым сөзүмдү,
Каaладым сенин сөзүңдү.

Жапалдаш бойлуу калтар чач,
Казалдан чыккан «Кыз Жибек»
Кайсы күнү кез болом,
Кабыл болуп бул тилек.

Алыстан салам үн жетпейт,
Алтыным сизди сагындым.
Жанымда жүрөт сүрөтүң
Жалбарып көпкө карадым.

Түшүндүм орус тилине,
Түбөлүк жарайм ишиңе.
Тилектеш селки бел байла,
Бузуктун кирбей тилине.

Акыры жүрүп айланып,
Өзүңдүн түштүм торуңа.
Мындан аркы өмүрдүн,
Ачкычын бердим колуңа.

Ардактуу ушул турмушта,
Бирге эле курдум тилекти.
Кор кылсаң, койсоң өзүң бил,
Колуңа бердим жүрөктү.

Кат жаздым арнап баракка,
Каталык кетсе жаратпа.
Капага батып отуруп,
Кайгырып жаздым мен сага.

Эзгиден калган салт экен,
Алышып ойноп күлүшкөн.
Далайды баштан өткөрдүк,
Ашыктык жайын билбестен.

Эскерме жаздым сабылып,
Эстесе жүрөк сагынып.

Эзилип сүртөр күн барбы
Эликкен жүрөк эзилип.

Касиеттүү Ысык-Көл,
Кашаты чатыр саймадай.
Кандача деген оюң бар
Каражан айтчы жашырбай.

Кашың менен көзүңдү,
Карагым келет өзүңдү.
Канткенде ойдон чыгарам,
«Агай» деп айткан сөзүңдү.

Эстеймин берсең белекти,
Элирип жүрөк дегдетти.
Издеп жүрүп элимден,
Таппадым сиздей секетти.

Күлүп ал жашың бар чакта,
Кубатты бойго таратпа.
Буралып бакта сайраган,
Булбулдун үнүн чарчатпа.

Ачылган гүлгө жетемби,
Ашыктыгым бекерби.
Ачылган гүлгө жете албай,
Арманда өтүп кетемби.

Сен бир гүлсүң шактагы.
Мен бир булбул бактагы.
Муңун айтып булбул куш,
Муңайым гүлдү мактады.

Суйкайып жүзүң суп-сулуу,
Сүйгөн жарым ушулбу.
Кетпейсиз такыр оюмдан,
Буздуңуз таттуу уйкумду.

Тору-Айгыр менен Чокталдын,
Ортосунда куш салдым.
Тозоңдуу селки экенсиз
Жүрөгүмө чок салдың.

Жазганым ушул эскерме,
Жаш болуп жүргөн кездерде.
Окуп өзүң жүрөрсүң
Эсиңе түшкөн кездерде.

Ишенсең жарым садагаң,
Алдым жазган катыңды.
Алда нени ойлонтуп
Оорутупсуң башымды.

Ишенсең жарым садагаң,
Билим алуу тилегим.
Ошондуктан бел байлап,
Алыс жерде жүрөмүн.

Маданият турмуштун,
Ошто сонун жайында.
Илгерилеп кол созуп
Окуй турган чагымда.

«Улук бол» келип дегениң.
Ойлонбосун эмеспи.
Окууда жүргөн журтуңа,
Ким берет мындай кеңешти.

Ишенбегин садага,
Уккан создүн баарына.
Душманыңбы, досуңбу,
Текшере бил аны да.

Курдашыңдын айтканын,
Көңүлүңө туя бил.

Маданият турмушту
Эмгектенип сүйө бил.

Көңүлүм сенден калган жок,
Менде эч кандай арман жок.
Сизден башка селкини
Деги оюма алгым жок.

Туура болсо пейилиң,
Бирге өтүшөр өмүрүм.
Кыз күнүңдө кол берип
Көрүшкөндөй көңүлүм.

Жайыңды сенин билчү элем,
Жактырып жаным жүрчү элем.
Жан адамга билгизбей
Жүрөгүмдөн сүйчү элем.

Жаш камыштай бой тарткан,
Бозойду эске алсаңыз.
Кыялы жанды жыргаткан
Кеңешти эске алсаңыз.

«К» тамгаңыз баш тамга,
Көркөмдүү келет жазганга.
Жагалмай кушуң мен болуп,
Көтөрүп учсам асманга.

Ардактуу селки атына,
«К» деген тамга кошулса.
Келишер бекен шарттары,
Сүйгөнгө сүйгөн кошулса.

Көп көрдүм көлдүн кыласын,
Көкөлөп учат ылаачын.
Көрбөгөнүм көп болду,
Көңүлдөш кайда турасың.

Кат жазамын эскерме,
Сызыгы чоң дептерге.
Кабагың ачып окуп жүр,
Капалуу болгон кездерде.

Эстей жүр мени унутпай,
Эзилип жанды курутпай.
Эсиңден чыксам кеттим го,
Кирген көктө булуттай.

## ЖОКЧУЛУК[1]

Кара манат токчулук,
Карап калсын жокчулук.
Кашка кишен кез кылып,
Кырап калсын жокчулук.

Кызыл манат токчулук
Кызыл өңүн боз кылып
Кыйын экен жокчулук

Керилтип кетмен чаптырып,
Кеңсиреткен жокчулук.
Акылыңдан шаштырып
Алдыраткан жокчулук.

Кор эмедей чөктүрүп,
Корголоткон жокчулук.
Маңдайыңдан териңди
Шорголоткон жокчулук.

[1] КР УИА КЖБ.– Инв № 515. 4-дептер.

## КОЙ КӨЗ[1]

Конура дөбө салкын жай,
Жерибиз болот кой көзүм.
Оолжуп аткан көп бакал
Элибиз болот кой көзүм.
Ак таша жайлоо, салкын жай,
Жерибиз болот кой көзүм.
Аралаш өскөн көп бакал
Элибиз болот кой көзүм.

Жарым ооз жабырсаң,
Бал сөзүңүз кой көзүм.
Жамияттуу* бакалда
Тана өзүңүз кой көзүм.
Эки-үч ооз жабырсаң,
Дал өзүңүз кой көзүм.
Адамзаттын баласы,
Сиздей болбойт кой көзүм.
Ашыгылыктын жолуна
Акыл-эсин алдырган
Биздей болбойт кой көзүм.
Кыргызың баласы,
Сиздей болбойт кой көзүм.
Кызгылыктын жолуна,
Көңүл-эсин алдырган
Биздей болбойт кой көзүм.

## КАЙГЫЛУУ ЖОМОК[2]

Туулган жерим Жалпак Таш,
Он сегизге толду жаш.
Ажал жетип өлгүчө,
Нелерди көрбөйт алтын баш.

---

[1] КР УИА КЖБ.– Инв № 515. 4-дептер.
[2] КР УИА КЖБ.– Инв. №515. 6-дептер.
* уруунун аты

Жыргалында советтин,
Жигиттикке болдум мас.
Колумдагы курч калаш,
Кыямыттык секеттин,
Кылычын айтып катыра жаз.
Суктандырып булбулду,
Суу боюна гүл чыкты.
Ырдасам секет тууралуу,
Талыкпай тыңшап тургун.
Таң атып кайра күн чыгат,
Бозодон куюп тургула,
Тамагым кургап суусабай,
Таңдайдан назик үн чыгат.

Кайгысын козгоп жүрөктүн,
Кат жиберет жаш булбул.
Катасы болсо текшерип,
Тосуп алсын жаш гүл.
Сагынычтуу салам кат,
Сагындырбай тийсин бат.
Эркин көңүл сүйгөн кат,
Эстесе жүрөк күйгөн кат.
Арман менен жазылды,
Колуңа секет тийсин бат.
Баштайын сөздү сүйлөгөн,
Башкадан сендей сүйбөгөм.
Уруудан душман көп чыкса,
Ушак сөзгө кирбегем.
Сен ийилген терексиң,
Сүйгөн жарга керексиң.
Сагынганда бир көрүп,
Сактап койчу белексиң.
Аркырап аккан кашка суу,
Аргымак минсем кечким жок.
Ажалым жетип өлгүчө,
Айлыңдан секет кетким жок.
Көк шумкар калат таңыркап,

Көк өрдөк көлдөн учканда.
Көп чечилип сыр бербе,
Көңүлү бузук душманга.
Айтамын сөздүн болгонун,
Ак секет капа болбогун.
Ашыклык иши кыйын иш,
Аягын өзүң ойлогун.
Топурак пай дубалың,
Тоту куштай убагың.
Жаш өмүрүң өткөн соң,
Жана да күйбөйт чырагың.
Абасың ничке зымдайсың,
Ар кишиге көзүң ымдайсың.
Убара кылып мени сен,
Убада сөзгө турбайсың.
Эгизге* чыгат чычырканак,
Элибиз конот кыркалап.
Экинчи мындай иш кылсаң,
Эки жүз сом ыштарап.
Кеңештин шайыр жаштары,
Кер жорго минет семиздеп.
Кейип бир үйгө жата албай,
Келчи элем дайым сени издеп.
Келин кыз көрүп койбосун,
Кетели жүрчү жер издеп.
Коңур өгүз жер гана,
Койнуна барсам эл жата.
Кокустан уктап калат деп,
Ойготуп жүрдүң таң ата.
Чыр-чатак салган душмандын,
Чылбырсыз жолу байлансын.
Чын көңүлүң бар болсо,
Айлымдан чыккан бир сага,
Чымындай жаным айлансын.
Тоок чакырып жержарып.
Таң сөгүлүп атканда.

---

* бийикке

Таамай тийип ай нуру,
Тараза жылдыз батканда.
Саратан ызык жай келди,
Саарко таңда сайраган.
Булбулдун үнү катканда,
Кыйаматтык жарым деп,
Кылыгың эстеп сагынам.
Кынтайып уктап жатканда,
Айчылык жолдон келгемин,
Адырма-адыр бел ашып.
Касташкан жоону жеңүүдө,
Кан агызып көп кашык.
Бир сени деп башынан,
Билектен кармап, тил соруп,
Билсең сага мен ашык.
Унутпа секет мен десең,
Уят кылып айылга.
Ушакчы жүрөт сөз ташып.
Тазма-Таздар ортосу,
Таш Дөбө менен Арашан.
Түгөйүм качан келет деп,
Талыкпай жолду карасаң.
Кошулууга түбөлүк,
Колуңду берчи кааласаң.
Колунда кош-кош билерик,
Колтуктап жатсам инарып.
Кокустан таштап кетмексиң,
Кадырлаш болуп жүрөлүк.
Жаштыктын доорун сүрүүгө,
Жашыл гүл сендей жар болсо.
Кылган күнөөң майнүнө
Кыямат жолу тар болсо.
Тең азабын тартайын,
Ичиңде кайгы зар болсо.
Азабын тартсак сүйүүнүн,
Айласын кандай кылабыз.
Алтын баш жүрүп кор болсо,

Чолпонум менмин дечү элем
Асманда толгон жылдызды
Булбулу менмин дечү элем,
Аралдагы кыргыздын.
Чолпон чыкпай жашыңы,
Булбулдун үнү басылды.
Саргайып санаам ашынды,
Сагындым сендей асылды.
Айла кетет ойлосом,
Ажал торгоп башымды.
Чыдагын секет кайрат кыл
Көл кылбай көздөн жашыңды.
Ак секет сенин атыңан,
Асылса мага көп душман.
Ак байчечек гүлдөгөн,
Арал атуу жер калааар.
Аргымак таптап ат минген,
Ат уулу таздар эл калаар.
Айчылык кетсем дайынсыз,
Артымдан издеп ким табар.
Армандуу бир мен отурбай,
Аскерге кетти көп жаштар.
Алыста жүрөт байкаңар.
Азис пирим колдосун,
Ак Мойнок ата Чоң Мазар.
Көңүлүң бузсаң кетем деп,
Көрбөсөм кантип тура алам.
Учурашсам түшүмдө,
Убайым тартпай кубанам.
Кетти бир десе душмандар,
Кейип бир ыйлап муңаям.
Ажыраткан душманга,
Кекенбей кантип тура алам.
Кезиккен жоосун эр жигит,
Кекилик чилдей таратат,
Кейипке салдың жанымды.
Кеч кирип кантип таң атат,

Жаркылдайсың Ак мандай,
Сүрөткө боюң тарткандай.
Сенчелик киши сүйбөппү,
Сергек болчу шалкайбай.
Экөөбүз билер күн болсо,
Өмүрүң өтсүн картайбай.
Алкымыңдын актыгы,
Алтын менен жапкандай.
Оозуңдагы отуз тиш,
Күмүштөп чеге каккандай.
Тимтим сени айла жок,
Сагынып ичим болду чок.
Сагындырган ак секет,
Астейдил болсоң мен үчүн.
Ар убак барам айылыңа,
Арманым ичтен айрылат.
Алып бир жатсаң койнуңа,
Тогуз күн бирге жүрсөм да,
Тойбосмун сенин ойнуңа.
Акырат жатып ойлосоң,
Азабың менин мойнума.
Чачың окшойт жибекке,
Жалынды салдың жүрөккө.
Жаратылыш жар болуп,
Жеткирер бекен тилекке.
Алты агайын ата эне,
Алматыдан ажырап.
Ашыглыг айып отуна,
А дагы күйгөн муңканып.
Кара көз сулуу Равшан,
Кавказда жүргөн муңайып.
Камандай жоон байларды,
Кан түкүргөн жөтөлүп,
Какшыган суусуз сайларда.
Ай айланып жыл өтпөй,
Акылдан көргөн муң өтпөй.
Ак кептер жетпей максатка,

Айланып торго тутулган.
Ал күндө теңдик жогунан,
Ашык болуп жаш кызга,
Ары жок байлар кутурган.
Өксүбөй кантип тура алам,
Равшан менен Жолойдой,
Өткөнгө көңүл бөлүнүп,
Жаштарга чыккан душмандын
Алты ай кончууда.
Өлүгү калды көмүлбөй,
Акынмын деп мактанбайм,
Ар сөздүн башын уласам,
Алкымдан назик үн чыгар.
Билгендей айтсам ыр менен,
Канкор да болсо жоголуп.
Бир гана кызыл тил чыдаар,
Ашыглык отун кечпеген.
Билбеген адам шылдыңдар,
Жалынына сүйүүнүн,
Бизделден башка ким чыгаар.
Оюмдан кетпей жашыл гүл,
Абалкы Жолой мен болдум.
Акыл-эстен адашып,
Көкөйгө тийип ушак сөз.
Көп душманга жем болдум,
Көрсөм мейли азапты.
Көкүрөк герди тараткан,
Көңүлдөшүм сен болдуң.

## АЙРЫЛУУ[1]

Кара булут бир чыкса,
Калка болот жылдызга.
Кабыргам жаман кайышат,
Калкымдан кеткен бир кызга.

[1] КР УИА КЖБ.– Инв. №515. 6-дептер.

Эки булут бир чыкса,
Элек болот жылдызга.
Ичим жаман эзилет,
Элимден кеткен бир кызга.

Бурулушта токойдо,
Булбулдар сайрайт ошондо.
Булбулдун үнү муңайым,
Муңайсам берер кудайым.

Кайрылышта токойдо,
Карчыга сайрайт ошондо.
Карчыга үнү муңайым,
Какшасам берер кудайым.

## КУМАРЛЫК ЫРЫ[1]

Эжелүү, синдилүү гүл кыздар,
Эстесе көңүл көп сыздар.
Бириң кайың, бириң тал,
Бириң шекер, бириң бал,
Бириңди айтсам, бириң бар.

Бириң жылдыз, бириң ай,
Бириң дария, бириң сай.
Бириң айры, бириң нар,
Бириңди айтсам бириң бар.

Бириң настын кумары,
Бириң аттын тумары.
Бириң айдын шоокуму,
Жанында жатып уктаса,
Жазылат жандын моокуму.

[1] КР УИА КЖБ.– Инв. №515. 6-дептер.

Бириң кымыз, бириң сүт,
Бириң айнек, бириң үт.
Сагынып алыс жүрөмүн,
Санаалаш болсоң бириң күт.

Бириң жорго, бириң боз,
Бириң торко, бириң тоз.
Самолет менен барайын,
Санаалаш болсоң жолуң тоз.

Бириң набат, бириң чай,
Бириң топоз, бириң тай.
Алып жатып уктасам,
Ак кептер алган туйгундай.

Бириң жүзүм, бириң бак,
Бириң булбул, бириң шак.
Алмашып бирге жүрөлбай,
Алыста жүрүп күйдүм дак.

Күкүк менен Сайнектей,
Күйүттүү болдум кол жетпей.
Күйүттүү болуп жүргөндө,
Кат жиберчи дегдетпей.

Каухар менен алтынды,
Көп бааладым баркыңды.
Унутпай эстеп жүрөмүн,
Урматтуу Пааша асылды.

Бириң өрдөк, бириң каз,
Бириң өлөң бириң саз.
Интызармын көралбай,
Ишкыңызга күйдүм аз.
Бириң турна, бириң каз,
Бириң тулаң, бириң саз.

Тура албаймын эстесем,
Тагдыр алла буюруп,
Таалайыма жеткирсең.

Бириң чүрөк, бириң куш,
Бириң чилде, бириң муз.
Пахталуу жердин ичинде,
Барып калсам, тушма-туш.

Бириң чабак, бириң суу,
Бириң ылаачын, бириң куу.
Тең укуктуу заманда,
Алгансың колго кызыл туу.

Бириң сурма, бириң жез,
Авада учкан самолет.
Алып барса тезме-тез,
Айнектей сулуу Паашакан,
Айтышкан жерден болсок кез.

Бириң чыны, бириң чай,
Бириң каймак, бириң май.
Жаралыпсың жалганда,
Жанаттан чыккан үр кыздай.

Бириң чынар, бириң көл,
Бириң пахта, бириң чөл.
Көркөмүң көптөн артыкча,
Бир-бириңди карап көр.

Бириң асман, бириң жер,
Бириң жамгыр, бириң сел.
Жалыныңа күйгүзбөй,
Жароокер болсоң, бириң кел.
Ажырабай жүрүшкө,
Алтыным Пааша колуң бер.

## АСМАНДАН УЧКАН КАПТАРДАЙ[1]

Асмандан учкан каптардай
Сулуум атың даптардай
Энди айлыңа баралбай
Боз бала жарың баткардай.
Илгеркинин бир аты
Байыркынын зинаты
Сакып жамал сен болдуң
Саргайган бозой мен болдум.
Дунуя элдин ичинде
Сизди эле көрдүм сулуум
Алты канат ак үйүү
Тушунда жатып туйладым
Бир жараткан аллага
Мунажат кылып ыйладым.
Беш үйүз жылкы үш үйүз кой
Бересе болду кудайым.
Аммадан йахшы акавуз
Жавап берди атавуз
Туйгуну бала кел деди
Тоянамы бер деди.
Тоянаңа не берсем
Улакчылар чогулуп
Улагын доолап жалынды.
Үш яшар бараң уй бериң
Ар таштаса чавандес
Бир сомдон пулун камитбай
Беш сом бир пулун как берсем
Сардалин куйев кел деди
Садагамы бер деди
Садагаңа не берсем
Сакиз тилда пул берсем
Сулуума эки маңа эки

[1] КР УИА КЖБ.– Инв. № 35 (228). Жыйнаган А.Шүкүров (1927-жыл)

Даркардо болор төрт эки
Жеңелерим жандаса
Жети тилда пул берсем
Эшик ачар дооласа
Эки тилда пул берсем
Эки саап уй берсем
Немени карыш бээ берсем
Сайга улак тарттырсам
Садагаңа арттырсам,
Кырга улак тарттырсам.
Кылыгың элден арттырсам
Мен базарга барганда
Оягында ончо кыз
Буягында мунча кыз
Ортая жери фатча кыз
Мен базардан келгенде
Атымды алып байласа
Астыма кийиз шайласа
Камчымды алып төргө илсе,
Кадырымды зор билсе
Патнуске нан койсо
Көргөн адам таң койса
Күмүш ооз жез карнай
Күндү карап тарттырсам
Күйүтүн элден арттырсам
Алтын ооз жер карнай
Айды карап тарттырсам
Ашамин элден арттырсам
О дөбөгө чыкканда
Орок тумшук чуңкур көз
Пасты карап сарсайсам
Сар мазардын башына
Тилда жаап ат сайсам
Мен ушундай той кылсам
Мартамасми зар кылсам.

## ТУЙГУНУМ[1]

Жаңгыз терек саяван,
Жата албаймын туйлаймын.
Жаным бала туйгунум
Жавдума түшсө ыйлаймын.
Эки терек саяван
Жата албаймын туйлаймын.
Эстуя бала туйгунум
Эсиме түшсө ыйлаймын.
Олтурганым байдувал
Үстүям болду туйгунум
Уппуям сенин аламың
Күштүям болду туйгунум.
Пайда бир кылбай бул ишиң,
Тааниям болду туйгунум
Көк ала майдан көк ишбер,
Көтөрүп жерге коёюн.
Күп тийе турган жагыңа
Көйнөгүм чечип коёюн.
Көгөргөнүп гүглардын
Күлүнү малдың туйгунум.
Көп каратып көзүмдүн
Нуруну малдың туйгунум.
Ычкырда чырмап берем деп
Ышкырган жерге келем деп
Чыкырда чырмап беришке
Жибегиң жок туйгунум.
Ышкырган жерге келишке
Жүрөгүм жок туйгунум
Бүчүйе чырмап беришке
Жибегиң жок туйгунум
Буйрата жерге келишке
Жүрөгүң жок туйгунум.
Кармаганым тутканым

---
[1] КР УИА КЖБ.– Инв. № 35 (228). Жыйнаган А.Шүкүров (1927-жыл).

Кашеги чоп болду.
Орок оруп боо байлап
Ичкерибти билегим
Ак теректин баркиндай
Ларзан урат жүрөгүм
Дария бойлоп суу кечип
Арпалышып бел чечип
Жатпадым туйгун койнуңа.
Жаманда куштар болупмун
Аккемзир кийген мунуңа
Ак таңгадай тишиңдан
А бирок кабар бербейсиз
Арага капа койгон кишимден
Арка чачың бир тутам
Тармал экен туйгунум
Аркаңдан ашык болгонум
Арман экен туйгунум.
Алтындан эгер кадога
Ай кадырып билбесе
Алганың кетсин садага.
Күмүштөп эгер кадога
Күп кадырып билбесе
Күйүүң кетсин садага.
Күмүшүң барбы бүчүңдө
Күйөң кичик өзүн зор
Күйүтүү барбы ичинде
Алтының барбы бүчүңдө
Алганың кичик өзүң зор
Арманың барбы ичинде
Алтының бөлсө кесилер
Алганың болсо жетилер
Күмүшүң болсо кесилер
Күйүтүң болсо жетилер
Дар күйүңдү көп тартып
Дария болду көз жашым.
Дардизар болду боз башым
Күзүндө көлдүн дариясы

Ак бетиң айдын шуласы
Ак бетинден өптүрсөң
Аманат жандып соодасы.
Арагым ичип мастыгым
Айтышкан жерде кармабай
Аттаңга менин жаштыгым
Бозоям ичип мастыгым
Болжогон жерде кармабай
Бойбоя менин жаштыгым.
Таң атардын боз салкын
Үшүба кеттим тонуң бер
Тар кыямат болгуча
Туйгунум ажырашбаска колуң бер!

## АЙГЫРЫ ӨЛГӨНДӨ[1]

Айгырынын өлүгү гүвүрдөн чыкканда ырдаган экен:

Сувай кылып кургатпай
Сууруп итке ыргытпай
Олдо сенин ташың ай
Ташың жеди башың ай.

Акта кылып кургшатпай
Алып итке ыргытпай
Олдо сенин ташыңды ай
Ташың жеди башыңды ай.

Бөлөк салак жүк артпай
Бөйрөгүңдү кызартпай
Олдо сенин ташыңды ай
Ташың жеди башыңды ай.

Чү дегенде жаныбар
Чыгат эде дүвүрдөн

[1] КР УИА КЖБ. – Инв. № 731.

Чыңгыран ай киргенде
Чыгып калдың гүвүрдөн.

Жаман-Кырчын деген жерде жайлоо болгон. Бүргүттүн Жам жайлоо деген жерде кыпчактын кою кыштап, жут болгон. Адамдар эрбейген чөпту койбойлук дешкен. Шондо Бердаалыбай деген киши мал кырылып өлгөндө какшыктап ырдаган:

Өсөргө барган коюбуз
Өлдөй эсен келерби
Өтө кудай берерби
Бүргүткө барган коюбуз
Бирөв өлбөй келерби
Мындай кудай береби
Жанараны бергенде
Жаңыдан дөвлөт келгенде
Сүт куйбадык тавакка
Сүйрөп салдык кавакка
Айран куйбай тавакка
Айдап салдык кавакка
Таразады жут болду
Тах балар саңа хут болду.
Жаз болгондо жут болду
Жамаат саңа хут болду
Орок менен чаварсың
Эңкейбесең тойвойсуң
Эрбейген чөпту койвойсуң
Жананга жылып кыш келсе
Эчки улагың сойвойсуң
Эшендер айтса болвойсуң.

## КЕҢ АЛАЙ

Ош область жайлаган,
Ортолук малын айдаган.
Жаркырап орден чектелет,

Жазганбай малды бакканга.
Жазамын сени Кең Алай
Жаш өмүр гүлдөп жатканда.

Шооругуң Алай ашыкча,
Шоңшойгон тилде тамын бар.
Шорлугуң балдай татыган
Шор эмес тузуң дагы бар.
Корунду деген жериң бар,
Көк жашыл чөбү бүрдөгөн
Коңур салкын жери бар
Кой семирип гүлдөгөн.

## МЫРЗАГУЛ[1]

Жогортон келдиң жок сурап, досум
Жорго бос минип гүл бурап, досум
Эки бир жагым карасам, досум
Эркек бир парзант* жок экен, досум.

Кыз дагы болсо кызмат деп досум,
Эшикке чыгып ат алдым, досум
Эңкейип эшик ачарда, досум
Эмчегим эзе кармадың, досум
Кайрылып камчы илерде, досум
Карчытым** эзе кармадың, досум
Шоктугуң шондо билгемин, досум
Назарыма илгемин, досум
Гарчытыман кан чыкты, досум
Карала көздөн жаш чыкты, досум
Сүйрөп бир килем саларда. досум
Сүйөбүм эзе кармадың, досум
Сүйгүнчүк көздөн жаш чыкты, досум

[1] КР УИА КЖБ. – Инв. № 731.
* бала
** каптал

Атакемден уялып, досум
Энекемден ийменип, досум
Эшикти көздөп күймөнүп, досум
Орустан келген он аяк, досум
Кытайдан келген кырк аяк, досум
Кырма бир жука сыр аяк, досум
Байтал бээнин бал кымыз, досум
Кунан бир бээнин курч кымыз, досум
Энекем куйду мен сундум, досум
Ошондо бармагым баса кармадың, досум
Бармагымдан кан чыкты, досум
Баркырак көздөн жаш чыкты, досум
Энекемден ийменип, досум
Мен эшикти көздөп күймөнүп, досум
Экөөбүз ашык болгондо, досум
Абал бир баар жаз эле, досум
Кокту бир ылдый коюп кел, досум
Коюңдан шырбас* союп кел досум
Жылга бир ылдый жылып кел, досум
Жылкыңдан шырбас союп кел, досум
Кокту бир ылдый койгудай, досум
Коюңдан шырбас сойгудай, досум
Койчуман кулдар мен эмес, досум
Жылга бир ылдый жылгыдай, досум
Жылкыңдан шырбас сойгудай, досум
Жылкычы кулдар мен эмес, досум
Коктуңдун башы ээнби, досум
Койнуңда бозой менби, досум
Айтайын жигит Мырзагул, досум
Мырзагул эмес, Муңдугул, досум
Булгаары токум буурул ат, досум
Бултара** чапсаң тер болот, досум
Бурулуш жайда биздин үй, досум
Бурулуп өтсөң не болот, досум
Кашкары токум, карала ат, досум

* алты айлык козу
** бурулуп келип

Кайтара чапсаң тер болот,досум
Кайрылыш жайда биздин үй, досум
Кайрылбай өтсөң кээ* болот, досум
Безбелдек байлап сухсурат, досум
Беш көкүл чачтан сылап өт, досум
Беркелип алым сурап өт, досум
Казгалдак байлап суксурап, досум
Карай бир чачым кулпурат, досум
Кайрылып алым сурап өт, досум
Канжыгаң кайыш, ак тасма, досум
Миңгениң буудан көк кашка, досум
Миңгениң буудан ак сары ат, досум
Токуганың ак манат, досум
Жолдо бир жүрсөң салтанат, досум
Жол болор күндө тамшанат, досум
Атамын кутуруп өлгөн куу дөбөт, досум
Мунан бир кантип киресиң, досум
Атамын оң капшытта шумкары, досум
Сол капшытта тайганы, досум
Мунан бир кантип киресиң, досум
– Атаңын кутуруп өлгөн куу дөбөт, досум
Арыктаган тайым бар, досум
Муну бир союп салармын, досум
Анан бир кирип алармын, досум
Атаңдын оң капшытта шумкары, досум
Сол капшытта тайганы, досум
Этегим кымчып өтөрмүн, досум
Одон бир өтүп алармын, досум.

Кирип алып, Ак Саткын менен Кулмурза кучакташып жатып алды.

– Кулак салчы Мырзагул, досум,
Кара Каш торгой чулдурайт, досум.
Таң атканга окшойду, досум
Айтайын жигит Мырзугул, досум
Сопу акем азан айткансыйт, досум
Таң атканга окшойду, досум

* таарынып калбайбы

– Таң атмактан күн чыксын, досум
Сопу акең айтса ыя, досум
Тамагына жүн чыксын, досум
Копмоймун сенин койнуңан, досум
Өлүгүм чыксын койнуңан, досум
– Копсоңчу менин койнуман, досум
Короодо койлор бышкырат, досум
Таң атканга окшойду, досум
Копсоңчу менин койнумдан, досум
Ач билек тартчы мойнумдан, досум
– Короодо койлор бышкырса, досум
Койчуман кулдар ышкырса, досум
Ач бөрүгө жолуксун, досум
Таң атмактан күн чыксын, досум
Тар төшөктө талашып жатып,
Жан чыксын досум.
– Копсоңчу менин койнуман, досум
Энекем түндүк тарткансыйт, досум
Атакем даарат алгансыйт, досум
Таң атканга окшойду, досум
Эшикте кулдар кеңешет, досум
Эки бир бычак теңешет, досум
Копсоңчу менин койнуман, досум
Ач билек тартчы мойнуман, досум
– Күйлүктөй сенин мойнуңан, досум
Сүйегим чыксын койнуңан, досум
– Эшикте кулдар кеңешсе, досум
Эки бир бычак теңешсе, досум
Сары оору дартка жолуксун, досум
Өрдөктөй сенин мойнуңан, досум
Өлүгүм чыксын койнуңан досум.

Ошентип жатып калды. Бычак теңешип жаткан эки кулуна буюрду, союп салды.

– Айтайын жигит Мырзугул, досум
Мырзугул эмес Муңдугул, досум
Тур-тур бир десем турбадың, досум
Тушуңан бычак салдырдың, досум

Коп-коп бир десең копбодуң, досум
Колтукка бычак сайдырдың, досум
Керегемди жандадың, досум
Кең үйүмдү кандадың, досум
Улагамды жандадың, досум
Уугумду кандың, досум.

Алып чыгып Күл-Дөбөгө көөмп коёт. Эртеси саар менен ата-энеси эшигинин алдына жоктоп келет.

Анан Саткын:

– Күлүгүңдү чаап ал ата ой
– Кулмурзаңдын өлүгүн ата ой
– Күл-дөбөдөн таап ал, ата ой.
Аргымагың чаап ал ата ой
Ак мырзанын өлүгүн ата ой
Астыңкы дөңдөн таап ал, ата ой.

Ошентип олтуруп Кулмурзанын өлүгүн таап, дат деп олтуруп калат. Баягыга кун бычабыз деп эл чогулуп чуркурайт. Ак Саткын бычакты алып:

– Мен ыям өлөйүн – деп ымтылат.

Өзүнүн атасы айтат:

– Карагай калтак кыяйын балам
Калкымдан улан жыяйын, балам
Атын Кулмурза коюп берейин, балам
Каалаганыңа тийип ал, балам.

– Карагай калтак кыйгыдай, ата эй
Калкымдан улан жыйгандай, ата эй
Кайыбас кара каймал* мен белем, ата эй
Кайытып койгудай кара бир буура
сен белең, ата эй.
– Долоно келтек кыяйын, балам
Тобуман улан жыйайын, балам
Атын Кулмурза коюп берейин, балам
Каалаганыңа тийип ал, балам.

---

* жаш ургаачы төө

– Долоно калтак кыйгыдай, ата эй
Тобумдан улан жыйгыдай, ата эй
Сен атын Кулмурза коюп бергидей, ата эй
Токтобос тору бир бийем мен белем,
ата эй
Токтотуп койчу тору айгыр сен белең,
ата эй.
Кулмурза өлсө куп болот,
Ак Саткын өлсө жуп болот – деп өзү өлүп туруп калган экен.

Кун быча албай бирөөн дөбөнүн ары жагына, бирин бери жагына коёт. Бирөө чынар терек, бирөө мунар терек болуп, дөбөдөн баштары кошулушат. Ашыгылык ошондон калат.

## САРИЕВ ТӨЛӨГӨН[1]

Биз Турдубек экөөбүз анча-мынча тамашалашып калабыз. Ал экөөбүз кээде ырдашып калабыз, бир, эки куплеттен көп деле эмес.

Бир жолу экөөбүз карагайга барып калдык. Он күндүк мөөнөт менен бардык эле. Биргат ордубузга киши жибербейт, он бир, он эки күн болуп баратат. Ал кагаз жазып ийиптир биргатка:

Ээй, (...) төр деген
Сары баргы элди жердеген
Салбырап калдым алыста
Сарынын уулу көр менен

(менин көзүм начар көрөт) Карап көрсө ошондой жазылыптыр. Ошо бойдон берип ийдим. Эртеси менен жазып ийдим:

Асманда булут ай менен
Ак зоодо болот кайберен
Алыста калдым журтумдан
Акылсыз айбан мал менен

[1] КР УИА КЖБ. – Инв. №733.

(аны мен «Төө» деп койчу элем)
Көктө болот ай деген
Көк зоодо болот кайберен
Көп алыс калдым журтумдан
Көөдөнсүз ойрон мал менен
Алыста калган элиме
Айланып бир күн кетем го
Алты ата уруу элиме
Мен ак төөнү минсем жетем го
Кабарсыз калган жериме
Кайрылып бир күн жетем го
Кара жылкы элиме
Мен кара төө минсем жетем го.
Дагы бир жолу ал айтат:

(ал менин мындай жоон-жолпу кебетеми көрүп «өгүз» деп ат коюп алды да):

Өгүзүм өх деп барып жатасың
Жумшак болсо жамбашың
Таттуу уйкуга батасың – дейт.

Анда мен:

Ээй бугу тери буттанган
Буруксуп заары жыттанган
Кадимки буура сен болсоң
Калыңын токуп олпоктун
Ком жыгач коюп комдосом
Аргамжы жибин байланып
Балтасын алып шайланып
Отунга барган мен болсом
Ошондо оор дөңгөчтү
Көтөрө албай боздосоң
Союл тийсе сооруңа
Камчы тийсе мойнуңа
Кан куюлса комуңа
Көк темирдей көгөрүп
Кайра сени чөгөрүп
Чечип туруп белиңди
Азайтып артып теңиңди

Жеңилдетип жүгүң артканда
Анан буйладан булка тартканда
Ыргып турсаң артылып
«Баа!» дегенде оозуңдан
Жин аралаш ак көбүк
Туш тарапка чачылып
Ыргып турду төөм деп
Кападар жүрөк басылып
Бүркөлгөн кабак ачылып
Ичке жолду төтөлөп
Анан чатка чыксам жетелеп
Маңкайа басып маң басып
Чууданды буурул чаң басып
«Төө келетат, төө» деп
Жаш балдарды шан басып.

Экөөбүз коңшубуз. Бир күнү отунга келдик, күн аябай ысык. Көгөн, чымын талап отун арттырбай атып кечигип калдым. Ал мени издеп келиптир, эмне болду сага кечиктиң деп. Анда мен:

Берди бүгүн сазайды
Күн салкындап жел жүрүп
Бешимден кийин азайды
Беш миң көгөн бир чымын
Аябай берип сазайды
Көлөкө түшүп калаган соң
Айласы жок азайды – дедим.

Бир жолу дагы Казыктан көчүп келатсам, Кубалдаң аке алдымдан чыгып айтып турат:

Кара ат минип желдиңби
Казыктан көчүп келдиңби
Көк ат минип желдиңби
Сен Көчкүнчүдөн келдиңби
Жаныңда жакын коңшу эле
Турдубекти көрдүңбү – деди.

Күздүн күнү эле. Күн жаап калды эле. Турдубек жалгыз бой болгондуктан анын бир кичинекей ба-

ласын өңөрүп келе аттым эле. Анда мен Кубалдаң акеге айтып турган жерим.

Ала-Тоо башы кар болуп
Агала баш чоң буурам
Бир базууга зар болуп
Тайгаланар жолу болгур
Тамашасы мол болуп
Тайтаңдаган чоң буурам
Туруп калды кор болуп
Көк темирдей көгөрүп
Тиздеп келдим бууранды
Түзөң жерге чөгөрүп
Алып келдим төөмдүн
Бир тайлагын өңөрүп – дедим.

Курулуш оңдогону барып калдык. Бир кой союлуп, шорпо-шилең болду. Эт жеп отуруп башка аксакалдар мүчө-сүчөсүн берди бизге. Анда биз онду жаңы бүткөн жаш балдар элек. Кубалдаң аке мүчөсүн бербей ороп алды. Анда тим турбай:

Карматып Капар чүчөсүн
Катып алды мүчөсүн
Жок дегенде бербейби
Тагайбекке чүкөсүн –

деп койсом, ал айтат:

Эй, балам, мен да жедим кабырга
Сен да жедиң кабырга
Тойбой калган окшойсуң
Төкөм төрт күрүшкө чагырга –

деп жеңип кетти.

## АКИМБАЙ ЫРЫ[1]

Токтогон жерде түнөдүм,
Аскер болуп жүдөдүм,
Кара булут асманда,
Мен кайрылып кат жазам
Жал-жал карайт алганым
Жаш эле сүйгөн балдарым.
Курбумдун аты Күлайым
Кубаттуу болсун ар дайым.
Балдарымды жакшы бак
Душманга тишим кычырайт
Жеңип барсам душманды
Таалайыбыз ачылат.
Он төгөр, төлөс элибиз,
Чаңырташ, Маркай жерибиз
Саламат эсен бир бекен
Күлайым курбу теңибиз.
Жеңишти көрүп кардым ток
Жерибизди ойлосок
Барып калам жакында
Кимдер калды. Кимдер жок
Желбирейт жеңиш желеги
Орундайт аскер тилеги
Аман-эсен жүрөбү
Тызылдайт эрдин жүрөгү
Кызылды кийсе жарашкан
Кымбаттуу жарым Күлайым
Кыр-кырга чыккан гүлгө окшоп
Кылыгың жакшы муңайым
Өзүңдү көрбөй мен калдым
Өмүрүң кыска үзүлгөн,
Келгиче болбойт саламат
Кеткендер кайдан табылат
Бул бир жарык дүйнөдө
Жакының экен аманат

[1] КР УИА КЖБ. – Инв. № 630.

Уулумду сыйлап бакканым
Урматың артык жакканым
Кызымды сыйлап бакканым
Кызматың артык жакканым
Оросқердин оокатын
Ойлоп жүрүп тапканым
Кестени тиккен чеберим
Кең бейилдүү билерим
Машине тиккен чеберим
Машыккан менин медерим
Колумда болгон куралым
Кашкайып күлүп турарым
Капалык түшсө башыма
Көбөйтпөй көңүл улаарым
Кадырымды сураарым
Кайдасың эми турагым
Бурулуп атым байларым
Үй кызматын шайларым
Теңтуштарым келгенде
Кубанып турчу жайдарым
Бээри жокту билгизбей
Жамандын сөзүн тийгизбей
Жаңырган айдай күлөрүм
Жаркырап айдай тиерим
Эсимден кетпейт Күлайым
Мүнөзүң артык муңайым.
Мурунтан келип мен көрбөй
Муңданып ырдап турамын
Өмүрүмдүн жарыгы
Башыма түйшүк салынды
Ар качан артык көрөмүн
Ак үйүмдүн сандыгы
Үй ичимдин бардыгы
Өзүң менен гүл эле
Эл ичинде ырдасам
Өзүң менен үн эле.
Гүлүмдүн көзү жумулган.

Күйүтүң мага угулган
Аскерден кайтып мен келсем
Өлүмүң мага угулган.
Жакшы койдун жүнүнөн
Килем кылган Күлжарым
Аскер жоокер киет деп
Шилем кылган Күлжарым
Жайы-кышы үйүмдү
Гүлдөткөнсүң Күлжарым
Балдарымды тартипке
Үйрөткөнсүң Күлжарым.
Эми болсо өзүмдү
Таштадыңбы Күлжарым
Кара ташты башыңа
Жаздадыңбы Күлжарым
Кокустан шамал урбайбы
Дарактын шагы сынбайбы
Мен кайрылып келгенче
Күлжарым өткөн турбайбы
Жетим тонун кийгизбей
Этине кир тийгизбей
Багып алган партия
Жетимдигин билгизбей
Балдарымдын көөнү шат
Мектепке барып окушат
Учурашып отурам
Мен көрсөтүп жүзүмдү
Чечилип айтып алайын
Жүрөктөгү сөзүмдү
Кадырлуу Кеңкол аймагы
Ыраазы кылды өзүмдү
Чечилип айтып алайын
Жүрөктөгү сөзүмдү
Элимде турам аралап
Күркүрөп өсүп гүлдөгөн
Калкыбыз болсо саламат.

## ЫШКЫ[1]

Ышкы деп ырдап жүрөмүн
Ышкыны артык билемин
Ышкыны артык баалаган
Ыргалжан болсоң сүйгөнүм
Ылайыктуу чыкпаса
Ызалуу кыйын күндөмүн
Токсон күн токсон жатса да
Кары калбайт ышкыда
Токсонго чейин бир болсо
Бааридамкалбайт ышкыда
Атадан алты болсоң да
Жардам бербейт ышкыга
Бир жалгыздык башында
Алышып өткүн ышкыга
Мейли асыл эгиз мунарга
Жарышып өткүн ышкыга
Кыдырып келип кыйланы
Кырчын жаш жан тынбады
Казак, Кыргыз, Өзүбек
Кыздарын далай сындадым.
Кырчындай жаш кезимден
Кызыгып ышкы ырдадым
Кыз келин асыл геп айтат
Кылчайып көңүл бурбадым.
Суксурдай болгон кыз келин
Калынан ышкы көрүнөт
Сүйүшүп алган бирөөнүн
Жарынан ышкы көрүнөт
Мейли кары, мейли жаш
Баарынан ышкы көрүнөт
Канчалык сактык кылсаң да
Ышкыга көңүл бөлүнөт.
Караң калган бул ышкы
Караңгыда бастырган

[1] КР УИА КЖБ. – Инв. № 630.

Качып кетчү немедей
Каттуу бас деп шаштырган.
Карып калган чалды да
Каалагандай жаш кылган.
Жете түшсөң кокустан
Арак ичпей мас кылган.
Келин, кыз бол, жигит бол
Ышкы кимде билип кой
Өлгүчөң эстен кетеби
Жүрөгүңө түйүп кой.

## АЛАГДЫ КЫЛБА ЖЕТИМДИ[1]

Сүйгөнгө калсын эстелик
Сунсам алыс кол жетпей
Сагынгандыр жигит деп
Санаалаш келчи дегдетпей.
Үнүң коңур угулат
Бадалдагы маралдай
Үшкүрүгүм таш жарат
Жакындап өңуп бара албай
Арчалуу бакты аралап
Жалгыз марал жүрөсүң
Алдыңдан өңүп мен чыксам
Ал жагын өзүң билерсиң
Айкалышып бир жатсам
Эзилет жүрөк айла жок
Астыртан душман пайласа
Сөз алдырсак пайда жок
Түйшүктүү ишти ойлоном
Түнү уктабай толгоном
Түбөлүк кылып алмака
Түзүп план колдоном
Колдонгонум терең иш
Таң атпайт да кеч кирбейт

[1] КР УИА КЖБ. – Инв. № 630.

Марал сыпат ак келин
Бозойуң эч бир шек билбейт
Чындап сүйгөн сен болсоң
Өлүмдөн баш тартпаган
Өз элимде бар чыгар
Өнөрүн бүтүн мактаган
Мен дагы кыргыз баласы
Эненин сүтүн актаган
Ак тамагың эң сонун
Ачылган аппак пактадан
Кыскача кылам сөзүмдү
Кыйышпас деймин өзүңдү
Чындап көңүл бербесең
Жалган сүйүү сезилди
Ачылган гүлдөй жаркылдап
Агарган нурдуу бетиңди
Аныктап көңүл бербесең
Алагды кылба жетимди.

## КИМГЕ АЙТАМ[1]

Туталанган жүрөктүн
Ички сырын кимге айтам
Нуру тийсе жүзүмө
Таң менен тийген күнгө айтам.
Таасидеп кийип буралган
Таза жибек шайга айтам
Таалайдын көркү турбайбы
Таза авалдуу айга айтам
Таңшытып кызыл тилимди
Таалайлуу сиздей жарга айтам.
Эне-ата насаат үйрөткөн
Эс-акылы барга айтам
Өмүрлүк сүйсөң жаңылбай
Өзүңдөн башка кимге айтам.

[1] КР УИА КЖБ. – Инв. № 630.

Айта турган баяным
Байкарсың сөздүн аягын
Балбылдаган кара көз
Кандай жан сенин талабың
Бир өзүмө өттү го
Артыкча сенин аламиң
Түбөлүк болсоң өзүң деп
Арманда өтүп барамын.
Адамдыктан чыккансып
Айтканым жакпайт ар кимге
Акыреткече айныбас
Табылар болсо жан бирге
Адамдын багы болбосо
Чарпылат экен ар кимге
Оозумда шекер сөз менен
Арнадым жанды мен сизге.
Колунда дөвлат болгондо
Кор болбос адам зар какшап
Колуңдан дөвлат адашса
Кошумча кылат жар таштап
Кошулсам сиздей селкиге
Кош чынардай бой таштап
Кол кармашып басалы
Кайран жаш өтөт кыйгачтап
Көйкөлуп эрип балкысам
Коргошун сыпат сыр баштап
Күн батып таң атканда
Койнуңда болсом жамбаштап
Ичимден жалын отумду
Илаажин таап ким басат
Ийменбе селки бирөөдөн
Жүрүүчү белең миң жашап.
Күндүзү жанга тыным жок
Көп ойлоном ал жетпейт
Кааласа жүрөк бирөөнү
Как жүрөктөн эч кетпейт.

## РАКМАТ АЙТАМ[1]

Ар иштин жолбашчысы болот экен
Окусаң кемтик миң толот экен
Эмгектен бакыт таап жыргаш үчүн
Ар адам милдет кылып коёт экен.
Кем элем акындарча жаза билбейм
Өзүмчө кадамымды алга шилтейм
Ар иштин эмгек баркын сыйлабаса
Мен өзүм дал ошону эч бир сүйбөйм.
Акындар жазат экен ар кыялда
Ар ишти мыкты иштеш бир кынамда
Жумушчу, же мугалим, же инжинер
Ракмат чын жүрөк эр партияга
Алкышым бардык элге, ар улутка
Элди, жерди коргоп турган армияга
Алкышым кары, жашка, эр-аялга
Ракмат чын жүрөк эр партияга.

---

[1] КР УИА КЖБ. – Инв. № 630.

# СҮЙҮҮ ЫРЛАРЫ

## СҮЙҮҮ ЫРЛАРЫ[1]

Ош област жерибиз,
Карасуу биздин элибиз.
Көп зарлантып какшатбай,
Кадырдуу курбу келиңиз.
Акылдуу киши сүйлөсө
Ар сөздө болот белгиси
Сүйгөнү турса өзгөрүп
Адамдын келет өлгүсү.
Айдыңда өрдөк бекинип,
Ак шумкар келип чалбайбы.
Ажырап кетсе сүйгөнү
Армандуу болуп калбайбы.
Олтурсак оюн кана да
Электор күйүп жанат да
Өчкөндө, күйгөндө электор
Өбүшүп койсок арада.
Талчыбыктай боюң бар
Так айтчы кимде оюң бар
Такыр эстен кетбейсиң
Түбөлүккө болсок жар.
Сан көпүрө Санташтын,
Арасында мен бастым
Саналаш сизди деп жүрүп

[1] КР УИА КЖБ. – Инв № 236 №1 дептер.

Саргарып өңдөн адаштым.
Ашык болдум өзүңө,
Сүйлөгөн ширин сөзүңө.
Көп күйдүрбөй жат курбу
Көрүнчү менин көзүмө.
Таңда булбул сайраса,
Үнү сенсиң жигит ай.
Сүйгөнүң турса жаркылдап
Өңү сенсиң жигит ай.
Жаналгыч мени алса да
Жашыма бычак батса да
Жолдошум сен деп кетерим
Жан алгыч мени алса да.
Кызыл коргон бүлөлү
Кылыгыңды мен самап
Кыжалат болуп кеткенде
Кыйгым келет дүйнөнү.
СССРде мектепти
Сырдай турган кез келди.
Кыз-жигиттер бирдикте
Жыргай турган кез келди.
Эркин эркин Эркин Тоо
Эркин тоонун улары
Эстегенде бир тутат
Эрмегимдин кумары.
Тоодон шамал сокcондо
Тал терек башы ыргалат.
Сүйгөнүм өзүң кол берсең
Көңүлдө кайдан муң калат.
Кат жазамын эрмекке
Көңүл ачып жүрмөккө
Кайгыда болуп зар болдум
Сиз менен кошо жүрмөккө
Ашык болуп сүйбөсө,
Адамды адам сагынбайт
Ажырап калсам кокустан

Дүйнөдө сендей табылбайт.
Арманым турат ичимде
Айталбаймын эч кимге
Алыска кеткен сүйгөнүм
Кирип го келсең пешимде.
Кат жазамын ыр менен
Ичтеги терең сыр менен.

### ЭСЕН БОЛ[1]

Жашымдан сүйүп жүргөнүм
Жалындуу отко күйгөнүм.
Жаш кезектен айрылдык
Эсен бол эми сүйгөнүм.
Элимден сүйүп жактырган,
Эстирген күйүп бастырган.
Эч ай өтүп айрылдык
Көрөмүн муну бактымдан.
Кат жазышып бир жүргөн,
Каткырышып бир күлгөн.
Кадырлуу жарым эсен бол,
Каалаган жүрөк сыр түгөй.
Окудум оштун шаарында,
Айтамын салам баарыңа.
Ашык болуп жетишкен,
Айрыкча сүйгөн жарыма.
Окуган жерим институт
Сүйүүнү дайым эске тут.
Эрте менен кечинде
Сүйгөнүңдү өзүң күт.
Окудум оштун шаарында
Айтамын салам барыңа
Ашык болуп сүйүшкөн
Айрыкча .......... жарыма.

[1] КР УИА КЖБ. – Инв № 236 №1 дептер.

Бетиңдин нуру айнектей
Оюм бир жетип мен жетпей
Арманым ичте кетти го
Жаныңа алып бир кетбей.
Унутбаймын боюңду
Унутуп мени койдуңбу?
Эч эсимден чыгарбайм
Эстегенде ойнуңду.

## ДААНЫШМАН[1]

Кабарың угуп алыстан
Кат жазам сага даанышман.
Катымдын жообун бербейсиң
Кай жерде көңүл калышкан.
Агарып аткан таңга окшоп
Асманда жылдыз чолпонсуң
Белгилүү бозой келет деп
Бир кезде жолум тозгонсуң
Ардактап сүйгөн мен элем
Ашыгым селки сен элең
Адамга атыр жел берип
Ал кезде жыпар гүл элем.
Жаздын көркүн чыгарып
Жайкалып өсөт көк шибер
Ден соолугуң билгизип
Жаракөр болсоң кат жибер
Жалындай көрүп сиздейди
Жүрөгүм менен сүйөмүн
Жаркыным сени эстесем
Жалындай чокко күйөмүн.

[1] КР УИА КЖБ. – Инв № 236 №2 дептер.

## АК БИЛЕК[1]

Арнап сизге кат жаздым
Ашык жарым ак билек
Аялдыкка алсам дейм
Аткарылса жаш тилек
Суксурдай боюң суусалып
Суу аласың булактан
Балбылдап көзүң артыкча
Онунчу фонар чырактай
Айдай бетиң тастайып
Күлсөң тишиң кашкайып
Ашыгым түшөр бекен деп
Жолуңду тостум тор жайып
Карагаттай көзүңүз
Канттан ширин сөзүңүз
Жакшылап ырдап мен жүрөм
Ак билек укчу өзүңүз
Чачың кара кундуздай
Көркөмүң чолпон жылдыздай
Жарашыктуу форумуң
Жанаттагы үр кыздай
Порумуң сонун пендеден
Кыйгач мурун олоң чач
Болжошкон күнү менен барсам
Боздотпой билек койнуңду ач.
Арадан айлар өткөндө
Ак билек сизден адаштым
Адашкан жарды мен издеп
Ашуусу катык жол бастым
Кош булакка мен бардым
Коктулуу жолун аралап
Кабарың такыр чыкбады
Кеткенсиңби талаалап
Кош этер менен ак терек

[1] КР УИА КЖБ. – Инв № 236 №2 дептер.

Жоготтум сени ак билек
Сүйүнчү берем айткыла
Ак билек дайнын ким билет.
Мырзакеге мен келип
Издегеним чыгар деп
Көз чаптырдым оң солго
Адамдардан сурагам
Кетти дешти обкомго
Бардым пешин кечирээк
Пайизабад Өзгөнгө
Атымды берем сүйүнчү
Ак билекти көргөнгө
Алты жолу айландым
Азирет Юнус кабарын
Алла эгем өзүң сүйүнтчү
Тилегин берип сагырдын
Өтүп бардым суу кечип
Кызыл кырман кеңешке
Териштирдим мен сурап
Ак билек дайнын билмеке
Андан келдим кайрылып
Жаңы кыймыл арага
Жүрөсүң кайда Ак билек
Көрүнбөстөн адамга
НКВД жыланды
Кыдырдым кыйла буларды
Кабарың угуп азыраак
Кан алуу жүрөк кубанды
Ошондогу айлуу түн
Ойлонуп балдар тапкыла
Ак билек атка ким конду?

## ОШТОН[1]

Жазганым жаштык арманым
Карындаш колго кармадым
Кадырлаш болсом сизге деп
Кат жазуудан талбадым.
Ак буурадан аккан суу
Ар адам ичсе жагыштуу
Алыстан жүргөн курбуңдун
Арнап жазган каты ушул
Көк буурадан аккан суу
Көп адам ичсе жагыштуу
Көрүнбөй жүргөн курбуңдун
Арнап жазган каты ушул
Сарсанаага мен батам
Сагынсам салам кат жазам
Салам кат жазып турарсың
Санаңдан чыгып калбасам
Сары-Булак менин турагым
Сагындым келин ынагым
Сагынган менен айлам жок
Сабака көңүл бурамын.
Кеңири совет жол берген
Окуп билим алсын деп
Оюмда менин жок болчу
Ойношум анда калсын деп
Фурнзе Пишпек ичинде
Бир жүрдүм түндө түшүмдө
Алыс жерден көрө албай
Сүйлөшөм кагаз жүзүндө
Арылбайт менин арманым
Ар дайым мени алдадың
Турмуштун күйүп отуна
Түбөлүк болуп калбадым
Кыялай басып келесиң

[1] КР УИА КЖБ. – Инв № 236 №2 дептер.

Кызыл гүл колго бересиң
Унутбай мени жүргүн деп
Уктасам түшкө киресиң.

## БИРӨӨГӨ КАТ[1]

Ачылган кызыл гүл болсоң
Колума алып жыттасам
Ойнош болуп сиз менен
Айлуу түндө уктасам
Чыбыктай белиң буралып
Чын сүйөм сени кубанып
Түбөлүк жолдош болсом дейм
Кат жаздым сизден суранып
Сүйүнөмүн кубанып
Мен бирөөнү көргөндө
Ажырасам билбеймин
Ажалым жетип өлгөндө
Керилип кетмен чаптырган
Балтыркандай билегиң
Кошулуп ойноп бир жүрсөм
Ошон до менин тилегим.
Жаш жүрөгүм кубанат
Ай бирөө сени эстесем
Оозумдан кара кан келсин
Кадырыңа жетбесем
Ашыгым сулуу ай бирөө
Ак бетиңден жыттасам
Чиркин ай жыргал эмеспи
Айкалышып уктасам
Ай бирөө сизге кат жаздым
Колума алып каламды
Катымдын жообун кайтаргын
Кайгыга салбай адамды.

[1] КР УИА КЖБ. – Инв № 236 №2 дептер.

## КҮКҮК[1]

Мүлүшкер куш күйсөң күтүп
Мен элем келген куш күкүк
Мезгилдеп учуруң келип
Илиндим торуңа түшүп
Жибектен торуңду түйүп
Илгеси окелгеси күйүп
Мына мен алдыңда турам
Жазыктуу башыңды ийип
Даба тап жүрөкө күкүк
Далайга сени мен күтүп
Акыйры куш болуп жеттим
Күкүктүн үлгүсүн кийип.

## СҮЙҮҮ[2]

Алмадай бетиң кызарган
Аялым болсоң кывз алган
Айкалышып бир жатсак,
Ансайын көнүм узарган.
Ак кагаз колго кармадым
Ак келин сага арнадым
Арнап жазган ырымды
Айрыбай жакшы кармагын.
Ак билегим артайын
Алдыма карай тартайын
Таң аткандай окшоду
Арз айтышып кайтайын.
Салындың кызыл жоолукту
Санасам жүрөк колукту
Санасам жүрөк конукпай
Сабырым таштай болуппу?

---

[1] КР УИА КЖБ. – Инв № 236 №2 дептер.
[2] КР УИА КЖБ. – Инв № 236 №3 дептер.

## СҮЙҮҮ ЫРЫ[1]

Кат жазамын ыр башы,
Кадырлашым тыңдачы.
Жарыкчылык дүйнөдө,
Жаштардын болот курдашы.

Мен келдим Өзгөн шаарына,
Окуучу болуп атагым.
Түбөлүк сизге кошбогон,
Табиятка капамын.

Ар күнү эсеп чыгарам,
Алгебрдын часынан.
Саган ашык боломун,
Мурунку жылдын башынан.

Ашуу менен оюңа,
Ашыкмын алтын боюңа.
Алсаңчы мени боздотбой
Алтыным бир күн койнуңа.

Жаш кайың өсөт бүр байлап,
Жашыл, кызыл гүл жайнап.
Жаркылдап жүрсөң мектепте,
Жактырдым сизди мен тандап.

Асманда булут бөлүнөт,
Агарып мектеп көрүнөт.
Ашыгым сизди эстесем,
Көңүлүм жаман бөлүнөт.

Кармадым кара карындаш,
Кара көңүл боору таш.

[1] КР УИА КЖБ. – Инв № 236 №4 дептер.

Кат жаздым сизге тийсин деп.
Максатты тезден орундаш.

Он сегиз жашта курагым,
Жалынсыз күйүп турамын.
Канчалык шаттык жүрсөм да.
Ачылбайт менин кабагым.

Ак шумкардай айланып,
Окууда жүрөм шаттанып.
Эсен болсом барармын,
Окууну бүтүп аттанып.

Он сегиз жашта курагым
Эсендигиң сурадым.
Жаш көчөттөй буралып,
Жаркылдап ойнор убагың.

Күкүктөр таңшып сайрашат,
Гүл ачылган сай менен
Быйыл күлкү баштабай,
Сизге окшогон жар менен.

Булбулдар таңшып сайрашат,
Буралган сонун тал менен.
Бирлешип ойноп жүрбөдүм,
Сизге окшогон жар менен.

Жолдош деп жаздым атыңды,
Окуп жүр берген катымды.
Дептериңе жазып ал,
<..........> – деген менин атымды.

Ойлосом ойдо турасың,
Оюмду жолдош бурасың.

Оюма жолдош түшкөндө,
Окууга тоскол кыласың.

Эстесем эсте турасың,
Эсимди жолдош бурасың.
Эсиме жолдош түшкөндө,
Эсепке тоскол кыласың.

Атилес менен шайынын,
Ар кылынан кийинген.
Тал чыбыктай буралып,
Басканда белиң ийилген.

Толкутбайт кимди жашчылык,
Жароокер кетбейт жазгырып.
Ал жагын өзүң ойлорсуң,
Алдыртан жүрөм жактырып.

Саамайларың жалтылдап,
Кундуздун сыркы жүнүндөй.
Ай тамагың жаркылдап,
Күлгөнүң куштун үнүндөй.

Кыры кыя кең колот,
Кыялай көчүп эл конот.
Ашык бир сизди эстесем,
Туйлап бир жүрөк козголот.

Окуганым алты саат.
Окусам көңүл ачылат.
Ашыгым сизден кат келсе,
Оолуккан жүрөк басылат.

Карайган тоонун этеги,
Кайгырсам доошум жетеби.
Капалуу кылбай туш келсин,
Кадырлаш жаштын тилеги.

Кат жаздым кагаз бетине,
Атымды жаздым четине.
Амандык үчүн кат жаздым,
Ала жүр алтын эсиңе.

Эскерме жаздым мен сага,
Башка адамга карматба.
Өзүң окуп билерсиң,
Эскерме жазган жаш бала.

Өзгөндө болду мектебим,
Көп зарлабайт бекемин.
Бир сапар жазган катың жок,
Билбеймин кандай экенин.

Коргошундай салмагың,
Козголтот сенин зардавың.
Көп зарлантпай бассаңчы,
Көкүрөктүн зардавын.

Сай боюнда сары гүл,
Сен терсең да, мен терсем.
Сагынганың чын болсо,
Зарыктырбай кат берсең.

Алтыным сизди эстесем,
Алып учат жүрөгүм.
Акыры сизге жетүүнүн,
Амалын таппай жүрөмүн.

Ак кагаз колго кармадым,
Жан жолдош сизге арнадым.
Арнап жазган ырларды,
Айырбай жакшы кармагын.

Алты эле ариф атыңдан,
Чийилген кара кашыңдан.

Сага ашык мен болдум,
Он сегиз толук жашымдан.

Алыс жерде мен жүрөм,
Окууда болуп талабым.
Эсимден такыр чыкпайсың,
Ойлонуп дайым санаймын.

Арманым көп ичимде.
Айталбаймын эч кимге.
Канчалык көңүл ачсам да,
Турасың менин эсимде.

Алтыным сиздей жолдошко,
Кайтадан айтам эскерме.
Сүйгөнүм, курбу алтыным,
Бул катым болсун эскерме.

Ой келсе капа боломун,
Көбөйтүп жаштын жомогун.
Катасы болсо сөзүмдүн,
Кадырлаш капа болбогун.

Кат жаздым кагаз бетине,
Колумду койдум четине.
Амандык үчүн кат жаздым,
Ала жүр алтын эсиңе.

Кагазды сизге жазууга,
Умтулуп калем кармадым.
Эстелик жазган катымды,
Жаш курбум сизге арнадым.

Алтыным угар бекен деп,
Алыстан туруп үн салам.
Ошентип жүргөн курбуңдун,
Кадырын билип сыйласаң.

Армансыз болбойт ойлогун,
Ар дайым жаштык өмүрдө.
Оюма келбейт башкалар,
Ар дайым сенсиң көңүлдө.

Күн чыгып кайра кечкирет,
Гүлдөгөн өмүр эскирет.
Көңүлдөшүм алтынга,
Табийкат качан жеткирет.

Ашык болуп сүйбөсө,
Айланып сизге ким барат.
Ай жолдош өзүң ойлочу,
Курдашсыз кай жан жашамак.

Күкүк менен Зейнептей,
Күйүттүү болуп кол жетбей.
Күйлөнүп сиз деп келгенде,
Алдымдан чыкчы дегдетбей.

Муңдуу болгон көңүлдүн,
Мудасы кайдан табылмак.
Алтын жаш өзүң ойлочу,
Жолдошсуз кай жан жашамак.

Будурма тоонун боорунан.
Бугулар оттоп жайылат.
Муңканып сизди көп санап.
Мунда бир курбуң сагынат.

Көлөкөң көлдө чынардай,
От боломун тура албай.
Көбүрөк арман мен кылам,
Көрүнө сөзүң уга албай.

Карайган тоонун этеги,
Кадырлаш сизге жетеби.

Кайгырып сизге жете албай,
Капа бир бойдон кетемби.

Жакшылык доорун сүрбөйсүң,
Жакшынакай сүйлөйсүң.
Жаш жүрөккө от салып,
Жалындатып үйлөйсүң.

Кийингениң көк манат,
Учайын десем жок канат.
Жан курбум сизге жете албай,
Курдашың мында муңканат.

Салындың сары жолукту,
Санасам жүрөк оолукту.
Санасам жүрөк оолукбас,
Сабырым таштан болупбу?

Эмки ачылган гүлдөйсүң,
Эритип мени үндөйсүң.
Көңүлдөш сизге жетсем деп,
Күйүп жүрөм билбейсиң.

Жаңы ачылган гүлдөйсүң,
Жашты эритип үндөйсүң.
Жаркыным сизге жетсем деп,
Жалынга түшсөм билбейсиң.

Точкелеймин атыңды,
Тозуп алгын катымды.
Ойлонуп сизге баруугa,
Оолуккан көңүл атылды.

Катарлап жаздым ыр башы,
Кадырлаш курбум тыңдачы.
Өзүңдөй болсо не арман,
Өлбөгөн жандын курдашы.

Балтыркандай билегиң,
Балдан ширин илебиң.
Кабыл кылсын табийкат,
Кадырлаш жаштар тилегин.

Поезд баскан темир жол,
Подпись жазып койдум кол.
Паркымды билген ай алтын,
Барганымча аман бол.

Автобус баскан жаңы жол,
Ак кагаз жазып койдум кол.
Акылдашым ак алтын
Алыста калсаң аман бол.

Кумсарып алтын жашыба,
Караңгы үйүп башыңа.
Саламдын жообун жаза жүр,
Сагынып жазган катыма.

Алтыным сизге жаздым кат,
Сизден келсин жооп бат.
Экөөбүз бирге кошулсак
Көңүлдө кандай муң калат.

Капалуу болгон жүрөгүм,
Капада болуп жүрөмүн.
Барары менен ушул кат,
Кайра бир жообун жибергин

Жаркыраган курдашым.
Азыраак жазам эскерме.
Сагынганда окуп жүр,
Санаңа түшкөң кездерде.

Эстегенде кат жазам.
Элестеп көзгө тамашаң.

Сен эсиме түшкөндө,
Жазган бир каттан адашам.

Сарала шайи көйнөгүң,
Санаамы сизге бөлөмүн.
Ар күнү көрсөм түшүмдө,
Алышып ойноп жүрөмүн.

Ойгонсом жоксуң койнум да,
Ошого жаман күйөмүн.
Алтыным сизди санасам,
Эзилип барат жүрөгүм.

Сиз үчүн мен миң убара,
Убарамды сураба.
Оорундалса болгону,
Өзүң бир айткан убада.

Кат жазамын почтодон,
Кантейин тагдыр кошпогон.
Эл ичинде бар бекен,
Экөөбүзгө окшогон.

Сүйүүнүн оту жалындап.
Эрип болом коргошун.
Жаштарга каршы кол сунган,
Жат душмандар оңбосун.

Булут басат асманды,
Бурулуп көккө басканды.
Табийкатка коёлу,
Убада сөздөн качканды.

Кашың кара кой көзүм,
Сизге айтар бир сөзүм.
Мен сизге ачык айталбайм,
Акылың болсо бил өзүң.

Эскеримге жазамын,
Алты тамга атыңды.
Эсиңе алып окучу,
Ушул жазган катымды.

Кат жазыш үчүн мен сизге,
Кармадым колго тетрадь.
Кадырлаш өскөн ой алтын,
Кат жообун жазгын батырак.

Алтындан кылган билерик,
Ак колго салсаң имерип,
Жообун күтүп мен калдым,
Кат жазып сизге жиберип.

Мен шарда турамын,
Аткаруу окуу планын.
Табийкаттан тилеймин,
Ак селки эсен турарын.

Жар көчкү менен кыя жол,
Жарамдуу менен тамыр бол.
Жароокер болсо тамырың,
Жанына барып айыл кон.

Ойлосом сенин баркыңды,
Алтын деп айтам атыңды.
Аларың менен кат жибер.
Басайын жүрөк дартымды.

Түңүлбөгүн сен менден
Кат жазып турам бул жерден
Ишенбесең катыма,
Сүрөтүмдү жиберем.

Ак шумкар куштун мээлейи,
Ак көгүчкөн далбасы.

Ак алтынды көрсөтбөйт
Анабы тоонун далдасы.

Көк шумкар куштун мээлейи,
Көк көгүчкөн далбасы.
Ак алтынды көргөзбөйт,
Көрүнгөн тоонун далдасы.

Күзүндө бышкан карагат,
Көрсөң бир жаним аманат.
Көп айдан бери көрбөдүм,
Ой алтын жүрөсүңбү саламат.

Кериле басып теңселип,
Эсимде жоктур сенчелик.
Аракет кылып жете албай,
Талпынган болбос менчелик.

Аткан огум коргошун,
Бир ишти, бир иш оңдосун.
Көңүлүң бурсаң башкага,
Тилегиң кабыл болбосун.

Кармадым темир ручке,
Капа эле болдум бир ишке.
Капа эле кылбай ынтылгын,
Максатка ылдам жетишке.

## ПАНАРЫМ[1]

### (Келиндин жигитке ырдаганы)

Кат жаздым дубай саламды
Кадырлуу сиздей адамды
Кадырлуу сиздей жан жолдош
Кара бир жаның аманбы?

[1] КР УИА КЖБ. – Инв № 236 №7 дептер.

Кармадым колду бекемдеп,
Кадырлаш сизге жетем деп.
Кадимтен ойлоп жүргөмүн,
Кадырга жетер бекен деп..

Байладым колду бекемдеп,
Панарым сизге жетем деп.
Башынан ашык болгомун,
Баркыма жетер бекен деп.

Көкөлөп учкан самолёт,
Канаты темир бурама.
Көрүшкөндө күлөсүң,
Ушундай беле убада.

Авалап учкан самолёт,
Канаты темир бурама.
Айылдаш туруп келбейсиз,
Ушундай беле убада.

Жигит мен деп жүрөсүң,
Жигитби сенин мүнөзүң.
Жигиттик шарттын бири жок,
Мактанып элге жүрөсүң.

Озудан чыккан шарбан сөз
Алматынын кантындай
Жигит бир болсоң жөн жүргүн
Ар кайсыга мактанбай.

Билеке соккон салкындай
Билгенге баркың алтындай
Билишимде сиздей жок
Кадырлуу жолдош калкымдай.

Ашыгым ашык бекенсиң
Айткан бир сөзгө бекемсиң.

Аял деп бизди ойлобой
Адашып кетер бекенсиң.

Кашың кара сүлөсүн
Калк ичинде жүрөсүң
Калк ичинде сүйгөнүм
Кадыр кеч өзүң бир өсүң.

Эшигиң алды тал бекен
Элимде сиздей бар бекен
Элимде сиздей бар болсо
Эзилип ойнор жар бекен.

Кайыңдын ичи тал бекен
Калкымда сиздей бар бекен
Калкымда сиздей бар болсо
Кадырлаш ойнор жар бекен.

Атыңдын башы «А» тамга
Азапка салдың бир жанды
Алтыным сенин айыңан
Айылыма болдум жарыя.

Жалындуу атың «А» тамга
Жабырга салдың бир жанды
Жароокер сизди деп жүрүп
Калкыма болдум жария.

## ЖАШ СУЛУУ[1]

### (Жигиттин кызга ырдаганы)

Окуу билим саясат
Ойлоном алтын акыйкат.

[1] КР УИА КЖБ. – Инв № 236 №7 дептер.

От болуп күйөт жүрөгү
Ал жагын ойлоп өзүң тап.

Катар катар тигилген
Карайган сенин дарагың
Карап койсом мас кылат
Кашыңда барбы арагың.

Уктасам кирдиң түшүмө
Убайым салдың ичиме
Ушун этип мен жүрөм
Ойлойсуңбу кичине.

Жоолугуң аппак шайыдан
Жоругуң эстеп сагынам.
Жок деп койсоң бул ишти,
«Т» тамга сизге таарынам.

Жадырайсың, айдайсың
Жалынсыңбы кандайсың?
Өмүрүнүң шерик болом деп,
Жаш сулуу мени алдайсың.

Күндө үч убак кайталап,
Сабагым түшпөйт колумдан.
Суурулуп чыксаң арман жок,
Суусар көз менин койнумдан.

Карарып турган кашыңдан,
Кайгы бир кетпейт башыман.
Тилекти мендей көп кылбас
Жаралган жигит жашынан.

Жаш сулуу сени көп эстеп,
Ичпегеним уу болду.
Аны-муну көп ойлоп,
Ыраңым азып ку болду.

Колхозум аты «Жаңы-Талап»,
Ойлонуп сизди көп санап.
Жаш сулуу өзүң колду бер
Түбөлүкө бек санап.

Кат жаздым ушул парана,
Катасы болсо жаратба.
Жаш сулуу сизди көп эстеп
Ар убак кетбей санамдан

Карарып көзүң коюлган,
Кадырың кетбейт оюмдан.
Катымдын жообун жазып тур,
Кат сабатың жоюлган.

Ат араба станса,
Ойлонуп көңүл сыздаса.
Аз экен деп таарынба,
Аягы ушул кыскача.

деп Ысаков.

## СҮЙҮҮ ЫРЫ[1]

Сүйүүнү эстеп аламын,
Кайгыга башым саламын.
Акылың болсо түшүнчү.
Келиндин жазган кабарын.

Ак жибек кийдим ичкисин,
Атилес кийдим тышкысын.
Ар пендеге салбасын,
Ашыктыктын ышпысын.

[1] КР УИА КЖБ. – Инв № 236 №8 дептер.

Гүлү болсом талаанын,
Ачкычы болсом сананын.
Колунда кошо жүрүгө,
Кол сааты болсом баланын.

Мен үкү көзүм жайнаган,
Сен булбул талда сайраган.
Кызыл гүл болуп калсамчы,
Жыттап бир колдо кармаган.

Эч ким билбейт эч качан,
Ким үчүн туйлайт жүрөгүм.
Эч качан айтбай эч кимге,
Кимге айтасың сүйгөнүм.

Боосуз барчын болобу.
Үндөөсүз колго конобу.
Сайрап турган барчынды,
Бошоткон колдон оңобу.

Жашчылык өзү чөп гүлү,
Жайдын жамгыр өткүнү.
Жаш чакта ойноп күлүп ал,
Жашабайт адам көп күнү.

Учуп жүргөн желекке,
Кайрылат бүркүт жемекке.
«А» тамга сизди сагынам,
Сүрөтүң берчи белекке.

## СҮЙГӨНҮМ[1]

Атайын барып мен көрдүм,
Адырдын кызыл гүлдөрүн.

[1] КР УИА КЖБ. – Инв № 236 №8 дептер.

Сайрандап ойноп жүрөлү,
Кайдасың келчи сүйгөнүм.

Карай берип көз талды,
Кайда экениң билбедим.
Капасын жазып курбуңдун,
Кайрылчы бери сүйгөнүм.

## ЭЛ ЫРЛАРЫ[1]

Үлбүрөп тынчсыз күнү-түн,
Үзүлбөйт сенден үмүтүм.
Анткени сиз бар ачылган,
Жигиттин жыттар гүлүсүң.

Гүлгөнүң тоонун гүлүндөй,
Гүлгүнүң өссүн гүбүлбөй.
Үзүлүп жаным чыкканча,
Үмүт да кылам түңүлбөй.

Өзгөнда биздин жерибиз,
Өзүбөк чалыш элибиз.
Өлгөнчө күтөм унутбай,
Алыста жүргөн теңиңиз.

Конгонуң гүлдүн арасы,
Сайрагы булбул баласы.
Айыкпай ырбап баратат,
Жаш жүрөгүм жарасы.

[1] КР УИА КЖБ. – Инв № 236 №8 дептер.

## АК ЖООЛУК[1]

Эрте баар болгондо
Малдар көккө тойгондо
Көпүрө басып көл кечип
Көпчүлүк тоого көчкөндө

Кырдын башы кызыл гүл
Чайкалып бүрүн ачканда
Ак жоолук деп ырдадым
Көңүлүмө жакканга.

Салынганың ак жоолук
Салтанатың бир жорук
Жайкалып үйдөн чыкканда
Сагынтасың ак жоолук.

Алманы жарып как кылдың
Адамды мынча дак кылдың
Жигдани жарып как кылдың
Жигитти мынча дак кылдың.

Эрте турам шамал жок
Олдо сулуу ак жоолук
Эстеймин сизди амал жок
Жете албаймын дарман жок.

Капталдан чыккан айга окшош
Катыма тиет жарыгың
Олдо бала ак жоолук
Какылдап ырдайт карыбың.

Белестен чыккан айга окшоп
Бетиме тиет жарыгың
Олдо бала ак жоолук
Безилдеп ырдайт карыбың.

[1] КР УИА КЖБ. – Инв № 236 №8 дептер.

Кундуздун изи белгилүү
Сайда болот ак жоолук
Буралып үйдөн сен чыксаң
Күчү кубат белиме,
пайда болот ак жоолук.

Кызылды кийген сизче жок
Кылымда күйгөн бизче жок
Акты кийген сизче жок
Адамда күйгөн бизче жок.

Иликтир күйөт кечинде
Бассам турсам ак жоолук
Жаңы ачылган пактадай
Сиз турасыз эсимде.

Маскөөдө буудай пышыптыр
Сиздей сулуу ак жоолук
Адашып басып жүргөндө
Менин күнүм түшүптүр.

Ак жоолукту дегенде
Адашып кетем жолумдан
Дарманым куруп шыркырап
Тура албаймын ордумдан.

Агар сулуу ак жоолук
Эсиң болсо ойлоп бак
Сени сүйүп бир жигит
Ырдап жатат какылдап.

Макул болсоң бул ырга
Мен сеники болоюн
Булбул менен гүлгө окшоп
Бир дарака коноюн.

Сен бүчүрү дарактын
Мен чырпыгы болоюн
Кадырлашып экөөбүз
Кайрылбас дос бололук.

Сен дебеймин сиз деймин
Сиздейди кайдан издеймин
Сиз болбосоң мен такыр
Бул жорука кирбеймин.

Калем кагаз ручке
Бул окуунун куралы
Макул болуп куп десең
Кат жазышып туралы.

## ДАЙЫНСЫЗ КЕТКЕН ЖАРЫМА[1]

Жүгүрөт санаа жойлонуп
Жүрөмүн сени ойлонуп
Жүрсөң болду саламат
Деп коём уктап ойгонуп

Жорто барса жетпеген
Жолуңдун болду ыраагы
Жалпы келин ичинде
Жароокер элем ынагы

Кайыңдан сенин дайинсиз
Калбады чырай бир агы
Кантеин өзүң билерсиң
Кайгыдан болду бу дагы

Түнкүсүн кирпик какпаган
Түйшөлбөй уктап жатпаган

[1] КР УИА КЖБ. – Инв № 236 №8 дептер.

Бүгүлүп тизе сунулбай
Бир төшөккө жатпаган

Узун түн менен алышып
Уйкунун даамын татпаган
Уксаңыз Куке ал мына
Ушинтип Салиш даттаган.

Алты жыл болот күтөмүн
Арман көп кантип бүтөмүн
Айланып келчи тезирээк
Сагындым араң түтөмүн.

Сүрөтүң турат өзүң жок
Сүйлөгөн үндүү сөзүң жок
Теңтуштарың көргөндө
Термелип кетет көңүл жок.

Теңирге кылам далаалат
Теңиң бир жүрсүн саламат
Теңтуштарың ичинде
Теңирге жаның аманат.

## КАТ ЖАЗАМЫН КҮНҮГӨ... [1]

Кат жазамын күнүгө,
Кабарыңды билүүгө.
Кадырлаш жолдош сиз менен,
Кол кармашып жүрүгө

Калем алаган оң колум
Кат жаздым жолдош ойлосун
Түбөлүк жарым сен болсоң
Катасы болсо оңдогун

[1] КР УИА КЖБ. – Инв № 236 №9 дептер.

Боруга жаным ойлосок
Кайгырган менен пайда жок
Күкүк менен Зейнептей
Айрылган менен пайда жок.

Дубай салам кат жаздым
Тийбейби сизге арнасам
Туралбастан токтонбой
Сизден кабар албасам.

## КҮЙГӨН

Эшигим алды кетта тал
Ноодасын алып суугa сал
Жок дегенде каты жок
Барбы экен эсен биздин жар

Кызыл кыя бел башат
Кыясында мал жатат
Кылыгың эске түшкөндө
Кыйналуу менен таң атат.

Кара кыя бел башат
Капталында мал жатат
Кадырлаш эске түшкөндө
Кайгыруу менен таң атат

Эрте менен сайраган
Булбулдун доошу жагымды
Өлсөм мейли сиз үчүн
Уксаңчы менин зарымды

Ууланттың таза канымды
Убара кылдың жанымды
Жүрөккө малып бычагын
Төксө да мейли канымды

Таппадым сиздей жаркынды ай
Саргардым чөптүн беркиндай*
Канткенде жаным арылтам
Жүрөккө толгон дартимдай

Жакама жаккан тумарым
Жазылбайт менин кумарым
Табийкаттан тилеймин
Жаныңдын аман турарын

Өзгөн, Куршап каласы
Көп алыс эмес арасы
Ойлобойт деп таарынба
Өңүмдөн аздым карачы

Ойлойсузбу өткөндү
Туулуп өскөн Өзгөндү
Эстеген сайын ыйлаймын
Коштошуп алыс кеткенди

Алтындын баркы жездейби
Башканы адам эстейби
Жанымдан ашык сүйгөнүм
Жаштардын баары сиз дейби.

Кыйын бир экен жашчылык
Жолуңдан тоздум азгырып
Канчалык катуу болсоң да
Болбойт экен шаштырып.

Жаштыкты кимдер кылбаган
Жаш өткөн сайын ылгаган
Өздөрү кылбай койгонсуп
Сөз кылат тура улгайган

* жалбырак

Кимдер ойноп күлбөгөн
Жакшыны кимдер сүйбөгөн
Канткенде булбул конбосун
Кызыл гүл турса бүрдөгөн.

Ак жашаң болуп кеч калат
Ак тескейдин алмасы
Акылдаш жарды көрсөтпөйт
Агарган тоонун далдасы

Көк жашаң болуп кеч калат
Көк тескейдин алмасы
Көңүлдөш жарды көрсөтпөйт
Көгөргөн тоонун далдасы

Жайлоодо өскөн жашыл гүл
Жашыл гүл өсөт эчен түр
Жакында кетсең айлыңа
Жакшы бар жигит эсен жүр

Байчечек өсөт жара бүр
Жарашкан көркү эчен түр
Унутпастан кез кезде
Эсиңе мени ала жүр.

## АК КЕЛИН [1]

Ана кызыл – конушуң
Ак келин эмес, торусуң
Ушинтип ырдап мен турсам
Угулар бекен добушум.

Тоолоруң бүткөн эңиштеп
Бүркүт учат жем издеп

[1] КР УИА КЖБ. – Инв № 236 №9 дептер.

Аныгын айтсам ак келин
Атайын келдим сени издеп.

Атыңдан айтсам эл билет
«Ак-пери» – десем ким билет
Жаш жүрөгүм делгирет
Шабдоолунун тагындай.

Ийилесиң ак келин
Ичимдеги дердимди
Сен билесиң ак келин
Билсең да болуп билмексен.

Сен жүрөсүң ак келин
Учар, учар, учар куш
Учуп түшсүн тузакка
Ой ак келин сен үчүн.

Урунсам мейли бычакка
Сабалап учкан келгин куш
Келип түшсүн тузакка
Сен үчүн жаным садага
Кесилсем мейли бычака.

## АШЫК ЖАР[1]

Башыңдагы кызыл жоолугуң
Жайлоодогу гүлгө окшойт
Жакындап келип жалжалым
Жанима келип үн кошпойт.

Ак мектепти этектеп
Окуп жүрүп зарладым
Жооп алам деп жигиттен
Кат жазып мага бербедиң.

[1] КР УИА КЖБ. – Инв № 236 №9 дептер.

Ашык болуп мен сага
Зарласам да келбейсиң
Жигиттин көөнүн тындырып,
Убада сөзүң бербейсиң.

Көзүм түшүп көзүмө
Ашык болдум өзүңө
Али күнчө мас болуп
Баягы айткан сөзүңө.

## ӨПТҮРЧҮ[1]

Агарган тоонун бетинен
Ак марал оттойт четинен
Жазылар беле кумарым
Ак бетиңен өптүрсөң.

Көгөргөн тоонун бетинен
Көк марал оттойт четинен
Жазылар беле кумарым
Жайыттан өпсөм бетиңен.

Кыярган тоонун бетинен
Кыйгырек учат четинен
Кыйшайып барып бир өпсөм
Кызгалдактай бетиңен.

Саргайган тоонун бетинен
Сары улар учат четинен
Санадан кетер күйүтүң
Сен өптүрсөң бетиңен.

[1] КР УИА КЖБ. – Инв № 236 №9 дептер.

## КАРАЧАЧТАН[1]

Аңкыса сызып атыр жел
Ыргалбайбы көк шибер
Бозой деп турса бураң бел
Жазылбайбы каткан жер.

Асмандан булут бөлүнүп
Айдын нуру төгүлүп
Шооласын жарык чачкан түн
Таң аткандай сөгүлүп.

Убакыт болду жүр курбум
Убада бар го кетүүгө
Ант болсун таңкы коштошуу
Тилекке чындап жетүүгө.

Чаңдаган тозон басылсын,
Чартылдап гүлдөр ачылсын.
Душман көп ойлон кош Чынар
Кол кармаш көңүл ачылсын.

## САЛАМЫ УШУЛ САЙРАНЫН[2]

Сүйүшүп жүрүп кезиккен
Жүрөктүн сырын чечишкен
Жанымдай көргөн жарымсың
Жанаша гүлдөй өсүшкөн.

Ордуңду бир күн жоктотбой
Конбайн миндим тылдагы
Жеңишин тилейт ишиңдин
Жергелүү журтуң мындагы.

---

[1] КР УИА КЖБ. – Инв № 236 №9 дептер.
[2] КР УИА КЖБ. – Инв № 236 №9 дептер.

Белиңди бекем буварсың
Беттешкен жоону кубарсың
Береним намыс алдай деп
Бейпилде элиң кубансын.

Сагынып жүргөн жаш жарың
Саламы ушул Сайранын.
Көпкүлөң душман ичпесин
Көгүлтүр суусун дайранын.

## СҮЙГӨНҮМ[1]

Атайын барып мен көрдүм
Адырдын кызыл гүлдөрүн
Сайрандап ойноп жыргайлы
Кайдасың келчи сүйгөнүм.

Карай берип көз талып
Кайда экениң билбедим
Капасын жазып курбуңдун
Кайрылчы бери сүйгөнүм.

Жанаша бирге басалык
Жыргалын сүрүп дүйнөнүн
Көңүлдүн кирин кетирип
Көрүнчү көзгө сүйгөнүм.

Гүл ичинде отуруп
Күкүк куш болуп үндөдүм
Кошулуп мендей теңиңе
Колуңду берчи сүйгөнүм.

[1] КР УИА КЖБ. – Инв № 236 №9 дептер.

## САГЫНДЫМ[1]

Акканын эстейм Нарындын
Ак үйүн эстейм айылдын
Аскасы бийик Ала-Тоо
Сагындым сени сагындым.

Аралап бастым жерлерин
Румен, Волгар, Венгерин
Канчалык азап тартсам да
Унутпайм баскан жерлерим.

Нарынга Дунай окшобой
Элеси көзгө токтобойт
Шаркырап агып жатса да
Жүрөктүн күүсүн козгобойт.

## АКЗИЙНАТ[2]

Көчкөндө миндиң көк атты,
Көргөндө жанды кубантты.
Көрөргө күнүм бар бекен,
Көркөмдүү бала Зийнатты.

Төбө бүткөн айдайсың
Төрт-төрттөн чачың тарайсың
Төрт күндүк жалган дүйнөдө
Акзийнат тоба келге кандайсың.

Белестен чыккан айдайсың
Беш-бештен чачың тарайсың
Беш күндүк жалган дүйнөдө
Акзийнат бел байлашка кандайсың

[1] КР УИА КЖБ. – Инв № 236 №9 дептер.
[2] КР УИА КЖБ. – Инв № 236 №9 дептер.

Алтындан сенин пиялаң
Ай жылат тоодон кыялап
Айда айлыңа барууга
Акзийнат алганыңдан уялам.

Күмүштөн сенин пиялаң
Күн чыгат тоодон кыялап
Күндө айылыңа барууга
Акзийнат күйөңүздөн уялам.

## МЕН КАЙРЫЛЫП КЕЛГЕНЧЕ[1]

Жандан чыккан талдайым
Жанып турган шамдайым
Жашыл жибек шайдайым
Жаркырап аткан таңдайым.

Самаганым келгинче,
Самгол жоону жеңгиче
Санаалашым сырдашым
Сагынарсын жайдарым.

Байчечекей жайнаган
Төрүң менен аман бол
Булбул таңшып сайраган
Көл жериң менен аман бол.

Айланып мен келгинче
Ак жүзүңдү көргөнчө
Кызын сендей өстүргөн
Элиң менен аман бол.

Ак булутту аралап
Айды карай учсам да

[1] КР УИА КЖБ. – Инв № 236 №9 дептер.

Ак деңиздин түбүндө
Ак балык болуп сүзсөм да
Кызыл чепте кармашып
Кыргын салып жүрсөм да
Сен болосуң оюмда.

## СУЛУУ[1]

Алмалуу булак адыр сулуу
Адамга жеткен кадырың сулуу
Адашың аскерде сен анда
Айтылган сөздө кадырың сулуу.

Жийделүү булак адырың сулуу
Жигитке жеткен кадырың сулуу
Жигитиң аскерде сен анда
Жазылган сөздө кадырың сулуу.

## КИМГЕ АЙТАМ[2]

Ойлодуң бекен ой селки,
Ойготуп кеттиң түшүмдөн.
Ойногон болуп эркелеп,
Өп тартып кеттиң жүзүмдөн
Оолакдан көрүп сени мен,
Окшоштуң бекен түшүмө.

Күлгөнсүп күнгө каранган,
Күзгүндүн жүзү болсом дейм.
Күмүшдөн аппак бетиңден
Көрүнбөй барып сорсом дейм.
Көкөлөп учкан куш болсом,

[1] КР УИА КЖБ. – Инв № 236 №9 дептер.
[2] КР УИА КЖБ. – Инв № 236 №9 дептер.

Көңүлүм менен консом дейм.
Көзүмдү ачып карасам,
Көрүнбөйт менин айланам.
Көмүрдөй кара чачыңа,
Көңүлүм менен байланам.
Көпөлөк менмин сен чырак,
Көкөлөп сага айланам.

Өкүнүп күндүз ойлонсом,
Өбөктөп жатып түн карайм.
Өксүтбөй бизди кошкун деп,
Өлбөстөн бүткөн күнгө айтам.
Өчөшкөн жандай тил каттпайт,
Өзүңдөн башка кимге айтам.

## СҮЙҮҮ ЫРЫ[1]

Сүйүнү сүйө билбей, шартын билгин,
Сүйгөнсоң, сүйгөнүңдүн баркын билгин.
Кызыкбай сырт көрүнүш сымбатына,
Кылдаттап адамгерчилик салтын билгин.

Сүйүүнү ким башынан өткөрбөгөн,
Сүйүүдөн эчен жаштар өзү өлгөн.
Сүйгөнүнө жетишсем деп талпынышып,
Өмүрү өткөндөр бар суусуз чөлдөн.

Капа болбо кат жазуучу толкундуу жаш,
Кадыр билсең бир келиндин көңүлүн ач.
Капаланган кандай неме дебестен,
Сиз жаш жигит кечиктирбей жообун жаз.

[1] КР УИА КЖБ. – Инв № 236 №9 дептер.

## КИМ АНЫ БИЛСИН[1]

Күүгүм кире бир жаш жигит,
Үй жанында жүрүптүр.
Мага карап көзүн кысат
Сырын айтпай түгөнгүр.

Ким аны билсин
Анын көз кызышын
Дем алууга дайым барам,
Ойноп бийлеп жүрөт ал.

Мени үйгө жеткизет да
Үшкүрөт да неси бар.
Ким аны билсин
Анын үшкүрүшүн.

Кече күнү почто аркылуу
Табышмактуу кат келди
Бардык жолу тыныч белги
Тапсын дептир өзүмдү.

Ким аны билсин
Анын ал ойлорун
Табышмагын мен чечпедим
Ойлонуп да көрбөдүм
Таттуу болуп эригенсийт
Мен өзүмдүн жүрөгүм.

## ЫР[2]

Ашык болуп мен сага
Алты айдан бери сүйөмүн

[1] КР УИА КЖБ. – Инв № 236 №9 дептер.
[2] КР УИА КЖБ. – Инв № 236 №9 дептер.

Ашкере кылып айта албай
Алтыным, ичимден сызып жүрөмүн.

Сүлөөсүн ичик суйсалсаң
Суйсала басып суу алсаң
Жүрөгүм сыздайт көргөндө
Күлүп коюп муңайсаң.

Кызылдан сенин көйнөгүң
Кыргыздан сендей көрбөдүм
Койнуңа жатып бир күнү
Кучактап жатып өлбөдүм.

Кекилик жүрөт кыр менен
Көп жаздым сага ыр менен
Керме каш алтын сулуусуң
Күтөмүн кат жооп менен.

Гүл коюп жаздым катыма
Гүлбөдүм сиздей алтынга
Күлүп туруп жообун бер
Күйүттүү мендей алтынга.

Эгерде өтсөң жол менен
Боз балдар сүйүп карашат
Салкын жайлоо саз мында
Санасаң алтын биз мында

Анжиян менен Маргалаң
Ашып жөнөп каттадым
Артыкча көңүл сүйгөндөн
Ашыгым сени мактадым.

Эстесем эстен танамын
Сагындым качан барамын
Ушул каттын жообун
Сизден күтүп турамын.

Ойлоп, ойлоп зар болуп
Кең заманым тар болуп
Бетиңден качан сүйөмүн
Алтыным сизге жар болуп.

Түшкөнүм темир араба
Түшпөсүн душман арага
Түшсө душман арага
Душмандын сөзүн караба.

## ШУМКАР (АРНОО)[1]

Шумкарды колумдан
Учурдум торумдан
Алтыным сени издеп
Адаштым жолумдан

Алтыным кайдасың?
Охот бар жайдасың.
Душманды жеңүүгө
Өзүң тап айласын.

Ырдайын, ырдайын
Агызып көз майын
Калкыма келгенде
Айтууга сөз дайын.

Сагындым өзүңдү
Сүйлөгөн сөзүңдү
Көрөргө күн барбы
Көркөмдүү көзүңдү.

Душманды жеңип кел
Антыңды берип кел
Душманды жеңгенче
Турамын күтүп мен.

[1] КР УИА КЖБ. – Инв № 236 №9 дептер.

## СЕЛКИ ЖАН[1]

Басарыма сай келди
Маңдайыма ай келди
Жүрөгүмдүн келдасы
Сүйгөнүм селки жан келди.

Сагызгандар саялап
Көлгө түштү селки жан.
Как жерден адам табалбай
Чөлгө түштү селки жан.

Төрдөн төмөн түшпөгөн
Төрө пейил селки жан
Сунган бутун жыйбаган
Султан пейил селки жан.

Селки жанды сурасаң
Эгеринин пашы алтын
Эмгегинин башы алтын
Кулагы да куйма алтын
Мурдуну көрсөң буйла алтын
Ак таңгадай сары алтын
Бүткөн бою бары алтын.

Сай боюнда ыргалган
Тал экенсиң селки жан
Сардала байга бу насип
Бала экенсиң селки жан.

Суу боюнда ыргалган
Тал экенсиң селки жан
Султан байга бул насип
Бала экенсиң селки жан.

---

[1] КР УИА КЖБ. – Инв № 236 №9 дептер.

Жоргону минип жолдордо
Сызып келе жатамын
Жоругуңа чыдабай
Кызып келе жатамын.

Күлүктү минип жолдордо
Сызып келе жатамын
Күйүтүңө чыдабай
Кызып келе жатамын.

Орустар согуп чыгарган
Он кийимдик дакидей
Оюнуң бизди мас кылды
Овгандан келген нашидай.

Кытайлар согуп чыгарган
Кырк кийимдик дакадай
Кылыгың бизди мас кылды
Кытайдан келген нашадай.

## КҮЙГӨН[1]

Жандамада булагым
Жандап атым сугардым
Жаман көрсөм майлича
Жакшылап атың чыгардым.

Жарым гулач кагазга
Күтүлдү сенин давдарың
Жадамдан кетпейт гавларың.

Эки кулач кагазга
Бүтүлдү сенин давдарың
Эсимден кетпейт гавларың
Жазгы буудай көк майса

[1] КР УИА КЖБ. – Инв № 236 №9 дептер.

Мен амалың болоюн
Жазда отуруп тилесең
Мен амалың болоюн

Күзгү буудай көк майса
Мен амалың болоюн
Күздө отуруп тилесең
Мен шамалың болоюн

Ак кыя башы тар жылга
Арманда мени көп кылба
Ашыктыгың чын болсо
Алыстан туруп кол булга.

Айтамын сөздүн болжолун
Алтындан сымак колдоруң
Адамдын ичин күйгүзөт
Алыстан карап койгонуң

Көзүңөн айнек чачырап
Күмүштөй чачың жалтырап
Күйгөнүмдөн мен сизди
Көп тиктеймин жалдырап

Асели дуван көргөнү
Ак ыргай сендей сулууну
Ашкере сөздү айта албай
Астадим ашык болгону.

Куттуну карай дарбазаң
Курусун сенин айдагың
Айдазандын дартиден
Ат көтөрүп албасам.

## АШЫКЛЫК[1]

Физкультура, физика
Билимдүү курбум сөз тыңша
Бир өзүңдү ойлонуп
Өңүмдөн аздым бир канча

Деңизге сүзгөн кайыктай
Денемде болдуң ашыгай
Боюмду мынча терметтиң
Волганын суусу ташкандай

Асманда учкан алты өрдөк
Алтоонун бирөө көк чүрөк.
Кандайча болуп кошулган
Семетей менен Айчүрөк

Жазында чыкпай байчечек
Калар беле куурабай
Армандуу өтөр бекенбиз
Тахир менен Зухрадай

Санаа жетсе, кол жетпей
Санаалаш келчи дегдетпей
Саргайып жүрүп кошулсам
Саринжи менен Берметтей

Дүйнөдө көңүл калышпай
Сапарга бирге барышпай
Жаш тилек менен кошулсак
Желкайып менен Байыштай

Кыялай басып келесиң
Кызыл гүл колго бересиң
Унутпай мени жүргүн деп
Уктасам түшкө киресиң

[1] КР УИА КЖБ. – Инв № 236 №9 дептер.

Күмүш дедим тишиңди
Күйгүздүң менин ичимди
Кимдерге айтып жоорутам
Сиз үчүн көргөн түшүмдү

Көрбөй көөнүм алагды
Көп бузду менин санаамды
Күнүгө ойноп жүрүүгө
Канткенде табам амалды.

Мен ойлогон санаалар
Толкуну көлгө барабар
Өзүңдү ойлоп отуруп
Жаш жүрөк болду жарадар.

## СҮЙГӨНҮМӨ АРНАЙМЫН[1]

Ак кагазга кат жазып
Сүйгөнүмө арнаймын
Арнаган менин катымды
Айрыбай жакшы сактагын

Эскерме жазам ыр башы
Билим бир алсаң эң жакшы
Билим алып окуп жүр
Биз өңдүү совет балдары.

Кат жазам ак баракка
Катасы болсо жаратпа
Сүйгөнүмдүн каты деп
Бөлөкө сыра каратпа

Кат жазамын эстелик
Кат жазып жүр эскерип

[1] КР УИА КЖБ. – Инв № 236 №9 дептер.

Ушул жазган кол тамга
Сизге болсун эстелик

Кат жазган менин билегим
Жалгандан ойноп жүрөмүн
Сүйгөнүм сизди эстесем
Алып учат жүрөгүм.

Издеймин жердин тегизин
Айтамын сөздүн негизин
Ушул жазган ырлардын
Жообу тезден берилсин

Санаадан кетпейт кыялың
Санаамды кантип тыямын
Санаам кайгым сен болдуң
Саналаш Күкөш ынагым

Долондун чери көлмөдөн
Көйкөлүп ойноп сиз менен
Ойноп күлүп жакшы жүр
Кадырлаш болуп мен менен

Сары төлөгөй Токтоян
Саргаят жүрөк армандан
Сырдаш болуп түбөлүк
Сайрасак ушул убактан.

«Б» менен атың жазылган
Борумуң артык асылдан
Боорума басып бир жатсам
Булкунтуп жүрөк ачылган

Булут басат асманды
Бурулуп мындай басканды
Табиятка коёлу
Убададан качканды

Фрунзенин шаарынан
Газета чыгат басылып
Сүйгөнүмө кат кетти
«Т» деп атым жазылып.

Окутуп жаткан сабагым
Эл агартуу жагынан
Ишенсең Күкөш эгер сен
Абдан сени сагынам

Кеткен өмүр жашчылык
Кайрылып келбейт үндөсө
Арманы калат жаштардын
Ушул бир кезде күлбөсө.

## АШЫГЫЛЫК ЫРЫ[1]

Ээй менин довушум келбейт тов жарып,
Менин овазым келбейт тов жарып
Сабагим келвейт сайилив
Самаркан ылдый жайылыв
Үнүм келвейт үртүлүв.
Кең Кокон ылдый түртүлүв
Ырдап коём унтулуп
Жин тийгендей булкунув
Чайдөстөгү чайга окшоп
Кайнап туруп ырдайын
Бир-бирине келтирип
Жайлап туруп ырдайын
Арпа менен буудайдай
Алыштырып ырдайын
Якши менен Яманди эй
Салыштырып ырдайын
Ямактай сенин алмаңай

[1] КР УИА КЖБ. – Инв. № 731.

Яр болоюн кыйматым
Долонодой алмаңай
Дос болоюн кыйматым
Ырдаймын ышкым бар үчүн
Айтамын ашык жар үчүн
Сазымда шумкар бар үчүн
Самаймын тилде зар үчүн
Пауто учурган пар болот
Эрди учурган жоокерлер
Кызыл тилде зар болот
Байлоодогу көк пияң ай
Нарың болом кыйматым
Барып келип ойногон
Жарың болом кыйматым
Чымыны жок Чоң-Алай
Сенин да жериң кыйматым
Чын колтукка жай болгон
Сенин да белиң кыйматым
Кашкинаңдан кармасам
Ак чамбыл койдун мүйүзү ай
Чачкинаңдан карасам
Кытайдын кара кундузу ай
Көзгинаңдан карасам
Ованын чолпон жылдызы ай
Минген атым жаштыгы
Ак кыймат сизден айтпаган
Таалайымдын пастыгы ай
Жибеги менен тологон
Жигиттер кармап ойногон
Дарайи менен чуктаган
Дардизар кармап уктаган
Короодо жүрсөң суктанам
Кошуп да ырдап муңканам.
Айылда жүрсөң суктанам
Айтып да ырдап муңканам
Өдөтөн добул көп болсо эй

Өрүктөр шакта кайрылат
Өзүңдө душман көп болсо
Өз алган жардан айрылат
Айрилганы чай бикен
Адашканы мал бикен
Мал адашат энеден
Пэндээт кантип адашсын
Ак кыймат сындуу пендеден
Аттууда болду жылкы айдап
Бай болоюн дечү элем
Ак кыймат сенин дардандан
Ажырабас, айрылбас жар болоюн
дечү элем.
Апта сайын пул берип
Үндүү да болом шекилди
Ак кыймат сенин дардандан
Ажырабас, айрылбас жар болоюн
дечү элем.

## АК ЖАЙНАК[1]

Сулуунун баары Талдыкта эй
Сuктанып ырдап галдыкта эй
Якшынын баары Талдыкта
Какшанып ырдап калдыкта
Якшыда болот мээр чөв
Якшанган биздей эчен көв
Сулууда болот мээр чөв
Суктанган биздей эчен көв
Сулууну элден көв көрдүк
Суктануу менен өткөрдүк
Обал бияр көктөмдө
Көк чымырап өткөндө
Байчечекей гүл чыкты

[1] КР УИА КЖБ. – Инв. № 731.

Ями куштун баарина
Быжырап сайрап тил чыкты
Гең Гүлшө жериме
Ак Жайнак деген ыр чыкты
Ак Жайнак атың өчүрдүм
Ак туйгун атка көчүрдүм
Баскан жерим Сай келди
Маңдайыма ай келди
Колум келди, куш келди
Кушту алып бэйлэйин
Мынан аркы өмүрдү
Туйгунжан менен айдайын
Тескейден кара жоо чыкты
Тоспойбусуң Туйгунум
Теңтушуңа башыңды
Кошпойсуңбу Туйгунум
Катарлап бияр жетелеп
Каролу көздөй өтпөйсүң
Карай гөз бала туйгунум
Какшатып кайда кетесиң
Ополу туя жетелеп
Боз адыр көздөй кетесиң
Бото гөз бала туйгунум
Боздотуп кайда кетесиң
Таш кыядан өтө албай
Көчүң да барбы туйгунум
Зар какшатып кетерге
Өчүң да барбы туйгунум
Эшигиң алды <................>
Эч амалың тава албай эй
Ырдап коём <.................>
Алсам деймин туйгунду
Алчачекей гүл кылып
Баксам деймин туйгунду
Барчаны кийген барчыны
Торкону кийген токчуну

Аттэн сизден айтпаган
Ак туйгун колдо жокчулук
Тору аттын башына
Турвай кеттиң туйгунум
Торулушуп күзгө чей
Же турвай кеттиң туйгунум
Ойноп, күлүп доорду ай
Сүрбөй кеттиң туйгунум
Оң колумда пияла эй
Артыңдан издеп баруугa
Балантта сулуу туйгунум
Бакырып ырдайт кургуруң
Гүлдө бир сайрайт булбулуң
Күкүшүм сулуу туйгунум
Күйгөндөн ырдайт кургуруң
Күкүк бир деген жаны бар
Гүлдө бир туруп сайрасын
Күйсөм бир туйгун кайдасың
Кызылдан сайган гүрөгүм
Кыз туйгун сени самасам
Кыпылдап жатпайт жүрөгүм
Жашылдан сайган гүрөгүм
Жаш туйгун сени самасам
Жаткыра койвойт жүрөгүм
Кызыл манат байлагың
Кылт эсиме түшкөндө
Кыйындатат кумарың.
Чынар бир терек болувсуз
Чынар бир терек башына
Чымчыктар сайрап конуптур
Чымчыктар менен гүл ашык
Туйгунжан менен биз ашык
Жору айланбас жон жылга
Жору айланып конуптур
Жоругуң эстеп бир бозой
Жогоргудай болуптур

Кыр айланбас кыр жылга
Кыр айланып конуптур
Кылыгың эстеп бир бозой
Кыйналгандай болуптур
Мөмөлөрү мөлтүрөп
Бышкан жерге барыпсыз
Алмалары топ этип
Түшкөн жерге барыпсыз
Чилапчинга кол жууган
Чилтан бир жерге барыпсыз
Пияланын сыныгы ай
Туйгунжандын кылыгы ай
Арка чачың минайим
Тармал экен туйгунум
Алыста ашык болгонум
Бул арман экен туйгунум
Жетпес да зарлап жүргөнүм
Бу арманда экен туйгунум
Энди чыгат мойлогум
Эстесем келет ойногум
Жаңыдан чыгат мойлогум
Жана да келет ойногум
Атаңыз жайлоосу
Ас……… экен туйгунум
Ак бетиңе жарашка
Упада экен туйгунум
Эндик койгон оң бетиң
Эргип ырдайм менжетим.
Тэлэптэ койгон оң бетиң
Дап күйөмүн мен жетим.
Чаардын жолу да чалкалуу,
Чар-тарабы арбалуу.
Чамам да жетпейт карасам
Жылкычы, койчу, уйчулар
Мен чабандан көрдүм канчаны
Аркырап аккан тунук суу

Аккан көлдүн булагы
Кышын-жайын түгөнбөс
Кызыл зоо менен тулаңы
Кыдырып оттоп жүрүшөт
Эчки бир койлор улагы
Кыядан үнү угулат
Кыроолоп тоонун улары
Ташматүн менен Корлду
Малдары оттоп тоюнду
Карышкыр да келип кыстарат
Кайтаргын чабан коюнду
Кумдун бир таги көбүргөн
Жашилданин көрүнгөн
Жайылып малың семирсе
Чыгаша болбойт өлүмдөн
Жайлоонун түрү башкача
Жашыл да сары гүл бүтүп
Жаңыртып элди чыгарып
Жазында сайрайт бир күкүк.

## БУРАКЖАН [1]

Топурап беш убак бел ашып
Каттап жүрөм Буракжан
Калың элге жарыяп
Мактап жүрөм Буракжан
Тиллэден кө белегим
Сенсиң менин керегим
Дал ортоңо жарашкан
Көк дукаба желегиң
Суугa барсаң көтөрүп
Арчадан илген челегиң
Кызыл манат кыргагың
Кыз бурак сени ырдадым

[1] КР УИА КЖБ. – Инв. № 731.

Кыялыңды сындадым
Көргөндө сени Кыз Бурак
Астыртан колуң булгадым
Базар-Коргон ыравак
Сайга түштүң Буракжан
Баркыңды түзүк билвеген
Жайга түштүң Буракжан
Буракжан деп боздоймун
Боздогонум койбоймун
Ак бетиңден өппөсөм
Аш ичкен менен тойбоймун
Жийде-Мазар, Ак-Бейит
Тайыбаңыз Бурак жан
Бизди ырга кошту деп
Кейибеңиз Буракжан.

## МАЙЛИСКАН[1]

Калтак урбай, камчы урбай,
Өтүп кетти сулпатың[*]
Айрылгандай тал белек,
Адашкандай мал белек.
Бала адашат энеден
Адамзат кантип айрылсын
Ак Майлистей[**] эмеден.
Бел алышып ойногон
Майлисканды сғгындым
Кучакташып ойноорго
Курдашымды сагындым
Суутуп койгон байлардын
Сурчасындай Майлискан
Жазда ачылган жашыл гүл

[1] КР УИА КЖБ. – Инв. № 731.
[*] жаштыгы өтүп
[**] кыздын аты

Кымчасындай* Майлискан
Кабар алгын алымдын
Ушунчасында Майлискан
Кыштагы жааган муз карды
Кытыр** көрдүм Майлискан
Кыргыз үйдөн шыкаалап,
Быйыл көрдүм Майлискан.
Айтка тиккен наптиңиз***
Бүттү бекен Майлискан
Ак эмчегиң ортосу.
Жыттуу бекен Майлискан.
Тойго тиккен наптиңиз
Бүттү бекен Майлискан.
Көкүрөктө кош алма,
Жыттуу бекен Майлискан.
Айтка тиккен наптинден
Айлансын акең аптиңден****
Тойго тиккен наптиңиз
Толгонсун акең аптиңен.
Адегенде шашпаймын
Аркардай арым таштаймын
Аркардын башын кум билет
Аты жакшы Динарды
Айтмайынча ким билет.
Айтпайын десем ич күйөт
Ички жүрөк башында
Жүгөрүдөй жер күйөт
Жүгөрмак кантип калган деп
Баса албасам эл күлөт.
Шыптап бир койгон шыргыйдай,
Боюңду бир саат ырдаймын.
Ар адамдар суктанган
Койнуңду бир саат ырдаймын.

---

* бели
** зорго көрдү, үшүп туруп
*** кийим
**** бетиңен

Короондун чети шыраалжын,
Коюндаш жүрдүк биралдын
Айылыңдын чети шыраалжын
Айылдаш жүрдүк биралдын
Тобушум келбейт тоо жарып,
Тобдо бир калган шекилдик.
Жубармек кантип калган деп,
Коога бир калган шекилдик
Коога бир болсо майлина
Тогуз жубан жарым бар,
Тогузунун баары бар
Тогузун тогуз бир жерге таштаймын.
Гымча жан кетти бел ашып,
Бос бала калды адашып.
Кымчайым менен салкынжан
Экөөлөсү бирдей жан.
Жаңа ачылган гүлдөй жан.
Белеске чыккан гүлдөй жан,
Бейиштен чыккан үрдөй жан.

## КЫЗГА КӨРҮШКӨНДӨ[1]

Башайы кийген боюңуз,
Маараке болду тоюңуз.
Кутуну кийген боюңуз,
Кулдук** болду тоюңуз,
Куп келип калды оюңуз.

---

*жашабагыр

[1] КР УИА КЖБ. – Инв. № 731.

** кутту

## АШЫКТЫК ЫРЛАР[1]

Жан аябай дүйнөдө
Жашчылыкты билбеген
Жаңылат жаным кубанып
Жандай го салып күлгөндөн
Ат тийген тескей бел алыс
Айлыңдан мурун мен тааныш
Ажырашып кетпеске
Азаптуу келип кол алыш
Күн тийген тескей бел алыс
Күйөөңдөн мурун мен тааныш
Күдөрүң үзүп кетпеске
Күйүттүү келин кол алыш
Көк дукаба күрмөчөн
Көйкөлө басып түрдөнсөң
Көйкөлгөнүң мен көрүп
Көп суктанам бир эчен
Сур дукаба күрмөчөн
Суйсала басып түрдөнсөң
Суйсалганың мен көрүп
Суктанамын бир эчен
Илебиң күйгөн жалындай
Эритесиң жанымды ай
Эптүүлүгүң кантейин
Электр күйгөн шамындай
Кармасам деймин колуңду
Сыласам деймин жонуңду
Көп зарлантып кууратып
Бир кылбадың жолумду
Акыры бир күн түшөрсүң
Жайдым го жибек торумду.
Күйгөндөн жаздым күнүгө
Күйөмүн сага дүнүйө
Боорлошсом деп ойлоп

[1] КР УИА КЖБ. – Инв. №733.

Баргым бир келет үйүңө
Эл өөдө көчөт козголуп
Ээликкен көңүл куш болуп
Жазылат көөнүм жалганда
Жарк этип күлсөң ушинтип.
Таба албай жүрөм айламды
Таалайым сага байланды
Жайлата алтай бир жүрүп
Көрбөдүм бир жол пайдаңды
Кериле басып теңселип
Келинден чыкпас сенчелик
Аракет кылып жете албай
Күйгөндөн барбы менчелик
Зарланып сага жете албай
Карып да болдум сенделип
Жоругунду мен санап
Жазгым келди ырларды
Жашчылыкта ойноп күл
Жалганда тирүү ким калды
Сиз өңдүү секет асылдар
Жашчылыктан да ырдалды.
Экини коюп үчтү айтам
Элүүнү коюп жүздү айтам
Эзилишип ойнорго
Эп көрүп келин сизди айтам.
Бар болсо сенин акылың
Байкагын сөздүн акырын
Билесиң мына (келүүчү)
Бир туугандан жакыным.
Кыялың кызыл алтынсың
Кыймасың жакут жаркынсың
Көргөндө көңүл сүйдүргөн
Күзгү эле коңур салкынсың
Бурала баскан кербенсиң
Муңканган бизге эрменсиң
Бул дооран баштан өткөн соң

Билбейсиң кайра келбесиң
Порумуң ашкан адамдан
Жылдызың артык жаралган
Уят го деймин өзүңдөн
Уруксатсыз барардан.
Элесиң көрүп күйөмүн
Эзилип барат жүрөгүм
Алкымыңдын агынан
Арман ай качан сүйөмүн.
Көзүңдөн айнек чачырап
Күмүштөй чачың жалтырап
Күйгөнүмдөн мен сени
Караймын күндө жалдырап.
Сөз айтамын алсырап
Чолпондой көзүң чачырап
Сен эсиме түшкөндө
Басалбаймын да галтырап.
Кыярап жүзүң карагат
Кыйлага калдың алаамат
Айлыбыз бирге болсо деп
Абыдан кылам далалат
Сурмалуу көз, ак маңдай
Сүрөткө боюн тарткандай
Зер учуруп жашчылык
Сергек да болдум жалтанбай
Экөөбүз билер күн болсо
Өмүрүң өтсүн да картайбай.
Жаргак таман каз болуп
Жайылма сазга кондуң сен.
Жанымдан бозой кет деп
Жароокер жарың мен турсам
Жаманга шылдың болдуң сен.
Көк ала шайы жоолугуң
Бир жуугандай көрүнөт.
Короолош жүрүп ойносок
Колуктумдай да көрүнөт.

Салам айтам зарланып
Санааны билген курдашка
Капа болсом кантейин
Кадыркеч секет жан башка
Акырын сүйлөп күлөсүң
Акылын билбей жүрөсүң
Ар дайым өзүм кеп айтсам
Айтасың сөздүн жүйөсин (жойосун)
Азабың тарткан азамат
Айкалып бирге түнөсүн
Абалтан жазбай койсо дейм
Азамат эрдин күнөсүн.
Суктанып сүйлөп күлөсүң
Сөзүмдү салып жүрөсүң
Суктанып өзүм кеп айтам
Сурайсың сөздүн жойосуң
Суктангандан азамат
Суналып бирге түнөсүн
Сурабастан койсо дейм
Сулуулардын күнөөсүн.
Жаркылдап өзүң дегдеймин
Жалганда жалгыз сен деймин
Сен болбосоң айылыңа
Жалынган менен келбеймин.
Жазуүда такыр кошпоптур
Жаным сүйгөн да жарыма
Жан бурадар кулак сал
Жаштыктын айткан зарына
Жамалың көрүп ырдаймын
Жанымды минтип кыйнаймын
Жараксыз иш кылсаң да
Жамандыкка да кыйбаймын.
Кат жазамын ойлонуп
Кадырыңды да ыйгарып
Карасам сенин жүзүңдү
Кайгырам күндө толгонуп.

Ойунуң менен күлкүңө
Олтурбадым да мен канып
Оболоп учкан кептерим
Ок менен кууп жетпедим
Ойунуң татты жан курбум
Ойумдан асты кетпедиң
Сабалап учкан кептерим
Закымдап (о бир) жетпедим.
Тамашаң татты жан курбум
Санамдан асты да кетпедиң
Агала (сувдай) тунарым
Ак жибектей да тубарым
Айылымды таап бербептир
Атаңа болсун да убалың.
Ийилген чыбык талдайсың
Ичүүчү тамак да палдайсың
Этиң аппак кардайсың
Эзилген казы жалдайсың
Эзилишип ойнорго
Эп көрдүм келин кандайсың
Кыялың кызыл алтынсың
Кымбатым жакут да жаркынсың
Көргөндө көңүл сүйдүргөн
Күзгү эле коңур салкынсың
Бурала баскан кербенсиң
Муңканган бизге эрмексиң
Бул дооран баштан өткөн соң
Билбейсиң кайра келбесин
Порумуң ашкан адамдан
Жылдызың артык да жаралган
Уят го деймин өзүңдөн
Уруксатсыз да барардан
Күйүккөнүн басалбай
Күндө ырдаймын казалдай
Күдөрүм сенден үзүлбөйт
Күлпара менен Асандай

Салкының сайдын шамалдай
Зарланам сага баралбай
Ашык болдум канчалык
Боз жигит менен Жамалдай.
Алтыным күйсө сен үчүн
Көрбөдүм кылча залалдай
Күйдүргөнчө мендейди
Калсаңчы секет жаралбай
Сулуулугуң да байкасам
Сулайман алган перидей
Турушуңду көргөндө
Турамын кантип эрибей
Порумуң ашык кептердей
Боз балдарга кеп бербей
Боорума басып уктасам
Боз туйгун алган кептердей
Айткан бир шекер сөзүңө
Ашыкмын кара көзүңө.
Аман коюп кудайым
Акыл да берсин өзүңө.
Айтамын айдай жүзүңдү
Азапка салдың өзүмдү
Ичимди жаман күйгүздүң
Кайдан го көрдүм жүзүңдү
Адам деп сага сөз айтсам
Таштабагын да сөзүмдү
Күйгөндө сөздү курадым
Күйгүзбөчү да жубайым
Макул го дебей сен койсоң
Жетер го деймин убалым
Атым акун да молдомун
Азабың (кыйын де толгодуң)
Арыз сөзүм угар деп
Айылыңа жакын конгомун
Азапты салып башыма
Айткан бир сөзгө болбодуң

Айтмак да болдум өзүм шок
Акыл да жетпей болдум чок
Аз жалганчы дүйнөдө
Ашыгылыктан да кызык жок
Калам алып отуруп
Казал да кылып ойлодум.
Капарыңа сен албай
Какшатып мени койбогун
Какшатсаң да сен мага
Кат бергеним да койбодум
Кадырлашың чын болсо
Каттагы сөздү ойлогун
Айтамын ышкым бар үчүн
Азапты тартым де жар үчүн
Асыл күмүш, алтын ай
Айтамын кимге дартымды ай
Айтпасам арман арылбайт
Адамдан артык баркыңды ай
Айтканда сөзүң аргендей
Алган жарың пар келбей
Алышып кумар жазууга
Алда таала да маа бербей
Сүйлөгөнүң да аргендей
Сүйгөн бир жарың да пар келбей
Сүйлөшүп кумар жзууга
Сүйүп да кудай маа бербей
Ителгидей да кылчактап
Караганың да бир порум
Имере тартып куушуруп
Жыттаганың да бир сонун
Ашыгылык деген кыйын иш
Айылда болсо ушакчы
Акыры болот бир жыйын
Кадырың билген жакшыга
Кара эле жаным бир тыйын.
Короондун чети бир белес

Кооронддон көрдүм бир элес
Коюндашып жатууга
Корообуз жакын бир эмес
Айлыңдын чети бир белес
Айлыңдан көрдүм бир элес
Айкалышып жатууга
Айлыбыз жакын бир эмес
Айлыңдан чыгып сен келсең
Аянып калчу да мен эмес
Ак-Суу менен Турпандай
Агарып туман курчады ай
Айлыңа барсам жакындап
Алдымдан тосуп турбады ай
Ак бетинден өбө албай
Абыдан тамак кургады ай
Көп сагынып эстеймин
Көңүлүмдөн кетпейсиң
Түндө эле жатсам жаныңда
Көрсөм деп күндө дегдейсиң
Сагынып казал жазамын
Угулсун кабар атагым
Умсунган сенин азабың
Кеп айтамын калыстай
Келпетиң күлүк чалыштай
Элестериң да кантейин
Сыр алдырган да тааныштай
Эрикkенди жазганың
Эрегишкен да намыстай
Жүрөгүмдү дегдетип
Жүрөлү дейсиң да калышпай
Айтамын сөздүн болжолун
Алтындан шыбаа колдоруң
Абыдан ичти күйгүзөт
Алдыртан карап койгонуң
Ойлогонум мен сага
Көңүлүм эки бөлүнгөн

Оолуктаган жигитке
Оюну татты көрүнгөн
Баркы жок жүргөн келинге
Барууга жигит эринген
Кылактай басып буралып
Кызыл көйнөк да көрүнгөн
Сактасын секет өзүңдү
Жаш чагында да өлүмдөн
Акыл-эси да чоңунан
Келинди жакшы көрөмүн
Кылыгы кымбат сөзү асыл
Адамдын чыкбайт да оюнан
Азабын тартып да арманда
Айлыңа түндө барганда
Эсимден чыкпай ар качан
Узата чыгып алганың
Агарып атып таң сүрүп
Арманда калдым да ич күйүп
Кечикпей келип жүргүн деп
Улутунуп да үшкүрүп
Короодо кеттеп да чыгарып
Колтугума да кыналып
Баса эле түшүп кайрылып
Кеттиңби деп да кайгырып
Куушура кысып бооруна
Кургуруң эчен да жалынып
Карагат көз жалдырап
Күүгүмдөй түштү да жаңгырып
Арманда кылды жүрөгүм
Ашкере сулуу да чүрөгүм
Ажырап кетсем да бул бойдон
Армандуу башка да күйөмүн
Тийиши жок ызгардын
Тилине кирбе бузгандын
Булактап басып жүргөндө
Ойносом деп да суктандым

Тамашалуу ширин сөз
Далайын сенден укканмын
Эстеймин айткан кебиңди
Элестеген да жериңди
Элимден таппай сен өңдүү
Эрмегим эпчил келинди
Атайын издеп баралбай
Ажырашып да калалбай
Сагынамын жете албай
Кезигемин жете албай
Ушул иш кыйын да баарынан
Күндүр-түндүр ойлонуп
Тарыгам секет тарыгам
Сен үчүн зарлап ашыгым
Күйгөнүмдү да билбейсиң
Жаштыкты кылып ойлонбой
Жайыңды айтсам толгонбой
Жарашып кетсем кандайсың
Жаманга башың да кор болбой
Кимде эле сендей келин бар
Киши унуткус кебиң бар
Көрбөсө көңүл дегдеткен
Алда кандай зериң бар
Жайкала басып жүрөсүң
Жайыңды айтсам билесиң
Бетиңден өпсөм кумар көз
Жаркылдап жайнап күлөсүң
Катка эле салдым саламды
Карасам сендей табамбы
Кадыр кеч таап алдың деп
Бузбагын менден санааңды
Өлбөй жүрсөм мен өзүм
Убада сөздү танамбы
Акылы бар жан болсоң
Ар сөзүмө көнөсүң
Акылыңа алдансаң

Арт жагынан да күйөсүң
Сагынып ырак кетерде
Санаса болор эрмегим
Мен эсиңе түшкөндө
Санааңды бузба эрмегим
Самаганда кат жазам
Санаага түштү тамашаң
Сен санаама түшкөндө
Саргайып эстен адашам
Эстегенде кат жазам
Эсиме түштү тамашаң
Сен эсиме түшкөндө
Эндиреп эстен адашам
Алтындан кылган сөйкөңдү
Айды эле карай илдиңби
Айчылык алыс кеткенде
Азабың тарттым билдиңби
Күмүштөн кылган сөйкөңдү
Күндү эле карай илдиңби
Күнчүлүк алыс сен кетсең
Күйүтүң тарттым билдиңби
Аркаңда шуру чач мончок
Ар качан көрсөм көөнүм ток
Араласам жер сууну
Асты эле сендей асыл жок
Кайгырган менен пайда жок
Ичке эле кирди жалын чок
Түбөлүк кылып кошпоптур
Кантейин менде да айла жок
Чач мончогун шурудан
Чарчадым издеп уруудан
Кыргызда сендей жок экен
Чыкпаса тили буруудан
Ашыгылыкка да чыдабай
Азап да кылды жоругуң
Уктай албай отуруп

Чыгардым сөздүн сонунун
Айтпаса арман арылбайт
Ашык болуп да жүрбөсө
Адамды адам сагынбайт
Жаштыкта ойноп күлгөнүң
Жалынсаң кайра табылбайт
Он беште ойноп күлгөнүң
От арабадай зарылдайт
Басылбастан күүлөнүп
Барган сайын жалындайт
Табалбай жүрөм айламды
Таалайым сага байланды
Жайлата алтай бир жүрүп
Көрө албадым да пайдаңды
Кериле басып сеңселип
Келинден чыкпайт сенчелик
Аракет кылып жете албай
Күйгөндөн барбы менчелик
Зарланып сага жете албай
Карып да болдум сенделип
Жоругуңду мен санап
Жазгым келди ырларды
Жашчылыкта ойноп күл
Жалганда тирүү ким калды
Сиз өңдүү секет асылдар
Жашчылыктан да ырдалды
Экини коюп үчтү айтам
Элүүнү коюп жүздү айтам
Эзилишип ойнорго
Эп көрүп келин да сизди айтам
Бар болсо сенин акылың
Байкагын сөздүн акырын
Билесиң мына берүүчү
Бир туугандан жакыным.

## АК КЕЛИН[1]

Атанга дүйнө алакчы
Өлүм жанга каракчы
Айландырып санатчы
Бала айрылат денеден
Панде зат кантип чыдасын
Ашыктык деген немеден
Ашыгылыктан аны айтам
Ар кайсыны дагы айтам
Ай ашыгылык айынан
Жанвасирет көп айтам
Ышкылууга ыр айтам
Ышкысызга нени айтам
Ышкысыз пенде мында жок
Ышкысыздын боору чок
Бир төшөккө баш кошуп
Сүйлөшүп жатсаң арман жок
Айтып берсем силерге
Арман болот биздерге
Ырдап берсем силерге
Ышкы болот биздерге
Ала десем куладай
Арка чачың буладай
Аркаңда сенин чачыңды
Кандай бир пенде сылады ай
Жээрде десем куладай
Желке чачың буладай
Желкеңде сенин чачыңды
Кандай бир пенде сылады ай
Ай асмандын боорунда
Алтындан чачпак сооруңда
Ай чырайлуу ак келин
Айда ырдаймын дооруңда
Күн асмандын боорунда

[1] КР УИА КЖБ. – Инв. №733

Күмүштөн чачпак сооруңда
Күн чырайлуу ак келин
Күндө ырдаймын дооруңда
Айылыбыз алыс маңдайда
Ашыгылык сөзү таңдайда
Айылдаш ойноп жүрүүгө
Айылыбыз башка ар жайда
Саар менен карасам
Сардал боюң сандыктай
Сандыктай боюң көргөндө
Жаш жүрөк турат кардыкпай
Ортон колуң өнөрдөй
Мойнуң узун сонордой
Чыпалагың чынжырдай
Мойнуң узун бир жездей
Сугат бүткөн зардалың
Көргөндүн көзү тиет деп
Көз тумар таккан оң далың
Жашыл жылга жол жылга
Жаш ак келин кол булга
Кызыл жылга жол жылга
Кыз ак келин кол булга
Жашыл жылга жол жылга
Жаш ак келин кол булга
Кол булгасаң мен мында
Колунда кызыл мээлейиң
Кол булгасаң келейин
Ал кулум деп сен чыксаң
Аманат жаным берейин.
Алгандан артык көрөйүн
Интерме жорго сур тайдай
Жошулалы ак келин
Эбин тап бир сизге
Кошулалы ак келин
Чайпалма жорго сур тайдай
Жошулалы аккелин

Жайын таап бир сизге
Кошулалы ак келин
Буктурма тоону айланган
Түлкү экенсиң ак келин
Буюрган жерге мунасып
Мүлк экенсиң ак келин
Адырман тоону айланган
Түлкү экенсиң ак келин
Алган эрге мунасып
Мүлк экенсин ак келин
Кызыл алма колго алып
Бурап келем ак келин
Кызыкчылык айынан
Сурап келем ак келин
Жашыл алма колго алып
Бурап келем ак келин
Жашчылыктын айынан
Сурап келем ак келин
Сарала-Таштын сай-сайы
Ак келиндин кийгени
Сарала көйнөк бачайы
Алтындын кени сайда бар
Айчылык жерди кыдырдым
Ак келин сиздей кайда бар
Ойноголук-күлмөлүк
Мурункудан бар экен.

## АШЫКТЫК ЫРЫ[1]

Аппак бетиң айга окшоп
Ак бетиңдин ортосу
Ак карга тамган канга окшоп
Асыл сөздөн чыгарсам
Аралаш шекер балга окшоп

[1] КР УИА КЖБ. – Инв. №733

Армандап сүйлөп отурса
Айланкөч болгон малга окшоп
Күмүштөй бетиң күнгө окшоп
Жоолугуң жыпар гүлгө окшоп
Жайдары мүнөз жүрүшүң
Жайлоонун айлуу түнгө окшоп
Күйүтүңө чыдабай
Күйүп барам күлгө окшоп
Алтындай жарк деп күлгөнүң
Аргендей назик үндөрүң
Алышып ойноп бир жүрүп
Адырдын терсең гүлдөрүн
Күмүштөй жарк деп күлгөнүң
Күкүк ой назик үндөрүң
Күрөшүп ойноп бир жүрүп
Күңгөйдүн терсек гүлдөрүн
Күңгөйдүн гүлүн жыттасам
Күрөшүп чарчп уктасам
Уктасам да жанында
Күймөлүп алыс чыкпасам
Адырдын гүлүн жыттасам
Алышып чарчап уктасам
Алп уйкуга мен кетсем
Акылыңдан адашып
Акмак менен жанашып
Сен адашып алыс чыкпасаң.

## НООДАЙЫМ[1]

Шайы шалбар кызылды
Санабай көңүл бузулду
Оромол жоолук кызылды
Ойлобой көңүл бузулду
Ойнобойсуң күлбөйсүң

[1] КР УИА КЖБ. – Инв. № 644. 2-дептер.

Өмүрүң өттү билбейсиң
Ойноп күлүп жүрсөңүз
Колдоп жүрсүн илэйим
Төрт чарыяр мустапа
Бул дүнүя бейвана
Кимдерге кылган увана
Элимен чыккан Ноодайым
Эрмегин бир саат ырдайын
Калкыман чыккан Ноодайым
Каадасын бир саат ырдайын
Укурук бойлуу узун чач
Увлаган менен тавылвайт
Калкымда жок карай чач
Караган менен тавылвайт
Кайрат кылып казвасаң
Капталдын жолу казылвайт
Кайрат кылып ырдавай
Жигиттин чери жазылвайт
Эстесем ырдайм өзгөчө
Эсен бол үкэ көргөнчө
Самасам ырдайм өзгөчө
Саламат бол көргөнчө
Кош айдадым тиш* менен
Алыңан кавар алышка
Кол бошовойт иш менен
Карчыга учар зоо жакка
Калайлар болду алыңыз
Кыйладан бери кол тийбей
Каттабай калдым тоо жакка
Мен талаада, сиз тоовда
Элимде сулуу ак Ноода
Экөөбүз эки жердебиз
Качан бир болот бир соода
Күнгөйүндө бадам бар
Күн чырайлуу Ноодайым

* буурсундун тиши

Күйгөндөн ырдайт адамдар
Жандамада булагың
Жандатым атым сугардым
Айылыңа басып бара албай
Ич амалым тавалвай
Күйгөнүмөн ыр кылып
Ноодайым деп чыгардым
Ак дария сайда бар
Алтыннын кени байда бар
Ааламнин баарин кыдырсам
Ак Ноода сиздей кайда бар
Чымыны жок чын Алай
Сенин жайиң Ноодайым
Чын колтукка жай болгон
Сенин боюң Ноодайым
Чымыны жок Чоң Алай
Көчүп барып Алайга
Консом деймин Ноодайым
Чын ыклас күйөөң
Болмом деймин Ноодайым
Жүрүшүңдү мен айтсам
Миң башынын миң сомдук
Жоргосундай Ноодайым
Отурганың мен айтсам
Ак пашанын айнекзар
Ордоосундай Ноодайым
Зывалыгың мен айтсам
Шаарликтин зырапа
Молдосундай Ноодайым
Алла-таала, жэн-эгем
Ай жараткан сиздейди
Ак пистөдөй этиңе
Айдан аппак бетиңе
Ашык эм кылган биздейди
Кудай таала жэн эгем
Куп жараткан сиздейди

Кудайыдай өзүңө
Куштар кылган биздерди
Акча, кагаз пул берип
Алым жетип мал берип
Алалбадым Ноодайым
Аңдыган душман көп болуп
Мен, баралбадым Ноодайым
Замана акыр эйлэнип
Басар жерлер көп тарып
Кыйын болду Ноодайым
Сизлерге ашык болгонум
Быйыл болду Ноодайым
Заманыбыз айланып
Туман болду Ноодайым
Сиздерге биздер жетишке
Гүман болду Ноодайым
Жол жоргомду жоготуп
Жортуп жүрөм Ноодайым
Замана акыр эл жаман
Коркуп жүрөм Ноодайым
Калемпир мончок, карсылдак
Шуру мончок, ак седеп
Моюнуңда болбодум
Бир кече го бир күндүз
Коюнуңда болбодум
Калэмпир мончок карсылдак
Шуру мончок ак седеп
Такканыңыз күйгүзөт
Күн көргөзбөй кош алма
Бакканыңыз күйгүзөт
Ак аркар сындуу моюнуң
Ак алма жыттуу коюнуң
Самавар койгон чайиндай
Шааниң балант* галваң бар
Как көкүрөк өзүндө

* бийик

Сабылып жерege түшпөгөн
Сабыгы каттык алмаң бар
Саава чымчык мен болом
Саар туруп сайрасам
Салкын бир сенин койнуңда
Саратан ыссык күплари
Бир кече жатып жайрасам
Эшигинден өтпөдүм
Туурусуга жол салып
Салкын сенин койнуңда
Бир кечеси жатпадым
Энжириңе кол салып
Базардагы мал аттай
Пайгачи болгон мары аттай
Чачти балант буваган
Айланишип кеталбай
Анэлириңе жете албай
Кайип жүрөт дуванаң
Пулу <.......> көпүрүк
Такта гүзар жол болсун
Таңда ям ашар күндөрү
Үмматим да колдосун
Чын ашыглар өлгөндө
Чынар терек болот дейт
Чынар терек шагына
Булбулдар сайрап конот дейт
Ноодайым менен биз ашык
Бурма көкүл ак Ноода
Буйурса бизге мунасып
Булбул сайрар шагында
Гүл ачылат багында
Биз Нооданын дагында
Бу Нооданы деп жүрүп
Эчким эшик ашпады
Коюм жүзгө жетпеди
Өмүр берсе кадырың

Кудайым берсе байырмын
Ак Нooданы деп жүрүп
Мен, кунага түшүп кейиймин
Айылдан чыксаң ай болуп
Арка чачиң май болуп
Ак чилги менен пай болуп
Короодон чыксаң үлп этип
Коңур чачың жылт этип
Ак седевиң сагынып
Ак куштай болуп кагынып
Үйдөн чыксаң үр болуп
Үч папиктүү* дүр болуп
Уруп коём дөшүмдү
Илавизиң болбосо
Ит жебейт сенин көшүңдү
Арка чачың мэини
Алайдын шибер сазындай
Койнуңда жатсам гүл бурайт
Абал бахар жазындай
Бетиңдин пейиш исы бар
Койнуңда жыпар жыты бар
Ырасын айтып ырдасам
Өзүңдө үрдүн сыны бар
Жаннаттан чыккан үр болсо
Жаныңа чыккан гүл болсом
Гүлдү алып жыттасам
Чыгар беле арманым
Кирер беле дарманым
Ак Нooданын койнуна
Бир кече жатып уктасам
Чыгар беле арманым
Кирер беле дарманым
Көчкөндө минсең көкчөнү
Көчтүн көркү Нooдайым
Көкүрөктө эки алма

* оoздон чыккан сөз

Төштүн көркү Ноодайым
Көкүрөктө кош алмаң
Кыймат эм болсо мэйлиге
Сатасыңбы Ноодайым
Арып бир чарчап бир жетсем
Бир пас бир алып койнуңа
Жатасыңбы Ноодайым
Сенин мындай экниң
Биле албадым Ноодайым
Атайи самап мен барып
Такаат кылып үйүңө
Кире албадым Ноодайым
Эшигиң ачып киререге
Каалгаларды чыгарган
Усталары курусун
Кулптап койгон жанжирдей*
Эртеси саар болгондо
Айландырып карсам
Көкүрөктө кош алмаң
Чөлдөрдө бышкан анжирдай
Түндөлөрү темселеп
Жүргөнүмдөн ырдаймын
Аркаңдан асли жете албай
Күйгөнүмдү ырдаймын
Көйкөлгөнүң көрпө ичик
Бэрэсиндай Ноодайым
Асилдигиң ак тенге
Сарасындай Ноодайым
Кашың кара кашкардын
Камышындай Ноодайым
Тишкинең сэрэ зэргердин
Күмүшүндөй Ноодайым
Жүрүшүң пармэн жоргонун
Алла таала жан эгем
Ай жараткан сиздейди

* чынжыр

Ак чүстөдөй этиңе
Алла таала жан эгем
Ашык кылган биздейди
Кудай таала жан эгем
Куп жараткан сиздейди
Курамайдай көзүңө
Куштар кылган биздейди
Акчакага пул берип
Алым жетип мал берип
Ала албадым Ноодайым
Аңдыган душман көп болуп
Бара албадым Ноодайым
Заман акыр айланып
Басар жерлер көп тарып
Кыйын болду Ноодайым
Сизге ашык болгомун
Быйыл болду Ноодайым
Заманыбыз айланып
Туман боду Ноодайым
Сиздерге биздин жетиши
Күмөн болду Ноодайым
Бурма көкүл буурул ат
Бурулуп кетти жол жоктоп
Буерде сулуу Ноодайым
Бирөөгө кетти мал жоктон
Жайма көкүл чабдар ат
Жазып кетти жол жоктон
Жанымда сулуу Ноодайым
Жат элге кетти мал жоктон
Буерлерге айыпсен
Букарэи шариптин
Паашасыга ылайыксың
Алтымышта атаң бар
Элик беште энең бар
Энди кетип каласың
Эсен кетип жакшы бар

Кеӊ Ноокаттын бер жагы
Ташкоргондун нар жагы
Кысык дэнги жолуӊуз
Энди кетип каласыз
Көргүчө эсен болуӊуз
Торчачиӊиз тогуз сом
Кылгажиӊиз*[1] кыркбеш сом
Көйнөгүӊ баа бир тиллэ
Өзүӊдүн бааӊ миӊ тиллэ
Миӊ тиллэ берген алой дейм
Аркандан күйгөн Тайгара
Миӊ тиллэ таап ала албай
Аркаӊдан ээрчип бара албай
Ак уруп ырдап калат бейм
Алтынды койдуӊ бүчүӊө
Ак урдуруп күйдүрүп
Арманды койдуӊ ичиме
Сэдэпти койдуӊ бүчүӊө
Санааны койдуӊ ичиме
Санап бир санап чок болдум
Сенин санааӊды тартып жок болдум
Сенин санааӊды тартып нетейин
Санап бир ырдап күйгүчө
Сэрбэнчиге кошулуп
Сар колго өтүп кетейин
Сарколдо сиздей бобосо
Кытайдын журтун издейин
Менин куштар болгонум
Бөлөккө эмес өзүӊө
Мөмөдөй ширин сөзүӊө
Карагаттай көзүӊдөн
Канттан ширин сөзүӊдөн
Капыс жерде кармабай
Камдык өттү өзүмдөн
Пиаладай көзүӊдөн

* кепчач

Минайым сиздин сөзүңдөн
Билбесем жерде кармабай
Билбестик өткөн өзүмдөн
Менин да куштар болгонум
Оозуңда алпас сөзүңдөн
Апис хандан Зиада
Боз жигиттин сыңары
Ашык болдум өзүңө
Жай саратан кыш чилде
Жамбашым жерге тийбеди
Жаным деген Ноодагүл
Жаңшаңганым билбеди
Беймаал басып бирарга
Белеске жылкың жокшобойт
Менин жарым бирөө бар
Пейли сизге окшобойт
Кылбаттап басып барарга
Кыраңга жылкым жокшобойт
Кыз алган жарым бирөө бар
Кылыгы сизге окшобойт
Агала боор ак тескей
Алалуу жылкың болбосо
Кыясы кайдан казылсын
Алганым сиздей болбосо
Менин арманым кайдан жазылсын
Көк ала боор көк тескей
Көк ала жылкың болбосо
Кыясы кайдан касылсын
Көргөнүм сиздей болбосо
Көңүлүм кайдан жазылсын
Чылыммисэн, маймисэн
Жамалың жарык аймисэн
Жаңы ачылган гүл мисэн
Жаннаттан чыккан үрмисэн
Жамалың жарык күн мисэн
Жаннаттагы үрлөргө

Жакынэм тууган бирмисэн
Быйылэм чөлдө калыпсыз
Пула тутуп алыпсыз
Болуп калса пулаңыз
Чөлдөрдө жүрүп дуулаңыз
Болбой калса пулаңыз
Бежиян* чөлдө куураңыз
Жайлоодо бир жыл жүргөнсүң
Жамалыңды мен көрүп
Ошо жылы күйгөмүн
Какылдап какшап ырдасам
Ырдаган добушум укпадың
Карганып койгон немедей
Кайтыпэм тоого чыкпадың
Аралап бардым чак түштө
Карарган дарак мүлкүңө
Кадыр эгем зүлзалал
Кандай куштар кылды экен
Камза менен күлкүңө
Азан заар мен туруп
Алыңдан кабар алсам деп
Асталай басып мен барсам
Кайгыны салдың ичиме
Саат билэн* гэп уруп
Карарган чөлдүн токою
Мавэси бышкан тал бекен
Кайгың ичке жык толду
Кайрылар заман бар бекен
Көгөргөн көлдүн токоно
Мөвэси бышкан тал бекен
Көздөрдүн жашы көл болду
Көрөр күндөр бар бекен
Сары гүл чыгып солгуча
Санатын кошуп ырдаймын
Заман акыр болгуча

* ээн талаа, эрме чөл

Кызыл гүл чыгып солгуча
Кылыгың кошуп ырдаймын
Кыямат акыр болгуча.

## АШЫГЫЛЫК ЫРЫ[1]

Туура кырды айланып
Турумтай болсо салганым
Турна көз болсо алганым
Эржигит дүйнөдө калбайт арманым
Кызыл кырды айланып
Кыргыйек болсо салганым
Кылыгы жакшы кымча бел
Кыз бала болсо алганың
Эржигит мында калбайт арманың
Карай кырды айланып
Карчыга болсо салганым
Карай көз болсо алганым
Каерде калай арманың
Алыска сапар аттансам
Ат куйругун тараса
Алиги жарым келет деп
Үйдөн чыгып караса
Ат алышка жараса
Буралып атың байласа
Алдына кийиз жайласа
Арып чарчап келгенде
Алы чагың сурашып
Алдыңда туруп жайнаса
Ушундай болсо алганың
Мында калбайт арманың
Жайылып аккан суудайым
Жармазар тиккен туудайым

---

[v] маалыкатып
[1] КР УИА КЖБ. – Инв. № 644. 2-дептер.

Жан уке сиздей сулуудан
Жез чылапчын жез чөөгүн
Алдырып алсам Кашкардан
Аптама менен чайдоосту
Таптатып алсам Ташкенден
Кололуу кумган чылапчын
Мен Кокондон алдырсам
Күмүштөн кылган билэрикти
Мен колуңа салдырсам
Упаң менен эндигиң
Үч-Турпандан алдырсам
Кас элечек четине
Катарлап маржан чөгөртүп
Алла Эгем буюрса
Алып кетем Алайга
Алдыңа бешик өңөртүп
Жоргонун мойнун жол кесет
Жакшы аттын мойнун ок кесет
Ариеттүү иш болсо
Аттанган марттар бел чечет
Темир канат жетилип
Тегиз куйрук жетилип
Уяда жатып уйтулдап
Уяга батпай чукулдап
Истик-Көл барып уялап
Индыстан көздөй куш кетет
Алыс-жакын дебестен
Буйлалаган төөдөй
Буйрукка көздөп кыз кетет
Адамдар кары болгондо
Ээктен кашка тиш кетет
Эки колдон иш кетет
Белиңден кубат күч кетет
Беш күндүк жарык жашоодо
Көргөнүңө не жетет
Көп гэвлэр болду көңүлдө

Өтө турган өмүрдө
Тойлордо минсең чобурду
Жайлоодо сүрсөң доорду
Арманың сирэ калбас эм
Көңүлүң гүлдөй ачылар
Алганың жакшы болбосо
Дүнүйэң бейжай чачылар
Санат ырды саз айтам
Бирин койбой таза айтам
Ашыгылыктан ак айтам
Ар кайсидэн дагы айтам
Ашыгылыгы кургурдун
Ада кылат адамды
Тишиңде сүткүл жезиң деп
Бармактай эмчек безиңден
Барбайилдей астыңдан
Оюнуңду эстесем
Тэги чыккым келбейт астыңдан
Анжир алма бышырган
Күздүн күнү шамалы
Патисти кийип суйсалып
Балдардын жанын күйгүзгөн
Жан уке жандын амалы
Камчыласа баспаган
Кара атымдын дэмдиги
Жан үке сизден айтпанган
Таалайымдын кемдиги
Жан үке сизди эстсем
Чымындай жаным кыйнамын
Жан уке сизди айтпаган
Кудай таала жан эгем
Тагдыр кылып буюрган
Таалайыма жыглаймын
Жаамы жандын баарына
Забаан айлап тил чыкты
Бир шишеге жай болуп

Шиш байгамбар бул чыкты
Кемел ата белинен
Кең Ноокаттын элинен
Ак кагазга чийилип
Ак урган бала ыр кылып
Жан уке жан деп ыр чыкты
Абал бахар көктөмдө
Көк чымырап бөрткөндө
Чатка кондуң жан үке
Ожу делбе табында
Ол Тайгара ыр кылып
Атка кондуң жан үке
Элимден чыккан жакшыны
Эрмегин бир пас ырдайын
Эки чарчи кештелип
Бергенин бир пас ырдайын
Таскарадай торолгон
Чачын бир пас ырдайын
Жибек жоолук жарашкан
Башын бир пас ырдайын
Калем десем сыядай
Кашын бир пас ырдайын
Отурса копсо түгөнбөс
Оюн бир пас ырдайын
Жаңги чыккан чынардай
Чынардан эгиз мунардай
Боюн бир пас ырдайын
Тал чыбыктай буралган
Белин бир пас ырдайын
Аркасынан ак урган
Элин бир пас ырдайын
Ак геди кийсе жарашкан
Путун бир пас ырдайын
Аркасынан ак урган
Журтун бир пас ырдайын
Бир кече жаткан койнунда

Эриккенде эстеткен
Эстегенде жиглаткан
Жытын бир пас ырдайын
Эгиздеп жыйган жүгүңүз
Эт жүрөгүм эзбейби
Элесин көрүп эстесем
Эси жок жинди келет деп
Элиңиз бизден сезбейби
Катарлап жыйган жүгүңүз
Как жүрөгүм эзбейби
Карааңды көрүп какшасам
Кандай бир жинди келет деп
Калкыңыз бизден сезбейби
Эстеп бир эстеп отурсам
Эсиме түшөт бир гебиң
Эсиме түшкөн гебиңе
Эзилет менин жигерим
Санап бир санап отурсам
Санаама түшөт бир гебиң
Санаага түшкөн гебиңден
Саргарат менин жигерим
Түрлүү-түрлүү геблериң
Түн ойгонсом эсимде
Түшөлүп жүргөн жарыңди
Түн карап ал четинде
Анда нече геблериң
Али ойгонсом эсимде
Ак уруп жүргөн жарыңды
Жол карап ал пешимде
Эшигиң алды майдан тал
Эмчегиңде калың бар
Эриккен боздой жарың бар
Аблиңдин ичи майдан тал
Аста чыгып демиңди ал
Ак урган бозой жарың бар
Карай манат жең учун

Кайрылбай кеттиң мен үчүн
Кайрылбасаң жан үке
Кападар болом сен үчүн
Кызыл манат жең учун
Кылчайбай кеттиң мен үчүн
Кылчайбасаң жан үке
Кыжаалат болом сен үчүн
Кызыл көйнөк көрүнсө
Кыз көрүнөт көзүмө
Кыжаалат кылбай мында кел
Кызыгам үке өзүңө
Адлас көйнөк көрүнсө
Ай көрүнөт көзүмө
Арманда калбай мында кел
Ашына болсом өзүңө
Ак көйнөк кийдиң салкындап
Айлыңа барсам жакындап
Аркардай дөшүң кылайтып
Ак эмчегин булайтып
Айылдан чыксаң күйэмин
Арз айталбай жүрэмин
Коёндой дөшүң кылайтып
Кош эмчегиң булайтып
Короондон чыксаң күйэмин
Кол ката албай жүрөмүн
Капшытың пайлап турамын
Кайрылбасаң жан үке
Калайлар арга кыламын
Ак жибектен тор алып
Ак кептерден бүр алып
Ак зоонун боорун мен тоссом
Ак шумкар түшпөйт торума
Асиретинде көп күйүп
Ак алмаң тийбейт колума
Ак алмаңды бербесең
Акым кетээр мойнуңа

Көк жибектен тор алып
Көк кептерден бүр алып
Көк зоонун боорун мен тоссом
Көк шумкар түшпөйт торума
Көп күйөмүн жолуңа
Көп күйгүзүп ырдатып
Кош алмаң түшпөйт колума
Кош алмаңды бербесең
Көп акым кетээр мойнуңда
Сары-Белес кайрыдан
Сары көрүнсө атайын
Сары алмаңа кол салып
Салкын эм жэйгэ жатайын
Көгөргөн белес кайкы жер
Көк кэптер учса атайын
Көңүлүң болсо кел бери
Кош алмаңа кол салып
Көлөкө жерге жатайын
Көзгэлеңди карасам
Көктөгү чолпон жылдыздай
Көшүлгөн чэчиң кундуздай
Көп күйгүздүң сен бизди ай
Ана шо көзүң карасам
Авада чолпон жылдыздай
Арманда кылдың сен бизди ай
Алыска сапар аттансаң
Мен азыгың болоюн
Анжиянин көчөсү
Маргаланнан кең экен
Ой жэн үке жэргинэм
Өзүвүз менен тең экен
Атаңыз минген аргымак
Азиз шаар улуктан
Капталдай казып суу алсаң
Арканнан басып мен барсам
Азил гэп угар бекемин

Жэн үке сиздей тунуктан
Бээрдэ түшкөн чаңытып
Сенин тоюң жэн үкэм
Көп бакыртып ырдаткан
Сенин боюң жэн үкэм
Каерге барып токтоду
Сенин оюң жэн үкэм
Карларда түшкөн чаңытып
Сенин тоюң жэн үкэм
Какылдатып какшаткан
Сенин боюң жэн үкэм
Каерге барып токтоду
Сенин боюң жэн үкэм
Айланишип гэп салсам
Акыр түвүн ойлодуң
Ону менен мен калсам
Өйдө-төмөн өткөндө
Сен эзил гевиң койводуң
Мен эригип жаткан жеримде
Эзил гевиң ойлодум
Азил гевиң ойлосом
Жалындай чыгып чок түштү
Жүрөгүмө от түштү
От түшкөн жүрөк бассам деп
Ойлоп жүрөм жэн үкэ
Бир эвинди мен кылып
Аркага алып качсам деп
Ойлоп жүрөм жэн үкэм
Самаган жерге барсам деп
Саар кеч тилек кыламын
Үкэ жэн сени алсам деп.

## АК ЗИРЕК[1]

Толкундап ырдап тынбадым
Собоблык ишти кылбадым
Бакырып ырдап тынбадым
Пайдалуу ишти кылбадым
Он экимден биякка
Шайитандын сөзүн ырдадым
Кылып-кылбай нешкылдык
Жэнгэ жабыр иш кылдык
Жэнгэ жабыр кылгыча
Китап эм айтат кишиге
Намерам назар салба деп
Шайтандын сөзүн алба деп
Ачуу душман акыл дос
Байтал күлүк пайге жок
Катын чечен акыл жок
Адамды жолдон чыгарган
Шайтандан жаман бакыл жок
Туткалуунун туйгунун
Шариеттан тышкары
Шарменде болду бу үнүм
Кыймат баа кеңыл заар
Таштан чыгат эмеспи
Ашыглыктын бир сөзү
Каттан чыгат эмеспи
Эсептин башы жүз болот
Эстегенде ырдаткан
Акзирек сындуу кыз болот
Ордолуу жерде салам бар
Он секиз миң аалам бар
Он секиз миң ааламда
Жайылып жапаа иш кылып
Арттырганым нас болду
Акзирек сени деп жүрүп

[1] КР УИА КЖБ. – Инв. № 644. 2-дептер.

Гүлдөй көөнүм каш болду
Ашыглык кыйын иш экен
Эй момундар ойлоңор
Акыр заман болуптур
Намазды колдоп койбоңор
Жашчиликта ойноңор
Жакшынын көөнү жар болот
Жамандын көөнү тар болот
Өзүңүздөй бир жакшы
Не ченде* бар болот
Таман бото тамензар
Белимден кетип Акзирек
Тагдыр насип буюрбай
Элимден кетти Акзирек
Жорго жолдун пермени
Жокчулук эрдин арманы
Жорго жолду арбытат
Жокчулук эрди карытат
Давлет бетти кызартат
Парзант колду узартат
Кечсең дария улууну
Алсаң зирек сулууну
Минсең жорго буракты
Сүйсөң парзант чыракты
Бул геблерге не жетет
Алганың жакшы болбосо
Пулуң эм күйүп пул кетет
Өткөн өмүр тириглик
Өтүп кетет шекилдик
Көңүл гүлдөй жигитлик
Бары пенде баарыбыз
Махамбеттин Үммети
Ойномоглук, күлмөглүк
Жашчиликтин зинаты
Каттын башы иптидан

* чанда

Алип менен жым* өткөн
Ашыгылыктын баяны
Таир менен Зуура өткөн
Ашыглыктан бул өткөн
Мындан кийин ким өткөн
Акзирек менен биз өткөн
Агын дайра улууга
Аллаим куштар кылыптыр
Акзиректей сулууга
Курчуган дайра улууга
Кудайым куштар кылыптыр
Кулан көз сирек сулууга
Эгиздеп жүгүң жыйгансың
Мен элиңе келген мейманмын
Эсиң болсо сыйларсың
Мен элиңден кеткенде
Эсиңе түшсөм ыйларсың
Катарлап жүгүң жыйгансың
Мен калкыңа келген мейманмын
Кадырың болсо сыйларсың
Мен калкыңдан кеткенде
Капкалык тартып ыйларсың
Эгизден түэң сугарба
Элиңе келген мейманды
Эскинеңден чыгарба
Капталдан түең сугарба
Калкыңа келген мейманды
Капарыңдан чыгарба
Чарчиэм боюң алаша
Эшигиң алды топ терек
Шамал тийбей солк этет
Ашыглыкды дегенде
Эт жүрөгүм болк этет
Эшигиң алды топ терек
Шамал тийбей чыркырайт

* арап тамгалары

Ашыглыкды дегенде
Менин таман боюм зыркырайт
Ай тийген жакка күн тийбейт
Ашыглык десе ким күйбөйт
Сыяйыдан[*] сыр кылып
Ыдырыс, Ыса пайгамбар
Булэм өткөн эмеспи
Камчы сыпа чок салып
Жүрөгүнө от салып
Ашыглык деп ыр кылып
Эмма ырымды таштайын
Ашык болуп бир жүрүп
Атайын кошуп чыгарган
Акзиректен башлайын
Бир Акзирек жолуна
Аманат жаным гашлайын[**]
Элиңден бир геп эшитсем
Эсенби сиз Акзирек
Балдардан бир геп эшитсем
Бакмалы[***] курак чыт жаздык
Башыңа койгон тумоо дейт
Баралбадым Акзирек
Сары улак алышка
Садага сизге кылышка
Жерибиз алыс кең талаа
Жете албай жүрөт боз бала
Чымын тийди тайлакка
Чынар бойлуу зирегим
Чындап кеттиң оолакка
Оолактан нары созоко
Мына бизлерди салдың тозокко
Айылыңдан сен чыксаң
Ак алма бурайт шамалың

= сылык
** арнайын
*** макмал

Ай көрүнөт жамалың
Жамалың жазгы бээридай
Шабдолунун шагындай
Шаархандын багындай
Жүзүмдүн мейиз кагындай
Корукка бышкан коондой
Коондун кагы бурмадай
Көзгө койгон сурмадай
Көзачык жарың куурады ай
Кыймат баа тиллэдей
Чачкинэң мэйин пуладай
Көп ырдасам күнэдэй
Акзирек деп ак уруп
Бар бекен биздей дүйнөдө ай
Он эки жаштан быяко
Ойно болду жүрөгүм
Оң келбеди тилегим
Дубандардан көп ашып
Үшүк чалды колумду
Байлады бирөө жолумду
Алтымыш тилле чыктың сен
Алалбай аздык кылдым мен
Жетимиш тилле чыктың сен
Жете албай аздык кылдым мен
Басар баспас болгонум
Магдырымдын жоглугу
Сизиңдей жардан айтпаган
Тагдырымдын жоглугу
Кытайлар согуп чыгарган
Кырк тэңгелик касссадай
Кылыгың мени маскылды
Кытайдан келген нашадай
Орустар согуп чыгарган
Он теңгелик кассадай
Оюну жакшы зирегим
Оюнуң мени мас кылды

Огандан келген нашадай
Айылың асты тар кыя
Тар кыядан өтө албай
Нарың калды Акзирек
Какылдап-какшап жете албай
Жарың калды Акзирек
Кыргыек салган экеңө
Кызыл жибек боо чалдың
Кыйноого башым сен салдың
Карчыга салаган экеңе
Карай бир жибек боочалдың
Калкымда сулуу зирек жан
Какылдатып какшатып
Капага башым сен салдың
Карай кыр ылдый закымдап
Карчыга учуп эрчисин
Кайрылып коюң бер жакка
Менин капалуу көөнүм сергисин
Дария болбой сай кайда
Дардисар болбой жар кайда
Дарияны бойлойлу
Дардисар кылай мында кел
Бир аз бир күн ойнойлу
Бир аз бир күн ойношко
Ээн жылга бар бекен
Эндилер кайтып калыпсыз
Аманат жолу тар бекен
Адырга сепкен буудайым
Акылы дээне зирек жан
Жаш экенде ойноп ал
Аманатка барганда
Асан кылсын кудайым
Упасы жок бети актыр
Уруюн кудай кошкондун
Эндиги жоктур бети актыр
Нуруну кудай кошкондун

Упасы жоктур аппагым
Уруудa сиздей таппадым
Эндиги жоктур аппагым
Элимде сиздей таппадым
Кебиңизге геп келбейт
Сөзүңүзгө сөз келбейт
Көзүңүзгө көз келбейт
Атаңыздан тилесем
Арзанырак бул бербейт
Карай таман сор өтүк
Мыгы кетти бутумдан
Калкымда сулуу зирек жан
Кыйматчылап мен жүрүп
Быйыл кетти журтумдан
Теректей боюң теңселет
Ыргайдай боюң ыкшалат
Бойгинең жуда жыттанат
Жытыңбы жиде буарактай
Көзгинең жаңган чырактай
Бак аралай гүл үздүң
Балада сулуу зикен жан
Башыңды чайкап күйгүздүң
Гүл аралаш багыңа
Күкүктөр келип сайрасын
Күндөн бир аппак койнуңа
Күйгөн бир бозой жайрасин
Алма аралаш багыңа
Ак туйгун келип сайрасын
Айдан бир аппак койнуңда
Ак урган бозой жайласин
Айдан бир аппак бетиңиз
Айтсам сенин зийнатың
Күнү-түнү тынбайт деп
Күйдүргү бала ырдайт деп
Артымда көптүр кыйбатым
Кыйпат кылса мейлилер

Бара берем кечеси
Акзиректин айлына
Кашынан кара карасам
Чачиңен майин тарасам
Жатсам уйкум келбеди
Геблериңди санасам
Окуп жүргөн ырларым
Он эки кулач дептерим
Отуруп турган жеримде
Оюмдан кетпейт геблериң
Ашыглыкды деп жүрүп
Арып калат шекилдүүм
Акзирек сенин дартыңдан
Он бештен жашым өтө элек
Жыйырмага жете элек
Чачымдын таги агарып
Карып калат шекилдүүм
Кыдырып келдим кыйла элди
Көрүп келдим көп жерди
Мындан бардым үч коргон
Майсасына* мал тойгон
Барган адам таң койгон
Суу дөбөнүн сазындай
Сулуу бала зирек жан
Сага куштар болгонум
Абал бээр жазындай
Ак зоонун боору газе эле
Шондо ойносок саз эле
Агала зоонун боорунда
Ак шумкар туура олтурат
Акылы даана зирек жан
Алганым жаман нашү** деп
Алдын эм жашка толтурат
Көк ала зоонун боорунда

* жаңы чыккан чөп
** жаман, бош деген мааниде

Көк шумкар туулап отурат
Көңүлү дээне зирек жан
Көргөнүм жаман нашүт деп
Көзүн эм жашка толтурат
Көйкөлүп учуп каз консун
Көңүлүң болсо жар ойно
Көргөнүңдөн саз болсун
Айланып учуп каз консун
Акылың болсо жар ойно
Алганыңдан саз болсун
Шашып жүрөт Акзирек
Атасынын үйүндө
Качып жүрөт Акзирек
Менин айткан кебимдин
Мааниси бар Акзирек
Маанисини билбейсиң
Ташбакадай эриңди
Такыр көзгө илбейсиң
Сенин күйөөң көргөндө
Кейип жүрөм Акзирек
Индыстандык кожодой
Тайып жүрөм Акзирек
Жакшы атыңды чыгарып
Жами элдин баарына
Жайып жүрөм Акзирек.

## АШЫГЛЫК[1]

Калк аралап келейин
Каскан ырды терейин
Капа болбоң жакшылар
Кылба болуп берейин
Эл аралап келейин
Эринпеңер жакшылар

[1] КР УИА КЖБ. – Инв. № 644. 2-дептер.

Эрмек болуп берейин
Той болгон жерде тойгузсаң
Той болбогон жерлерде
Тогуз бала биригип
Токмоктосо зорго ырдайм
Кызы бар жерде кыйла ырдайм
Кыз-келини жок жерде
Кыйла бала биригип
Кыйнаганда зорго ырдайм
Абайланып күн боздоп
Ачылгыча ырдайын
Пеш энемен бер кетиң
Чачылгыча ырдайын
Аз деп арман кылбаңар
Узак деп уктап калбаңар
Тоо кармаган мергендей
Тосуп бир пас ырдайын
Тобумдан чыккан жакшыны
Кошуп бир пас ырдайын
Күн чыккандай кашкайып
Күлгөнүн бир пас ырдайын
Күлүн аббай кыйгайып
Жүргөнүң бир пас ырдайын
Эки басып теңселиң
Элимде жоктур сенчелик
Элжиберип ыр ырдап
Эзелбе болбойт менчелик
Булбул сайрайт саарда
Гүл ачылат баарда
Бизиңдей күйгөн бар бекен
Бул олия шаарда
Булбулдун доошун эшитпей
Буралып лала агылбайт
Буралып үйдөн чыкпаса
Түндүн доошу басылбайт
Күкүктүн доошун эшитпей

Күн чайпалып ачылбайт
Күлгүлөр үйүөн чыкпаса
Күйгөндүн доошу басылбайт
Кашы кара сулуунун
Кайрылып карап койбосо
Капасы болот муңдунун
Көзү кара сулуунун
Көңүлү жакын муңдуунун
Белсетем бетим кыр болот
Белен айдай бети айдай
Беш көкүл кызыл жар болот
Пешиңде бир пас туралбай
Бет келип кебин угалбай
Безилдеп жигит зар болот
Капталда бетим кар болот
Кашы кара жүзү ак
Бир карай көз зар болот
Кайрылып карап туралбай
Аблинин ичи бак болот
Арман түрлүү сулууга
Арс айтпай жигит даг болот
Короонун ичи бак болот
Койну жыттуу сулууга
Кошулбай жигит даг болот
Жетекте болот нар деген
Жеңин тиштеп нарбаккан
Делгиртет шөндөй жар деген
Кыяда болот нар деген
Кылган кылгың карашып
Кызык болот жар деген
Аргымак күлүк аттайым
Аскарашын карасам
Акундар чийген каттайым
Буудан көк күлүк аттайым
Мунасып кашын карасам
Мурзалар чийген каттайым

Агарып жаткан ак көлгө
Айланып учуп каз конот
Акылың болсо жар ойно
Алганыңда саз болот
Көгөрүп жаткан көк көлгө
Көйкөлүп учуп каз конот
Көңүлүң болсо жар ойно
Көргөнүңдө саз болот
Бөтөгөн көздүү күйгөнүм
Бөлөкчө сенин сөздүгүм
Жагалмай канат каштуум
Жайма көңүл чачтуум
Турумтай канат каштуум
Түнөргөн узун чачтуум
Кыргыйдан көзү кызыгым
Сүйлөгөн сөзү ызыгым
Көз гынаңды карасам
Көктө чолпон жылдыздай
Көшүлгөн чачың кундуздай
Көп күйгүздүң сен бизди ай
Белиң ичке кубарга
Кудайым канат бербептир
Асманга алып учарга
Чачтарынын тал-талы
Кыйрыгылтын жагындай
Калыңдыгын мен айтсам
Колхоздун эккен багындай
Эбирешип сүйлөшүң
Першенин жантыл коюндай
Чаптын-чаптын сүйлөйсүң
Жөргөмүштүн торундай
Беши ниске найзадай
Бетиң тунук айсабер
Азоовлугуң тайга бер
Бир карматып койсоңуз
Ак алмаңыз канча бар.

## АШЫГЫЛЫК ЫРЛАР[1]

Ай чырайлуу Жайнагым
Эч пайдаңди көрбөдүм
Эшигиң ачып кирерге
Рабаттуу дарбаса
Коргонуңда жайнагым
Ичиме отту салгансың
Баштатан ашык сиздерге
Болгонумда Жайнагым
Кичинеңде сүйчү элем
Чоңойсун деп жүрчү элем
Ашык болдум чоңуңда
Медресе мечитте
Окуганым онумда
Аптиекти изелеп
Ак мечитти тизелеп
Кураанды изелеп
Куу мечитти тизелеп
Жаасынды жат кылып
Калам тартып кат кылып
Менин ниетим шунда эле
Ниетим кудаа бербеди
Ак жайнакты эстесем
Жатсам уйкум келбеди
Жүрөгүм оттой дегдеди
Дагы асирет көп тартып
Дат деп жүрөм жайнагым
Коюнуңда кош алмаң
Сат деп жүрөм Жайнагым
Кош алмаңды сатпадың
Эч болбосо Жайнагым
Куру сөзгө жобонтуп
Бир күнү алып жатпадың
Бир гебиңди билишке

[1] КР УИА КЖБ. – Инв. № 644. 2-дептер.

Королунун сыңары
Койнуңа секин киришке
Азис бойдун чоңдугу
Капа кылды өзүмдү
Ар жерге барсам мактаймын
Аселден ширин сөзүңдү
Жазында эмес күзүндө
Кең батунун түзүндө
Айылыңа мен барып
Аңдаштырып карасам
Ургаачынын ичинде
Уз экенсиң Жайнагым
Айланышып геп салсам
Кыз экенсиң Жайнагым
Асилде менин гүлзарым
Сиз экенсиз Жайнагым
Американы мастилар
Сизге ылайык Жайнагым
Ани менен басканың
Бизге ылайык Жайнагым
Күмүш жүгөн, куюшкан
Сизге ылайык Жайнагым
Күлкү менен тамашаң
Бизге ылайык Жайнагым
Жаш ырымды таштайын
Жаңыдан кошуп чыгарган
Жайнагымдан баштайын
Сен чамандын* бир гүлү
Биз постондун булбулу
Булбул менен бир гүлдү
Ашык кылган кудайым
Бабай бир өмүр көп дөөлөт
Сизге берсин ылайым
Артыңдан күйгөн жаргинаң
Ак уруп ырдап тынбады

* гүлдүн аты

Атыңды айтсам билет деп
Ак жайнак деп ырдады
Абалар пастап күн жааса
Асмандан шамал айдасын
Ак уруп жүргөн жаргинең
Бир кече жатып жайласын
Суу аласың Жайнагым
Тар көчөнүн алдынан
Күйдүм жайнак дартыңдан
Кекилик сындуу мойнуңдан
Бир бурасам дейт элем
Күн чырайлуу койнуңда
Бир кечеси бир жатып
Сыр сурасам дет эдем
Арманы күчтүү дүйнөнү
Айткан менен арыбайт
Чачи агарса мейли эле
Алтымышка киргиче
Адамзат уулу карыбайт
Көйнөгүң кызыл бетиң ак
Көңүлүң жумшак, дениң сак
Көрөсөлүү Жайнагым
Көтүңдөн күйгөн биздей дак
Беренжиң кызыл, бетиң ак
Пейлиң жумшак, дениң сак
Безилдеп ырдап жете албай
Бейтакат болду биздей зат
Беглерден бекен авлотуң
Безилдетип ырдатып
Бек кызындай савлетиң
Мен безилдеп ырдасам
Жайнагым сенин давлетиң
Кандардан бекен авлетиң
Какылдатып ырдатып
Кан кызындай савлетиң
Мен какылдап ырдасам

Жайнагым сенин давлетиң
Көйкөлгөнүң көрпө ичик
Баресиндай Жайнагым
Каш кинеңди карасам
Бере ичиктин четинде
Кундузундай Жайнагым
Көз капаңды карасам
Абадагы чолпондун
Жылдызындай Жайнагым
Аркандан күйүп ак урган
Бир бизиндей Жайнагым
Ак урдуруп күйгүзгөн
Бир сизинден Жайнагым
Айылыңдын үстүндө
Кошуң жүрөт Жайнагым
Ову тартып үшкүрүп
Аркандан күйүп жете албай
Досуң жүрөт Жайнагым
Үй канаңдын үстүндө
Кошуң жүрөт Жайнагым
Үшкүрүп ырдап жете албай
Досуң жүрөт Жайнагым
Жаңгыз терек саябан
Жата албадым Жайнагым
Жайын таап бир дуба
айта албадым Жайнагым
Эки терек саябан
Жата албадым Жайнагым
Эбин таап бир дуба
Айта албадым Жайнагым
Ак Жайнак сени деп жүрүп
Акылым айран таң болду
Алмадай башым кең болду
Суутуп койгон байлардын
Сурчасындай Жайнагым
Багда ачылган кызыл гүл

Кумчасындай Жайнагым
Бизден кабар алыңыз
Шунчасындай Жайнагым
Аргымак минсең чечилсин
Ай чырайлуу Жайнагым
Алып жатып бир кече
Алы чагың сурасаң
Keминат көөнүм жетилсин
Эртең менен уйт эткен
Эгиз тоонун улары
Эстегенде бир тутат
Жайнагымдын кумары
Заар менен уйт эткен
Сары зоонун улары
Санаганда бир тутат
Жайнагымдын кумары
Карай тоонун боорунан
Кар көтөрүп дем алып
Тура бекен Жайнагым
Какшаган жарым доошу деп
Угар бекен Жайнагым
Карал кылган жерине
Чыгар бекен Жайнагым
Ак зоонун мөнгү кар
Ай чырайлуу Жайнагым
Ак урдуруп күйгүзүп
Адамды кылдың мынча зар
Алести кийген өңүрүң
Азил оюн геб урсаң
Алсам дейт бейар көңүлүм
Кызылды кийген өңүрүң
Кылыгы жакшы Жайнагым
Кыз алаган жарым болсо деп
Кызыгат бейер көңүлүм
Таранчы шакка конорбу
Таалайың маңгыт болорбу

Күкүклөр шакка конорбу
Сенин күйөбүң маңгыт болорбу
Кар беленин гештинда
Пулутту көктүн астында
Биз Жайнактай баланын
Буздурмактын кастында
Ак Жайнак сизди алам деп
Аттаныл тилле издедим
Адептик менен сиз дедим
Адептик менен сиз десем
Айланышып геп салдың
Ак урдуруп күйгүзүп
Менин куштар болгонум
Карагаттай көзүңө
Калем каштуу Жайнагым
Кардармын сенин өзүңө
Сүрөп бир сүрөп мал берем
Сүйрүү өркөчтүү нар берем
Санап бир тилле зар берсем
Айдап бир айдап мал берсем
Айры өркөчтүү нар берсем
Алда канча зар берсем
Бул бергеним аз десе
Токулу тору ат берсем
Бул бергеним аз келсе
Тилимден беш тил кат берсем
Кудайым девлет пул берсе
Ургачыдан узду алсам
Ааламдан тандап бирди алсам
Кат беришке кайылмын
Жайнагым сулуу сизди алсам
Максатима жетемин
Муну менен мен калсам
Бу жарыгылык дүнүеден
Арман менен кетемин
Айдаганым мал болсо

Кечеси менен жатышка
Акжайнак сиздей жар болсо
Кирер эде дэрмэним
Бул жарыглык дүйнеде
Болвос эде арманым
Жигирмеде жемим бар
Галвага пүткөн башым бар
Айылыңа катташка
Акыр заман болуптур
Чымындай эсиз жаным бар
Сиздейден он төрт жарым бар
Жакшы болсоң Жайнагым
Он төрт жардын гүлүсүң
Жаман болсоң Жайнагым
Он төрт жардын бирисиң
Эстегенде күйөмүн
Эрикkенде барбасам
Эсиңди кайдан билемин
Саратан, эсет* киргенби
Буудайга орок тийгенби
Суугулук ичип талаада
Сүйлөшөргө киши жок
Эригип басып мен бардым
Ак Жайнак сиздей балага
Айткан эм гевиң алдың сен
Кеминет көөнүм көтөрүп
Эзил эм гепке салдың сен
Эсиңди шондо билдим мен
Кар деймин аппак этиңди
Кан деймин кызыл бетиңди
Кандай бир кылам Жайнагым
Кал белээде буюруп
Кудайым берген эсиңди
Сары килем, жез сандык
Байда болот Жайнагым

* жай айлары

Якути, гевхер жарыткан
Айда болот Жайнагым
Ак бетиңен бир өпсөм
Алып жүргөн жениме
Пайда болот Жайнагым
Ак бетиңен өптүрсөң
Пайда болот Жайнагым
Ак бетиңен бир өпсөм
Ажырап маңгыт кеткенде
Ар эстесем бир саат
Дермен болот Жайнагым
Бозойго берген жоолугуң
Кештеси бүткөн живектен
Кудайым бизге эптептир
Ак Жайнагым сиздей зиректен
Азуулап чакыч чейнейсиң
Ак курду белге бейлейсиң
Адамды көрсөң жейнейсиң
Жайнап койсоң күйөмүн
Акыр заман болуптур
Жаниңэ басып баралбай
Узактан күйүп жүрөмүн
Тал чечиңде коңгуроо
Тартып койсом шырылдайт
Тамагыңдан бир өпсөм
Ташкендин жыты гүл бурайт
Ан үчүн бозой сизди ырдайт
Суу боюнда жетилген
Бир талмисен Жайнагым
Он төрт жарга сэр келген*
Көп суктантып ырдатып
Бир жармисин Жайнагым
Жайил- жайил келгенде
Жанашып турдум бир саат
Жангинам сулуу Жайнагым

* тең келген

Жангинаң жаман бей саат
Түнү-күнү келгенде
Күлүшүп турдум бир саат
Күн чырайлуу Жайнагым
Күйгөннөн айттым не саат**
Сенин күйөвүң жаман бейсаат
Аллаести кийип буралсаң
Айылдан чыгып суу алсаң
Аркаңнан басып мен барсам
Аллайим тагдыр буюрса
Ашыгым эм болуп сизди алсам
Кырмызы кийип буралсаң
Кыялай басып суу алсаң
Кылватың таап мен барсам
Кызыкэм болуп сизди алсам
Кызык болуп сизди алып
Артылтып камчы салвасам
Үстүңө зайып алвасам
Алыс жактан мен келсем
Атымды алып бейлесең
Алыс жактан келгенде
Арып черчеп мен келсем
Алдымда туруп жейнесең
Сенин ак дөшүң бүткөн чынардан
Кыл чечиң бүткөн тумардан
Ак Жайнак сизди мен алып
Анан бир чыксам кумардан
Кыргыйдай көзүң кылайтып
Кыяда жүрсөң бир күйөм
Кылар бир ишим унутуп
Кыжаалат болуп мен жүрөм
Оймогуң орус бурмасы
Шекегиң букар тиллеси
Көйнөгүң Көлэп* пуласы

** насыят
* Куяб шаары

Болуптурсуз Жайнагым
Өзүңүз жуван мурзасы
Сиз буректын кырында
Сизди кошуп ырдадым
Бир жүз он алтынчы жылында
Сиз буректын башында
Сизди кошуп ырдагам
Биз буректын астында
Ол күйөөңө ишенбей
Ойноп ал Жайнак жешинде
Кыязы бакмал жеңиңе
Кылыгы жакшы Жайнагым
Бербеди атаң теңиңе
Секин басып селт этип
Сен эм жакшы Жайнагым
Сени кошуп ырдаган
Мен эм жакшы Жайнагым
Секин басып селт эттиң
Сен жүрөгүм дегдеттиң
Кызылды кийген пэстиңиз*
Мунчалап устат болупсуз
Канчага келген жешиңиз
Жэшинди сурап жылыңды
Сүрүп жүрөм Жайнагым
Аркаңнан эсли жеталвай
Күйүп жүрөм Жайнагым
Издеп барсам элиңди айт
Каерликсиң жериңди айт
Элим маңгыт Араван
Базарым дедиң Жайнагым
Төлөйкөннүн нар жагы
Араваннын бер жагы
Сарты-кыргыз көп маңгыт
Сенин элиң Жайнагым
Кечейи күндүз көп пайлайт

* боюңуз

Сенин эриң Жайнагым
Ак Жайнакка ким ашык
Көйкаптагы пэр** ашык
Бир эле өзүм деп жүрсөм
Көргөндөрдүн бери ашык
Көрүнбөй кеттиң Жайнагым
Жаргинең калды адашып
Алооум*** жанып ичимде
Түтүн калды Жайнагым
Бир кече жатып дертешвей
Көкүрөктө көп дердим
Түтүн калды Жайнагым
Перки мөвэ көтөргөн
Бактын шагы Жайнагым
Жаман экен ушундай
Жардын дагы**** Жайнагым
Жатып-кооп эстесем
Бейүз* кылды өзүмдү
Бетиңнин агы Жайнагым
Бейнамазга көрсөтпө
Этиңнин агын Жайнагым
Менин куштар болгонум
Буралган нейче** белиңиз
Мусапыр келсе батпаган
Бакыл экен элиңиз
Алма аралаш багыңды
Аралап басып кечеси
Баралвады Жайнагым
Алты ооз ширин гевиңди
Алалвадым Жайнагым
Өз элимнен ажырап
Өзүмчө келген бул башым

** сулуу киши
*** жалыным
**** күйгүзгөнү, ышкысы
* кыйнады
** ичке

Өзгөчө Жайнак курдашым
Жамы элимден ажырап
Жаңгыз эм келген бул башым
Женгинем Жайнак курдашым
А дегенде алымды
Алдың Жайнак женимди
Ү дегенде үшүдүм
Алдың Жайнак күчүмдү
Кандай кылам Жайнагым
Саңа эле түшкөн кушумду***
Аптап жахан дариядир
Ааламда жоктур сизчелик
Арканнан күйвөйт бизчелик
Аз гана маңгыт элиңе
Аваз кылып мен келсем
Жерим жеңдүү жеңимде
Жэрия кылдың Жайнагым
Көзүмдөн аккан жашымды
Дария кылдың Жайнагым
Буралып кашың жым* болду
Бир көрүнүп көрүнбөй
Авырың** неден суз болду
Кайым сөзүң карынын***
Кыраасындай Жайнагым
Шул жейлерде жүргөндө
Асил эм маңа көрсөтпөй
Кош анарың сагырдын
Зыраатындай Жайнагым
Кыдырып келдим кыйла элди
Көрүп келдим көп жерди
Күңгөй-тескей оң-солду
Сарты-кыргыз ногойду
Каты маңгыт Кашкарга

*** каалоомду, сүйүүмдү
* жылма
** келбет
*** келбет

Каратигин Ташкенде
Оро-Төбө, Зааминде
Бул Паргана тээминде
Ак Жайнак сиздей кэмде бар
Бар эм болсо Жайнагым
Жок эмес бирөө чанда бар.

## БУРАКЖАН[1]

Бээрде келет көк карга
Соодагер каттайт Букарга
Эшикме эшик кыдырган
Соодагерде көп пайда
Ааламнын бээрин кыдырсам
Ак бурак сиздей жар кайда
Овал бээр көктөмдө
Көк чымырап бөрткөндө
Өрүк гүлүн төккөндө
Ак чавы* көчүп чыгышат
Кетте Шаңкол** төрүнө
Ай чырайлуу Буракжан
Ааламда адам жоксунуп
Артыкча кушуң түшүптүр
Мамасак-Шамши көрүнө***
Күзүндө келип кыш кетип
Кыргыйек өтөт гезеден****
Кылымдар издеп таппадым
Кыз бурак сендей тазадан
Кыз беш көкүл Буракжан
Кыпкызыл чокко күйдүм мен
Кыяматтык жарым сен

[1] КР УИА КЖБ. – Инв. № 644. 2-дептер.
* уруу
** Ноокаттагы жайлоонун аты
*** Мамасактын уулу сокур Шамши деген киши
**** саятчылар тоодо салган тор

Ай чырайлуу Буракжан
Алоолоп отко күйдүм мен
Акыреттик жарым сен
Ой Буракжан экөөбүз
Ойновосок, күлвөсөк
Бу жаыглык дүйнеден
Арман менен өтөвүз
Миң бир эки тээмнин
Шириндиги туз менен
Он беш жашар жигиттин
Тириглиги кыз менен
Ай чырайлуу Буракжан
Таа кыямат болгончо
Ашык бир болсом сиз менен
Айылың үстү кыраңым
Аңдавайсың алымды
Ак бурак сени деп жүрүп
Ак чөптөй азды ыраңым
Жэш гана менин жениме
Жапаны салып кыйнадың
Жевириңде көп күйүп
Буракжэн деп ырдадым
Жакшыны көрсөм жэн берем
Опасы жок ашыглык
Акырын ойлоп тег берем
Каттагандан дува эйтем
Кашы кара Буракжан
Мен карып бир жаным муңайтам
Кадыр эгем зүл-зелел
Кадырыңды көтөрүп
Кат кылганын ырдаймын
Кадырденим Буракжан
Каршы түшүп бир адам
Жат кылганын ырдаймын
Алтын тилле жез кемер
Аттэң, кетти белимнен

Ай чырайлуу Буракжан
Арада душман көп болуп
Ажырап кетти элимнен
Аксагы жок ала кой
Айдап келдиң Буракжан
Алтымыш жүнү Котжанди*
Жайлап келдиң Буракжан
Серкеси жок седе кой
Айдап келдиң Буракжан
Сексен жүнү Котжанди
Жайлап келдиң Буракжан
Айры-Таштын даванын
Ашып келдиң Буракжан
Жүзбашыга жетсем деп
Шешип келдиң Буракжан
Ич ким билвейт ишинди
Мен билемин Буракжан
Жактырган сенин кишиңди
Азил бир оюн геплерге
Жеревей кеттиң Буракжан
Жүзвашы менен дос болуп
Бизиңдей жүргөн карыпка
Каравай кеттиң Буракжан
Дос болупсуң зор менен
Меке чаап буралып
Басып келсем алдыңа
Өтө бер дедиң жол менен
Жактырвадың өзүмдү
Жэним сулуу Буракжан
Жэмият элдин бээрине
Жэрия кылам сөзүңдү
Тор ченечим мойнумда
Көк кептерим койнумда
Көк зоонун боорун мен тостум
Көзгинеңден Буракжан

* жайлоо

Көз тааныш болот деп коштум
Ноокаттай эзим шээрде
Кадырбектей болуш бар
Көк зоонун боору гезенин
Бер жагында Буракжан
Көк ала мейден конуш бар
Көчүп эм барып конбодуң
Көрпөдө бирге жатышка
Менин көз тааныш жарым болбодуң
Кайнагаң кооп кувалап
Билгенин ырдайм Буракжан
Шүкүрбек узун койнуңа
Киргенин ырдайм Буракжан
Кыл чечиңнин учуна
Кылдырып тумар тагындың
Кылыгы жакшы Буракжан
Кылчайбай кеттиң сагындым
Алты кават шак мэржэн*
Ак тамакка тагындың
Ай чырайлуу Буракжан
Ана-мына деп жүрүп
Ажырап кеттиң сагындым
Бакмал эм коюп багынсаң
Балада сулуу Буракжан
Мен барбай эм коюп сагынсаң
Чейшемби күнү чак түштө
Чадар* салып тегиңе
Уктап жаткан жериңде
Кучагладым мойнуңдан
Кучагласам мойнуңнан
Булкуп алдың колуңду
Мунда ооруттуң көөнүмдү
Жейиндеси барвасам

* мончок. Шахтын аялдары гана тагынчу кымбат баа мончоктор.

* таар

Жейлөвүң арман болвойву
Женешип барып бир өпсөм
Жениме дермен болвойву
Кышындасы барбасам
Кыйлага дарман болбойбу
Бозоргон тоонун этеги
Бозоруп туман кетеби
Бой гинеңден Буракжан
Боздогон улан жетеби
Карарган тоонун этеги
Карарып туман кетеби
Кашы кара Буракжан
Какшаган улан жетеби
Пулэм толгон байлардын
Букарга кетет карбени
Муңайганда арыбайт
Буракжандын арманы
Сандыгы толгон байлардан
Сарколго кетет карбени
Сагынганда арыбайт
Буракжандын арманы
Эгиз тоо башын боз чалып
Туман алды Буракжан
Эрикkенде барышка
Элиңиз бизди ойнош деп
Күмен кылды Буракжан
Карай тоо башын боз чалып
Туман кылды Буракжан
Караңгыда барышка
Калкыңа бизди ойнош деп
Күмөна кылды Буракжан
Ызгырың шамал кыбладан
Илетивең тиледен
Ойнобосоң, күлбөсөң
Бир күн өтүп кетесиң
Бу жарыглык дүйнеден

Араган койгон кишиден
Салам дува айтыпсыз
Салам дуваң жетпеди
Бара албай калдым Буракжан
Далпаса кылдым алам деп
Тагдыр эгем буюрбай
Ала албай калдым Буракжан
Асты Кокон үстү шок
Айландырып карасам
Өзүңүздөй ичким жок
Жаркырашың пичактын
Пайнегиндей Буракжан
Жарыглыгың базардын
Айнегиндей Буракжан
Муңдуу доошу күкүтүн
Сайнегиндей Буракжан
Карай тоо башын кар алды
Карчыгаң кууп сар алды
Каңга ылайык башыңды
Кадырга жетпес бала алды
Калктар айтат бурак дейт
Камчыдан ичке боюңду
Кадыр кылса жан эгем
Калкыңа берсем тоюңду
Көрбөдүм бурак ойнуңду
Көтүңдөн күйгөн жарыңа
Көп бурадың мойнуңду
Көп сагындым Буракжан
Сенин гүл жыттанган койнуңду
Көрсөтпөй бетиң жаширдиң
Менин көбөйтүп дартым аширдиң
Ааламда жоктур чирайың
Айдан бүткөн Буракжан
Адамзатта сиздей жок
Кайдан бүткөн Буракжан
Жазда ачылган лапарман

Гүлдөн бүткөн Буракжан
Жаннеттаги пакиза
Үрдөн бүткөн Буракжан
Бархах эгем жаратып
Байгамбар Жусуп баласы
Жаридан бүткөн Буракжан
Адамзатта сиздей жок
Паридан бүткөн Буракжан
Абадагы асмандын
Жылдызындай Буракжан
Адамзатта сиздей жок
Үр кызындай Буракжан
Перма шуру тагынып
Упа эндикке багылып
Жүргөнүң элден артыкча
Ани менен ак уруп
Күлгөнүң элден артыкча
Айылдан чыксаң буралып
Басканың элден артыкча
Как-как болуп күлөйүн
Капа болбой жүрөйүн
Калайлар гүлдөр үзөйүн
Отуздан жашың ашканча
Өмүрүң орто болгунча
Кыркка жашың жеткинче
Кыз чырайың кеткинче
Ойнобойсуң, күлбөйсүң
Ойноп доор сүрбөйсүң
Озондотуп ырдатып
Жаргинаң көзгө илбейсиң
Күйүп жүргөн жаргинаң
Күлүп коюп тиктесең
Күлүстан көңүлү жеңилет
Сизге куштар болгонум
Түрлүү кыргыз эл билет.

## ЖАЙЫН ЖАЙДАЙ ТЫНБАДЫМ[1]

Жайын жайдай тынбадым
Жай оокатын кылбадым
Жал ышкына чыдабай
Ак ноода деп ырдадым
Кышын кыштай тынбадым
Кыш оокатын кылвадым
Кыш ышкыңа чыдавай
Ак ноода деп ырдадым
Атыңнан эйтсем эл билет
Ак ноода десем ким билет
Кош билерик салынган
Билегиңен кетейин
Билгизвестен аңдаган
Зирегиңнен кетейин
Сай кыдырып оттогон
Сарала моюн чүрөгүм
Самаса күйөт жүрөгүм
Көл кыдырып оттогон
Көк ала моюн чүрөгүм
Көргөндө күйөт жүрөгүм
Жүрөгүм күйүп болдум чок
Дүйнө кымбат дарман жок
Бир төшөккө баш кошуп
Сүйлөшүп жатсам арман жок
Айланып учкан соносуң
Ай-Көлдүн башы коносуң
Ак көйнөк кийген бураң бел
Кимдин эм жары болосуң
Көкөлөп учкан соносуң
Көк-Белден ашып коносуң
Көк көйнөк кийген бураң бел
Кимдин эм жары болосуң
Алтыннан комуз күүлөп как

[1] КР УИА КЖБ. – Инв. № 644. 2-дептер.

Ак тамакка мэржэн так
Айдан эм сенин бетиң ак
Күмүштөн комуз күүлөп как
Күн тамакка мэржэн так
Күндөн эм сенин бетиң ак
Эңсеген селки келет деп
Өйдө бир басса жөтөлүп
Өрдөктөй мойнун көтөрүп
Сумсайган селки келет деп
Суу алганда жөтөлүп
Суксурдай мойнун көтөрүп
Капталдай басып жол салып
Капшытың тешип кол салып
Капшытың тешип кол салган
Беш панжанин шоктугу эй
Тууралай басып жол салып
Тушуңду тешип кол салып
Тушуңду тешип салдырган
Беш пенженин шоктугу эй
Туура бир шакка түнөгөн
Турумтай туйгун куш экен
Өковдөн кудай эйтпеген
Кудаага мүшкүл иш экен
Эки анделек жуптайын
Эшендер кийген сурптайым
Ээгиңнен жыттайын
Кош анделек жуптайын
Кожолор кийген сурптайым
Койнуңда жатып уктайын
Оромол салдың башыңа
Отурсам ырдап астыңа
Оромолуң желп этет
Ондо көөнүм бир кетет
Жэшилден живек чаласың
Жамалың артып барасың
Жэндей-жендей геп урсам

Жалдырап тиктеп каласың
Жалынды ичке саласың.
Кызылдан живек чаласың
Кыялың артып барасың
Кыйгай бир кыйгой геп урсам
Кылчайып тиктеп каласың
Жандама чыгып карасам
Жоругуңду санасам
Кырларда жүрүп адашам
Кыр-кырга чыгып карасам
Кылыгыңды санасам
Кырларда жүрүп адашам.
Баш алган чөптөр жерде бар
Байоолук менен сүйлөгөн
Байкаган душман элде бар
Аш алган* чөптөр жерде бар
Аңкоолук менен сүйлөгөн
Аңдыган душман элде бар.
Найча тутма белиңиз
Нашит эм экен элиңиз
Наз кылбай бераак келиңиз
Коночодо коёнду
Атсам деймин толмочом
Кооп сенин койнуңа
Жатсам деймин толмочум
Жылгадагы коёнду
Атсам деймин толмочум
Он беш сомдук сөйкө алсам
Кудайым берсе жактырсаң
Көңүлчакка тарттырсам
Өзүңүздү мен алсам
Олоңдой кара чэчиңеэй
Оролушуп уктайын
Оң кудайым буюрса
Сизди алайын толмочум

* бышкан

Чылвырдай кара чачыңа
Чырмалышып уктайын
Чын кудайым буюрса
Чыкчытыңнан жыттайын
Эйри,эйри,эйри жер
Эйри жардан түшө албай
Мундайлыгың билгенде
Эзелтен тандап кыз албай
Бурум, бурум, бурум жар
Бурум жардан түшө албай
Мундайлыгың билгенде
Мурунтан тандап кыз албай
Ак чечектин путагы ай
Айлама кызык болбойбу
Ак бетиңнен өптүрсөң
Алты ай азык болбойву
Долононун бутагы ай
Толгомо кызык болвойву
Толмоч беттен өптүрсөң
Тогуз ай азык болвойву
Алтыннын кени кайда экен
Аркырап аккан сайда экен
Азапта жүргөн жанима
Азилдеп койсоң пайда экен
Күмүштүн кени кайда экен
Күркүрөп аккан сайда экен
Күйүттө жүргөн жениме
Күлүп бир койсоң пайда экен
Анавы[1] кырдын нар жагы
Ак өргөө тейип турвайвы
Ак өргөөгө жөлөнүп
Арс ичикке бөлөнүп
Ак Томоч тейип турвайвы эй
Көрүнгөн кырдын нар жагы
Көк өргөө тейип турвайвы

* тиги

Көк өргөвгө жөлөнүп
Көрпө ичикке бөлөнүп
Ак Толмоч тейип турвайвы
Үйүңнүн үстү кырк жөлөк
Кырлап өттүм толмочум
Кычырыштан уялып
Ырдап өттүм толмочум
Асты жагың Араван
Базарыңбы толмочум
Үстү жагың Шилвили
Мазарыңбы толмочум
Суу жээгинде ылайга
Сүлүгүндөй толмочум
Сулуулугуң байлардын
Күлүгүндөй толмочум
Эки бетиң Неменген
Анарындай толмочум
Кылаңдашың кең Алай
Түлкүсүндөй толмочум
Мэккемдигиң Никэлей**
Кирпичиндей толмочум
Шейирлигиң Кадырбек
Кашка атындай толмочум
Акыл-эсиң молдонун
Башкатындай толмочум
Капталга чыгып карайын
Караңды көрсөм барайын
Эгизге чыгып карайын
Эки эличе кат берип
Эсендигиң сурайын
Эсендигиң укканда
Эгеме шүгүр кылайын
Тууралай баскан жолуңда
Турайынбы толмочум
Үрүп койгон итиңди

** Николай падыша салдырган үйлөр ж-дө сөз баратат

Урайынбы толмочум
Суу жээгинде ылайка
Сүлүгүндөй толмочум
Кызыл куйрук делиңиз оо
Куш келипсиз бээриңиз – деп койгон экен.

## АШЫГЛЫК[1]

Ээй, дегенде мен өзүм
Элей, элей отурам
Маңдайымдан илвиреп
Терлей элвей отурам
Э десем тилим дер веле
Элиме ырдап берем деп
Эс-гинемде бар беле
Кайрасам тилим дел беле
Калкыма ырдап берем деп
Капарымда бар беле
Жейленин кеткен товларга
Көз жеткис эгиз зовларга
Жэдеримнен келгиче
Жантак* жерди түз кылып
Жаз эйленип күз келет
Ашыглык кандай дечү эле
Ашыглык кыйын иш экен

Аг эмчек кандай болчу эле
Аг эмчек аппак бел экен
Ашык да болво жуванга
Ашык да болсоң жуванга
Адаштырат туманга
Ашык да болсоң кызга бол

[1] КР УИА КЖБ. – Инв. № 644. 2-дептер.
* жантайыңкы

Кештелеп берет куруңду
Кечеси билет сырыңды
Күйгүзөт шамал кывладан
Кийген да топу пуладан
Ботолор чейнейт тал башын
Боз жылга ичи жар башын
Жар башына келвесең
Шыпырып алам көз жашим
Салкындыгың Көк-Дөвө
Шамалындай жейдерим
Кеттелигиң Ямшитбек
Амалындай жейдерим
Жазгы буудай көк мейде
Мен амалың болоюн
Жазында терлеп отурсаң
Мен шамалың болоюн
Санасам жүрөк делгирет
Саар кеч жейдерим
Сарайдан чыгып желпинет
Эстесем жүрөк делгирет
Эртели кеч жейдерим
Эшикке чыгып желпинет
Кат жазамын олтуруп
Кагаздын бетин толтуруп
Катым кетти мен калдым
Кат жазган жерде олтуруп
Кат жазамын печеттеп
Катымды окуп чечет деп
Калкымдан сизди жактырдым
Кадырыма жетет деп
Көйнөгүндө көнчөгүң
Көйнөгүңдү көтөргөн
Бөдөнө тумшук эмчегиң
Көйнөгүң кызыл этиң ак
Көңүлүң жумшак энең сак
Көйнөгүң кызыл барк экен

Урууң кайсы калк экен
Ак көйнөк кийдиң пар кылып
Алды жагын тар кылып
Акыры өзүң тартынып
Алыска кетсең мен кантем
Аг душманга жар кылып
Көк көйнөк кийдиң пар кылып
Көкүрөгүн тар кылып
Көрүнбөй кетсең мен кантем
Көк душманды жар кылып
Сайречи булбул чымчыктай
Санаамды билчи тынчытпай
Арманым кантип басылсын
Сенин ак дөшүңө бир чыкпай
Белиң бир ничке жынжырдай
Кат беремин тындырбай
Кат беремин ойлогун
Караңгы түндө мен барсам
Убара кылып койбогун
Кара кыя жол-жолум
Карчыга көрүш болжолум
Болжол кылчы бир жерди
Боздотпочу биздерди
Туура кыя жол-жолум
Турумтай көрүш болжолум
Болжол кылчы бир жерди
Боздотпочу биздерди
Бизиң менен сизиңден
Мейделеп баскан изинден
Түндөлөр туруп сиз дейин
Сиздейди кайдан издейин
Белестеги беш арча
Аптавалап күн карайм
Сенин жолуң жейдерим
Аппак гана буралган
Сенин белиң жейдерим

Чынар, чынар тизилген
Сенин жолуң жейдерим
Чын колтукка жей болгон
Сенин белиң жейдерим.

## СЕНТЕЛЕТ[1]

Ээй жооп бердим мурунтан
Бул өкүмат эделет*
Ургаачынын ичинен
Умтулуп чыктың Сентелет.
Эки ай мурун гевлештим
Эки эли кагаз кат менен
Карар** кылдың ошондо
Молдогазы март менен
Ойлободуң энеңди
Ортокко коштуң жеңеңди
Карал кылган абалга
Башыңа коштуң жеңеңди
Дубай селем кат бердиң
Мектепкана печеттеп
Кабар келди жекшемба
О Сентелет кетет деп
Молдогазы жүвермек
Кирип барды пешинде
Орозбай аке катыны
Ортончу болду ичине
Алсыраган адамдар
Кабак кашы жайнады
Сентелеттин жолуна
Бир чымынга женини
Кайыр кылып байлады

[1] КР УИА КЖБ. – Инв. № 644. 2-дептер.
* адилет
** чечим

Акбууранын сайына
Алып чыгып шапады*
Шондо ишин жайлады
Тору атына мингизип
Тонун тетир кийгизип
Новкатка карап айдады
Кең Папаннын талаасы
Эки сувнун арасы
Кандай өттүң Газыга
Ак сүт берген энеңди
Акылы жок Сетелет
Алвадыңбы ядыңа**
Көк-Бел талаа келгенде
Көңүлүң кыйла токтолду
Абдилла менен Орозбай
Шондо үйүңнөн жоктоду
Билвейсиңби кана деп
Энесине октолду
Кандай иштер болду деп
Эли шондо топтолду
Эли-журтту дак койгон***
Ой эси жок Сентелет
Эч ким да сендей болводу
Тоголокко барганда
Токтоводуң Сентелет
Жар-Коргонго барганда
Узун катың ушул деп
Кыскарткан жер ушул деп
Кызыр дувам колдойт деп
Ишиң эки болвойт деп
Ошондо кылдың кайратты
Папан, Баргы журтуна
Жаман кылдың нээлетти*

* шапа-шуп
** жадыңа
*** күйгүзгөн
* наалатты

Эл-журтуңду элөөлөп
Эрчип кеттиң тентекке
Жаш он бештен аша элек
Зарыктың мунча эркекке
Айтпесиңби дердиңди
Арада турган бийлерге
Диниң кетти оруска
Келин кылып алгын деп
Келбейсиңби башкадан
Журт аралап башкарган
Турдубектей болушка
Жаш он бештен аша элек
Кызыгыпсың овкатка
Арадагы бийлерди
Аттап өттүң жүвермек
Кандай келдиң Ноокатка
Бурулуп кандай сүйлөйсүң
Беш кой териң-тагаңа
Мурунтан эйтпей дериңди
Каргыш экен агаңа
Жаңы-Базар өткөндө
Куу-Майданга жеткенде
Кучак жейип жавышты
Шондо көңүл тавышты
Көтөрмөгө караганда
Көңүлүңдү кылдым деп
Оң бетиңнен өптүрдүң
Орозбайдай экеңди
Тиригинде өлтүрдүң
Темеведиң чак түштө
Желке чечиң желп этип
Эки эмчегиң селт этип
Кирип бардың жүвермек
Өкүмэттин алдына
Кыйын болду ол иштен
Кыркыны санап назына

Курсан болду өкүмэт
Кемер тартып күркүрөп
Аламын деп жүгүрүп
Көшөгө кешек тарттырып
Кош анделек башыңа
Ак оромол жаптырып
Идэрэге* той волду
Сентелет ишиң оңолду
Нуртата эли мурдуңдан
Алтын тапкан нерседей
Ак жамбашың урдуң де
Ярим сомдон пул койду
Күрөш кылды тоюңа
Орозбай эке өлгөнсүп
Келведиви оюңа
Калайыкты, бээриңер
Кар кылваңар калааны
Папан, Баргы журтуна
Жаман койду желээни
Азиздин бээри шул болсо
Эвез кылва баланы
Алты жүз сом, үч кара
Алган экен экеси
Кайыңдыда сарттардан
Эми кандай алперет
Эвин тапкан марттардан
Эл сүйлөдү шор баскан
Жетелвестен дак калган
Кайыңдыга барган дейт
Экөвүздөн калган дейт
Авалтан эйтпей жешиңди
Орoюңду пас кылып
Мынча жепсиң демиңди**
Келте кылсың кевиңди

[1] контора
[2] уят болупсуң деген мааниде

Болуштун жейин мекемге
Айтпай эле калдык ко
Болор-болбос начарга
Аксакалды зар кылып
Ак-бууранын сайына
Дүвүрөтүп той кылып
Журтка улак тарттырып
Чавандосту чаптырып
Байгечесин алдырып
Үч күнгөчө жүк жыйвай
Отоолотуп жаткырып
Кылвай ведең тоюңду
Курсант болуп Сентелет
Келвейт беле оюңа
Эки жүзүн тең кара
Элиңе болдуң маскара
Кыска кылыпсың сөзүңдү
Жакшы атанын баласы
Кандай калдың мазакка
Айтып бердик болгончо
Адигине, Муңгуштан
Севирэкан, Батмакан
Өкөв чыккан кыргыздан
Ол эм сага окшовойт.

## КЕЛИНДИН КАТЫ (КАТТЫН ЖООБУ)[1]

Көрбөдүм сенин өзүңдү
Айтканыңдан байкадым
Балдан ширин сөзүңдү
Тагдырың болсо Табыке
Тапшырайын өзүмдү

[1] КР УИА КЖБ. – Инв. № 515. № 2-дептер

Танып кетип жүрбөгүн
Таалайлуу жигит сөзүңдү
Аман болсом көрөрмүн
Шамчырактай көзүңдү
Жаныңда жатып угармын
Балдан ширин сөзүңдү

Атым менин Айчүрөк
Айткан сөзгө бекем тур
Акыреттик жар болуп
Алышып ойноп бир жүрсөк

Унутуп койгон Табыке
Жигиттте болгон салтыңды
Өзгөчө сени бааладым
Өсүп турган баркыңды
Өзүмдү сага берем деп
Өзүңө койдум антымды
Бекитип койдум жоготпой
Беш ооз жазган катыңды

Тамашалуу салтыңды
Тагдырым сага буюруп
Алмашып жатып кетирсем
Акыректе дартыңды
Жүрөктө сактап жүрөмүн
Жаш жигит сенин атыңды.

## ЖИГИТТИН 2-ЖАЗГАН КАТЫ[1]

Алла таала кудурет
Аятка жазган каты бар
Ар кайсы элдин салты бар
Айлында сулуу чүрөктү

[1] КР УИА КЖБ. – Инв. № 515. № 2-дептер

Ала турган марты бар.
Ар жеринен эп келет
Акыреттик болгун жар
Алай, Гүлчө жериме
Айныбастан ээрчип бар.

Кызыр ала кудурет
Кыйын жазган каты бар
Кыйуусу келип турганда
Кыяматтык болгун жар

Акылдуусуң Айчүрөк
Айылыма барам деп
Армандуу болуп жүрбөгүн
Айта турган кебим бар
Акыреттик теңим бар

Кызыктуусуң Айчүрөк
Элиме ээрчип барам деп
Кыйналышып жүрбөгүн
Кыйын айтар кебим бар
Кыяматтык теңим бар

Ушул күндөн эскертем
Чыдачуу болсоң Айчүрөк
Чындап алып мен кетем.

## АШЫКТЫК ЫРЫ
## (СААНЧЫ АЯЛГА АШЫК БОЛУП ЫРДАЛГАН)[1]

Көп кыдырсам табылбайт
Көк-Суу менен Демейди.
Көрбөсө адам сагынат,
Көркөмүм Кишим сендейди.

---
[1] КР УИА КЖБ. – Инв. № 515. № 2-дептер

Тамашакөй Кишимжан
Тайчыкпас Сары-Булуңдан
Кыдырып сендей таппадым
Кыргызда нечен уруудан.

Арча-Булак, Кабылды,
Албырып жүрөк сагынды.
Алышып ойноп бир жүрсөк
Адамдын чери жазылат.

Кара шыбак Шорону
Кар жааса, жолун тороду
Кадыркечим Кишимжан
Кат жазышсак болобу?

Маңдай жагы тептегиз,
Мал оттосо эң семиз.
Кашка-Суунун күңгөйү
Кайрат кылгын Кишимжан
Кадимкидей жүрөлү.

Хасан Коргон, Кош-Булак,
Агарып этиң гүл бурап.
Ашкере ойноп күлсөк деп,
Айтышканбыз сөз курап.

Эгизек менен Бөөдө-Бел,
Эл менен бирге көчүп кел.
Эрмектешип жүрүүгө
Эрмегим Кишим колуң бер.

Толмоч келин Кишимжан
Конушуң жылга төө куйрук.
Койнуңда жатып уктасам,
Тагдырым сени буюруп.

Саанчы келин Кишимжан,
Суук Төр менен Тепшиден.
Суйсала басып уй сааса,
Сымбаты сонун келишкен.

Күзгү сенин конушуң,
Сулуу үңкүр жан булак.
Ээн болсоң барайын,
Жаныңызда ким турат.

Кайта ашарда конушуң,
Катта конуш Муз-Булак.
Көңүлүмдөн кетпейсиң,
Көркөмдүүсүң гүл бурак.

Алманын жыты гүл бурак,
Ашуудан кетпей кар турат.
Айылыңа баралбай
Ар кимден жүрөм мен сурап.

Балбылдаган Кишимжан,
Балбан Таш менен Ит өтпөс,
Тобокел кылсак алдага
Тооруган душман түк көрбөс.

Көркөмдүүсүң Кишимжан,
Көк-Булак менен Соку таш.
Көркөмдүү болгон көргөндө,
Көңүлүм толкуп болом мас.

Арык Өтөк, Кузгун таш,
Айылдан чыккан кара каш
Абайлап жүзүң көргөндө
Арак ичпей болом мас.

Шабдыраган Кишимжан,
Жайитиң курбум шамалдуу.

Жай түнүндө уктабай,
Жанында ким бар балалуу.

Кыялай басып буралсаң,
Кырчынды жактан суу алсаң.
Кызыгып сага жүргөндө
Кыйгач жерден жолуксам.

Колхозуңдун жайлоосу
Кара бел менен бел Алма
Ажырашпай жүрүүгө
Кишимжан колду бек карма.

Кулжалар жүрүп оттогон,
Кулжа башы жалгыз төр.
Тагдырың болсо Кишимжан,
Тамашаны бирге көр.

Эшей менен Киндиктен,
Эки колхоз бириккен.
Элимден чыккан асылсың,
Эл ичинде жүрдүк тең.

Тартибиң элден бөлүнгөн,
Тамашаң артык көрүнгөн.
Барбай калсам алыстап,
Тамчылап жашың төгүлгөн.

Ферменин малы жайылсын,
Тайыз жон менен Уу ташка.
Тамашаңыз эң сонун
Тандадым элден бир башка.

Азилкечим Кишимжан,
Көлтөр менен Бүлөлү.
Аз күнчөлүк өмүрдө
Алмашып бирге жүрөлү.

Кызыл агын Чатыр-Таш
Кылпылдаган кара каш
Кылыгыңды эстесем
Кымыз ичпей болом мас.

Аркар менен кулжанын
Ашуусу болот ой бала.
Ашкезе ойноп бир турбай
Азгырды мени ой сана.

Митири менен кудама
Тагындың шаржан ак дана
Көрүнө ойноп бир турбай
Көңүлгө салдың көп сана.

Тезек бай менен ат жайлоо
Эсирет күлүк байлоодо
Элирип ойноп бир турдук
Ээн жаткан жайлоодо.

Калта булак Нурага
Алыстап арык байлады.
Айлыман кетип калдың деп
Аркардай көзүң жайнады
Аркардай көзүң көргөндө

Ажырап алыс кете албай
Аркардай ичим кайнады.
Сары булак, ак тескей
Санааалуу болду кол жетпей

Кишимжан болгун саламат
Тез эле келем дегдетпей.
Эркештам менен Карбан көл
Айылдан кетип баратам

Айланып кайта келгенче
Жайдарым Кишим аман бол
Ажырашпай жүрүүгө
Айнегим Кишим бердим кол.

## КАРАЙ КӨЗ[1]

Кармаганың ак пакта,
Ждановдун талаасы.
Ашыклыктан ыр жазат,
Бир мусулман баласы.

Туулган жери сулуунун,
Гүлчө менен чоң Алай.
Көңүлүңө албасаң,
Түбөлүк жарлуу бололу ай.

Жыйырма беш өмүрүм,
Кайта келип турабы?
Карай көздү карасам,
Как электир чырагы.
Сүйүп муну албасам
Бүтпөйтко сүйүү чырагы.

Карай көз айтам өзүңө
Түшүнүң катка жазган сөзүмө.
Бир өзүңдөн башкасы,
Көрүнбөйт менин көзүмө.

Сары күңгөй мечит таш,
Карай көздүн дартына
Сарсана тартам мен бир жаш
Сарсана тартсам кантейин
Эсен болсун алтын баш.

[1] КР УИА КЖБ. – Инв. № 515. №3-дептер.

Кар-кокту чоң колот,
Кайрылып элиң көп конот
Карай көздү карасам,
Кайгыга ичим жык толот.

Капталга бээни байласаң,
Кашка-Суу чыга жайласаң.
Кадимтен калган сүйүүнү
Карай көз менен айдасам.

Адырга бээни байласаң,
Айталан чыга жайласасаң.
Алдыда турган өмүрдү,
Карай көз менен айдасам.

Артындакы кара чач,
Эки бөлүп өрүлгөн.
Карай көздү карасам,
Ай нурундай көрүнгөн.

«К» деп жазам өзүңдү,
Карагаттай көзүңдү.
Артыкча кымбат баалаймын,
Балдан ширин сөзүңдү.

«З» деп койдуң атыңды,
Түшүндүм жазган катыңды.
Түбөлүккө турушка
Жиберем кат жүзүндө антымды.

## СҮЙГӨНГӨ[1]

Атың Керез өзүң жыпар гүлдөйсүң,
Ашык болдум көп күн болду билбейсиң.

[1] КР УИА КЖБ. – Инв. № 515. №3-дептер.

Жалындаган жаштык өтүп кеткенче,
Жароокерим ойноо жолун билбейсиң.

Аз күн болду айылыңа келгеним,
Ашык кылды биринчи ирет көргөнүм.
Жүрөгүмдү айыктырар дары го,
Аз да болсо мага көңүл бөлгөнүң.

Жүрөктү эздиң сүйбөгөндө кантейин,
Айтчы Керез эгер сүйсөң кетпейин.
Дарт каптаган жүрөк муңун баса алсаң
Өмүрлүккө белек сындуу эстейин.

Айтчы жаным макулсуңбу сунушка,
Натыйжа жок үнсүз тиктеп турушта.
Болчу, болчу мынча неге кыйналдың,
Сүйгөн жарга бир жакшылык кылышка.

Үйүңдүн үстү үч колот
Үч колотко суу тоңот.
Сүйгөнүм сени эстесем,
Ичкен ашым уу болот.

Суучулдук учат суу бойлой,
Сумсайба келин суу бойлой.
Өз паркынды кетирбе,
Көрүнгөн менен бир ойной.

Туура булак Кашкалуу,
Туурасында аскасы
Көңүлгө туура келбейт го
Бир өзүңдөн башкасы.

Жайдын бир күнү саратан,
Суу бойлой үйгө баратам.

«А» сени көп эстесем,
Өңүмдөн аздым карасам.

Ак коён чыкты секиге,
Ак шайы кийдиң этиңе.
Алышып ойноп жүрүүгө,
Ата-энең койбойт эркиңе.

Кызылдан сенин костюмуң,
Кылгайып тиккен жастыгың.
Алдасада мен көнгөн,
Ана дагы менин жаштыгым.

Беш убак чачың тарайсың,
Белестен жылдыз санайсың.
Сүйгөнүм келер бекен деп,
Талактын жолун карайсың.

## СҮЙҮҮ ЫРЛАРЫ[1]

Айт, айт десем ак айтам.
Ашык жардан дагы айтам.
Ашыгым үчүн мен асилет көп тартам.

Учсам канат болуп сен,
Көзгө бума дармайсың.
Каттасам кадыр кылбайсың
Алда кандай жарым сен.

Агарган таңдай белгилүү,
Тамагыңдан ашык жар.
Тамагыңа жарашкан,
Сабагыңдан ашык жар.

[1] КР УИА КЖБ.– Инв № 515. 4-дептер.

Мектепке кирген баладай
Эки колуң бооруңда
Адебинден ашык жар.
Алтынды салса жарашкан
Билегиңден ашык жар.
Айтканды мадир кылбаган
Жүрөгүңдөн ашык жар.
Керимсел ысык тоо арым,
Кел ойнойлу, ашык жар.
Өтүп барат өмүрүң.
Алиппенин башы катта бар
Алип дуба сартта бар
Ашык жардын нускасы
Өзүңүздөй мартта бар.
Эки жакшы бириксе,
Ашык жар, ошондо элдин салты бар.
Кызарган мунар чөлдө бар
Кыз экенде ойноп ал,
Кыз ойнобос көрдө бар.
Жашарган мунар чөлдө бар,
Жаш экенде ойноп ал,
Жаш ойнобос көрдө бар.
Сен сунган памил чайыңды
Ортобузга койчу элек.
Арманым менин арылды,
Ажырап көчтүк биякта
Байча болгон Жоошпай
Эми жесин балааны.
Бир карасаң чай болуп,
Бир карасаң күн болуп.
Төрдө олтурсаң үр болуп,
Ак теңир деп жүрчү элем.
Токой менен бир болуп
Ак тектирдин карай суу
Зарга койдуң жүзүңдү
Жүзүңдү чайдай жуупсуң

Сизди көргөн боз балдар
Жүрөгү күйсүн дарт болуп.
Жамгыр жаап жошулат,
Жана дайра кошулат.
Жамгыр жаап, сел кетет,
Ашык жары курусун
Аманат жанды дегдетет.
Жанагы жаман албасын,
Жабыр күндү салбасын.
Жаш кезде көңүл кошулган,
Жарыңдын көөнү калбасын.
Кара боюң көргөндө
Кандай адам туралсын
Кандай кылып барыштын
Таба албадым айласын.
Көкүрөктө алмасын
Таң атканча кармасам.
Кызыл алма жакы де
Багда калды ашык жар
Кылчайып жарым жете албай
Жашыл алма жакшы дер,
Багда калды ашык жар.
Жанашып жарың жете албай
Далда калды ашык жар.
25-35 жашың чакта ашык жар
Аркандан жакын жете албай,
Башым катты ашык жар.
Күркүрөп аккан Кашка-Суу
Булагымда болсомчу
Күмүштөн сөйкө жез баргек.
Кулагыңда болсомчу
Күлүп-ойноп жүрөргө
Кумарыңда болсомчу.
Аркырап аккан Кашка-Суу
Булагыңда болсомчу
Алтын сөйкө, жез баргек,

Кулагыңда болсомчу
Атаңыздын үйүнө
Төркүлөп барсаң төрүнө
Жаза басып мен барсам
Колум тийсе кой дебе
Киши жүрөт бол дебе
Суунун жагы сай болор
Өзүңүздөй сулуулар
Султандарга бай болоор
Ай тийгенде күн тийбейт
Ашык жар десе ким күйбөйт
Жаткандагы нарымсың
Жанымдай көргөн жарымсың
Катардагы нарымсың
Кылыктанган жарымсың
Суу боюнда буралган
Ашык жар, оюнуңа кумармын.
Сай боюнда буралган,
Ашык жар, сүйгөнүмдөн кумармын
Эгиз эктим булакка
Алыс кетип барамын
Үйүңдөн алыс ыраака
Кызыл талаа бер жагы
Зордо кетип барамын
Ашык жардан айрылып,
Зорго кетип барамын.
Кадырман көлдүн бөксөйдү
Ашып кетип барам мен.
Ашык жардан айрылып,
Жашып кетип барам мен.
Чыйырдан чыкпайт уюбуз,
Басылды биздин үнүбүз.
Ашык жар ушунча болду назыбыз.

## БАЛДЫЗЖАН[1]

Балдырак* ырым таштайын
Балдызжандан баштайын.
Болдум ашык сыртыңдан,
Молдо Бакир ыр кошган.
Бостондун майда талы бар,
Боздогондун жары бар,
Боздогон жарга жеткизген.
Боз аргымак жаныбар
Карargандын жалы бар
Карарган жалга жеткизген
Караргымак жаныбар.
Үч аркар жылдыз чолпон көз
Үркөр көз сулуу моймол көз
Саратан жылдыз чолпон көз
Богоңун салып мойнуң кез
Бой тумарың сары жез
Боткок моюн бото көз
Бойго жеткен кызды* айтам
Ушул кыздын ичинде
Сомодой болуп созулган
Соорулук ишке умтулган
Соопкер жаным сизди айтам.
Баракелди пастинге,
Баш айланып көз тунуп,
Баралбаймын асиңге.
Макен** тургун шартиңге,
Балдай түштүк кастиңге.
Савабы бар саламдын
Ойлоп көрсөм чамамда
Он секиз миң ааламда
Мен төмөнтөн келерде

[1] КР УИА КЖБ.– Инв. №515. 6-дептер.
* эски ырым
* сүрү
** бекем

Төлгө салдың балдызжан.
Төшөгүңдү жылдырып,
Төргө салдың Балдызжан.
Ашканадан туз алып,
Ашка салдың Балдызжан.
Жан Балдызжан жаныңдан,
Жапкан буудай наныңдан.
Үйрө кескен ашыңдан,
Үлпүлдөгөн кашыңдан.
Сейдана сепкен ашыңдан,
Серпип койгон кашыңдан.
Жабу жаппай тер албай,
Эжеңди коюп сизди албай.
Экөөңдү тең албай
Уламадан улайын,
Шарияттан сурайын.
Шариятта буюрса,
Сизди да алайын Балдызжан.
Күлүң болсо эжекең,
Күйөөң болсо жездекең.
Күйүтүнө чыдабай,
Күндө урушса эжекең.
Чыгар бере арманым
Кирер беле дарманым.
Айтта кийген ичигиң,
Атта сенин кичигиң.
Тойдо кийген ичигиң,
Олдо сенин кичигиң.
Оо, Балдызжан жоошуң,
Балдызжан деп ырдасам,
Басылбайт менин добушум.
Ак булактан суу алып,
Алача боюң буралып.
Сага тийген көк жөтөл,
Ташка тийсин Балдызжан.
Улуу тоонун бооруна,

Улар болуп чакырсам,
Угар бекен Балдызжан.
Улутунуп эшике,
Чыгар бекен Балдызжан.
Кара тоонун бооруна,
Карчыга болуп чакырсам,
Карар бекен Балдызжан.
Караңгыда эшикке,
Чыгар бекен Балдызжан.

## СҮЙҮҮ ЫРЛАРЫ[1]

Көгүчкөн учуп жеткисиз,
Көк ойго көчүп кеттиңиз.
Алтыным көк ойдо шаңдак шамал жок,
Алтыным көрүнбөй кетиң амал жок.

Сагызган учуп жеткисиз,
Сары ойго көчүп кетиңиз.
Алтыным, Сары-Ойдо шаңдак шамал жок,
Санаамда турат амал жок,

Алтыным, ажырап кеттик амал жок.
Ак байтал оттойт салкында,
Алтыным, ажырап кеттиң калкымда.
Качан бир жетем баркыңа.

Көк байтал оттойт салкында,
Алтыным, көрүнбөй кеттиң калкымда,
Алтыным, качан бир жетем баркыңа.
Ак жубандын тазасы,

Алтынымды, былтыр бир өпсөм,
Быйылга жетпейт мазасы.

[1] КР УИА КЖБ.– Инв. №515. 6-дептер.

Кара көз кыздын тазасы,
Алтынымды былтыр бир өпсөм,

Быйылга кетпейт жазасы.
Бозо ичип олтуруп*, ,
Ой, боюң узун теректей,
Керектүү жериң челектей.

Кирпигиң ичке ийнедей,
Бутуң ичке чийнедей.
Бетиң аппак көмүрдөй,
Этиң жумшак темирдей.

## АШЫГЛЫК ЫРЛАРЫ[2]

Дүңкүлдөк менен Сар-Жылга,
Дүнүйөңдү бел кылба.
Өлөсүң жигит бир күнү
Ойноп күлүп бек жырга.
Ок салдыр менен чегене
Орустар оңдойт кемени
Ойгуттан издеп таппадым,
Оюну жакшы немени
Кызыл-ой менен Чегене,
Кыргыздан издеп таппадым,
Кылычы жакшы немени.
Ай аптада күн тегиз,
Адырга баккан мал семиз.
Алың барда ойноп күл,
Айланып келбейт он сегиз.
Күн аптада күн тегиз,
Күдүргө баккан кой семиз.
Күчүң барда ойноп күл,

* катынына аяк сунуп какшыктап, 4, 5 ооз ырдаган жери
[2] КР УИА КЖБ.– Инв. №515. 6-дептер.

Күүлөнсөң келбейт он сегиз.
Тектир бир тектир, тектир таш,
Тебишип ойнойт өрдөк каз.
Теңтуштан-теңтуш айрылса,
Термелбей кетет көздөн жаш.
Курбу бир курбу курбу таш,
Куушуп ойнойт өрдөк каз.
Курдаштан курдаш айрылса,
Кургабай кетет көздөн жаш.
Чоң Каракол четинде ай,
Чотумдун мизи кетилди ай.
Чоюлуп барып бир өпсөм,
Чолпондой болгон бетиңден ай.
Чоюлган өпкөм жетилди ай.
Кең Каракол четинде ай,
Керкимдин мизи кетилди ай.
Кербездей аппак бетиңден ай,
Керилип барып бир өпсөм
Кемтилген өпкөм жетилди ай.
Карасам көзүң моймолжуйт,
Калыпка тартып койгонсуң
Караңгыда ойготуп.
Кайгыны салдың башыма ай.
Сүйлөсөң оозуң моймолжуйт
Сүрөткө тартып койгонсуң.
Түн ичинде ойготуп
Түйшүктү салдың башыма ай.
Көйнөгүң кызыл баркы экен,
Урууңуз кайсы калк экен.
Калемдей экен кашыңыз,
Канчага чыкты жашыңыз.
Белиңиз ичке кучарга,
Жараткан канат бербептир,
Асманга алып учарга.
Сулууну көрсө дарт козгойт,
Суңкуйган жаман алгыча,

Султан боюң жөн өтсүн.
Жакшыны көрсө дарт козгойт,
Жалпайган жаман алгыча,
Жалгыз жаның жөн өтсүн.
Ашыктык десем айкырам,
Кыз бала десе кыйкырам.
Кыз ак кындан кыла айбым,
Ашыктыктан кынга айбым.
Сонун коюп ташты айтам,
Сулууга бүткөн кашты айтам.
Ашыктыгы курусун,
Аяз күндө бастырат,
Акылыңдан шаштырат.
Кыш чилдеде бастырат,
Кыялыңдан шаштырат.
Улуу дайра өтө албайм,
Узакка кетсең жете албайм.
Агын дайра өтө албайм,
Алыска кетсең өтө албайм.
Ашыктыгы курусун.
Белеске чыгып чакырсам,
Угасыңбы ашыктык.
Бел багымды таштасам,
Жубасыңбы ашыктык.
Капталга чыгып чакырсам,
Угасыңбы ашыктык.
Калпагымды таштасам,
Жубасыңбы ашыктык.
Колумдагы боз шумкар,
Колумдан учту жакшылар.
Ойлоп жүргөн жашчылык
Оюмдан учту жаштар ай
Эшигиң ылдый пай дубал,
Аттабаймын ашык жар.
Ачуум келсе үйүңө,
Каттабаймын ашык жар.

Маргаландын бер алды,
Анжияндын ар үстү.
Шаардан келдим ашыктык.
Кылыгыңды жактырып,
Зардан келдим ашыктык.
Ашыктыктын артынан,
Күндө ооруйт кабыргам.
Ашыктыктын артынан
Онтотуп ооруйт омурткам.
Кылыч менен чапкандай,
Кыймылдатпайт бек кыптам.
Көк сурма десең көзүмдү ал,
Көпкө салып өзүмдү ал.
Кечиктиң десең кашыңды ал,
Калыска салып башымды ал.
Атыңдан айтсам эл билет,
Айтпайын десем ич күйөт.
Жубарымбек кантип кеткен деп,
Жүрө албасам эл күлөт.
Жалыныңа учурап,
Чок кылайын дейсиңби.
Бир мусулман баласын
Жок кылайын дейсиңби.
Сулууну сулуу дейт экен,
Сулууларың курусун.
Суктантып жанды жейт экен.
Жакшыны жакшы дейт экен,
Жакшылары курусун,
Жалбартып жанды жейт экен.
Жакшы да болот мээр чөп,
Жамшанган бизде элда көп.
Сулууда болот мээр чөп,
Суктанган биздей эген көп.
Эгиз тоолуу бөлүнгөн,
Кыйын болот турбайбы.
Эрдин наамын чыгарган,

Зайып болот турбайбы.
Кара тоодо бөлүнгөн,
Кыйын болот турбайбы.
Эрдин наамын чыгарган,
Зайып болот турбайбы.
Атаны көрү тирүүлүк,
Аккан суудай шаштырып.
Арман менен дүйнөңдөн,
Өтүп кетет бастырып.
Ашыклыгдан айтайын,
Кадыргеч болду кыдырма.
Кылшаймын күндө адырга,
Ашыктыктан саз айтам.
Белимдеги беш мейиз,
Жебедиң беле ашыклык.
Мен тийеин сен алгын,
Дебедиң беле ашыктык.
Ашыктык бачым айтыңыз,
Бир кечке алып жатыңыз.
Бир кечкиге көнбөсөң,
Тон берейин жатыңыз.
Соодагердик кылыңыз,
Соопко такыл болуңуз.

## АШЫГЫЛЫК[1]

Ээй, жытың бир оода жаныңдан,
Айкалышкан далыңдан.
Кургоолу темир горейне,
Күлкүңө куштар биз болдук.
Кудайым кылды алейне,
Жакшы бир темир горейне,
Жаныңа куштар биз болдук.
Жан эгем кылды алейне.

[1] КР УИА КЖБ.– Инв. №515. 6-дептер.

Орок бир орсом боо байлайм,
Өзүм өңдүү балдардан,
Он боодон буудай кем байлай,
Ноодайым десем дан байлайм.
Ноодайымдын дартынан.
Порумумду түз кылдым,
Жазгы иштерди күз кылдым.
Жадап кеттим ишимден,
Ноодайым кетпей түшүмдөн.
Үч курай башын түйгөнүм,
Ноодайымдын дартынан,
Үшкүрүп басып жүрөмүн.
Ак буудай башын түйгөнүн,
Ак Ноодайым дартынан,
Ашыктыкка күйгөмүн.
Тараза чыгат тоо жактан,
Чолпон чыгат биз жактан.
Канатымда катым бар,
Сенин ак Ноодай деген атың бар.
Күлгөнүңдө кутуң бар,
Сенин ак Ноодай деген атың бар.
Өтө сулуу ак Ноода,
Жорго боз минген ак Ноода.
Жолуңду тоскон биз Ноода,
Айгыр боз минген ак Ноода.
Алдыңды тоскон боз Ноода,
Азалап чакыш чайнайсың.
Адамды көрсө жайнайсың,
Туш-тушуңдан тиктейсиз.
Турумтай сындуу көрүнүп
Жан жагыңдан тиктесем,
Турумтай сындуу көрүнүп.
Жан жагыңдан тиктесем,
Жагалмай сындуу көрүнүп.
Жүрөгүм жик-жик бөлүнүп,
Ноодайыңды алгын деп,

Атам жооп берди го.
Ноодайым чыкты буралып,
Айдай бетин нур чалып.
Анжияндын бер алды,
Азыктын ыры үстү,
Шаардан жиди Ноодайым.
Куржунумду көтөрүп,
Зардан келдим Ноодайым.
Эшигиң алды пай дубал,
Аттабайын Ноодайым.
Ачуум бир келсе үйүңө,
Каттабаймын Ноодайым.
Желмаян минген төөлөрүң,
Желгенинче бар экен.
Бай бачанын мактабай
Келгенинче бар экен.
Пачалар майды басык дейт,
Кара чайды катык дейт.
Көк чайды кайнат ич,
Тарышы менен олтуруп,
Кымбатуу ырга толтуруп,
Тарпы болгон Ноодайым.
Майы кайнап карында.
Ашка толгон Ноодайым.
Өйүзгү тоолор бетелүү,
Бетеси чыгат өзүнөн.
Бейили жакшы Ноодайым,
Бербеймин сени эч кимге.
Көрөгөч адам Максүттөй
Бир ынак ичкен ак сүттөй
Сала турган жерине
Жайнамаз кийим салынтып,
Көзүм түштү төрөгө
Кармадым эшен колунан
Каттадым быйыл жолунан
Китепти өзүм көргөмүн,

Бейиш тозок жолунан.
Миң үйлүү муңдуз ичинде,
Туулган экен Ноодайым.
Салам айтып жүгүндү,
Сыянашты кылды го.
Мартабасын зор кылды,
Көңүлүңдү жай кылды.
Тараза жылдыз чыкканда,
Жаныма келип отурду.
Карап туруп кайталык,
Эми уруксат бергин айталык.

## АК КЕЛИН[1]

Жылганын башы Жылтыр-Таш,
Жылкы айдасам жошулсун.
Жылмаңдаган ак келин,
Быйыл ырга кошулсун.

Коктунун башы койдой таш,
Кой айдасам жошулсун.
Кыткылдаган ак келин,
Быйыл ырга кошулсун.

Арналып ташы бир табак,
Ак келинди ыр кылып,
Айтып өтөм бир сабак.

Буудайдын ташы бир табак,
Ак келинди ыр кылып,
Муңканып өтөм бир сабак.

Келбетиң аппак келишкен,
Келдиңби чыгып бейиштен.

[1] КР УИА КЖБ.– Инв. №515. 6-дептер.

Шимип көрсөм шип-ширин,
Шилекейиң мейизден.

Каштарың калам чийгендей,
Ак жүзүң ай тийгендей.

## АШЫГЛЫК[1]

Ак ала зоонун боорунан,
Ак жибектен жайдым тор.
Ак жибек торго түшпөсөң,
Акылдаш кимге болдуң кор.

Алыста жүргөн келинге,
Ак кагаз жазып койдум кол.
Көгала зоонун бооруна,
Көк жибектен жайдым тор.
Көк жибек торго түшпөсөң,
Көңүлдөш кимге болдуң кор.
Көрүнбөй жүргөн келинге,
Көп кагаз жазып койдум кол.

Сагызган оттойт саманга,
Саргашка миндим даванга*,
Санаалаш алыс мен кетсем,
Санааңды бурба жаманга.

Көгүчкөн оттойт саманга,
Көк кашка миндим дабанга.
Көрүнбөй алыс мен кетсем,
Көңүлүң бурбу жаманга.

Сары гүлгө коном деп,

[1] КР УИА КЖБ.– Инв. №515. 6-дептер.
* бийикке

Саргайып сайрайт бир булбул.
Саргарып сага жете албай,
Сарсанаа болдум бир кургур.

Кызыл гүлгө коном деп,
Кызыгып сайрайт бир булбул.
Кызыл гүлгө жете албай,
Кыйналып жүрөт бир кургур.

Чыгышты карап сызылган,
Сөгөттүн тунук булагы.
Сиз менен биздей жаштарды,
Ойноп бир күлөр убагы.

## АШЫК ЖАР[1]

Саламым ушул жиберген,
Сүйүшүп жүрүп кезиккен.
Жүрөктүн сырын чечишкен,
Жанымдай көргөн жарымсың.
Жанаша гүлдөй өсүшкөн.
Кыйышпас жарым түбөлүк,
Бир тилекте жүрөлүк.
Тилекти берсе кудайым,
Алышып ойноп жүрөлүк.
Жартыны бөлүп бир жешкен,
Жанканыбыз бир дешкен.
Жанымдай көргөн алтыным,
Согушка сапар жөнөдүм.
Санаган менен болобу,
Тагдырдын жолун көрөмүн.
Сагынып жүргөн жарыңдын,
Санаасы кетти бул жерден.
Санаалашым Алтынга,
Саламым ушул жиберген.

[1] КР УИА КЖБ.– Инв. №515. 6-дептер.

## ЖАШТЫК ЫРЛАРЫ[1]

Бото көз, моймол, бураң тел,
Болжолум ушул сууга кел.
Өптүрчү тосуп оозуңдан,
Куп десең, келе колуң бер.
Чачың тоонун кундуздай,
Көзүң чолпон жылдыздай.
Кучактап жатса койнуңда,
Адамдын кетпейт тургусу ай
Кашың сонун чийгендей,
Калемдин учу тийгендей.
Кайгыны жазар кара көз,
Кайрылып келчи ийменбей
Күлүп койсоң жарк этет,
Тишиң тизген күрүчтөй.
Күрүчтөй деп күчкө айтам,
Нукура тапкан күмүштөй.
Кара боюң калыптай,
Кайрылсаң боюң жалт этет.
Калыптай деп калп айтам,
Катка бүткөн арилтей.
Көкүрөктө кош алмаң,
Көрүнөт мага анардай.
Кумарды жазар кара көз,
Кубалашып ойнойлук,
Кулжа менен маралдай.
Жазган катың мөлтүрөй,
Окуган адам шашкандай.
Майыштырат кат жассаң,
Машина менен баскандай.
Белиң ичке ыргайдай,
Бетегелүү белестен.
Бери басып карасаң
Бетиң чыккан жаңы айдай.

[1] КР УИА КЖБ.– Инв. №515. 6-дептер.

Каз моюн кар көзүңүз,
Жарпымды жазар кара көз.
Баданимди* күйгүзгөн,
Балдан ширин сөзүңүз.
Басканыңды байкасам,
Бадалда жүргөн калтардай.
Көңүлдү ашчу кара көз,
Көрүнө келчү жалтанбай.
Куштармын сенин өзүңө,
Карагаттай көзүңө.
Башка-башка сүйлөгөн,
Балдан ширин сөзүңө.
Ак жибектен жолугуң,
Азгырат мени жоругуң.
Ар адамдан башкача,
Күлүп койгон форумуң.
Кызылды кийсең буралат,
Кылда жүрсөң чубалат.
Кыя тиктеп кеп айтсам,
Кысылган жүрөк кубанат.
Атаке менен Чымкоргон,
Айылда сиздей ким болгон.
Ашыклыгдын белгиси,
Алкымдан жыттап тил соргон.
Кең Жылгада, Четинди,
Керкимдин учу кетилди.
Керилтип туруп бир өпсөм,
Кебезден аппак бетиңди.
Чоң-Кайыңды, Четинди,
Чокумдун учу кетилди.
Чоюлтуп туруп бир өпсөм,
Чоюлган аппак бетиңди.
Кош алмадай эмчегиң,
Кошулсам деп эңседим.
Коңур салкын күз болуп,

* жүрөк

Койнуңда жатсам мен сенин.
Жол жүрсөм алыс сапарга,
Жолдошум качан келет деп,
Сагынып жолду карасам.
Санаалашым Алтынга,
Сагынганда мен барсам.

## СЫРГА ЖАН[1]

Мукур булак кой таштан,
Мөлтүрөгөн Сырга жан.
Мынча неге зарланттың,
Коркпойсуңбу көз жаштан.
Чытыр таш менен Тар жылга,
Чытыраган Сырга жан.
Көбүрөк мени какшатып,
Көңүлүңдү тар кылба.
Көбүргөн конуш көк жардан,
Көрбөсөм сени сагынам.
Көп саамайың чубалып,
Чыгып турса далыңдан.
Көк-Тумшук менен Кызыл-Жар,
Көргөнгө болдум ынтызар.
Жок экенсиң Кеминде,
Көп мактайт сени кыргыздар.
Кеңжылга коргон тектирден,
Ат бакса жакшы семирген.
Кыдырып сендей таппадым,
Келбетиң артык keминден.
Артылып жатып жыттасам,
Аксаргыл болгон бетиңден.
Карабөктөр күбүрдөн,
Кайгыны жазчу кара көз.
Канчалык алыс жүрсөм да,

[1] КР УИА КЖБ.– Инв. №515. 6-дептер.

Кадырман сенден түңүлбөйм.
Кайгыңды келип жазгын деп,
Кат жазууңду мен күтөм.
Алмалуу чукур төөгарын,
Алмашып жүрдүк бир алдын.
Ажырап сенден калганым,
Алдага көптүр арманым.
Капкактуу булак саржыгач,
Келинден артык каракаш.
Кыялымды эстесем,
Жүрө албаймын алсырап.
Көпүрө менен суу жарма,
Көп болдум сенден арманда.
Көз карашың кылтыйып,
Сырга жок экенсиң арманда.
Коңур-Дөбө такадан,
Кара көз сулуу Сыргажан.
Жыргалдуу койнуң санасам,
Кутулбайт жүрөк кападан.
Кара жорго сабайдан,
Кайгыны жазчу Сыргажан.
Кайгыңды тартып ырдасам.
Кайгырат сизге далай жан.
Жарк этип сонун күлөсүң,
Жайдарым сонун мүнөзүң.
Жашырып койсун жараткан,
Жаш жандын кылган күнөөсүн.
Байкаймын сөздүн маанисин,
Окуп көрүп катыңды.
Атыңды айтсам эл билет,
Ак чабак койдум атыңды.
Кайда болот кара көз,
Ак чабактын айылы.
Жер кыдырып издесем,
Чыгар бекен тайыны.
Күндө издеп чарчадым,

Гүлшө менен Алайды.
Күйөрман чабак болбосоң,
Күйгүзгөн капаң тарайты.
Кечеги күнү жүргөн жер,
Кепташ менен Сары-Күңгөй.
Кейиттиңго жанымды,
Керилип ойноп бир жүрбөй.
Уу саз менен Кабылан,
Убара болдум абыдан.
Убараңды көп тартып,
Улутунуп сагынам.
Гүлшө менен Жошолу,
Күн тийсе күбүр бошоду.
Күн нурундай сабакты,
Күйбөгөн жигит кошобу?
Акталаа менен жошолу,
Ай тийсе талаа бошоду.
Ай нурундай чабакты,
Албаган жигит кошобу?
Катыраңкы, Кайыңды,
Колхоздун малы жайылды.
Кара көз сулуу чабактын,
Кайда болот айылы.
Акташ менен Кеңколот,
Жай саратан ысыкта.
Жайлоого барган эл конот,
Жайдарым сулуу кара көз,
Ашкере жүрсөк не болот.
Айтсам арман арылбайт,
Азелде сендей табылбайт.
Ашык болуп күйбөсө,
Адамды адам сагынбайт.
Чачың тал-тал жибектей,
Жасатың тарткан сүрөттөй.
Асилдигиң мааниси
Акундун кызы Чүрөктөй.

Башың алтын түймөдөй,
Тилиң шекер шириндей.
Растап сага күйөмүн,
Ражап менен дүрүдөй.
Аппак этиң жымылдап,
Атлес шала түрүндөй.
Кашың кара кундуздай,
Көзүң кабар жылдыздай.
Мурдуң борум мистедей,
Аппак этиң күмүштөй.
Тишиң тизген жакуттай,
Тырмагың аппак ак октой* .
Эки бетиң албырып,
Эгизден жанган панардай.
Эки эмчегиң тирсийип,
Аптапка бышкан анардай.
Боюң тегиз мунардай,
Борумуң алгыр тынардай.
Колуң асил чынардай,
Койнуң атыр жыпардай.
Бетиң аппак пактадай,
Бедериң жибек табардай.
Сыртың тегиз дубалдай,
Сының чалыш кунандай.
Ушунчалык ойлонуп,
Ырдап калдым уялбай.
Ак чабак сага күйгөмүн,
Үч жыл болду жаңыдан.
Ашыктыктын азабын,
Угуп койгун абыдан.
Салам наама кат жаздым,
Сагынып сага баралбай.
Айтышкан шерттен жана албай,
Аныктап жооп алалбай.
Абдан күйдүм сен үчүн,

* акактай

Козуке менен баяндай.
Өңүм десем түшүмдөй,
Өзгөчө күйдүм сен үчүн,
Олжобай менен Кишимдей.
Асылга асыл табылбайт,
Асылга асыл табылса,
Ашыктык оту жалындайт.
Басылбастан күүлөнүп,
Барган сайын жалындайт.
Калган көңүл качкан куш,
Кайта издесе табылбайт.
Акылдан айнып сен үчүн,
Күйгөнүмдү билбейсиң
Сүрөтүңдү сагынып,
Сүйгөнүмдү билбейсиң.
Арманымы айтып зарланып,
Жүргөнүмдү билбейсиң
Акылың болсо ойлонуп,
Күйгөнүмө карагын.
Күйгөнүмү эстесең,
Күндө үч убак санагын.
Кадимки сөсдө бар болсоң,
Кадырым билген жар болсоң.
Кошомат эмес анык сөз,
Кошулууга зар болсоң.
Кагаздан сөзүм угарсың,
Убада сөзгө турарсың.
Турсаң мага тиерсиң.
Чыбыктай болуп буралып,
Чырмалышып жүрөрсүң.
Билеселүү жан болсоң,
Бул сөзүмө кирерсиң.
Ак чабак сага сөз айтам,
Убада сөздү бек айтам.
Азелде тагдыр буюрса,
Аламын сени деп айтам.

Тогуз күн башы аралдан,
Кудирет берсе тилекти.
Кутулсам деп жаладан,
Убада сөздө бек болсо,
Ак чабак турат ландо.
Сабырдын түбү сары алтын,
Сабырдуу болсоң жетерсиң.
Сабырсыз болсоң бекерсиң,
Сагынбай таштап кетерсиң.
Сабырдуу болсоң озорсуң,
Самаган жерден тозорсуң.
Сабырсыз болсоң осолсуң,
Барган сайын бошорсуң.
Турбасаң шертке Ак чабак,
Тултук эмчек кополсуң.
Аста басып буралып,
Арка чачың чубалып.
Алганым болсо Ак чабак,
Аптамага суу алып.
Секин басып суу алып,
Желке чачың чубалып.
Жеткеним болсо Ак чабак,
Жез кумганга суу алып.
Алганың мындай болгон соң,
Адамда арман калабы.
Ашыктык оту күйдүрбөй,
Адамзат бенде жанабы.
Кашкайып карап күлгөнүң,
Жабырымды билбейсиң.
Жалганбы менин күйгөнүм,
Же жыйырмада кайран жаш,
Менден кеттиң билинбей.
Жабыркаттың жанымды,
Жаш кезде колго илинбей.
Жаз менен кыш алмашып,
Бир бирине жеткирбес.

Кошулалык Акчабак,
Али да болсо эски эмес.
Кош болгун чабак көргөнчө,
Тагдырыбыз буюрса.
Кошулуп бирге жүрөлүк,
Ажал жетип өлгөнчө.
Уктасаң түштөй сезилет,
Алганым алыс калды деп.
Ага-иним аман барбы деп,
Эт жүрөгүм эзилет.
Айылымда Молдодүкүжан,
Айнектей жүзүң кубулган.
Отуз эки тишиңден,
Шарват сөзүң чубурган.
Атыңдын башы «Т» болот,
Аягы «Ы» га токтолот.
«Т» тамга сизди эстесем,
Жүрөгүм күйүп чок болот.
Көйнөгүм кызыл тобардан,
Көргөндө чыгам кумардан.
Күндө үч убак зарланттың,
Ушундай беле убадаң.
Полот калем сабыңыз,
Бошотту менин табымды.
Буйгарып кантип өчүрөм,
Жүрөктө күйгөн жалынды.
Талды булак талмадан,
Талы бир сайып, суу байла.
Таалайга келген иш болсо,
Тартынбай жигит бел байла.
Тээп чыктым терекке,
Теректин гүлүн термекке.
Теректин гүлү дары дейт,
Жалындап күйгөн жүрөккө.
Жазганым жашыл карындаш,
Жаркыраган асылды.

Сүйбөсө адам сагынбас.
Туулган жериң Дүмбулак,
Турна моюн кыргый көз.
Сентябрдин айында,
Кат жазыпсың сөз сурап.
Каттагы сөзүң сын менен,
Кадимкидей ыр менен.
Кайгыны жазар кара көз,
Кайда экеним билбеген.
Кабарымды уккан соң,
Кат жазып мени издеген.
Колхозчу келин улуксат,
Катыңа жооп жазайын.
Кабарымды уккан соң,
Кабарымды кыскача,
Казал менен айтайын.
Көйнөгүң тобар сарыдан,
Көрбөсөм сени сагынам.
Кө саамайың чубалып,
Чыгып турса далыңдан.
Айлыңдын чети Музбулак,
Айнектей болгон улуксат.
Ак тамагың гүлбурап,
Аймашып жатып уктасак,
Акылдашып сыр сурап.
Саамайың желге таралып,
Пахтадай тамак агарып.
Жалганда тагдыр буюруп,
Жаныңда жатсам буралып.
Семиз-Көл, Коргон тектирден,
Ат бакса жакшы семирген.
Кыдырып сендей таппадым,
Келбетиң артык келинден.
Артылып жатып уктасам,
Ак саргыл болгон бетиңден.
Колхозуңдун жайлоосу,

Кара-Шоро, Күбүрдөн.
Канчалык алыс жүрсөм да,
Кадырлаш сенден түңүлбөйм.
Салам-Алик, Ак-Терек,
Сагынып алыс жүргөндө.
Сага окшогон асилден,
Сагынып жазган кат керек.
Агарып аткан таңыңдын,
Алсырап алыс жүргөндө.
Ашык жарым алтыным,
Аманын тиле жанымдын.
Сурташтын үстү үч сейит,
Аны жайлайт экен көп тейит.
Жароокерсиң туйгунум,
Ашык жар алыс жүрөт деп,
Азаптанба көп кейип.
Ара-Кол менен Туюкту
Аралап жүрдүм ар убак.
Айнектей тунук туйгунум,
Агарып этиң гүл бурап.
Аралашып жүрсөк деп,
Кат жазыпсың сыр сурап.
Жан эгем берсе тилекти,
Жакын болуп жүрөлүк,
Жанаша ойноп күлөлүк.
Алтындан сонун баркыңыз,
Арнап катты жаздыңыз.
Ак ниеттүү иштесең,
Алыска кетет даңкыңыз.
Асилди кантип көрөм деп,
Арнап жазган катыбыз.
Уялып туруп калбастан,
Урматтуу жооп жазыңыз.
Атыңыз кетти алыска,
Айла жок кайра алышка
Абазбек турат калыска

Ала талаа буюрса
Ак никелеп алышка.
Кыз Соно сиздин атыңыз,
Кызыктырып иштесең,
Кылымга кетет даңкыңыз.
Кыйналып туруп калбастан,
Кымбаттуу Соно көрсөм деп,
Кызыгып жазган катыбыз.
Абалкы алган аялым,
Алыстап кеттик жаштыктан.
Арабызда Абазбек,
Уялам кайра барыштан.
Уялып келбей койду деп,
Убайымда калбасаң.
Тандап алган аялым,
Таарынып кеттик жаштыктан.
Арада Анар апаңыз,
Ийменип кайра барыштан.
Ийменип келбей койду деп,
Армандуу болуп калбасаң.
Армандуу болбой жүрө бер,
Аман болсо алтын баш,
Абазбектин тоюнда
Бир беттешип аларбыз.
Булбулу таңшыйт таң менен,
Буралган кырчын тал менен.
Уктап кетсем түшүмдө,
Буралып уктап жатыпмын,
Буралган сулуу жар менен.
Убада кылдым барууга,
Урматтап аны алууга.
Болжолу ушул болсун деп,
Бир кучактап калууга.
Тар жерде аны таппадым,
Таң атканча уктадым.
Ойгонуп кетсем түш экен,

Бир кумардан чыкпадым.
Алла талаа буюрса
Түшүмдө эмес өңүмдө
Алып жатып уктармын.
Ак никеси буюрса.
Айчүрөктөй сонунду.
Кара-Күңгөй, Ак улак,
Канчалык суук болсо да,
Колхоздун малын багууга,
Белсенип малчы тың турат.
Айылда шаар болсун деп,
Атабыз айткан Сталин.
Кеткен экен пландап,
Айыл да шаар болуптур,
Калкыбыз күчкө толуптур.
Айылды кошо куруугa,
Мага да буйруп коюптур.
Жуушандуу жерде ат ойнок,
Жумгалдын кызы Мөөркан,
Жүргөн экен көп ойноп.
Гидро узель курам деп,
Таштарын тердим суу бойлоп.
Кышкысы суук чилдеде,
Соң-Көлдүн үстү муз ойнок.
Жанында иштеп жүрөмүн,
Кой кайтарган жаш келин.
Аман-эсен барбы деп,
Азаптанып көп ойлоп.
Чаектен биздин жолубуз,
Аралга келет суу бойлоп.
Ардактуу малчы жаш келин,
Кат жазыпсың көп ойлоп.
Устасы элдин Токтобай,
Урматтуу өскөн жар эле.
Алыша кетсе темирге,
Арстандай күчү бар эле.

## СЕЛКАЙЫМ[1]

Үнүм бир келбейт унжалып
Доошум бир келбейт тоо жарып.
Тувалар болгон шекилди
Айылдакы катындар
Жувармек мынча ырдайт деп
Кавгалар болгон шекилди.
Кавгаям болсо майлина
Биз барбайбыз айлына
Агала болуп жайылган
Асым гам байдын кою экен
Чыбырала жайылган
Чириген байдын кою экен
Чың колтукка жай болгон
Селкайымдын бою экен
Секиндеп басып селт этип
Сен жүрөгүм солк этип
Акбосого мазарың
Тайып бир келдим Селкайым
Караңгыда жол жүрүп
Кайып бир келдим Селкайым
Укажан даминди алып шүк деди
Бир пас жатып кайт деди
Жолдошуңду айт деди
Жолдошумду айтбадым
Жолдошум жакшы киши эле.
Жолу жакшы иш эле
Көп Качибек аруке
Кең жаңарык Назике
Жергинаңдап Селкайым.
Кучагларга бир тутам
Белгунаңдап Селкайым.
Алтын бир казык айламаң

[1] КР УИА КЖБ.– Инв. № 35 (228). Жыйнаган А.Шүкүров (1927-жыл)

Ат байлатып Селкайым.
Алганыңдан сен чыксаң
Бел байлайын Селкайым
Күмүш бир казык айламаң
Ат байлайын Селкайым.
Күйөңүздөн сиз чыксаң
Бел байлайын Селкайым.
Билерик берсем алып жүр
Бир колуңа салып жүр
Биз деле душман көп окшойт
Билгизбей секип алып жүр
Билерик бердим парага
Билбести койдум арага
Оймок бир бердим парага
Олдо эле сулуу Селкайым
Осолду койдум арага
Оймом ям берсем алып жүр
Оң колуңа салып жүр
Ортого душман көп акмайт
Ойнотбой секин алып жүр
Эшке чыксам эргилчек
Этегим илет Селкайым
Сизди эле эңсеп жүргөнүм
Эгем билет Селкайым
Курбуга чыксам куу бутак
Курумду илет Селкайым
Кусабир болуп жүргөнүм
Кудайым билет Селкайым
Көк кыядап чаң чыгат
Күлүң бир барбы Селкайым
Күрөшөргө жарабай
Өчүн бир барбы Селкайым.
Ак кыядан чаң чыгат
Көчүң бир барбы Селкайым
Көрүшөргө жарабай
Өчүң бир барбы Селкайым

Ак кыядан чаң чыгат
Көчүң бир барбы Селкайым
Арба дешке жарабай
Өчүң барбы Селкайым
Арба эле десең белбойбу
Аг эмгекти колго алып
Карма десең болбойбу
Карыптын көөнү толбойбу.
Суу башынан аттанып
Сулуунун барысын катка алып
Жар башынан аттанып
Жакшынын барысын катка алып
Жаркырап жабдык атта бар.
Алыптын башы катта бар
Улуу дубал сартта бар.
Ашыглыктын нускасы
Селкайым өзүңүздөй мартта бар.
Ай асмандын боорунда
Алтындан чачбак сооруңда
Айда ырдай сиздин доорунда
Ай кыядан мукарын
Батар ал күндүр бар бекен
Селкайым сиздин үйүгө
Жан айланып бир кече
Жатар ал күндөр бар бекен
Күн асмандын барында
Күмүштөн чачпак соорунда
Күндө ырдайм сиздин доорунда
Күн кыяда мунарын
Батар ал күндөр бар бекен
Селкайым сиздин үйүңө
Бир кечейи бир күндүз
Жатар ал көндөр бар экен
Алтындан соккон билерик
Сен салындың Селкайым
Айчылыкта сен жүрсөң

Мен сагындым селки айым
Күмүштөн соккон билерик
Сен салындың Селкайым
Күнчүлүктө сен жүрсөң
Мен сагындым Селкайым
Көйнөгүң кызыл этиң ак
Көнүң бир жумшак ээриң сак
Парантың жумшак этиң ак
Пайлың жумшак энең сак
Кыймат бир кызыл көйнөгүң
Кыска бир келди боюңа
Кыйладан бери көрбөдүм
Кысып бир алчы койнуңа
Дарайдан көйнөгүң
Тар келиптир боюңа
Далайдан бери көрбөдүм
Тартып бир алчы койнуңа
Сай боюнда сан өрдөк
Сакаймын ука жан бөлөк
Көл боюнда көп өрдөк
Көнүм бир бирге жан бөлөк
Көл боюнда оттогон
Көгала кучкач болойун
Көнүм бир сизде биз мында
Кантип бир адам болойун
Сай боюна оттогон
Сарала кучкач болойун
Санам го сизди биз мында
Кантип адам болоюн.

## ДАТКАЙЫМ[1]

Бейкасал кийсе жеңи тар
Этке эле тийсе мунайам
Бек кызындай Даткайым
Бейсазар эрден сен чыксаң
Бешке тийгин ылайым
Караны кийсе жеңи тар
Эткеле тийсе мунайым
Кан кызындай Даткайым
Карелсиз эрден сен чыксаң
Канга тийгин ылайым
Айланып тоодон кетпеген
Ак аркан салса жетпеген
Аркар бир мүйүз текелер
Тоодо эле болот Даткайым
Жакшы бир менен ойносом
Соода эле болот Даткайым
Жаман ал менен ойносоң
Коогале болот Даткайым
Кычырап соодаң кетпеген
Кыл аркан салса жетпеген
Кылыч бир мүйүз текелер
Зоодо эле болот Даткайым
Жакшы бир менен ойноп жүр
Саадале болот Даткайым
Жаман ал менен ойносоң
Коого эле болот Даткайым
Капталдын отун оттогон
Кайкынын чаңын жоктогон
Каратан кимдин малы экен
Какымдатып какшаткан
Даткайым кимдин жары экен
Белестин чаңын жоктогон

[1] КР УИА КЖБ.– Инв. № 35 (228). Жыйнаган А.Шүкүров (1927-жыл).

Беше кан кимдин малы экен
Безилдетип какшаткан
Даткайым кимдин жары экен
Тескейди тээп оттогон
Телкүрөң кимдин малы экен
Дегдеде жүрүп ойногон
Даткайым кимдин жары экен
Күнгөйдүн гүлүн оттогон
Күрөң ал кимдин малы экен
Күйгүзө жүрүп ойногон
Даткайым кимдин жары экен
Түз эле шакка түнөгөн
Турумтай учкул куш экен
Түнүям ойноп күн кеткен
Ашыклыгым мүшкүл иш экен
Караям шакка түнөгөн
Карчыга учкул куш экен
Түнүям ойноп күн кеткен
Ашыглыгым мүшкүл иш экен.
Капталдагы кайыңдай
Калтырайсың Даткайым
Кандар салган жаптыктай
Жайырайсың Даткайым
Белестеги ыргайдай
Белиң бир ичке шыргайдай
Кайырайсың Даткайым
Беглар ал сапан жаптыктай
Жалтырайсың Даткайым
Кара бир тоонун боорунан
Кайбылар учкан куш болот
Кара көз сулуу Даткайым
Кандайлар пандаң туш болот
Мустан бир тоонун боорукан
Бургуйлап учкан куш болот
Бурма көз сулуу Даткайым
Буйурган бандаң туш болот

Эриксем мынтык асынып
Эгиз бир тоонун боорунан
Элик бир атып дууладым
Эркем бир сулуу Даткайым
Эңсеп бир жүрүп куурадым
Карай бир тоонун боорунан
Кайберен атып дууладым
Карай көз сулуу Даткайым
Капалың тартып куурадым.
Суудан ал чыккан сүлүктөй
Суурулуп чыккан күлүктөй
Делгиресиң Даткайым
Мен ичимде даримди
Сиз билесиз Даткайым.
Аркардын изин кум билет
Атыңдан айтсам эл билет
Даткайым десем ким билет
Дарыя бойлоп суу кечип
Арпалышып бел чечип
Жатпадым сиздин койнуңа
Менин ишим түшүптүр
Суксурдай сенин мойнуңдан
Суягым чыксын койнуңдан
Өрдөктөй сенин мойнуңдан
Өлүгүм чыксын койнуңдан
Коёндой сизидин мойнуңан
Бир бурасам дейт элем
Куюндашып мен сизден
Сыр сурасам дейт элем
Аркардай сиздин мойнуңан
Бир бурасам дейт элем
Арпалышып мен сизден
Сыр сурасам дейт элем
Караям козу телдейим
Калкымда жоктур сендейин
Эгиз ам козу телдейим

Элимде жоктур сендейим.
Сен дебейин сиз дейин
Сиздейди кайдан издейин.
Эгиз ям тоонун аскасы
Экөөбүзгө тең арман
Элибиздин башкасы
Карай бир тоонун аскасы
Экөөбүзгө тең арман
Калкыбыздын башкасы.
Акбелдеп чыккан коёнду
Даткайым сизди дегенде
Көзүмөн аккан жашима
Акырегим жуулду.
Көк белден чыккан коёнду
Даткайым сизди дегенде
Көзүмөн аккан жашима
Көкүрөгүм жуулду
Акзоонун башы акжалтаң
Аңдабай басып тайгылдым.
Азгана күлүп көп ойноп
Даткайым сизден айрылдым.
Көк зоонун боору көк жалтаң
Көрбөй ам басып тайгалдым.
Көп кана ойноп аз күлүп
Даткайым сизден айрылдым.
Жайлооң майдан көбүргөн
Даткайым сизди дегенде
Жамгырдай жашым төгүлгөн
Сонушуң майдан көбүргөн
Колуңдан кавхар төгүлгөн.

## САРДАЛ[1]

Билегиңден кармабай
Билдим а Сардал дартыңды.
Тамырыңдан кармабай
Таптым а Сардал дартыңды.
Билегиңден Сардалым
Билгизбестеп ойногун.
Зирегиңдеп Сардалым
Аңдабастап ойногун.
Акылыңдап Сардалым
Адырма мадыр жойлогон
Түлкү экенсиң Сардалым.
Алган ям эрге мунасын.
Мүлк экенсиң Сардалым.
Каламдап ичке кашыңа
Кайгыны салдың башыма
Ажап бир кушум түшүптүр
Чийилген ичке кашыңа
Ак шагылдын этеги
Быйыл болду Сардалым
Көк шагылдын этеги
Кыйыр болду Сардалым.
Көрсөм боюу көргөлү
Быйыл болду Сардалым.
Эшигиң асты көп арча
Шамалда тийбей солк этет
Сардалымды санасам
Жүрөгүм бошы булк этет.
Ичимда күйөт Сардалым
Эшке чыксам эргилчек
Этегим илет Сардалым.
Эйсдар болуп жүргөнүм
Эгем да билет Сардалым.

[1] КР УИА КЖБ.– Инв. № 35 (228). Жыйнаган А.Шүкүров (1927-жыл).

Курбуга чыксам куу бутак
Курумду илет Сардалым.
Кусадар болуп жүргөнүм
Кудайым билет Сардалым.
Белеске чыгып ырдасам
Баш кабыргам сөгүлөт.
Сардалымды санасам
Кылгырып жашым төлүлөт.
Байлоодо пуяң бакылдайт
Баралбай жарың дакылдайт.
Тушоодо туяң бакылдайт.
Тутушкан жарың дакылдайт.
Байлоодогу туяңды
Тонойбусуң Сардалым.
Балаям жарым келет деп
Онойбусуң Сардалым.
Тушоодогу туяңды
Тонойбусуң Сардалым.
Тутушкан жарым келет деп
Онойбусуң Сардалым.
Ак кыядан чаң чыгат
Күчүң да барбы Сардалым.
Азба дешке жарабайт
Өчүң да барбы Сардалым.
Арба десең болбойбу
Аг эмчекти колго алып,
Карма десең болбойбу.
Карыптып көнү толбойбу
Ошондо гуш увак болбойбу
Алтындан кылган чоң комуз
Айда ырдайбыз алтообуз.
Күмүштөн кылган чоң комуз
Күндө ырдайбыз алтообуз
Алтындан кылган чоорумду
Адырга чыгып тартайын.
Акырет жайдан сиз корксоң

Азабың теңшеп тартайын.
Күмүштөн кылган чоорумду
Күнгөйгө чыгып тартайын.
Гуная иштпе сен корксоң
Гунасын теңшеп тартайын.

## СЕКЕТ[1]

Эли түз Аксай жайласын,
Элиртип күлүк байласын.
Элимден издеп таппадым
Эрмегим секет кайдасың.
Калкы түз Аксай жайласын,
Калкытып күлүк байласын.
Калкымдан издеп таппадым
Кадырым секет кайдасың.
Карасам көзүң моймолжуп
Калыпка бир тартып койгонсуп
Кайгыга башым не салдың
Тиктесем көзүң моймолжуп
Сүрөткө тартып койгонсуп
Түүшүккө башым не салдың
Тамагың санап ич кайнап
Оозуң бир таттуу бал каймак
Ойнуңду санап ич кайнап
Акзоонун башы балгунду
Ак байтал жатса салкындуу.
Көк зоонун башы балгындур
Өзү менен бозодой
Баш алышкан Секетбай.
Арпа менен буудайдай
Арпалышкан Секетбай.
Кызылдан кийдиң желекти

[1] КР УИА КЖБ.– Инв. № 35 (228). Жыйнаган А.Шүкүров (1927-жыл).

Кыр катар тактың седепти
Кудайым берсин медетти.
Жашылдан кийдиң желекти
Жар катар тактың седепти.
Кудайым берсин медетти.
Эки бир чатта кар барбы
Эрмегим таңдуу атырсаң
Эрмегим секет зар барбы.
Үч эле чатта кар барбы
Үмүтүм таңды атырган
Эрмегим секет зар барбы.
Керегеңде бекетбай
Кебир бир ширин секетбай
Босогоңдо бекетбай
Боздоттуң кокуй секетбай.
Каалгаңда бекетбай
Какшаттың кокуй секетбай.
Оймогуң бооң бир тутам
Ойнобой койсоң как жутам.
Шакегиң боом бир тутам
Санабай койсоң как жутам.
Беш чачыңда беш тумар
Ойнуңузга бир кумар.
Төрт чачыңда төрт тумар
Ойнуңузга биз кумар.

## ГӨР ЖАМАЛ[1]

Айт-айт бир десең ач айтам,
Бузулуп калган дубалдай
Септеп бир ырдап берейин.
Оноп бир мунан эки оозду.
Эптеп бир ырдап берейин.
Жамачулу чапандай

[1] КР УИА КЖБ.– Инв. № 35 (228).

Жамап бир ырдап берейин
Жакшыларын чыгарбай
Камап бир ырдап берейин
Ортомчу болгон жунусум
Ортомчу болбой курусун.
Көкөвай алып берем деп,
Көңүлүмдү куш кылдың.
Күрөңдөнгөн жиндиге
Мени бир капбай туш кылдың.
Ак таштын башы гадыма
Атты эле кирбес заадыма.
Көк таштын башы гадыма
Көп эле кирбес заадыма
Күлүктү бердим паманда
Күйүттү жинди алганда.
Көп эле калдым арманда
Жоргону бердим парманда
Жоруксуз жинди алганда
Эми көп эле калдым арманда.
Алганың жаман болгонсоң
Азил бир кепти угасың.
Аста бир эшке чыгасың
Көр жамал сени алганда
Көп эле калдым арманда
Эки оозго кепти мен урсам
Эне деп карайт наржакта
Күн төбөдөн түш болду
Арманым элден күч болду
Ит сойдум беле тоюңа
Эштеңге кирбейт оюңа
Түзүкче киши сен болсоң
Катарга башым кошулуп
Түтүн пул берип турамын
Түнүлдөтүп урармын
Кадалуу киши сен болсоң
Катарга башым кошулуп

Алмам пул берип турамын.
Кадалу киши болбосоӊ
Карсылдатып урармын.
Эки оозчо капты мен урсам
Эне деп карайт нар жакты.
Алты оозчо капты мен урсам
Акылы жок чор экен.
Ата деп карайт нар жакты
Алган бир эриӊ мен десем
Атасы тыйбайт кел десем.
Эки оозчо капты мен урсам
Эне деп карайт нар жакты
Сары бир таштын талаада
Маӊа бир чапты савылып.
Савылып тапкан малымы
Түгөтө берип кагылып
Жан эгемдин ишин көр
Түйдөк баш мага табылып
Түзүк бир түзүк дегеним
Жүрдүм бир эле далайга.
Жалчыбай кеттим айлыкка.
Малашам болсо алайын
Пакизине карайып
Балам тууп бербейби
Келиндер бүбү деп коёт.
Келиндери курусун
Келеӊкерлеп жеп коёт.
Катындар бүбү деп коёт
Катындары курусун
Капиялап жеп коёт.
Сатаӊдар бүбү деп коёт
Сатаӊдарды курусун
Шакавалап жеп коёт
Алган бир жарым көргүлө
Арпага сайган каракчы.
Буюрган жарым көргүлө

Буудайга сайган каракчы
Кепке бир келдиң кылгыча
Өлсөң бир экен гөр жаман
Өзүм бир казып гөрүңдү
Көмсөм бир экен гөр жаман
Алым бир келсе ай ушу
Ак паттар берем колуңа
Айдап ийип жолуңа
Сары бээ берген кайната
Сайдырбай бактың жайлата
Сайдырып койсоң жайлата
Алып бир коём бээми
Абайм бир кызың кээңги
Байлап бир алам бээми
Барбайм бир кызың кээңги.

## МЫРЗАЙЫМ[1]

Жазгы биз сепкен буудайым
Жадыман чыкпайт Мырзайым.
Жадыма салды кудайым
Жадыма салса ырдайын.
Эски бир сепкен буудайым
Эсимден чыкпайт Мырзайым.
Эсиме салды кудайым
Жетекте туяң жем жеген
Жеталбай жарың дегдеген.
Байлоода туяң жем жеген
Баралбай жарың дегдеген.
Жазгы бир келген сононун
Жашыл бир ала мойну бар.
Жаңыл бир мирза баланын
Жаккан бир оттой койну бар.
Дариядан көйнөгү

[1] КР УИА КЖБ.– Инв. № 35 (228).

Тар келиптир боюңа
Талайдан бери көрбөдүм
Тартып бир жатчы койнуңа
Күзгү бир келген сононун
Күлгүн бир ала мойну бар.
Күйдүргү сулуу мырзанын
Күлбиреген койну бар
Көк челегиң колго алып
Суу бойлойт элең Мырзайым.
Көкүрөгүң бир көрүп
Бойбойлойт элек Мырзайым.
Ак челегиң колго алып
Суу бойлойт элең Мырзайым.
Саргарган сары дарактын
Саяваны бар бекен
Сары оору болгон жүрөктүн
Бир давасы барбы бекен.
Бир өптүрсө давасы
Көгөргөн көкмөн дарактан
Көлөкөсү мөмөсү.
Көп оору болгон жүрөктүн
Бир өптүрсө давасы.
Ак кагазга кант алып
Ак жерде жолуң тородум.
Көк кагазга кант алып
Көп жерде жолуң тородум.
Көрүнбөй кеттиң Мырзайым
Көк кагазда кантымды
Жебей бир бекен Мырзайым
Көңүл бир айтып алдыма
Келбей бир бекен Мырзайым.
Ак жыгашты тошолоп,
Сыр кылайын дедимби.
Мырзайымды баланды
Энди бир кошуп бир сабак
Ыр кылайын дедимби.

Кош оромол култуктап
Короодон чыктың Мырзайым.
Кошуп бир ырдап жүрөт деп
Кимден бир уктуң Мырзайым.
Ак оромол култуктап
Айылдан чыктың Мырзайым.
Авезге ырдап жүрөт деп
Кимден бир уктуң Мырзайым.
Көкөлөп учкан көк куштун
Көк тасмадан боосу бар.
Акалап учкан ак куштун
Ак тасмадан боосу бар.
Акылың болсо завду бар
Карай бир зоонун боорунан
Карчыга учуп бош келет.
Кадимки жарым кайда деп
Жамгырдай көзүм жаш келет.

## ЖУВАРМАК[1*]

Эргилчегиң боосун
Илмек бир тартып бош байла
Колум бир тийбей чечилсин.
Бозойдун көөнү жетилсин.
Колумда коло шакегим
Берийин десем ит үрөт.
Бербейин десем ич күйөт.
Күңгейдин башы шамалдак
Күйгүздүң кокуй жувармак
Жазгы бир туртуң жаптайма
Жол салайын жувармак.
Баркыраган койнуңа
Кол салайын жувармак

[1] КР УИА КЖБ.– Инв. № 35 (228).
[*] Жубарынбек – жаш, кырчын кез.

Сууну бир суугa барбайбы
Сулуулар мындай турбайбы
Сулуулардын алдында
Биз өңдөнгөн боз жетим
Суктанып ырдап турбайбы.
Жарды бир жарга бурбайбы
Жакшылар мындай турбайбы
Жакшылардын алдында
Бизге окшогон боз жетим
Какшанып ырдап турбайбы
Күн тийген тоодой жаркылдап
Бетиме тийет жарыгың
Безилдеп ырдайт карыбың
Жети бир кулач ала аркан
Азоолордун мойнунда.
Жети бир жашар наристе
Ошо бир сенин койнуңда
Алты бир кулач кыл аркан
Азоолордун мойнунда
Алты бир жашар нарeсте
Ошо бир сенин койнуңда
Бостондор жабат кунды
Бойлуулар тагат тумарды
Какшатбасын уланды
Каштуулар минет кунанды
Каштууларга дуваде
Какшатбай кетсин уланды
Сулууда болот мээр чөп
Суктанган биздей нечен көп
Жакшыда болот мээр чөп
Какшанган биздей нечен көп.

## АК НАЗИК[1]

Үч мыя башын түйгөмүн
Бир Ак Назик деп жүрүп
Үшкүрө басып жүргөнүн.
Төрт мыя башын түйгөнүп
Бир Ак Назик деп жүрүп
Толгонуп басып жүргөмүн.
Буунимды үшүмдү
Алып жүрөт Ак Назик
Буунума ыстык дарт
Салып жүрөт Ак Назик.
Акылымды ушумду
Алып жүрөт Ак Назик.
Акылыма ыстык дарт
Салып жүрөт Ак Назик
Карарып келген жаанга
Кабшытта тиккен үй жакшы
Какшап жүргөн патчаңе
Кайракер Назик сен жакшы.
Бозоруп келген жаанга
Босоголу үй жакшы
Бозоп жүргөн патчаңа
Боорукер Назик сен жакшы.
Булбул эмес торгойбуз
Буралып сууга сен чыксаң
Биз жолуңда болгойбуз.
Булбул ам тең мен ам тең
Муңгантың Назик мунса сен.
Көкүк ам тең мен ам тең
Күйгүздүү Назик мунча сен.
Жашыл жибек лапарман
Көрлөйт элең Ак Назик
Жаш экенде буралып

---

[1] КР УИА КЖБ.– Инв. № 35 (228). Жыйнаган А.Шүкүров (1927-жыл).

Ойнойт элең Ак Назик
Жашыл өрдөк көлдө бар
Жаш ойномок чөлдө бар.
Жаш экенсиң ойноп ал
Кызыл өрдөк көлдө бар
Кыз ойномок чөлдө бар
Кыз экенде ойноп ал.
Жашыл жибек тор түйүп
Саяфаз казаа тосбойбу
Көк жибектен тор түйүп
Көк зоодон казаа тосбойбу
Көңүлүң сабак ыр кылып
Ак Назик деп кошбойбу.

## АК КЫМЧА[1]

Айлыңдын үстү гадима,
Айттырып жанди жеп койгон
Ак кымча түшү жадыма.
Кыштоонун үстү гадима
Кыйнап бир жанды жеп койгон
Кымчайым түштү жадыма.
Ойноку кымча дегенде
Отурган жерден турабыз.
Биз ошонун камын кылабыз
Жаңы өстүрүм балабыз
Жанып бир күйүп барабыз
Жандатка кирип калабыз
Жан мончок таккан мойнуңдан
Жаннаттын жыты койнуңдан
Беш мончок таккан койнуңдан
Бейиштин жыты койнуңдан
Беш мончок тагып сыланган
Мойнуңуздан кетейин.
Бейиштин жыты жыттанган

[1] КР УИА КЖБ.– Инв. № 35 (228).

Койнуңуздан кетейин.
Жан мончок тагып сыланган
Мойнуздан кетейин.
Жан моночк тагып жыттанган
Койнуңуздан кетейин.
Албанды тагып сыланган
Мойнуңуздап кетейин.
Албан түрлү жыттанган
Койнуңуздан кетейин.
Бостондор жайлайт Алайды
Боздоттуң кымча далайды
Кандылар жайлайт Алайды
Какшаттың кымча далайды
Бостондун майдан талы бар
Боздогондун жары бар.
Боздогон жарга жеткизген
Боз аргымак жаныбар.
Карандын майда талы бар
Какшагандын жары бар
Какшаган жарга жеткизген
Кара аргымак жаныбар
Кырды көздөп көп учкан
Кыргыйиек келет жем үчүн
Кыйналдым кымча сен үчүн
Кылчайбадың мен үчүн.
Капталды карап көп учкан
Карчыга келет жем үчүн
Какшалым кымча сен үчүн
Кайрылбадың мен үчүн
Ойго урган таш элек
Ойнор чакт жаш элек
Капталга урган таш элек
Кармар чакта жаш элек
Баймилчегим ашыгым
Баякы жерде кармабай
Байвай менин жаштыгым.

Арка чачым тал-талым,
Айнектей көзүң пал-палым.
Карай чачың тал-талым
О, Кымчаянда басма көз
Бал татыган ширин сөз
О, Кычаянда кара көз
Бал татыган ширин сөз
О, Кымча банда кара көз
Кант татыган ширин сөз
Он эки самай көкүл деп
Ойнап жүрбөй өкүнтөп
Турумтай куштун лаласы.
Күн көрүнгүс зоода экен
Мурунку атың ноодо экен.
Ноода атыңды учуруп,
Бологам атка көчүрүп
Ай көзүңдөн ноода кыз.
Күн көзүңдөн ноода кыз
Айдай сенин мойнуңдан
Бир бурасам дейт элем.
Арпалышып бир кече
Жыл сурасам дейт элем.
Күндөй сенин мойнуңдан
Бир бурасам дейт элем
Күнде ашышып бир кече
Жыл сурасам дейт элем.
Жазгы айдаган кошуңа
Мен амалың болоюн.
Жазда тердеп сен чыксаң
Мен шамалың болоюн.
Аг оромол колтуктап
Айылдан чыктың Ак Кымча.
Көк оромол колтуктап
Короондон чыктың Ак Кымча.
Кошуп ырдап жүрөт деп
Кимден уктуң Ак Кымча.

Алмагаа кирсек бирлешип,
Айылдаш жүрсөк сүйлөшүп,
Алма бир кагым таттуу экен,
Айылдаш жүрсөм жакшы экен
Короолош жүрдүң сыйладым
Кол булгап көшсөң сыйладым
Айылдаш жүрсөң сыйладым.
Аттең бала Ак Кымча
Алыска көштү ыйладым.
Карга барсаң жолуңду
Тоссом деймин Ак Кымча
Карып боюм бир кече
Кошсом дейм Ак Кымча
Сууга барсаң жолуңду
Тоссом дейм Ак Кымча
Султан боюм бир кече
Кошсом дейм Ак Кымча
Кар көтөрүп буралып
Турар бекен Ак Кымча
Кадимки ярим келер деп
Сурар бекен Ак Кымча.
Мустак тоонун боорунан
Муз көтөрүп дем алып
Турар бекен Ак Кымча
Улуу тоонун боорунан
Улар болуп үн кошсок,
Угар бекен Ак Кымча
Карай тоонун борунан
Каргалар болуп турайлык
Кайтуучудан дува айтып
Бир кабарың угайлык.
Эгиз тоонун борунан
Эликлар болуп турайлык.
Эстегенде дува айтып
Эсен бир сооң сурайлык
Карай тоонун боорунан

Каргалар болуп турайын.
Кайтучудан дува айтып
Бир кабарың угайын.

### ДАРДИЗАР[1]

Эгиз тоонун боорунан
Эңкейлеп учкан куш болот.
Элимден чыккан Дардизар
Эңсеген бандаң туш болот.
Кара бир тоонун боорунан
Кайып бир учкан куш болот.
Калкымдан чыккан Дардизар
Каалаган бандаң туш болот.
Сардал бир боюң сандыктай
Сапаймын жүзүү камыктай
Өзүң бир мырза кыргыйдай
Үй тиреген шыргыйдай.
Үч ооз габиң эшитип
Үмүт кылдың бир катлай
Бейкараздап бир белек
Beралбадым Дардизар
Бейсарамжан күн болуп
Келалбадым Дардизар
Айда чыгар супаңмын
Ак бетке жаккан упаңмын.
Алтындан комуз күү айтсаң
А, урган бозой угаман.
Ат жайлооңуз маңдайлаш
Кеште тийип таңдайлаш
Олтурасың Дардизар
Бир жамандан чыксам деп
Бир жакшыга тийсем деп
Эки көзүң карай жаш

[1] КР УИА КЖБ.– Инв. № 35 (228).

Толтурасың Дардизар
Эриксем мылтык асынып
Элик атып дууладым
Элимден чыккан Дардизар
Эрмегим тартып куурадым
Кара бир тоонун боорунан
Кайып бир атып дуулдадым
Калкымдан чыккан Дардизар
Капаңы тартып куурадым
Көк ала майдан жөлөнкө
Годак бир бозой кетти деп
Көңүлүң бузба бөлөкө
Сарала майдан жөлөнкө
Сардар бир бозой кетти деп
Санаңды бузба бөлөкө.
Жайлоонун башы көбүргөн
Жамгырдай жашың төгүлгөн
Бакыртбай түйе тиздеген
Баланы көрсө сиз деген
Конушуң майдан көбүргө
Колуңдан куухар төгүлгөн
Колум тийбей селт этип
Коёнчо бардыр саглыгың
Стам гүлдүк лакадай
Анаке дилгир аглыгың.

## ЖАЙДАРЫМ[1]

Көтөрмөнүн боюнда
Көрбөдүмбү Жайдарым
Көп шыгыңа мен күйүп
Өлбөдүмбү Жайдарым
Эшигиң асты куу талаа
Биз шыгыңа муптала

[1] КР УИА КЖБ.– Инв. № 35 (228).

Сиз үчүн өлсөк Жайдарым
Биз шайыт гар-бала.
Жылкы ичинде ак боз ат
Сиз минесиз Жайдарым
Далча тиктиң күштелеп
Дардизар болбой күл дедиң
Кештеп калдым эштелеп
Бир уйкуда темселеп
Ит кабат деп энтелеп
Жүгүрүп бардым түнүн деп
Жүрөгүм башы бикилдеп
Кирип бардым ыңайлап
Жакамды кармап кудайлап
Эргилчегиң боосун
Илмек тартып бош байла
Колум тийбей чечилсин
Сизге келген бозойдун
Көөнү гүлдөй жетилсин
Жыл он эки ай көтөргөн
Энеңди кудай жалгасын
Асырап сактап зар кылган
Атаңды кудай жалгасын
Арада душман көп экен
Олорду кудай жалгасын
Бизди кудай сагласын.
Жыбырашып жайылган
Чириген байдын кою экен
Чың колтука жай болгон
Жайдарымдын бою экен.
Кызыл жибек напарман
Кештең болот Жайдарым
Чакырган жер нас кылбай
Келсең болот Жайдарым.

## КАРАЙ КӨЗ[1]

Кара жарылды* шырыкырап,
Коюң түштү кара көз.
Качыраган чилдеде
Тоюң түштү кара көз.
Кызыл жарылды** шыркырап
Коюң түштү карай көз
Кычыраган чилдеде
Тоюң түштү Карай көз.
Язгы ялооң янтайма
Жол салайын Карайкөз.
Жалбыраган койнуна
Кол салайын Каракөз
Күзгү кыштың жантайма
Жол салайын Карайкөз
Күл бураган койнуңа
Кол салайын Карайкөз
Ак оромол салынып
Сарттан чыктың Карайкөз
Ак кагазга бүтүлүп,
Каттап чыктың Карайкөз.
Кыштоңдун үстү кыр жонуш
Кырлап келем Карайкөз.
Кылыгыңа чыдабай
Ырдап келем Карайкөз.
Айлыңдын үстү ак жонуш
Кырлап келем карай көз
Акылыңа чыдабай
Ырдап келем Карайкөз
Белести мелжеп тойдум көр
Бек кызындай Карайкөз.
Бейилиңе чыдабай
Безилдеп издеп жүрдүм бой.

---

[1] КР УИА КЖБ.– Инв. № 35 (228).
* кара жар ылдый
** жар ылдый

Капталды мелжеп түйдүм тор
Кан кызындай Карайкөз
Каятыңа чыдабай
Какылдап ырдап жүрдүм бой.
Көк жарды мелжеп ок салдым
Көзгинаңдан Карайкөз
Көңүлүмө чок салдың
Айлыбыз алыс бир белес
Аңга маглип жүрүге
Аттаңга айлым бир эмес.
Коробуз алыс бир белес
Кол кармашып жүрөргө
Аттаңга кором бир эмес.
Алма гак жесек үйлөшип
Айылдаш жүрсөк сүйлөшүп
Коон гак жесек үйлөшүп
Короолош жүрсөк сүйлөшүп
Айылдаш жүрдүң сыйладым
Алыска көштүң ыйладым.
Короолош жүрдүң сыйладым
Кол булгап көштүң ыйладым.

## САРДАЛЫМ[1]

Аводо чолпон жылдыздай
Чачың алай кундуздай
Такымың Алай түзүндөй
Тартибиң бектин кызындай
Молмолжуйсуз Аксардал
Искамилде Миркамил.
Канга окшойсуз Сардалым.
Көкүрөктө чымындай
Чаңге окшойсуз Сардалым.
Оштун үстү завдуя
Сардалымды бир көрсөм
Аманат жаным адия.

[1] КР УИА КЖБ.– Инв. № 35 (228).

Авайланып күн боздойт
Ботосу өлгөн нар боздойт
Боз баланын дардына
Сардал бир кандай яр козгойт.
Авал бир баар жазында
Жайында эмес күзүндө
Кең жолук бор түзүндө
Отурган экен кыр чоолуп
Айлына бардым шылтоолоп
Аппак бир бетиң анардай
Ашкерең ойноп чын күйүп
Кандай ям көөнүң бузулду
Элиргениң эликтин
Баласындай Сардалым
Кулпурушуң кундуздун
Лаласындай Сардалым.
Алтында буйла нар тайлак
Ай чыккыча тиздейлик.
Ай чыккыча келбесең
Азабың тартып издейлик.
Күмүштөн буйла нар тайлак
Күн чыккыча тиздейлик.
Күн чыккыча келбесең
Күйүтүң тартып издейлик.
Суудан бир чыккан сүлүктөй
Суурулуп чыккан күлүктөй
Делгиресиң Сардалым.
Мен ичимде сырымды
Сиз билесиз Сардалым
Аргымак минип дууласам
Адырдан коён ууласам
О, коёнго жетбеген
Аргымак аттын тогулугу
Аг Сардалга жетбеген
Армандуу малдын жоглугу.
Күлүк ат минип дууласам
Гүдөрдүн коюн ууласам

О, коёнго жетбеген
Күлүк аттын тоглугу
Сардал бир канга жетбеген
Күйүттү малдын жоктугу
Айдаган койдун астын тос
Аг Жайнак экен сиздин дос
Эшилген койдун астын тос
Эстүү бир экен сиздин дос
Алайдан келген ак куштун
Ак тасмадан боосу бар
Айтышка жарым келет деп
Акылың болсо Сардалым
Ай жарыкта тосуп ал
Көк суудан келген көк куштун
Көк тасмадан боосу бар
Көз таанышым келет деп
Көңүлүң болсо Сардалым
Караңгы түндө тосуп ал.
Калемпир салдың ашыма
Кайгыны салдың башыма
Калемпир салсаң жөтөлөм
Кайгыңды кандай көтөрөм
Күчала салдың ашыма
Күйүттү салдың башыма
Яңидап салган мачитка
Сыр болупсуң Сардалым
Яңы өспүрүм балдарга
Ыр болупсуң Сардалым.
Эскиден салган мачитка
Сыр болупсуң Сардалым
Эми өспүрүм балдарга
Ыр болупсуң Сардалым.
Боз карчыга кушлардын
Шуңкарындай Сардалым.
Жылкы ичинде туу куйрук
Тулпарындай Сардалым.
Кушумду салдым таанга

Сардалымдын дардынан
Куюгуп кеттим шаанга
Ак шуңкар салдым таанга
Аг Сардалдын дардынан
Адашып кеттим жаанга
Кымча бир экен белиңиз
Кызганчак экен эриңиз.
Кылбат экен жериңиз
Кылбат бир жайда көрүнсөң
Кымсынбай бери келиңиз.
Найгымчал экен белиңиз
Наздуу бир экен элиңиз
Найгылбат экен жериңиз
Найгылбат жерде көрүнсөң
Наз кылбай бери келиңиз.

## АКМОЛОЧ (АКТОЛМОЧ)[1]

Калкымдакы бактымды
Кандай бир айтсам саз келет.
Бай баласы ак толмоч
Аг жамбы берсем аз келет.
Ак толмоч десем саз келет
Карчыга илет илбесин
Кашыңан толмоч дегенде
Калкымда каным билбесин
Ак шуңкар илет илбесин
Атыңдан толмоч дегенде
Айлымда каным билбесин
Конушуң майдан көбүргөн
Колуңан гавхар төгүлгөн
Яйлоңдун башы көбүргөн
Жаным бир толмоч дегенде
Ямгырдай яшим төгүлгөн.
Сыдырып койгон тасмадай

[1] КР УИА КЖБ.– Инв. № 35 (228).

Жылкы ичинде кашкадай
Тайыныңдан толмочум
Эшигиңдин алдынан
Көлдөлөң басып өтөйүн
Губалаң айтып нетейин
Чилиги кара юзумдей
Көзүңдөн толмоч кетейин
Бакыртбай туя тизлаган
Баланы көрсө сиз деген
Сөзганандан толмочум
Карагаттай мөлтүрөп
Көзүнаңдан толмочум
Бешик бир бооң бек болсун
Эмки тууган барзантың
Имара юртка бек болсун
Кызың кийсин кымкапты
Уулуң кийсин зарбапты
Өзүң кийгин торкону
Көчкөндө мингин ак толмоч
Кырк тилдалик жоргону
Ак босого астында
Көлөшүнүн үстүндө
Алты уруу журттун чегеси
Алты бир болуш энеси
Айса бир кандай датка бол
Кумурскадай койлу бол
Жер чөбүндөй мал айдап
Айдар бир кандай даңдуу бол
Курма аралаш пакта бол
Куршабты сурап жеп жаткан
Курманжандай датка бол
Алма аралаш пакта бол
Анжиян сурап жеп жаткан
Алмакандай датка бол
Карчыга конбос пакта бол
Кашкарды сурап жеп жаткан
Кадыйча кандай датка бол.

## АК ДИНАР[1]

Аста бир басып аңкоосуң
Секин басып селт этип
Сен жүрөгүм дегдетип
Айлама көлдө алты каз
Аткан экен бир бала
Ак Динардын койнуна
Бир кечейи бир күндүз
Жаткан экен бир бала
Толуму көлдө тогуз каз
Көргөн экен бир бала
АкДинарды деп жүрүп
Көкүрөк дарты төрт болуп
Өлгөн экен бир бала
Ак Динар элден кеткени
Өкүмүнөн кетпейт сарыглык
Өзүмнөн кетпейт карыплык
Карай жатты Динарды
Калкыбыздан карайлы.
Калкыбызда болбосо
Кайрат кылып бел байлап
Кашкар бир кышлак барайлы
Үзүп жатты Динарды
Уруубуздан карайлы.
Уруубузда болбосо
Урмат кылып бел байлап
Урумга дейре барайлы
Ак Динардын айылы
Кара бир суудун боюда
Агырчы болуп биз барсак
Кандай бир экен гадайга
Атаңыздын пайили
Ак Динардын айылы
Кашкар кышлак жолуда
Агырчы болуп биз барсак

[1] КР УИА КЖБ.– Инв. № 35 (228).

Кандай экен гадайга
Калкыбыздын пайили
Бетинен өпсөң Динардын
Бейиштин гүлү жыттанат
Мениң бир жарым болсо деп
Бей акыл панда суктанат.
Эрикkенде жол жүрүп
Эшилип изим кум болду.
Эстүү бир динар деп жүрүп
Элиме башим шум болду.
Боз үйүңөн чыкбайсың
Бото көзлүк Ак Динар
Боздогон доошум укпайсың
Как үйүңдөн чыкпайсың
Калам каштуу Ак Динар
Какшаган доошум укпайсың.

## АК ТОЛГУН[1]

Ычкыр чырмап берем деп
Ышкырган жерге келем деп.
Ычкыр чырмап беришке
Жибегиң жок толгонум.
Ышкырган жерге келишке
Жүрөгүм жок толгонум
Бочу чырмап берем деп
Болжогон жерге келем деп
Бучу чырмап беришке
Жибегиң жок толгонум
Болжогон жерге келишке
Жүрөгүң жок толгонум.
Тукумуң манат тор кечти
Атын жайдак толгонум
Кучагыңда балаң жок
Өзүң сатаң* толгонум

[1] КР УИА КЖБ.– Инв. № 35 (228).
* сулуу

Мен кеткенде канча эдиң
Балапан кырчын тал эдиң
Энди келсем толгонум
Балалыгың жетилип
Балапан куштай жетилип
Босого бойлоп бой тиреп
Боюң тарас толгонум.
Болор болбос гап урсам
Болдуң араз толгонум
Араз болсоң майлиңа
Ырдап барам айлыңа
Бир өптүрсөң бетиңден
Аргандай кылсаң майлына
Шабдоолунун шагындай
Шааркандын багындай
Ийилесиң толгонум
Ичим толгон жык дартты
Сен билесиң толгонум
Ичим толгон жык дартты
Билип алчы толгонум.
Ашыгылыкка баш кошуп
Көнүп алчы толгонум
Үйүңдүн үстү аралык
Аралыка баралык
Аралыкка барбасаң
Аркаңдан боздоп жүргөнчө
Ажырашып калалык.
Жазгы журтуң жаптайма
Жол салайын толгонум
Жазы бышкан алмаңа
Кол салайын толгонум
Күзгү журтуң жантайма
Жол салайын толгонум.
Күзгү пышкан алмаңа
Кол салайын толгонум
Толгонго ашык болгонум
Бойбой толгон өзүңдөн

Ботодой болгон көзүңдөн
Аккари кийген бутуңдан
Ашык болдум сыртыңдан
Кылыгың бардыр кыйладан
Алганым Актолгондой болбосо
Армандуумун дүйнөдөн.
Эргилчегиң чече албай
Элиңде мен жете албай
Бакырып жүрөм бара албай
Багалмаңды башталбай
Сөзүңдү угуп кубанбай
Бар Ак толгун деп жүрүп
Отурган жерден кобалбай.
Арып кетер окшодум
Ашыглыгы куругур
Акылыңдан шаштырбай
Ай карангы кечеси
Алда кандай бастырат
Кызыгылыгы куругур
Кыялыңдан шаштырат
Кыш чилдеси болгондо
Жылаң аяк жылаң баш
Кычыратып бастырат
Бу ашыглык дардынан
Өпкөлөргө суук өтүп
Өлүп кете яздайсың.

## АК ТАРТЫП[1]

КеңНоокат азиз ош экен
Мени менен ойнобой
Ак тартып белиң бош экен.
Арпадан арак тартайын
Азаада сулуу Ак тартып
Арманым кимге айтайын.

[1] КР УИА КЖБ.– Инв. № 35 (228).

Буудайдан арак тартайын,
Бурадар сулуу Ак тартып
Муңумду кимге айтайын.
Атгинам салсам бойлобойт
Агын дайра улууга
Алдагем кандай кошкон жок
Азаада тартып сулууга
Кунаным салсам бойлобойт
Гурчап дайра улууга
Кудайым кандай кошкон жок
Кураң көз тартып сулууга
Алла таала жан эгам
Куп жараткан сиздейди
Куралайдай бетиңе
Куштар кылган биздейди
Аттең айдын жаркыны
Сындырдым гүлдүн баркини.
Бир күн оору бир күн сак
Банда затка салбасын.
Ак тартибдин дардини
Сары алмаң бышып бак бекен
Сахабалар колдосо
Самаса турган бак бекен.
Агалмаң бышып бак бекен
Айлиялар колдосо
Алыша турган чак бекен
Душманым көп арада
Туйгун тартып дараада
Дарааларды үрлөрдү
Дарааларга кетти деп
Көзүмдүн жашы көлдөдү
Сай боюнда гүл турат
Сардал боюң кулпурат
Сардал боюң көрсөм деп
Сагынып жарың умсунат.
Көл боюнда гүл турат
Көркөм боюң кулпурат

Көркөм боюң көрсөм деп
Күйүп ярың умсунат.
Күбүрү нары, кул бери
Сууга айдадың малымды
Ар дайымдан бир дайым
Сурабайсың алымды
Көлгө айдадың малымды.
Көрбөйсүң менин алымды
Ак чыбыкты толгойбуз
Мурунтан ашык болбопбуз
Ак кушум талга конорбу
Ашыгылык шондой болорбу
Куу кушум талга конорбу
Куштарлык шондой болорбу
Ашыгылыгы куругур
Акылыңдан шаштырат
Ай караңгы кечеси
Алдангандай бастырат.
Кызыгылыгы куругур
Кыялыңдан шаштырат
Кыш чилдеси болгондо
Жылаң аяк, жылаң баш
Кычыратып бастырат.
Асаке атбаш жериңи
Арыз айтканы келдик биз
Арзыма аргиз жетиңиз
Мукур дардак жериңиз
Муң айтканы келдик биз
А муңума аргиз жетиңсиз
Муңайттың тартып мунча сиз.
Белиң ичке кучарга
Жан эгем канат бербептир
Асманга алып учарга
Аппак бетиң анардай
Эсеке түшкөн маалда
Күйүп ырдайм панардай
Стам гүлүн дакадан.

Ай эле сенин актыгың
Колум тийсе селт этип
Коёнчо бардыр сактыгың
Ай тийген зоолор шамал бак
Айтышкан жарым келет деп
Айнектеп бетиң жакшы бак.
Күн тийген зоолор шамал бак
Күйгөн жарым келет деп
Күзгүлөп бетиң жакшы бак.
Алтындан топчу сизде бар
Армандын баары бизде бар.
Күмүштөн топчу сизде бар
Күйгөндүн баары бизде бар.
Алтындан топчу бурмалуу
Айдай бетин сурмалуу.
Күмүштөн топчуң бурмалуу
Күндөй бетиң сурмалуу.
Жашыл өрдөк көлдө
Жаш экениңде ойноп ал
Жаш ойнобос гөрдө бар.
Кызыл өрдөк көлдө бар
Кыз экениңде ойноп ал.
Кыз ойнобос гөрдө бар
Ай алдында газ көрдүм
Газ баласын жаз көрдүм
Ашгылык ойноп жүрмөккө
Ак тартып сизди саз көрдүм.

## АК НООДА[1]

Ышкырсын улар ак зоодо
Ышкыңда күйдүм Ак Ноода
Чакырсын улар ак зоода
Чаглавай күйдүм Ак Ноода
Сен Ак Ноода болголу

[1] КР УИА КЖБ.– Инв. № 35 (228).

Ак Ноода атка конголу
Жаркырак сары жылдыздай
Желкаям чачың кундуздай
Ой Ак Ноода сизди айтам
Кундуздай майда чачыңды
Кандайлар банда сылады
Сизди ям деген бандалар
Ичинен сызып сыздады.
Көк зоонун башы гадима
Курусун навда көп төшөт.
Желкаям чачың тармалы
Жетбей арзы кылганым
Ак Нооданын арманы.
Караям көзүң мөлмүлдөйт
Кан кызындай Ак Ноода
Караган адам өлдүм дейт.
Көргөндө көзүң мөлмүлдөйт
Көп чырайлуу Ак Ноода
Көргөн ам адам өлдүм дейт.
Аг шайы кийген сизче жок
Ай чырайлуу Ак Ноода
Ааламда күйгөн бизче жок
Көк шайы кийген сизче жок
Көп чыпрайлуу Ак Ноода
Көргөндө күйгөн бизче жок
Кызылды кийген сизче жок
Кыз чырайлуу Ак Ноода
Бир өптүрсөң давасы
Өптүрүп койчу кетейин
Өз элиме жетейин
Сагынып куштар мен болуп
Сары гүлдөң болуп жүрөмүн
Аркарда Ноода күйөмүн
Саркарда десем эл билбейт
Саргулдаң болсом ич күйбөйт
Куштарлыктан күйөмүн.
Куп мустар болуп жүрөмүн

Мустарлыгым билбейсиң.
Бетиңе койгон кынаңа
Бейсаза ашык мен болуп
Безилдеп ырдап жүрдүм дак.
Күн асмандын боорунда
Гүл бурап басып жүргөнүз
Күйдүм десем түтүн жок
Жүрөгүм кабап* боорум чок
Сүлдөрүм жүрөт дарман жок.
Ой Ак Ноода ашыгым
Сүйлөшүп жатсак арман жок
Кайчыңдын боосу кызылбы
Какшасам көнүм бузулду
Ай чырайлуу Ак Ноода
Айнегиңе пул берсем
Ашкере чыксаң үн берсем
Айнегиң султан боюң сак
Атты айлыңа мен барсам
Кайненең капыр мынча сак
Какылдап какшап болдум дак.
Сыртың толгон ара чач
Сылабадым Ак Ноода
Сыр ышкыңа мен күйүп
Чыдабадым Ак Ноода
Далың толгон кара чач
Сыйлабадым Ак Ноода
Дарды ышкыңа мен күйүп
Ак Ноода экен атыңыз
Бир кече алып жатыңыз
Бир мынча сизден зор күйдүм
Бизге ям сырың айтыңыз.
Ак каламдай көзүңе
Ай чырайлуу Ак Ноода
Айранмын сенин өзүңө.
Жазгы бышкан анжырдын
Мен мөмөсү болмомчай

* шиш кебек

Ой Ак Ноода салкыным
Бизге ям тийбейт жаркының
Жаркының тийсе жараймын
Жан Ак Ноода дегенде
Жаш балдардай сайраймын
Эсиңе түште мен жүрөм
Эстүү Ноода дегенде
Эриккендей делгирем.
Кулпулуу темир чаранаң
Кусадар ашык мен болуп
Кублардан күйдүм Алайнаң
Ордолуу темир чарайнаң
Оттой а, күйдүм Алайнаң
Баскан изим кадамым
Барганда кумар жазарым
Балбылдаган көзүңдөн
Ой Ак Ноода дегенде
Эргилчегиң боосун
Илмек тартып бош байла
Колум тийбей чечилсин.
Сизди издеп барган бозолдон
Жүрөгү оттой жетилсин
Эшке чыксам эргилчек
Этегим илет Ак Ноода
Эсдар болуп жүргөнүм
Эгем бир билет Ак Ноода
Кырга чыксам курук так
Курумду илет Ак Ноода
Кусадар болуп жүргөнүм
Кудайым билет Ак Ноода
Жаркырап жабдык жакшы атка
Жаным деп султан барамын
Жадыма түштү Ак Ноода
Булбулдар конбос куу бутак
Булбулдар конду Ак Ноодай
Буулугуп басып мен жүрсөм
Буунуңа түштү Ак Ноодай

Алтындан кылган чоң комуз
Ак Ноода сизди дегенде
Айдалар ырдайм алты ооз.
Күмүштөп кылган чоң комуз
Ак Ноода сизди дегенде
Күйгөндөн ырдайм алты ооз.
Кадам бир коюп басканың
Каз жорголор жүргөндөй
Кап кызындай Ак Ноода
Карып бир жарың күйгөндөй
Какылдап ырдап жүргөндөй
Боргулап басып жүргөнүң
Боондо элик жүргөндөй
Муңайып жарың күйгөндөй
Кол булгасаң барайын
Колуңда кызыл дарайың
Ак көйнөк кийдиң чечек гүл
Көрүнбөй кеттиң эсен жүр.
Коон как жесең үйлөшүп
Ай чырайлуу Ак Ноода
Айылдаш жүрсөк сүйлөшүп
Алма как жедик үйлөшүп
Ай чырайлуу Ак Ноода
Алма бир кагы таттуу экен
Аттең айылдаш болсок жакшы экен.

## ЛАЙЛИХАН[1]

Карарып уштум шаг бактан
Какшап чыктым дардактан*
Дардакта жүрдүм далай күн
Мукурда жүрдүм алты күн
Эсептесем жакшылар
Эккем элик кун болот
Элимде сулуу Лайлихан
Сизди ям бузган ким болот.

[1] КР УИА КЖБ.– Инв. № 35 (228).
* Дардак – айылдын аты. Араван районунда

Аршуу-ашуу тоолорду
Ашып келем Лайлихан.
Арманда жетбей аркаңдап
Шашып ам келем Лайлихан.
Куваны көздөп өтөсүң
Кусадар кылып өтөсүң
Куп чырайлуу Лайлыхан
Кусадар кылып нетесиң.

### ЛАЛИКАН[1]

Көк оромол колго алып
Пастан чыктың Лаликан
Көк кагазга чийилип
Каттан чыктың Лалихан.
Ак оромол колго алып
Пастан чыктың Лалихан
Ак кагазга чийилип
Каттан чыктың Лалихан.
Көгөргөн зоонун аралды
Көгөргөн айыл турбайбы
Көк өргөгө жөлөнүп
Көрпө ичиге бөлөнүп
Лаликан сулуу турбайбы
Агарган зоонун аралды
Агарган айыл турбайбы
Арча ичиге бөлөнүп
Агөргөгө жөлөнүп
Лалихан сулуу турбайбы
Агөргөгө боо соксоң
Мен наа кушуң болоюн
Кызыл куйрук түлкүдөй
Кылаңдайсың Лаликан.
Кыйла адамды көзгө илбей
Булаңдайсың Лаликан.
Агоң кызыл түлкүдөй

[1] КР УИА КЖБ.– Инв. № 35 (228).

Кыландайсың Лаликан
Адамдарды көзгө илбей
Буландайсың Лаликан
Миң башынын миң сомдук
Жоргосундай Лаликан
Акимдердин айнекзар
Ордосундай Лаликан
Кулпурушуң кундуздун
Куйругундай Лаликан
Элиришиң эликтин
Баласындай Лаликан
Эстүүлүгүң эки өрүк
Данасындай Лаликан
Жүр боз улан барабыз
Лаликандын айлына.
Өтүп жүргөн орозкер
Өтпөсөям майлиңа
Өзүм куштар Лалиңа
Түрмел-түрмел жибектин
Түрмелип алып тагындым
Түндө гооп бир өпкөн
Лаликанды сагындым
Тармал-тармал жибектин
Тамалын алып тагындым.
Таң атканда бир өпкөн
Лаликанды сагындым.

## КЫМЧА[1]

Ак шуңкар куштун газасы
Болбойт ырдын мазасы.
Айтбай койсо сыңкыдай
Адамдардын сазасы.
Эгиз тоо башын кырлайын
Элимен чыккан Кымчаны

[1] КР УИА КЖБ.– Инв. № 35 (228).

Эриккенден ырдайын.
Карай тоо башын кырлайын
Калкыман чыккан Кымчаны
Капалыктан ырдайын
Булбул эмес тилибиз
Муңдуу эмес үнүбүз
Сулайка юсуп пирибиз
Колду койсун илайым
Чачымнан көптүр гунайым.
Кечиргейсиң кудайым
Арка чачың кайрылып
Карай бекен Кымчайым
Кашкар кеткен ярини
Санат бекен Кымчайым
Арка чачың кайрылып
Тарабайсың кымчайым
Арка чачың кайрылып
Тарагыча Кымчайым
Кашкар кеткен ярыңны
Санагыча Кымчайым
Белиңди кымча байланып
Санагыча Кымчайым
Тарбыят кылгын тар жерде
Кудайым берет ар жерде
О, Кымча жан сулуум
Амалы катта улугум
Арзы айталбай курудум.
Алтымыш тылла сен чыксаң
Арканда азыр турайын
Арзыңды өзүм сурайын
Алла тагдыр боюрса
Ак баданнан сылайын
Кара дөө жериңиз
Камчыдан ичке белиңиз
Какшатбай берээк келиңиз
Күн жааса кетпеди
Күйүп жүргөн жарыңыз

Асты сизге жетпеди
Муз жааса кетпеди
Мурунтан ашык жарыңыз
Сустар болуп жетпеди.

## АК ШАЙЫР[1]

Түнде эдле жатып түш көрдүм
Түшүмде мүшкүл иш көрдүм
Түшүмдөн алтын кетпедиң
Үшкүрүп чарчап жетбедим
Бир жараткан аллага
Мунатат кылып жыгладым.
Оймогуң боосу менде эле
Онойлуп көөнүң менде эле
Күзгүңдүн боосу менде эле
Күйдүм бир көөнүң кимде эле
Оймогуң боосу коло жез
Оноодор кылбай бизден без.
Шакагиң боосу сары жез
Санарга көөнүң болбосо
Санадар кылбай бизден без.
Капалар болуп жүралбайм
Капалык салдың кашыма
Кандайда мүшкүл иш салдың
Менин сарсам башыма.
Зомолоң дал салдың
Бетиңе кал салдың
Оң бетиңде калыңды
Көрбөдүмбү Шайрым
Ышкың тартып чаштыңада
Улудумбу Шайрым.
Шайрым сени дегенде
Санабай жылдыз батырам
Уктабай таңды атырам
Санайым кетти үшкүрүп

[1] КР УИА КЖБ.– Инв. № 35 (228).

Сагынган учат бир күнү
Санама түшсөң күн-түнү
Дадым жетер бир күнү
Дадым жетсе бир күнү
Как белиңден кучармын
Канат берсе кудайым
Асман эгиз көккө алып
Күлөнбөстөн учармын
Канатиңдин тагина
Жай салышып бойлоюн
Айрылбаска кол берсең
Апамда Шайр ойноюн.
Айрылбаска кол берсең
Мен кетейин Созокко
Акирет жайдан сен корксоң
Бар гунайың көтөрүп
Мен кетейин дозокко.
Жытың чөлдүн жигдеси
Бурай* бекен Ак Шайыр
Интизарым кайда деп
Сурай бекен Ак Шайыр
Сурабасам Майлына
Суутбасын көөнүмдү
Көөнүм гүлдөй ачылсын
Көкүрөктө көп дартым
Бөлүнбөстөн чачылсын
Көөнүм гүлдөй ачылсын
Кызыл бото жыбтыкыр
Биздин белде турбайбы.
Кыз чырайлуу Ак Шайыр
Биздин элде турбайбы.
Кара бобто жыбыткыр
Биздин белде турбайбы.
Кан кызындай Ак Шайыр
Биздин элде турбайбы.
Эшке чыксам эргилчек

* бурайт жыттанат

Этегим илет Ак Шайыр
Эңере басып жүргөнүм
Эгем билет Ак Шайыр.
Кырга чыксам куу бутак
Курумду илет Ак Шайыр
Кусалар болуп жүргөнүм
Кудайым билет Ак Шайыр
Канды камал кан датка
Зор экенсиң Ак Шайыр
Баркын эрдин койнунда
Кор экенсиң Ак Шайыр.
Беглик амал бег датка
Зор экенсиң Ак Шайр
Бечара эрдин койнунда
Кор экенсиң Ак Шайр.
Кандык амал Кан датка
Кандыгына бир күйөм
Беглик амал бег датка
Беглигине бир күйөм
Бечара эрдин койнунда
Корлугуна бир күйөм.
Сай жакалай оттогон
Сарала моюн чүрөгүм.
Жарк этип үйдөн сен чыксаң
Жалынсыз күйөт жүрөгүм.
Көл жакалай оттогон
Көгала  моюн чүрөгүм
Көйкөлүп үйдөн сен чыксаң
Көп өрттөнөт жүрөгүм
Сай жакалай оттогон
Сарала кучкач болоюн
Санам бир сизде мен мунда
Кантип адам болоюн.
Көл жакалай оттогон
Көк ала кучкач болоюн.
Көңүлүм сизде мен мунда
Кантип адам болоюн.

## АЛТЫН[1]

Айылымдын ичинен
Алтыным деп ырдадым
Алты айдан бер жака
Аябай таза сындадым.
Азыраак айтып өтөмүн
Алтынымдын кылганын
Акыреттик алтыным
Ашыгың бозой мындамын
Аз өмүрдө өтпөсүн
Алтыным сенин кырдаалың
Анты-шертке бек болсоң
Акылың бөлөк бурбагын.
Өзгөчө сенин айылың
Жалгыз өскөн чынарсың
Экөөбүз бирге болгон соң
Чынарда чырпык узарсын
Ар порумуң келишкен
Аскадан учкан уларсың.
Анты-шертиң чын болсо
Акырет шертин кыларсың
Ар ишиң чыгып ордунан
Өз ичиңден тынарсың
Башынан тилек ушул деп
Бал-бал көз алтын турарсың.
Алтын деп атайм атыңды
Алсаң жаз жоовун катымды
Акырет кече ойнорго
Аныктайм сиздей асылды
Убадаң жайың бек болсо
Ушул сөзүм эп болсо
Уялып жүрвө Алтынай
Ушак айың кеп болсо
Сен кызыл гүл аңкыган
Мен жаш булбул таңшыган

[1] КР УИА КЖБ. – Инв. № 630.

Бир өзүндөй алтынга
Дегдеген жүрөк ташыган
Кабыл этсең өзүңө
Тилегим кошом жашыман.
Өзгөн менен Баш дөбө
Сай боюнда беш калаа
Өлгүчө бирге бололу
Тартпасын жүрөк сарсанаа
Кыймыл менен кеңештен
Кыйыткан сөздү жеңбесең
Кымбатым Алтын ойлочу
Балалык кылат дебесең
Жол боюнда жайың бар
Жоруктуу сендей кам чыгаар
Канчалык азап чексем да
Чылгый тери жан чыдар.
Сының чүрөк алтын ай
Сени ырдасам көөнүм жай
Миң кубулуп ар күнү
Кийгениң атлес, жибек шай.
Оймок ооз калам каш
Оюмдан такыр кетпедиң
Олжуп сүйлөп буралып
От жүрөктү өрттөдүң
Тар төшөктө артылып
Узак доовур сүрсөмчү
Таалайлуу ушул заманда
Сиз менен бирге жүрсөмчү.
Аял да болсоң эрдейсиң
Кайратыңа карасам
Авалтан сиздей жарым жок
Арманда өтүп баратам
Акыреттик болсом деп
Алтыным сизди жаратам.

## АК МАҢДАЙ (АЯТКАНГА)[1]

Экинчи жолу өзүңө
Эскерме жазам белгилеп
Эч бир кабар сенден жок
Эт жүрөгүм эзилет
Эзилген менин жүрөгүм
Кайсы бир күнү кезигет.
Гелгеним болду бир далай
Белгилейм атың ак маңдай
Берметтей сулуу сиз үчүн
Безилдеп ырдайм жазганбай.
Ак маңдай койдум атыңды
Алсаң жаз жообун катымды
Акыреттик жар тутуп
Алсам деймин сиздей асылды.
Тагдыр насип буюрса
Түбөлүк менин тилегим
Түбөлүк таппай жашымдан
Түпөйүл ооруйт жүрөгүм.
Жаздым секет ак маңдай
Жадыра сүйгөн ак таңдай
Жаш кезде ойноп күлбөгөн
Жаш жигит, сулуу жар кандай?
Ак маңдай секет кулак сал
Атың калсын аркаңда
Алышып ойноп бир жүрсөк
Аз күндүк ушул жалганда.
Эки жылдан бер жака
Жүрөгүмө кадалдың
Эзилишип сүйлөшкөн
Бар бекен сүйгөн адамың.
Айдай жүзүң ак маңдай
Жүрөктү кетти куйкалап
Алтындай жаштык өткөн соң
Каларбыз жерди сыйпалап.

[1] КР УИА КЖБ. – Инв. № 630.

Тосуп чыктым айдыңда
Эшигиңдин алдынан
Катымдын жоовун кайтып бер
Жүрбөйүн боздоп артыңан.
Мүмкүндүк болсо ак маңдай
Болсо болот деп жазгын
Иш жүзаага чыкпаса
Солот гүл жүрөк сыздасын.
Азгүндүк өмүр барында
Ак маңдай деп боздоймун
Авалдан берки ичимден
Арманымды козгоймун
Ак кептер болуп сен качсаң
Ак шумкар болуп тоскоймун.

## АК ЗИРЕК[1]

Ага-ини жакшылар
Ашыклыктан айтамын
Ажал жетип, күн бүтсө
Акырет сапар кайтамын.
Кырчын жаштар уксун деп
Кызылыктан айтамын
Кырчын өмүр өткөн соң
Кыямат көздөй кайтамын.
Ашыклыктан айтпасам
Арманым ичке сыкпады
Ай жамалдуу Ак зирек
Айткан сөзүм укпады.
Кызылыктан айтпасам
Кыйкырып доошум чыкпады
Кыйноого салган бозойду
Кыз зирек кантип уктады.
Айтип, айтип отурсам
Ашыглык кыйын нерсе экен

[1] КР УИА КЖБ. – Инв. № 630.

Алтындай жаштык өткөн соң
Айланып кайта келбеген.
Кыйкырып ырдап отурсам
Кызыклык кыйын нерсе экен
Кыямат кетсе чиркин жан
Кылчайып кайта келбеген
Кызыглык, жаштык келсе деп
Кыялым менин дегдеген.
Ашыглык белги авалы
Сүйүш болот турбайбы
Анты-шерт кылып жүрөккө
Түйүш болот турбайбы
Анттaшкан жардан айрылмак
Күйүт болот турбайбы
Асмандагы шумкардын
Канаты толсо конбойбу.
Аз күндүк өмүр Ак зирек,
Алышып бирге ойнойлу.
Алтындай жашты өткөзүп,
Армандуу кылып койбойлу.
Көкөлөп учса көк шумкар
Көк чынарга конбойбу.
Көп өмүр өтөт Ак зирек
Көңүлүң болсо ойнойлу.
Гүл өмүрдү бекерден
Күйүткө салып койбойлу.
Кастумуң сынга келишкен
Калкымдан чыккан периштем.
Жамалың айдай келишкен
Жаннаттан чыккан периштем.
Жаңшанып ырдап отурсам
Жалтандың басып келиштен.
Жаныңа барып датымды
Уялам айтып бериштен.
Гүлбакчадан гүл алып
Жүрөсүң басып буралып
Гулдөгөн жыргал турмушта

Гүлүп бир ойноп туралык.
Эл ичинде эрмегим,
Эзилип жүрөк дегдедиң.
Эзилип күйүп мен жүрсөм,
Эңилип басып келбедиң.
Бир көрсөм секин жүзүңдү
Буундарым кылктылдайт
Белгилеп айтып өтөйүн,
Берметтей жүзүң жылтылдайт.
Белиңден тартып жатпасам
Бейилден арман бир чыкпайт.
Перидей болгон Ак зирек
Ак бетиңден ким жыттайт.
Кыз-келиндин дүлөйү
Кыйналганың түк укпайт.
Кыштоодо көлдүн чүрөгү
Кыз-келиндин зиреги
Кыйкырып ырдап жүрвөйвү
Кыз зиректин түлөгү
Жаралгандай мен үчүн
Кыз зиректин жүрөгү.
Айлымда сулуу зиректин
Айтылган оозу табышмак
Айылга кетет арыштап
Ашыгым сулуу зирекке
Ач билегим артылмак
Имере кармап тартылмак
Гүлдөгөн Совет доорунда
Жүрмөкпүз ойноп жаркылдап.
Боз балдардын баарысы
Кошуп ырдап мактаган
Акылы толук эр жигит
Ата-эне сүтүн актаган
Акылы бар кыз-келин
Абийирин бекем сактаган.
Кыз-келиндин жакшысы
Таңкы чолпон жылдыздай

Таалайыма туш келсе
Азыркы жыргал турмушта
Болбос эле арманым
Көңүлүмдө бир кылча.
Бир ашыктын айынан
Жаш жүрөгүм кейиген
Колунда бар кийинет
Атлес, жибек шайыдан.
Сулуу зирек белгиси
Кардалы болот артында
Акыл-эси мол болсо
Атагы калат артында
Астык кылат акыйкат
Тең тартып алсаң алтынга.
Кызыл гүлдөй буралып
Кыз-келиндин жакшысын
Кыйкырып ырдап туралык
Кызарып күн чыкканча
Койнуңда жатсам буралып
Калбайт беле көңүлүм
Алам жаан кубанып
Кыямат көздөй кеткиче
Кыйышпай ойноп туралык
Базардагы сатылган
Манат өңдүү сулуу бар
Мактасаң созулган
Санат өңдүү сулуулар
Асманды көздөй учурган
Канат өңдүү сулуу бар
Баа жетпеген мактасаң
Айжамалдуу нуру бар.
Каздай мойнун көтөрүп
Суксурдай сууда ойногон
Тагдырдын иши бир бөлөк
Сүйгөнгө бирге койбогон
Көлдүн көркүн чыгарып
Өрдөк, чүрөк ойногон

Өмүр өтөт аз күндө
Өзгөчө зирек ойлогун
Өксөтүп койсоң өзүмдү
Өмүрүңчө тойбогун.
Жакшы кыздын зиреги
Жайык болот кабагы
Ай тийгендей жаркылдап
Аппак болот тамагы
Адамдын ичин күйгүзөт
Алмадай азиз мамагы.
Пейилин айтсаң зиректин
Адамды кыя караган
Жибектей майда кара чач
Аптада жууп тараган
Таң алдында жаркылдап
Айнекте жүзүн караган
Кыргыйдай болуп кыпыйып
Кийим кийсе түрлөнгөн
Бакта ачылып жадырап
Кызыл гүл, булбул үндөнгөн.
Бадалдагы маралга
Кыз зирек сени окшотом
Балалык кыял кармаса
Кыйкырып, ырдап оштоном
Акылы бар азамат
Ак нээт ишти тозбогон.
Айтып, айтып отурсам
Аккан суудай сөзүм бар
Айдай жүзү жаркылдап
Ак куудай сулуу зирек жар
Айтып ырдап суктанып
Акын жигит болду зар
Артыкча мактап жиберсем
Айтканың шекер, тилиң бал.
Акыреттик болом деп
Ой биздики зирек жан
Ак кайыңдай буралган

Бой сиздики зирек жан
Айылдын баары чогулган
Той кимдики зирек жан.
Адырдын гүлү жайнаган
Жер кимдики зирек жан
Ак калпактуу көп кыргыз
Эл кимдики зирек жан.
Ак кайыңдай буралган
Бел сиздики зирек жан.
Жыйырмага толо элек
Жаш сиздики зирек жан.
Жымылдаган капкара
Чач сиздики зирек жан
Жибек жоолук жарашкан
Баш сиздики зирек жан
Маңдайда кара кундуздай
Каш сиздики зирек жан.
Айта берсем түгөнбөйт
Баа жетпеген зирекке
Кошулсам деп тилеймин
Чүрөк өңдүү зирекке.
Ач билегим артылып
Айлуу түндө бир болсом
Кызыл гүл болуп жайнасаң
Ак булбул болуп мен консом
Ак калтар зирек сен болсоң
Кармасам басып тар жолдон
Бир өзүңдөй зиректи
Какшанып ырдап ким кошкон
Жадыра зирек ойноп күл
Өтпөсүн өмүр бул боштон.
Кызыл гүл болуп жайнасаң
Кыйкырып тилим сайраган
Кымбатым зирек ойлочу
Кыз кезек келбейт кайрадан.
Жашыл гүл болуп жайнасаң
Таңшанып тилим сайраган

Жайдары зирек ойлучу
Жаш кезек келбейт кайрадан.
Ак шумкар куштун баласы
Абалап учту карачы
Айтып ырдап жүрбөйбү
Адамзаттын баласы.
Карчыга куштун баласы
Кагынып учту карачы
Калкымда зирек деп ыйлайт
Каңдынын биздей баласы.
Кыз зирек сенин дардиңан
Кыдырдым далай элдерди
Кыйкырып ырдап отурсам
Канаке зирек келгени
Ыр менен комуз болду го
Кызыккан жигит эрмеги
Буралып басып сен келсең
Булбулдай тилим таңшыган
Бир зирек сенин айыңан
Ырдап чыктым жашыман
Жибек жоолук салынган
Алмадай азиң башыңан
Кашкардан келген кундуздай
Капкара болгон кашыңдан
Капыстан көрсөм мен сени
Сөз айталбай ашыгам.
Жайма жай көрсөм өзүңдү
Комузум колдо ойногон
Тентип кетти токур деп
Теңтуштарым ойлогон
Бар мүлкүн аяп тырышат
Казсыздар союш сойбогон
Артынан жүрдүм зиректин
Же түңүлүп мени койбогон
Түбөлүк кылып алам деп
Түбүндө муну ойлогом.
Ачык дайның биле албай

Ак урам зирек сен үчүн
Арманда болуп жүрөт деп
Ак зирек келчи мен үчүн
Аябайм бардык жанымды
Бир өзүм эмес эл үчүн.
Максатты кудай берсе экен
Маңдайдан аккан тер үчүн
Асмандан шумкар жер карайт
Алып жечү жем үчүн
Тоготпой жүрөт окшойсуң
Колумда дөвлат кем үчүн
Бар менен жокту ойлонбойм
Укугубуз тең үчүн.
Көрүнбөсөң көзүмө
Көңүлүм кайдан жазылат
Кадыркеч зирек сен босоң
Канткенде үнүм басылат.
Какшана берсем акыры
Кара жер бир күн жашырат.
Кыз зирек кийсе кулпуртуп
Манаттын чери жазылат
Кыйкырып акын ырдаса
Санаттын чери жазылат.
Кыскартайын ырымды
Кыйналып кетип баратам
Кыйласынын ичинен
Кыз зирек сени жаратам
Ишенбесең зирек жан
Ичимди жарып карасаң
Муң менен өтүп кетпесин
Мусаапыр адам баласы
Асман менен жерче бар
Жакшы жаман арасы
Кайсы бир күнү басылат
Биз өңдүү бозой санаасы.

## ДИН ЫРЛАРЫ

### СУЛАЙМАНДЫН ЫРЫ[1]

Токтомат деген адам көп аял алган, кэттэ басмасы болгон, балалуу болгон эмес. Шондо Сулайман ырдаган:

Миндиң аттын жоргосун
Кийдиң тондун торкосун
Иштиң койдун шорпосун
Ак-Таш менен Бокбашка
Жайладың арман калбады
Көлавынын* көп коюн
Айдадың арман кылбадың
Журтта сулуу жакшыны
Тандадың арман калвады
Көп кишини чогултуп
Байладың арман калвады

Кайнисинин жеңесине ырдаганы:
Көрөсөлүү дегеннен
Көрүндүк бердим жеңеңнен
Белеселүү дегеннен
Билерик бердим жеңеңнен
Көрө элек эдим мен сизди
Көп макташат эл сизди

---

[1] КР УИА КЖБ. – Инв. № 731.
* байлар

Таанывайт эдем мен сизди
Тэрпи кылат* эл сизди
Арпо орогу болгондо
Алиңнен кавар алвадым
Атайлап сизге барвадым.

## ИЛГЕРИ СУЛАЙМАН ДЕГЕН ЫРЧЫ АКСАКАЛ АТЫН БӨРҮ ЖЕП КЕТКЕНДЕ ЫРДАГАН[2]

Тегерек менен тору атым,
Тек жатпайт сенин санатың.
Чакчагайдай тору атым,
Чачылып чыгат санатың.
Жаз жайлоого койбодум
Кулдан-Безтин төрүгө
Кудай кылса кантейин,
Насип кылдың бөрүгө.
Жаз жайлоовуң кырчоодон,
Жавурга бүткөн мал эдең.
Ташыдым отун кыштоодон,
Ак пөнкүт** эде окувуң
Ашыра мактап айтпайын,
Ак шырдамал токувуң.
Чым пөнкүт эде окувуң,
Чынын айтып ырдайын,
Чымнан эде окувуң.
Жазда баары болгондо
Кандай сепсем арпаны
Кара-Ол менен Майданга
Жеткирип кайтып келбедим
Молдо Жусуп калпаны.
Жем салбадым акурга
Дос болбодуң акунга

* макташат
[1] КР УИА КЖБ. – Инв. № 731.
** ак пункт

Алты күн коштум чапарга[***]
Ат бербедим Капарга
Жал куйругу себеттей
Жазда тоого чыкпаган
Абдивали серектей.
Жаз минбедим тизгиндеп
Кандай оокат өтөт деп
Икирамдай дилдиңдеп
Тааныбадым тарпыңды
Алтымыш өлүк көрдүм деп
Икирам апыртбагын калпыңды
Жайлоого койсок оттобой
Түшүп келдиң кишенеп,
Айылга келсе галбас ай
Алтынга барып иштебей
Камчыбектей даңгас ай.
Жигырма бөрү топ беде
Жылгага качып кутулбай
Түлкүчө пантың[*] жок беде.
Бөксөлөй качып кыйбадың,
Бөрүлөр келсе туйбадың.
Капталдай качып кыйбадың,
Карышкыр келсе туйбадың.
Эгемберди аксакал
Эски жактан арызым бар.
Ак талды кесип путдык
Хамма жактан жутадык.
Хер жерге көчүп барам деп
Пейжай кылва көңүлдү
Алгоо кылсак өгүздү
Талаага сепсек жарыгты.
Таза чапсак арыкты
Көтөрүп коёр кудайым
Бизге окшогон карыпты.

---

[***] буудай майдалаган
[*] амалың

## ЖАРАМАЗАН[1]

Бал-шекер болсун жутканың,
Маарек болсун марттарым.
Мына, парз орозо тутканың
Кумшекер болсун жутканың
Кутлук болсун, марттарым,
Парз орозо тутканың.
Орозо айлар болбосо,
Оолугуп ырдап ким келет
Мындай жакшы айлар болбосо,
Жаңшап ырдап ким келет?
Ай кеткенде күн келет,
Бул орозо болбосо,
Эсил* марттар, ойлочу,
Эшигиңдин алдына
Эрнеп** ырдап ким келет?
Энди орозо келгиче
Эстүүлөрүм эсен бол.
Жана орозо келгиче,
Жакшыларым эсен бол.
Кайта орозо келгиче,
Кадырлуу марттар эсен бол.
Кызылды кийсе жарашкан,
Кыздарың менен эсен бол.
Баркытты кийсе жарашкан,
Балдарың менен эсен бол.
Эшикке чыгып, үйгө кир,
Эстүү байдын балдары менен кыздары
Менин өбүлгөм (белегим) берип кайтарсың,
Балдарың баары эсен болуп күзгө кир.
Кайыр кылган билегин,
Бай-байбиче ойлочу,

[1] КР УИА КЖБ. – Инв. № 630.
* асыл
** ээлигип

Ырчынын көөнүн куш кылсаң,
Кудайга кабыл келсин тилегиң.
Көтөрүлсүн көңүлүң,
Байдын балдары менен кыздары
Менин өбүлгөм берип кайтарсаң
Балдарым, узун болсун өмүрүң.
Сарлап ырдап турганым
Сардалым, сенин зыйнатың.
«Ме, ырчы» деп бергениң
Туйгунум, сенин урматың.
Айтып ырдап турганым,
Ата уулу сенин зыйнатың.
«Ме, ырчы» деп бергениң,
Туйгунум, сенин урматың.
Жолборстон качыр жонуңду
Жолборсум,
орозонун-кудаанын уулу күнүндө
Кийгизип бүгүн тонуңду,
Менин жакшы кылгын жолумду.
Сенин берген тонуңду,
Айта кетем элиме,
Мактай кетем жериме.
Аш-маареке той болсо,
Жаркылдатып кийемин.
«Бай акем берген тону» деп,
эртең көпчүлүктүн ичинде
Мактанып ырдап жүрөмүн.
Жандамада булагым,
Жандап атым сугарам,
Сенин жакшылап атың чыгарам.
Каптал жерде булагым,
Кайрылып атым сугарам.
Сенин кадырлап атың чыгарам.
Бычактын көркү кын болот,
Ырчы деген шум болот.
Үйүнө мейман келген соң,

Улак алып союучу.
Көпчүлүк элдин ичинде
(Курган ырчыга бирдемени бербесең)
Уят кылып коючу.
Атыңдын башын бура албай,
Же, ырчыны барып ура албай,
Кыйла осол табасың,
Уятыңа чыдабай.
Балам, атыңды башка чабасың,
Ырчыны куру кайтарып,
Балам, сен. кайдан абийир табасың.

## ЖАРАМАЗАН[1]

Айтамын жарамазан эшигиңе,
Кочкордой уул берсин бешигиңе,
Кочкордой уул берсе бешигиңе,
Береди той түшүрүп эшигиңе.
Айтамын жарамазан ар айылга
Ким кетип, ким калыптыр жан айларга
Кирипсиң ак бөкөндөй сарайларга
Сарайың куттуу болсун далайларга
Айтамын жарамазан үй ээсине
Үй ээси жүгүн артаар түэсине*
Отуз күн орозо тут, оку намаз
Бейиштин колуң жетет чиесине.
Айтамын жарамазан ар басына
Керенде** коонун эгер жар басына
Отуз күн орозо тут, оку намаз
Бейиштин колуң жетээр алмасына.

[1] КР УИА КЖБ. – Инв. № 630.
* төөсүнө
** коончу

Айтамын жарамазан ойлой-ойлой
Карымбай өткөн экен малга тойбой
Отуз күн орозого бирин сойбой.
Мекеде бир жыгачтын башын кара
Кудайым уул берсин кашы кара
Мекеде бир жыгачтын почосу* бар
Кудайым уул берсин чочосу бар.
Мекеде бир жыгачтын башы ийилген
Жайылып жапырагы жерге тийген
Шул үйдө бир адам бар кудай сүйгөн
Шооласы шол адамдын журтка тийген
Ак үйүң, аппак үйүң чатыр болсун
Ак үйүң, аппак жолдо болсун
Ичиндеги боз балдар молдо болсун.
Жарамазан айткан менен тоямызбы
Нускасын байыркынын комызмы
Нускасын байыркынын коюп барып
Бирөөнүн адал малын соямызбы.
Байласаң чарчы оромол бешибизге
Кетебиз мантай-мантай элибизге.

---

[1] даны

## НАКЫЛ

### НАКЫЛ КЕПТЕР[1]

Аргымак аттын жакшысы
Чапсаң күлүк, сатсаң пул.
Азамат эрдин жакшысын
Бир күн сыпаа, бир күн кул.

Башы тулу бегиңен
Барып алган жарлыгың
Акыры бир күн тартарсың
Өз жакшыңдын карлгын.

Жакшынын баласыны
Жаман болду деп түңүлбө.
Жаманнын баласыны
Жакшы болду деп сүйүнбө.

Аты жаман мурда камчылайт
Атасы жаман мурун сүйлөйт.

Жакшы өзү өлсө да, сөзү өлбөйт
Жаман өлсө өзү да өлөт, сөзү да өлөт.

Эрге нооват бир келет
Жерге нооват бир келет

[1] КР УИА КЖБ. – Инв. № 731.

Атка нооват бир келет
Сартка нооват бир келет
Бакка нооват бир келет.

Эрге нооват келгенде
Эшигинин алдыга
Эки күлүк тең байлайт.

Жерге нооват келгенде
Жер чымырап
Көк жайнайт.

Атка нооват келгенде
Жер челклеп жем чайнайт.

Бакка наоомат келгенде,
Эки булбул тең сайрайт
Сартка нооват келгенде
Самоварда чай кайнайт.

Самоварда чай деген
Сарт атыны тай деген
Белиңде пулуң болбосо
Мен демеглик бекер кеп
Минерге атың болбосо
Дегдемерлик бекер кеп.

Кадырың үйдө болбосо
Кайгырганың бекер кеп
Балаң тилиң албаса
Бакырганың бекер кеп

Өз дөвлатың болбосо
Бетиң кайдан кызарсын
Өз парзантың болбосо
Колуң кайдан узарсын.

Марттигиң балант болбосо
Малың кайдан саолусун
Кабыл парзант болбосо
Кардың кайдан тоюнсун.

Баш жазтыктан тайганда
Бар оокатың татыбайт
Тил күрмөөдөн тайганда
Тиргилигиң татыбайт.

Малың барда мана дос
Малың кетти кана дос
Жаның барда жана дос
Жаниң кетти кана дос
Баш барда келет мыйманың
Баш жеткенде жакшылар
Балага калат жыйганың
Жан барда келет мыйманың
Жан кеткенде жакшылар
Жана келбейт мыйманың

Бар болбой малың чачылбайт
Жок болбой жолуң ачылбайт
Башыңа мүшкүл иш түшбөй
Малың арзан татыбайт.

Акылы болбойт акмактын
Куу болот чакмактын
Жүрүшү болбойт торпоктун
Жүрөгү болбойт коркоктун
Өткөн ишти кет дебе
Өткөн иште пушман жок
Өзүңөн башка душман жок.

## НАКЫЛ КЕПТЕР[1]

Ата өлсө мурас,
Эне өлсө керээз.

Катын өлсө кайгырат,
Кайта төшөк жаңырат.
Таңкы куйруктан,
Азыркы өпкө.

Аталуу жетим – арсар жетим,
Энелүү жетим – эрке жетим.

Аталуу бала куйрук жейт,
Атасыз бала сыйрак жейт.

Тоону-ташты суу бузат,
Адамзатты сөз бузат.

Кан койнунда калтырап жатканча,
Кул койнунда кутуруп жат.

Бирөөнүн элинде шаа болгончо,
Өз элинде кээда бол.

Аргымактын азганы аркы-терки
басканы,
Азамат эрдин азганы көчкөндө
жөө басканы.
Отко жагын ыш күйөт,
Жеңеге жагын кыз күйөт.

Чөлдө ак куу сүзбөсө, чалкар көлдүн
жоктугу,
Кыздын бойго жеткени жеңесинин
жоктугу.

[1] КР УИА КЖБ. – Инв № 236 №3 дептер.

Журтка жетпей көч тынбайт,
Эрге жетпей кыз тынбайт.

Баккан ээси жарашса,
жаман күчүк сак болот,
Алган эри жарашса,
кара катын ак болот.

## МАКАЛ, ЫЛАКАПТАР

### МАКАЛДАР[1]

Төө оттуу жерде
Молдо өлүмдүү жерде.

Жакшы болсоң жатык бол
Улук болсоң, кичик бол.

Жакшы болсоң суудай бол
Баарын чайкап кетиргин.

Оор болсоң жердей бол
Баарын чыдап көтөргүн
Билеселүү миңди жыгар
Билеги жоон бирди жыгар.

Баатыр үйдө туулуп, жоодо өлөр.

Коркок миң өлөт,
Баатыр бир өлөт.

Сопунун көзү азанда
Соргоктун көзү казанда.

Акыл отту карайт
Акмак казанды карайт.

[1] КР УИА КЖБ. – Инв. № 630.

Кайната кайтпайт
Келин айтпайт
Келиндүү жерде кейиш болот
Уулду жерде уруш болот.

Жамандын баласы жаан
Жакшынын балас бөөн.

Ата даңкын тузу арам уул булгайт,
Эне даңкын кара бет кыз булгайт.

Эшигин көрүп төрүнө өт
Энесин көрүп кызын ал.

Сарттын даңкы менен бөздү алат
Атанын даңкы менен кызды алат.

Окуусуз билим жок
Билимсиз илим жок.

Эрте жатып кеч турган,
ээринектин белгиси.

Молдонун алты курсагы бар
Ошентсе да ачка жүрөт.

Карынын сөзүн капка сал.

Доско ишенгиче,
дооранынды байлана жүр.

Дос деген сөз өч деген сөз.

Бар болсоң досуң көп,
Жок болсоң, кас-душманың көп.

Калптын казаны кайнабайт.

Өлүгүн аптапка сакта. (Дайыма эскер)

Иштесең тиштейсиң.

Илим элдин көркү,
Токой жердин көркү.

Акылдуунун сөзү кыска,
Айта салса – нуска.

Эгизден төл өсөт, эмгектен мал өсөт.

Эл үмүтүн эр актар, эр атагын эл сактар.

Элге кылган жакшылык жерде калбайт.

Эмгеги көптүн өнмөгү көп.

Бала энеден туулат, эл үчүн өсөт.

Байлык байлык эмес, бирдик байлык.

Күжүрмөндүн карды ток,
Эмгексизде рахат жок.

Эмгегиң катуу болсо,
жегенин таттуу болор.

Эл дөөлөтү эмгек, эмгек баарын жеңмек.

Көп окусаң көп билесиң,
аз окусаң аз билесиң.

Жакшыга бир камчы,
жаманга миң камчы.

Ынтымак бар жерде ырыс бар.

Эл оозунда элек жок.

Жакшы адам таап сүйлөйт,
Жаман адам каап сүйлөйт.

Бака майрыгын билбей,
жыланды ийри дейт.

Күлкү адамдын мүлкү.

Жакшы менен бир жүрсөң,
Жетесиң бир күн максатка.
Жаман менен бир жүрсөң,
Каласың бир күн уятка.

Өтө кызыл бат оңот,
Өтө ысык бат муздайт.
Эсиң барда этегиңди жап.

Сынчынын сыңар өтүгү майрык.

Кожо жакынын колдойт.

Кары келсе ашка, жаш келсе ишке.

Өзүңдү жаттай сыйлагын,
Жат жанынан түңүлсүн.

Өзүңдү эр ойлосоң, бирөөнү шер ойло.

Эки жакшы тоого чыкса,
кудалашып түшөт.
Эки жаман тоого чыкса,
кубалашып түшүшөт.

Жакшы адам белгиси,
эл камы үчүн жүгүрөт.

Жаман адам белгиси,
өз камы үчүн жүгүрөт.

Жакшыга жакшы бол,
жаманга жаман бол.

Адам болор кишинин адам менен иши бар.

Достук бар жерде тынчтк бар.

Кызы жаман болсо жаш дейт,
Баласы жаман болсо мас дейт.

Кыз кылыгы менен жакшы,
Ийне учугу менен жакшы.

Санаасы жок сары сууга семирет,
Катыны жок кыздуу үйгө теминет.

Жакшы бала – тил алчаак,
Жаман бала – уялчаак.

Акылдуу бала элпек,
Акылсыз бала тентек.

Күрүчтүн аркасы менен
күрмөк суу ичиптир.

Жоого жаныңды берсең да,
сырыңды бербе.

Эмгек сиңиргендин эл арасында
аты өчпөйт.

Жаман атты жакшы баксаң тулпар болот,
Жаман кушту жакшы баксан
шумкар болот.

Ат сыйлаган жөө баспайт.

Биринчи байлык ден соолук,
Экинчи байлык ак жоолук.

Көзүң ооруса, колуңду тый.
Ичиң ооруса тамагыңды тый.
Жабыгып жүрсө жигитти,
Жакырсың деп кордобо.

Ташыркаса бууданды,
Басалбайт деп болжобо.

Азуулууга бар заман,
Бечарага тар заман.

Бай тойгонуна ыктытат,
Кедей ачкасынан ыктытат.

Кедейдин келди заманы,
Байлардын кетти амалы.

Эр болсоң так бол, сөзүңө бек бол.

Эл четине жоо келсе, жан аяган жигитпи.

Ата баласы болбостон, эл баласы бол.

Жаздыктан өлгөн жаманат,
Жоодон өлгөн салтанат.

Жатып өлгөнчө, атып өл.

Ийри жыгач туз болот, тезге салып сомдосо.

Колу кыймылдабагандын
оозу да кымылдабайт.

Эр достугу эгиз, эл достугу деңиз.

Кастыктын түбү көмүр.
Достуктун түбү өмүр.

Акыл айга жеткирет,
Өнөр көккө жеткирет.

Акыл –– тозбогон тон,
Билим – түгөнбөгөн кен.

Гүлгө күн керек, элге тынчтык керек.

Баатырдын мисалы эрдикке чакырат.

Ким шашпаса ошол жеңет.

Өлсөң дагы өз жериңди унутпа.

Өзүңдүн апаңды кандай сүйсөң,
өз жериңди да ошондой сүй.

Кичине иш бекер жүргөндөн жакшы.

Октолуу мылтыктан бир адам,
Октолбогон мылтыктан жүз адам коркот.

Бир колдогу беш манжа бирдей эмес.

Иттин үргөнүнөн жүгүрбө,
Тооктун чакырганынан токтобо.

Тарбия – баа жеткис байлык.

Өрнөктүү карыя жок жерде,
өнөрлүү жаш да жок.

Сөзүңдү ойлоп сүйлө, ордуңду таап отур.

Аз сөз – алтын, көп сөз – күмүш.

Арамза менен жолдош болбо,
жарга түртөт.

Жыландын сырты сулуу, ии уу.

Оору калса да, адат калбайт.

Жаман жигит төрдө,
Жакшы жигит элде.

Жаман адам мал күтсө,
жанына коңшу кондурбайт,
Жаман атка жал бүтсө,
жанына жылкы байлатпайт.

Жоого барсаңар баарың бар.
Доого барсаңар бириң бар.

Ападан акыл, атадан тарбия.

Жакшы сөз – бал,
Жаман сөз – уу.

Жакшы акыл, жаман бакыл.

Элдин ичи алтын бешик.

## ЫЛАКАПТАР[1]

Билим алуу, ийне менен кудук казгандай.
Көптү билсең да, көпчүлүктөн артык билбейсиң.
Ынтымак болбой, эл болбойт.
Кыйынчылыкты тартпагандын
Кубанычы да тартпайт.
Карышкыр экини жебесе,
Мекеге жетер эле эмгиче.
Жакшылык жерде калбайт.
Билим түгөнбөс кенч.
Эмгеги саздын өнмөгү аз.
Ачуу душман, акыл дос.
Шодокондун бүркүтүндөй жутунган
Чубактын кунундай чубалган иш.
Жакшынын өлгөндө кадыры билинет,
Жакшы аттын кадыры мингенде билинет.
Жаман аттан кадыры урганда билинет.
Жаманды төө үстүнөн ит кабат.
Өлгөн аттын такасын издеп,
бир бай алта жер казган экен.
Ала байтал акылың болсо сууга чап.
Кетмени жок Кудайберди жер сугарат.
Каргага теңелип, каздын буту сыныптыр.
Сагызган сактыгынан өлбөй, суктугунан өлөт.

Жакшы сөзгө жылан ийинден чыгат, жаман сөзгө мусулман динден чыгат.

Эшек мингендин эки буту тынбайт, эки аялдуунун эки кулагы тынбайт.

[1] КР УИА КЖБ. – Инв. № 630.

## АЙТЫШ

## ТАЙГАРА ЫРЧЫНЫН ЗАЙЫР ЫРЧЫ МЕНЕН АЙТЫШЫ (ТАЙГАРА АКСАКАЛДЫН АЙТЫШЫ БОЮНЧА)[1]

Мындан он-он беш жыл илгери Таш-Куйда кайрак орокто элликче адам чогулуп отурабыз. Ираиш бир гунажын алып барып союп берди. Оокат үстүндө Ираиш Зайырга айтып калды: – Тайгараны ырдаган ырыңды ырдап бериңиз – деп. Көрсө ол мени мурда эле ырдап жүргөн экен, бирок мен ону таанубайм, ол мени таанубайт. Кокус билип калбасын деп, маңа бир калпак кийгизип коюшту. Тайгара жок бу жерде дешти. Анан Зайыр ырдап кирди.

Зайыр:

Кол мисчесин сарайга
Илкей векен Тайгара
Колкоздун артта калганын
Билвей векен Тайгара
Кэл мисчесин көтөрүп
Саят тосуп тооларда
Жатат экен Тайгара
Күкүктү көрсө кыргый деп
Тартат экен Тайгара
Жамансарды бүркүт деп
Сатат экен Тайгара

[1] КР УИА КЖБ. – Инв. № 644. 2-дептер.

(Калганын унутуп калыптырмын. Ушинтип ол ырдап бүттү) Ираиш мени карап Зайирди ырдап бер деп калды.

Тайгара:

Ээ Тайгара саят тосот деп
Сарды кармап сатат деп
Зайыр ырдайт жалганын
Бир пас айтып коёюн
Мен эм Зайырдын
Энчиге теке алганын
Тайгара саят тосот деп
Сарды кармап сатат деп
Зайир ырга кошкон дейт
Муну сахабалар тоскон дейт
Саят тосмок бэндэгэ
Сүннөт эм менен парз экен
Саятчылар чогулуп
Таңга маал жөнөшүп
Саартан кечке кудайлап
Кечке маал болгондо
Үйлөрүнө кайтат дейт
Саятчылар тосконду
Муну китевинде айтат дейт
Саят тосуп куш кармап
Орозгерге сарп кылсаң
Алалдан тапкан дүйнэ дейт
Адамдардан сурасам
Текени саамак гүнээ дейт
Увактысы келгенде
Кэл мисчени көтөрүп
Саят тоскон тоолардан
Өнөрдү жерге койвогон
Саятчы туткан кушларды
Ираис салып ойногон
Пайгамбар тоскон саяттан
Кандай айып таптыңыз
Мэсэлэдэн көрдүңбү

Саяттын жолу тар бекен
Бу жарыгылык дүйнөдө
Зайырбайдын сыңары
Текени сааган бар бекен.
Көңүл кетип көөнөрүп
Жолугуштук Зайырбай
Карып көңүл кайтканда
Капа болбо Зайырбай
Мен жандырмагың айтканда
Зайырга окшоп жакшылар
Өңгүл-дөңгүл кылбастан
Ырдаймын ырдын сылыгын
Мен эми бир пас айтып коёюн
Зайырбайдын кылыгын
Ырдап жүрүп Зайырбай
Ираиштан мэкэ алган
Энчи кылып алам деп
Тажибайдан теке алган
Кыйладан бери жакшылар
Кулак салып жүрөмүн
Зайырбайдын сөзүнө
Зайыр ырдап жүрөт деп
Ираиш айткан өзүмө
Кулак салгын Зайырбай
Чал акең айткан сөзүнө
Пайгамбар тоскон саятты
Сурасам айтам өзүңө
Зайирга окшош гэнгир баш
Сар тутушка жаравайт
Сар тутмак түгүл Зайирди
Сасык үпүп карабайт
Мен эсил өзүм саятчы
Тосомун кумар жазарга
Сар девегин Зайырбай
Мен куш саткамын базарга
Сарды кармап сатат деп
Жалганнан кошуп ыр кылып

Жаңылбай айткан сөзүңнөн
Текени сааган элде жок
Кайеринен чыгат деп
Анүчүн сурайм өзүңнөн
Сары болду текеңиз
Жүда сүтү болгондур
Муну байүвчең саап оңгондур
Мына шундай ырдасам
Кайерде калат чаласы
Канча болду Зайырбай
Текенин тувган баласы
Ашыра кошуп ырдашка
Капа волот Зайыр деп
Акең саңа ай кылат
Текеңнен чыккан сүтүнү
Байүчең күнүгө бышып май кылат
Тегирмен алам дедирип
Устуканын жедирип
Адинани сен кошуп
Акун киши болупсуң
Ар кандай ишке жерейсиң
Аныгын айтчы Зайирбай
Мунун, каймагын кантип жэлэйсиң
Акылыңдын кемдиги
Текем качан туват деп
Үч маал көтүн карайсың
Эмизбестен текеңди
Эки увак саап алдыбы
Эчкимди саап алам деп
Энтелеп барып бэйүвчең
Аспавын кармап алдыбы
Аспавын кармап бэйүвчэң
Туюк желин экен деп
Дуктурга барып жетелеп
Дуктур желин ачтыбы
Текеңнин туувган улагы
Аркасынан эргешип

Дөшкө карап бастыбы
Бэйүвчэң барып саaганда
Кайкалап турар бармагы
Текеден экен эчкиңиз
Калың турар каймагы
Тажибай берген текенин
Кулагына эн салып
Парвайиштеп бактыңбы
Сары май кылып сактап жеп
Куп мазасин таттыңбы
Сүттүүнөн бергин деп
Тажибайга айттыңбы
Тандап кармап ал десе
Жүда сүттүү болот деп
Эллик эчки ичинен
Мойнунан барып бураптыр
Асты жагын карабай
Кайсы увакта туват деп
Барып, койчумандан сураптыр
Сүттүүвүн тандап алдым деп
Сүйүнүп алып Зайирбай
Жетелеп үйгө келиптир
Желинин көрө коём деп
Чэңгэлдэп алып Зайирбай
Теке экенин билиптир
Айтип ырдап жүргөнүм
Зайирбайдын газалы
Эллик эчки ичинен
Эркегин тандап алыптыр
Насип экен эзели
Бөөнгө майым толот деп
Бөлөкчө курсан болуптур
Бөөн эмчек болот деп
Текенин майы ыстыктыр
Талаадан үйгө келбей жүр
Теңтушуңа бервей жүр
Теңтушуңа бервесең

Тавасың онун севевин
Теңтушуңа сен берсең
Акыретке барганда
Бересиң онун жававын*
Текени эчки деп алып
Канча сапар эшиттиң
Кэмпириңдин газавын
Теңтушуңа сен берсең
Акыретке барганда
Тартасың онун азавын
Сарды кармап сатат деп
Өзүң келип сөйкөндүң
Жөн эле жүргөн кишиге
Текени кандай саайт деп
Адамдар айран ишиңе
Чабдар аттын куйругун
Чак түштө кыркып алат деп
Кара санап жүрбөгүн
Тайгарадай экэңе
Ачууна сен тийдиң
Жөн эле жүргөн кишиге
Текени сааган элде жок
Дэрэктесең табылвайт
Жедигер менен саяктан
Текени саап алышты
Үйрөндүң Зайир каяктан
Карыгыча Зайирбай
Шэйтендин сөзүн ырдадык
Тававыз кайдан севепти
Текени кандай саайт деп
Сурадым Зайир өзүңдөн
Кайтарчы энди жаваптан.

* жообун

## АЙТЫШ (КУЛМУРЗА МЕНЕН МОЛДОТАИПТИН АЙТЫШЫ)[1]

***Кулмурза – ичкилик***
***Молдотаип – тоолук (кыргыз)***

Кулмурза – шалчасын (аттын жабуусу) жоготуп иет. Анан Молдотаипка ырдайт.

Кулмырза:

Ал дөбө, Чайырды
Жериң менен куруп кал.
Атка шалча койбогон,
Элиң менен куруп кал.
Дөбө жерге тиктирген,
Үйүң менен куруп кал.
Төрөкелди Жалкара
Бийиң менен куруп кал
Торпок тасы чубаган
Чийиң менен куруп кал.

Токбайынан тайыбай,
Томугунан тайыган.
Калдыбайдай аксакал
Бийиң менен куруп кал.
Боолай жатып чириген
Арпаң менен куруп кал.
Бороондо какшатып,
Аманатты бербеген
Калпаң менен куруп кал.

Молдотаип:

Ала-Дөбөм жакшы жер.
Бетегесин басып жээр.
Чөлдүгүң менен куруп кал
Беш пулдан педе сатып жээр.

[1] КР УИА КЖБ.– Инв № 515. 4-дептер.

Сары кырын суук жер
Барсаң Куршаб жуук жер
Боолай арпа мол берген
Чөлдөн эшен таба албай
Биздин калпабызга кол берген
Надырынын өзүнө
Эки тайдай кой берген.

Кулмурза:

Кеип бир журтум келгенде,
Тескейлей басып желесиң.
Тейиттин береген талканын
Телпекке ченеп бөлөсүң.
Тейит өзү келбесе,
Кызыталак тоолугум
Тентип жүрүп өлөсүң.
Канды бир журтум келгенде
Капталдай басып желесиң
Кандымдын берген талканын
Калпакка ченеп бөлөсүң.
Кандуу журтум келбесе
Кызыталак тоолугум,
Кантип жүрүп өлөсүң.

Молдотаип:

Ээ, кызыталак ичкилик,
Талканың турат ташың жок
Табакка куяр ашың жок
Күрлү деген жериң бар,
Күйүп калган элиң бар.
Катыраң деген жериң бар
Катып калган элиң бар.

Кулмурза:

Баштык* журтун калысы,
Баары журттун арысы.

* уруу аты

Баары журтун тойгузган
Балырлуу көлүм шалысы.
Кыпчак журттун калысы
Кыйла журттун алысы
Кылым журтун токтотгон
Кылбыртуу көлүм шалысы.

Молдотаип:

Токунганың Боруя.
Топ шалыңды көгөрткөн.
Биздин тоодон барган дария.
Артынганың Боруя*
Ак шамыңды көгөрткөн,
Биздин ак зоодон түшкөн дария.
Балыр басып сасыган,
Көлүң менен куруп кал.
Баша, чымын аралаш,
Чөлүң менен куруп кал.
Кылбырт басып сасыган,
Көлүң менен куруп кал.
Чымын, чиркей аралаш
Чөлүң менен куруп кал.

Кулмурза:

Кымыз ичсе бир кеса,
Сабырың менен куруп кал.
Кыйладан кечке ыйынып,
Шыраалжын кармап чычалбай
Шабырың менен куруп кал.

Саамал ичсе бир кеса,
Сабырың менен куруп кал.
Саардан кечке ыйынып.
Жабырың менен куруп кал.

* камыштан жасалган үй

Молдотаип:

Кымыз ичсе бетибиз,
Кызыл болот ичкилик.
Кыйыр жерим оттосо,
Кырчаңгыңдын куйругу
Узун болот ичкилик.

Саамал ичсе бетибиз,
Кызыл болот ичкилик.
Адыр жерим оттосо
Карышыңдын куйругу
Узун болот ичкилик.

Кулмурза:

Какыр жерге качасың,
Канабадым болбосо,
Кызы талак тоолугум
Кашкулактын терисин
Кайда алпарып сатасың.

Чукур жерге качасың
Султанабадым болбосо
Кызыталак тоолугум
Сууруңдун терисин
Кайда апарып сатасың.

Сууруңдун терисин
Супурандай бүктөйсүң
Кызыталак тоолугум
Султанавадка жүктөйсүң.

Кашкулактын терисин,
Калтырып алып бүктөйсүң.
Кызыталак тоолугум
Канавадка жүктөйсүң.

Молдотаип:

Суурум өзү күнчүлүк,
Суурумдун кардалы
Султанавадды ичкилик.
Кашкулактым күнчүлүк,
Кашкулактым кардалы
Канабаддагы ичкилик.
Калеми чыгып артынып
Карап келет сиздин эл
Кашкулакка кардалы келди деп,
Кармап берет биздин эл.
Сурпу чыгып артынып,
Суурга кардал келди деп.
Сууруп берет биздин эл.

Кулмурза:

Торойгу Молдо кайыбым,
Тосуп ырдайм ар жерден,
Торойгулар кайсы элден.
Каманчы Молдо кайыбым,
Качырып ырдайм ар жерден,
Камапчылар кайсы элден.
Торойчу десе аты улук,
Доңузго окшойт макулук.
Камапчы десе аты улук,
Каманга окшойт макулук.

Молдотаип:

Кайрылыштан капыя,
Илмейсиңби Кулмырза
Камапчынын маанисин
Билбейсиңби Кулмурза.
Тоорулуштан капыя,
Илбейсиңби Кулмурза.
Торойчунун маанисин
Билбейсиңби Кулмурза.

Тогузунда бир алып
Тоого чыккан тор аваң
Тогуз тейит өлгөндө
Долоно калтак кой алып
Ойго чыккан Торогой
Каматы деп кан койгон
Качырып келген каманды
Как маңдайга бир койгон.
Караган ичкиликтер бет койгон.
Тегерек тоону тегеретесинен ээлеген
Тетик экен биздин бувавыз.
Тегерек тоодон тепкедей жер түбүнө
Тентип кеткен турбайбы
Чөлгө сиздин аваңыз.

## МАМАН МЕНЕН ТУРГАНБАЙДЫН АЙТЫШЫ

Менин аталаш агаларым Маман, Турганбай деген киши менен айтышкан экен. Маман 37 жашында өлөт. Турганбай эски акын экен.

**Маман:**

Жыйналышта жоготтум,
Жылбырыскы кара тебетей.
Комитеттер ойлочу
Жылаңбаш турам эмесей.
Манатына кызыгып,
Балдар алып койгонбу?
Кечтесине кызыгып,
Келиндер алып койгонбу?
Же, кийсе жылуу болот деп,
Же, чалдарың алып койгонбу?

**Турганбай:**

Кулакчының жоголсо,
Кулундуу бээге жолуксун.
Баш кийимиң жоголсо,
Байтал бээге жолуксун.

Беш асыйдан ашкан бээ
Бедени көздөй качкандыр.
Алты асыйдан ашкан бээ
Адырды көздөй качкандыр.

**Маман:**

Менин бээм сурасаң,
5 асыйдан ашпаган.
Бедени көздөп качпаган.
6 асыйдан ашпаган,
Адырды көздөй качпаган.
Ала качып өгүзүң
Наамат Мырза аганды де
Бел башатка таштаган.

**Турганбай:**

Өзгөнгө барсаң, коносуң Маме,
Өгүзгө салем айтасың, Маме.
Базарга барсаң коносуң Маме,
Падага салэм айтасың Маме.

**Маман:**

Өзгөнгө барып кайтса,
Өгүз минген адамга
Эки ооз салам айтса,
Тартип болот Турганбай
Тубардан кылган туурга
Таз карадай кушуңуз
Кантип конот Турганбай.
Базарга барып кайтса,
Пада минген адамга
Бир ооз салам айтса,
Адамдык болот Турганбай.
Алтындан кылган туурга,
Каз карадай кушуңуз,
Кантип конот Турганбай.
Сасык этке тойгузуп,
Сала бергин кушуңду.
Сакалыңды сүдүрөп,
Турганбай мага айтышың ушубу?

**Турганбай:**

Таз караны таптаймын
Тапка келсе таз кара
Таз караны салдырам
Сени этке түшүрүп
Уктап бир калсам ойготом.

**Маман:**

Эскилерден сурагын,
Элик албайт таз кара.
Таз карам элик алат деп,
Элге болдуң маскара.
Абалкыдан сурагын,
Адам албайт таз кара.
Таз карам адам алат деп,
Сен, ааламге болдуң маскара.

**Тургунбай:**

Буурада калды төөлөрүм
Сенин, мукамде калды жөөлөрүң.
Кашкарде калды төөлөрүң,
Үке, сенин кантип бир жүрү жөөлөрүң.
Дыйкандары жатып жейт,
Мугалимди сурасаң,
Айлыгы колго тийгенде
Беш сомго жатын сатып жейт.

**Маман:**

Жатын сатып жедиң деп,
Жалганынан ырдадың.
Жаке кесип чучукту
Турганбай өзүң жыргадың.
Айгыр ат союп той кылдың.
Акими чучук көбөйтүп,
Сен ашамиңди зор кылдың.
Ал кыла албай телпекти,
Алмага асып кетиптир.
Жеп кете албай телпекти
Жерге тыштап кетиптир.

# АРМАН

## АРМАН ТҮН[1]

От жаккандай балбылдап,
Оюмдан кетбей барган түн.
Оролушуп кучактай,
Оюндун кебин салган түн.
Шам жаккандай жаркырап,
Жадымдан чыкбай барган түн.
Жакшылыктын урматыдан
Жакшылай төшөк салган түн.
Акылдан кетбей ойлосом,
Ашыкка барып жаткан түн.
Азилкеч келин кучактап,
Албырып жүрөк кайткан түн.
Чекеден жылдыз баткан түн,
Чечинип бирге жаткан түн.
Ченемсиз ычык көрүнүп,
Чебелең болуп кайткан түн.
Ашкере ойноп сүйө албай,
Армандуу экен жалган түн.
Ар дайым турат эсимде,
Айбыгып элден калган түн.

[1] КР УИА КЖБ. – Инв № 236 №1 дептер.

## ФРОНТТОН АКАЛАРЫ ҮЧҮН АРМАНЫ[1]

А дүния кайырсыз
Нечении алдың айыпсыз
Кайда кеткен изи жок
Көрүнбөйт эч бир дайынсыз

Бу дүния каарлуу
Ичиң го жаман заарлуу
Бири келсе, бири жок
Уктай албайм таамдуу

Уйкум келбей кезиктим
Ака жан көзүңдү көрбөй кечиктим
Алыстагы армия
Кызматта жүрүп эзилдим

Канатым жок учушка
Кайгыны көңүл тутууга
Кол кармашып көрүшпөй
Санаган көңүл узунда

Айланып келдим алыстан
Көзүңдү көрбөй даанышман
Мусапыр болуп кетипсиң
Куватым акам алыстан

Куватым болуп жан ака
Дува кылып жүрчү элең
Закир кары укам деп
Санаңа алып жүрүчү элең

Көк чай куюп чайнектен
Карачу элең айнекден

[1] КР УИА КЖБ. – Инв. № 731.

Көрүнөбү жокбу деп
Мени эстеп зар кеткен.

Абдыразак жан акам
Канатың элең карасам
Кайда кетти изи жок
Кайгылуу көңүл санасам

Үйгө кирип мен келсем
Изат кылып турчу элең
Кел ука кары Закир деп
Жаваландап күлчү элең.

Кашка тилиң жаркылдап
Каткырып ака күлчү элең
Экөөң бирдей кетипсиң
Менин кыбыламда турчу элең

Айнектен карайм экөөңү
Куват кылып жүрчү элем
Караңарды көргөндө
Куванып өзүмдөн өзүм күлчү экем

Көзүңөрдү бир көрбөй
Ардыкташып сүйлөшбөй
Алланын салган иши экен
Карап турбай кетипсиңер үндөшбөй

Парзантка ата болдуңбу
Акжан менен кана болдуңбу
Кайырлашып коштобой
Жүрөгүм канга толдуву

Кел деп кийиз салчу эле
Керсилдеп күлүп калчу эле
Аз болсо да сөзүмө
Ардыгы чыгып канчу эле

Жерибиз шактуу карагай
Железе жылкы кăрарат
Элим жакшы ынтымак
Жетилип турса жамагат.

## КЕСЕЛЧИНИН АРМАНЫ[1]

Бир адам кэсэл болуп калганда эл чакырбай коюптур. Ошондо ырдаган:

Мени илээчиндей эр эдим
Изаттан калып калыпмын.
Турумтайдай эр эдим
Туурдан түшүп калыпмын.
Илээчиндей эр эдим
Изаттан калып калыпмын
Карчыгадай эр эдим
Мен катардан калып калыпмын – деген экен.

## ЖИГИТТИН АРМАНЫ[2]

Корккон кыйын күн болсо
Корунуп ойноор түн болсо
Ойнобой күлбөй коёлу
Бул жаштык, кайрылып келип
миң болсо.
Жалынга түшкөн күндөрдө
Жашынып ойноор түн болсо
Жабыркабай коёлу
Бул жаштык, кайрылып келип
миң болсо.

[1] КР УИА КЖБ. – Инв. № 731.
[2] КР УИА КЖБ. – Инв № 236 №1 дептер.

## КАПТЫГАЙДЫН КЫЗЫНЫН АРМАНЫ[1]

Атамдын аты Каптыгай
Арманда болдум бир далай
Арманым айтып зарланып
Айтып турган ыргал ай
Акмакка мени туш кылып
Атакем жабыр кылганы ай.
Жашымда атам кайындап
Жабыркатты жанымды
Жайсыз жерге дайындап
Жаман экен күйөөң деп
Ушак кылып айыңдап
Өз жеңемден уккан соң
Өрттөнүп ичим жалындап
Барбаймын деп зарылдап
Башында жүрдүм маалымдап
Жарманкелүү Каркыра
Жайлообуздун асылы
Жарың жаман деген соң
Күйгөндөн сөөгүм жашыды
Бир күнү күйөөм келиптир
Бир далай малды бериптир
Мал жеген соң атакем
Берүүгө мени көнүптүр
Жылдыз мезгил болгондо
Жакшы көргөн жеңемди
Чакырып алдым эрмекке
Мен жаманды бардым көрмөккө
Жамандын жайын билген соң
Көп ойлондум өлмөккө
Элимден чыгып сүйүнүп
Эркектин киймин кийинип
Журтумдан чыгып сүйүнүп
Малайдын киймин кийинип
Кейигенден зарланып

[1] КР УИА КЖБ. – Инв. № 630.

Келдим көлдүн жанына
Ырастап жаным күйгөндөн
Ыраазы болдум каныма
Өрнөктү жаман баштадым
Өрттөнүп жаным күйгөндөн
Өлүп кала таштадым
Кемеде жүрүп ыйладым
Көлдө жүрүп үч күнү
Көзүмдүн жашын тыйбадым
Кемечи мужук тил билбейт
Кейиген менен чын сүйбөйт
Балыкчынын жанынан
Кеме чыкты бир күнү
Үшкүрүгүм басылып
Үмүт кылдым жанымдан
Оруска малай бир жигит
Билип койду сырымды
Жашырбастан мен өзүм
Айтып бердим чынымды
Аламын деп ол жигит
Аягыма жыгылды
Зөөкүрдү салдым жолуна
Сөйкөмдү берди колума
Сөз мени жубантып
Нике кыйып кат окуп
Алып жатсам алал деп
Шариятсыз жаткының
Жанга жабыр салал деп
Качып бардым бир түнү
Кара-Коонун шаарына
Асыл жанды кыйнатып
Калды кудай каарына
Аш кусулдап отурсам
Бир абышка, келин жолукту
Абышкадан кеп уктум
Ажынын айылы деп уктум
Ажыны карай бет алып

Аста басып мен чыктым
Барсам ажы карыптыр
Байгамбардын жашына
Алда качан барыптыр
Балдары жаш чал экен
Карып кылып салыптыр
Жаш чагымда кезиксе
Тийип алчу жан экен
Бабай чалда мууну жок
Же баштагы жаштык күнү жок
Же менин баркымды ыркы жок.

## МЕНИН АРМАНЫМ[1]

Жазамын баштан өткөн арманым көп
Жалгызмын кур талаада калганым жок
Жанымды кыйнап түрмө салганым жок
Жашымда мен бир зайып алганым жок
Жалындайм отко түшүп күйгөнүм жок
Жанымда бирге жатар сүйгөнүм жок
Жаралып жарыгылыка келген менен
Жаш өмүр кандай өттү билгеним жок.
Бой жүруп өз башымча көпкөнүм жок
Бой жеткен кыз баланы өпкөнүм жок
Бозо ичип же бирөөнү сөккөнүм жок
Боздоймун ырды нөшөр төккөнүм жок.
Атам бар алдыында жүргөнүм жок
Ачылып гүл сыпаты гүлгөнүм жок
Кардым ток, кийим бүтүн, сүлдөрүм жок
Бактагы булбул менмин үндөрүм жок.
Турмуштан күдөрүмду үзгөнүм жок
Туура айтам өткөн ишти түздөөрүм жок
Акыйкат кол алышып сүйгөнүм жок
Ар кимге азил сүйлөйм көңүлүм шок.

[1] КР УИА КЖБ. – Инв. № 630.

Мас болуп мен жиндилик кылганым жок
Максатым сүйүү болду тынганым жок
Мартчылык колдон келип кылганым жок
Кайрылып гүл шагы мен сынганым жок
Аскалуу зоодон, тоодон ашканым көп
Акылман зирек* өскөн жаштарым көп
Алсызмын, алым кетип шашканым жок
Алдымда турса душман качканым жок.
Эл,жерди араладым канганым жок
Энемди эне эмес деп танганым жок
Колума канчар пычак алганым жок
Душмандан коркуп үйдө калганым жок.
Фронтко аскер болуп барганым жок
Жокчулук башка түшкөн арманым көп
Жаш жүрөк кыйнап отко салганым жок
Жазамын ыр жеринен талганым жок.
Белимде белбагым** бар, кубатым жок
Элимде эсенчилик урматым жок
Теңтушка мен оройлук кылганым жок
Тентидим гарып жаным тынганың жок
Күйгөндөн айта берер гептерим көп
Күндө ыйлайм арманым күч, жүрөгүм чок.
Туугандан тогузу бар пайдасы жок
Уурулук ушак айтып жүргөнүм жок
Убайдан башка доовур сүргөнүм жок
Улама молдо сөзүн билгеним жок.
Зордуктап мени бирөө кыйнаган жок
Мен өндүү жавир чегип ыйлаган көп
Колумду бирөө артка байлаган жок
Кор кылып узак сапар айдаган жок.
Жалкоомун колдо кетмен чапканым жок
Жардымын бала-чака бакканым жок
Көтөрүп каптан даным сатканым жок
Бекерден дүнүйөө мүлк тапканым жок
Беделүү күлүк буудан аттарым жок

* элпек, акылдуу
** курум, белди курчаган кур,

Безилдейм ырдан башка каттарым жок.
Шамал мен кайда кетсем кой дээрим жок
Шаарда ойнодум мен көңүлүм ток
Жаралыш жанды алса бермейи жок
Жаш өмүр өтүп кетсе келмейи жок.

## ТУРДУКАН[1]

Талаанын кызыл гүлүндөй
Тамылжыйт сенин ыраңың
Тартынбай селки жооп бер
Тааный албай сурадым.
Ушул ырым сен үчүн
Уйкудан безип жазамын
Убада менен кыз сүйвөй
Убайда өтүп барамын
Районуң Өзгөндө
Раазы болдум көргөндө
Райым кылар жансыңбы
Роза азып тозгондо
Дардисар болгон адам көп
Адам кегин алалбай
Дүйнөөнү сүйгөн адам көп
Дилинде ойлоп таба албай.
Уларсыңбы аскада
Убадаң барвы башкада
Убадаң болуп башкада
Убара кылып таштаба.
Капалык тарт сезбесең
Катымдын жообун кайтып бер
Кандай кылар амал бар
Калам каш сулуу айтып бер.
Атадым окуп эп көрсөң
Аскалуу тоонун улары
Аз күндүк жалган дүйнөдө

[1] КР УИА КЖБ. – Инв. № 630.

Алышып ойноп туралы.
Качармын алым келбесе
Насибинча кут болор
Наамарттин тушсөң колуна
Начарлап гүлүң бүт солор.
Галвадан башым арылбай
Ганетер айлам табылбай
Газ болуп учпай асманга
Гайнап күйөм мамындай
Айттым го иштин болгонун
Акыреттик болжолуң
Арыз айтам катымдын
Ашипкасын оңдогун
Ушундан жогор жагында
Урматтуу сенин атың бар
Тамганы терип ыр кылдым
Таалайлуум көөнүң маакулдар
Абалы кайда жүргөнсүң
Кыз гезиңде жолукпай
Басылар бекен жүрөгүм
Авалап учуп оолукпай.

# САНАТ ЫРЛАРЫ

## САНАТ

Карысаң оздон тиш кетет
Кармасаң колдон иш кетет
Кар эрисе суу болот
Картайса сакал куу болот
Муз эрисе суу болот
Муңайса сакал куу болот
Майса жердин куваты
Жылан жылат путу жок
Бегайрат эрдин шүтү жок
Жыландын өзү тар болот
Онон жүрүп мар болот*
Тууганга жалгыз хар болот
Аргымак атты арык деп
Жолго таштап атпаңар
Адамзат эрди гарып деп
Журтка таштап атпаңар
Өзөндүү жерге тал бүтөт
Өлбөгөн эрге мал күтөт
Мал күткүчө эс кетет
Эшикке келген дос кетет
Илме тиккен иш болсо
Чебердин чери жазылат

---

* зор болот

Чечилбес кара дов келсе
Чечендин чери жазылат
Улакчылар бириксе
Улакта чери жазылат
Кыз-жувандар бириксе
Булакта чери жазылат
Көлдө өрдөк көп болсо
Шумкардын чери жазылат
Бөдөлөңдөп көп чапса
Тулпардын чери жазылат
Жез эскирсе дат болот
Железе тайлар ат болот
Казасы жеткен пандалар
Бу дүйнөдөн жат болот
Өлгөндөр барат кавырга
Өлбөгөн калат жавырга
Жамбы пулдун кыйматы
Жам өлгөндүн зыйнаты
Өлгөндөр болсун жаннаты
Дарыяга сай менен
Ат жүгүрөт  пай менен
Ирэр жүрөт от менен
Иш ачылат сот менен
Жылкыда күлүк жез билек
Кэрден жакшы бар бекен
Жан – жаныва кыбырап
Жаздан жакшы бар бекен
Самаганың табылып
Шаардан жакшы бар бекен.

## САНАТ ЫР[1]

Жатып алып карсам
Жалбырак башы көрүнөт
Жамы журтту эстесем

[1] КР УИА КЖБ. – Инв. № 644. 2-дептер.

Жамгырдай жашым төгүлөт
Дерезеден карасам
Теректин башы көрүнөт
Теңтуштарым эстесем
Телмирип жашым төгүлөт
Бакан торум буурул ат
Сексен, токсон суурулат
Эли-журтум эстесем
Көзүмөн жашым чуурулат
Көзүмөн аккан жешиме
Этек жеңим жуурулат
Бизге окшогон жигиттер
Энди качан тувулат
Кайчыланып калышып
Фашис, немис залимди
Канжар менен сайышып
Эйленип учкан ак куштун
Эйленип консо тирибиз
Асти эле журтум муңайба
Ажел бир жетип күн бүтсө
Армандуу жендин бирибиз
Көкөлөп учкан көк куштун
Көп эле журтум муңайба
Ажел бир жетип күн бүтсө
Көпчүлүктүн бирибиз
Эгиздеги дувага
Эңилип конот куу карга
Элимден балдар кетти деп
Эли-журтум муңайва
Капталдагы дувалга
Кайрылып конот куу карга
Калкымдан балдар кетти деп
Калкы-журтум муңайба
Өңүткө сепкен буудайым
Өлбөсөк бир күн барабыз
Өмүр берсе кудайым
Кайрууга сепкен буудайым

Кайрылып бир күн барабыз
Саламат койсо кудайым
Канатым болсо учсам дейм
Алыска карап сызсам дейм
Алыста жүргөн атамнын
Каварыны уксам дейм
Атакең келет дегенде
Жолун тосуп чыксам дейм

## АЛЧАДИЯР (САНАТ)[1]

Алчадияр бир болот
Айтса көңүл кир болот
Алчадияр экидир
Айрылбас жолдун беркидир
Алчадияр үч болот
Жетекке туяң күч болот
Алчадияр төрт болот
Ал мэки тууган урушса
Орто жери өрт болот.
Алчадияр беш болот
Беш увак намаз окуса
О дүйнөгө барганда
Чымындай жанга эш болот.
Алчадияр алтыдыр
Адамөлмөк салтыдыр
Алчадияр жетидир
Азабын тарткан жетимдир
Алчадияр сегиздир
Эчки туват эгиздир
Алчадияр тогуздур
Тегинен кеткен богуздур
Алчадияр он бирдир
Аябай кийсе тон кирдир
Алчадияр он эки

[1] КР УИА КЖБ. – Инв. № 731.

Арпанын башы шор эки
Алчадияр он үчтүр
Байлар жеген күрүчтүр
Алчадияр он төрттүр
Короодогу мал көптүр
Алчадияр он бештир
Келин-кыздар жоо местир
Алчадияр он алты
Байлар киет манатты
Алчадияр он жети
Кач көтүңөн жоо жетти
Алчадияр он сегиз
Короодогу мал семиз
Алчадияр он тогуз
Байлар киет бир тогуз
Алчадияр жигырма
Жолуксаң хожай кыздарга
Чыгар беле арманың оо
Кирер беле дарманың.

## САНАТ ЫР[1]

Кымыз ич деп кыстаган
Сугаты бар Алайдын
Көнөчөгү арпача
Кубаты бар Алайдын
Тупурагы майындын
Упа болот Алайдын
Мэдэт кетпес дэрттэргэ
Дария бир агын суу
Шыпаа болот Алайдын
Саятчы жүрөт кыр менен
Сабаа оокат биздики
Өтүп барат ыр менен
Алайчылык суу менен

[1] КР УИА КЖБ. – Инв. № 731.

Өрт тутанат куу менен
Кууш мүйүз тэкэни
Кууп аткан мергендер
Чакмак куба куу менен
Көк шумкарын көтөрүп
Көп айланып мүнүшкөр
Көңүлү куунайт уу менен
Ачыбырээк кер менен
Алганың жүрөт эл менен
Ачып ирээк топ менен
Акыл жүрөт гэп менен
Алтын кылса коргонду
Балант кылса ор менен
Санаты улук пашанын
Салтанаты эр менен
Чабандар жүрөт ой менен
Чаар аралаш кой менен
Чармашпагын зор менен
Чаалгашсаң зор менен
Каттоо кылба пас менен
Каттоо кылсаң пас менен
Кудаа кылб март менен
Кудаа кылсаң март менен
Боёкчу колун кызартаар
Лөлү менен кул менен
Кумарпоз ойнойт пул менен
Куймак жебе кул менен
Куймак жесең кул менен
Кустурбай койбойт акыры
Бар болбой малың чачылбайт
Жок болбой жолуң ачылбайт
Башыңа мүшкүл иш түшбөй
Малың анча сатылбайт
Жетеси кыска жетилбейт
Жетелесе тетилбейт
Эрте татыган кач калбайт
Эл четинде ач калбайт

Ар жерге малы чачылып
Аты кетет жакшынын
Жалган жашык көп сүйлөп
Башы кетет бакшынын
Түктүү айман чач болот
Кабактын көркү каш болот
Жол адашкан жаш болот
Жолдо жалгыз жүргөндүн
Жол аңганы нас болот
Акылы жок эркектин
Кайраты жок тентектин
Катуу сүйлөп бош болот
Жаман эрге мал бүтсө
Көтөрө албай мас болот
Пирдин азиз кэттэси
Пилди байлайт кыл менен.

## САНАТ[1]

Жерден кыя чөп чыгып
Жаз болгондо таспи айтат
Ар кайсы ырчы башка айтат
Билген кишижакшы айтат
Менин кошкон ырларым
Бу шайтандын сөзү эмес
Шериги болот жакшылар
Машарап айтканказалдын
Эч дабасы табылбайт
Кудаадан келген ажалдын
Ырдаса күнөө болот деп
Уламалар айтышат
Аны үчүн коркуп ырдабайм
Азабы болор жакшылар
Ашыкча кылган күнөөнүн
Алганың жакшы болбосо

[1] КР УИА КЖБ. – Инв. № 644. 2-дептер.

Арманы болот дүйнөнүн
Шайтандын сөзүн ырдаса
Кыйыны болот күнөөнүн
Кыз алган жарың саз болсо
Кызыгы болот дүйнөнүн
Мына ушундай майлиста
Ырда десе жакшылар
Жакшынын көөнүн таштабай
Азмас ырдап коёмун
Карысамда жакшылар
Катык эмес жумшак пейлим бар
Каталар кетип калат деп
Калтырап зорго ырдаймын
Кат билбеген жерим бар
Алтмышка киргенде
Аңкылдасам күндө деп
Мына ушундан коркомун
Ичимде терең сыр жатат
Айтамын десем жакшылар
Ичимде сазып ыр жатат
Мунасага келейин
Мынча сазда кылдыңар*
Аксакалдар укчудан
Азмас айтып берейин
Ош пиримдин өзүндө
Сулайман атам тагы бар
Тагинда майдам багы бар
Мындан келип уксаңар
Саясы жактан дагы бар
Ача куйрук нарынар
Аман болгун барыңар
Улук-кичик карыңар
Беш-алты ооз ырыма
Кум убак болуп алыңар
Мака тиллеге каабага
Ниет кылып барыңар

* асылдыңар

Жана ушу жерде жүрүңөр
Уул үйлөп кыз берип
Дүнүе доорун сүрүңөр
Бир-бириңе жакшылар
Жакшы жаман айтпастан
Ойноп-күлүп жүрүңөр
Чаппай болот кетилбейт
Улабай көңүл жетилбейт
Жетпе эм панде кемибейт
Өлбөй эм панде өксүбөйт
Колуңда тириң болбосо
Ак шумкар торго илинбейт
Ана-мына деп жүрүп
Өткөн өмүр билинбейт
Асман менен ай кетет
Бу жарыгылык дүйнеге
Бир келет да, бир кетет.
Миарине* ким жетет
Токуму болот буудандын
Топуру** болот тууғандын
Мээнети болот печелдин
Ар габи болот чечендин
Тах киямат өткөнчө
Кара жердин астында
Жасаты*** жатат нечендин
Орду болбойт жалгандын
Көңүлдө кири жок болот
Ак шумкар кушту салгандын
Беш көкүл жайып алгандын
Көңүлүндө коопу бар
Ааламат иштен калгандын
Көп күнеси сап болот
А дүйне Каба баргандын.
Эрте аттанган кеч калбайт

---

* түбүнө
** туугандын бел болушу
*** мурунку өткөн адамдардын дени

Элдүү жерде ач калбайт
Кыя бычпай тон болбойт
Бей сагат күнү жол болбойт
Эски пахта боз болбойт
Жакшы да жаман сөз болбойт
Бири кам дүнүе бүт болбойт
Бирөөнүн акы сүт болбойт
Боолу шумкар жоголбойт
Эгем эки кылбаса
Эч кандай ишиң оңолбойт
Аттууга жөө жете албайт
Экөөгө бирөө бата албайт
Өөдөмү жок жамандар
Өз малын эптеп сата албайт
Баатырлар жоодон кайталбайт
Жок болбой жонуң ачылбайт
Бар болбой малың чачылбайт
Башыңа мүшкүл иш түшбөй
Малың арзан сатылбай
Мака тилле Кабагы*
Ниет кылып барган бар
Али момун калмөгөй
Кудайымдын кулу бар
Как жанаттын төрүндө
Үмати болгон Адия
Жети жашар жан берген
Пайгамбардын уулу бар
Жаңы ачылган гүлөр бар
Жакут, гаувхар үрлөр бар
Мэсэледе кэлмэ бар
Кудайым берген бендеге
Тамашалар анда бар
Атага кызмат кылгандар
Алтынчы пейиш үйдү алат
Атага кызмат кылбаган
Аңырып жолдо кур калат.

* Меке Мединадагы сыйына турган таш

Энеге кызмат кылгандар
Экинчи пейиш үйдү алат
Энеге кызмат кылбаган
Эргип жолдо кур калат.
Үр деген пейиш жайдадыр
Кылы кычтуу жакшылар
Бир кудаага жакпаса
Үргө жетмек кайдадыр
Беш убак намаз окусаң
Чымындай жанга пайдадыр
Орозо тутсаң отуз күн
Ондой собоп кайдадыр
Куш төтөсү куу болот
Беш убак намаз окусаң
Мындай собоп кайдадыр
Бей зэкэт малды чогултсаң
Жаныңа жабыр бул болот
Зэкэттин малын чогултсаң
Арыган жерде ат болот
Мүнкүр-нанкир сураса
Жобобун асан* өткөзүп
Жаниңэ пайда иш болот
Жазда ачылат гүлчэмэн
Апталыкка пул берген
Сүткордун иши көп жаман
Акыр заман болуптур
Ойноп күлүп жүрүңөр
Акыр заман болгонун
Аңдайсыңбы жакшылар
Асыл кетти буудайдан
Адамдар үмүт кылбады
Жараткан Жапар кудайдан
Акыр заман болгонун
Баян кылып ырдасам
Мандикер** каттап

* оңой
** жумушчулукка

Пэрэт кылып өткөзүп
Кайра качтын жанинде
Сайында болду жакшылар
Ушул заманда адамдар
Бирин-бири жемектин
Пайында* болду жакшылар
Эсепкекирбей эскилер
Катарга кирбей карылар
Жаңы бийлер чыкканы
Жети жыл болду жакшылар
Ушундан бери заманы
Жети кыл болду жакшылар
Ак сурнайдан үн кетти
Эвлиядан дин кетти
Адалат азис пир кетти
Асил кашкар өзүндө
Азирети аппак бар
Куранда завар бар
Жамандарда газар бар
Намангэндей шээрдэ
Аты молдо базар бар.

## САНАТ[1]

Арманың калбайт ат барда
Кумарың калбайт куш барда
Балдарым, ар ишти кылгын күч барда
Тегеле, таш чайнагын тиш барда.
Тиш кеткенде аш кайда?
Тиш ырыскы, тил дөөлөт,
Момундар, бу тирүүлүгүң куп дөөлөт.
Баш барда келет мейманың,
Баш жаздыктан тайган соң,
Балаңа калат жыйганың.

---

* ошонун айланасында, максатында
[1] КР УИА КЖБ. – Инв. № 630.

Ичпей-жебей чогултсаң,
Момундар, ырыскыңды тыйганың.
Көз барда келет мейманың,
Көз жаздыктан кеткен соң,
Көтүңдө калат жыйганың.
Аргымак жалын беш бөлүп,
Өргөнүң калат момундар,
Бар тапканың ичип же,
Дегеле, көргөнүң калат, момундар.
Тобурчак жалын төрт бөлүп
Өргөнүн калат момундар
Бар тапканың кийип ич
Тегеле, көргөнүң калат, момундар.
Балдарым, акылдуу болсоң бат сүйлө,
Азамат болсоң чарт сүйлө.
Эсиң болсо, балдар ай,
Этият кылгын, көп күлме.
Жаман-жакшы сөз сүйлөп,
Оозуңду да көптүрме.
Тегеле, атаңды башка сөктүрме.
Адамзаада айттырбайт,
Сөөгү таза сөктүрбөйт.
Ата уулу менен бир жүрсөң,
Аттанып чыксаң жол болот.
Акмак менен бир жүрсөң,
Атың өлүп, шор болот,
Ошондо азиз башың кор болот.
Чечен менен бир жүрсөң,
Кыйла көөнүң өзгөрөт.
Тантык менен бир жүрсөң,
Тегеле, айчылык мээң бөксөрөт.
Жакшы менен бир жүрсөң,
Жетерсиң бир күн мураска.
Жаман менен бир жүрсөң,
Каларсың бир күн уятка.
Арык менен семиздин,
Наркы, сыры тең эмес,

Жакшы менен жамандын.
Тегеле, баркы, сыры тең эмес.
Жакшы атка жаман ат,
Жалы менен теңелет.
Жакшы эрге, жаман эр,
Тегеле, малы менен теңелет.
Чарбадар жайлайт эгиз тоонун адырын,
Жаман билбейт эч убакта
жакшы адамдын кадырын.
айтып болбойт жалганды,
Алып болбойт, момундар,
Тегеле, үзүлүп түшүп калганды.
Кыл көпүрүк кайдадур,
Үр деген батыш жайдадыр.
Жатып да кылган тообаны
Чымынча жанга пайдадыр.
Кыл көпүрүк суроо тал,
Кудайдан амир болбосо
Андан өтөм дебе каталдур,
Капыр менен жатадур.
Бейпарзантта бешик жок,
Бей нысапта кешик жок.
Ачыладур гүлчаман,
Ага, ини ойлоп бил,
Ачык сөздүү жүз жаман.
Өтпөс болсо пул жаман,
Каралы жок тул жаман.
Как жүрөктөн кетпеген,
Тегеле, кайгы менен муң жаман.

## САНАТ[1]

Биринчи тилек тилеңер,
Бир кудайга жасбаска
Экинчи тилек тилеңер

[1] КР УИА КЖБ. – Инв. № 630.

Энеден жетим калбаска.
Үчүнчү тилек тилеңер
Үшкүрүп жөө баспаска
Төртүнчү тилек тилеңер
Төрөң жактан тайбаска
Бешинчи тилек тилеңер
Беш убак намаз жазбаска
Алтынчы тилек тилеңер
Атадан жетим калбаска
Жети кары бөз кийип
Жер кучактап жатпаска
Сегизинчи тилек тилеңер
Сексенден жылкы айдарга,
Тогузунчу тилек тилеңер
Токсондон кулун байларга
Онунчу тилек тилеңер
Оң көвкөрдөн ойдуруп,
Сыр кезеге куйдуруп
Сан жигитке сундуруп,
Жигиттер ушундай тилек тилеңер.
Карайган тоонун боорунан
Кас пайгамбар салган жол
Кадырды билген үкелер
Карыганча аман бол.
Кызыл тоонун боорунан
Кыдыр бавам салган жол
Кызматты билген үкелер
Кыйамат кече аман бол.
Чапса кылыч өтпөгөн
Чагырлынын ташына
Нелер келип не кетпейт
Эр жигиттин башына
Жорголор жолдун парманы
Жокчулук элдин арманы
Жорголор жолду арбытат
Жокчулук элди чарытат
Өлүм эрди өксүтөт

Көкүрөгүн көксүтөт.
Санаа эрди саргайтат
Сакым чөптү кууратат.
Ырчылар ырды куп айтат
Ыр адамды муңайтат
Эркин, эркин, эркин тоо
Эркин тоого мен чыксам
Эл карасы көрүнбөйт
Көлдөгү жаткан көп өрдөк
Ылаачын тийбей бөлүнбөйт
Эски убакта бак болбойт
Эсептешкен дос болбойт
Калемпир ачуу туз болбойт
Картайганда катындар
Кыңшылап басып кыз бобойт
Керегеңди кердейин
Кер торгой болуп сайрайын
Босогоңду бойлоюн
Боз торгой болуп сайрайын
Мерген белден не кубат
Кайберен качып жол тартса
Ырыстуу адам байге алат
Журт жыйылып ат чапса.

## КОШОК

### БАЛАСЫНА КОШКОН КОШОГУ[1]

**(1933-ж. туулуп, 1938-ж. өлгөн баласын кошкону)**

Жоругу сонун башкача
Жолборсумдан айрылдым
Жароокер болчу Батыркан
Жолдошумдан айрылдым

Өпсө балдай татыган
Шербетимден айрылдым
Сатыбалды Батыркан
Берметимден айрылдым.

Жыты жыпар жыттанган
Атырымдан айрылдым
Айбаттуу жүрөк балбандай
Баатырымдан айрылдым

Оюн бербей олунган
Ойротумдан айрылдым
Каңшаарымды түтөтүп
Кайратымдан айрылдым

Темир канат жетилген
Балапанымдан айрылдым

[1] КР УИА КЖБ. – Инв № 236 №9 дептер.

Денеме күүлөп дем берген
Канатымдан айрылдым.
Кулан тайдай секирген
Кулунумдан айрылдым
Кубултуп бурап сүйлөгөн
Булбулумдан айрылдым.

Атакелеп ойногон
Асылымдан айрылдым
Карманып жүргөн бир жалгыз
Касыгымдан айрылдым

Башкадан сонун эрмегим
Багарымдан айрылдым
Өмүрү өспөй өксүгөн
Өңөрүп, кээде көтөрүп
Жүргөнүмдөн айрылдым

Алдымдан тосчу аталап
Чырагымдан айрылдым
Бетимден сүйчү кучактап
Ынагымдан айрылдым

Койнума жатчу тепкилеп
Кулунумдан айрылдым
Жыргалын көрчү жаш чырак
Жылдызымдан айрылдым

Даң салып ойноп чаңдаткан
Үй көркүнөн айрылдым
Жээгимдеги жалбырак
Мен көркүмдөн айрылдым

Кылычтан өткүр колумдан
Болотунан айрылдым
Жарып чыккан денемди
Жаш өткүрдөн айрылдым

Эрмегинен ажырап
Энем калды чыркырап
Мен ботомдон ажырап
Боздоп калдым буркурап

Баграм сенин айыңдан
Бардык сөөгүм зыркырап
Кабыргалар кыйрады
Калбай баары быркырап
«Балалуу үй гүлүстөн,
Баласыз үй көрүстөн»
Деген макал чын экен
Ажырадым ырыстан.

## АПАСЫНЫН КОШОГУ[1]

Баяналуу бай акем
Башы туулу бий акем
Супасын алган конуштун
Сурагын алган болуштун
Тазасын алган конуштун
Жарагын алган болуштун
Баштакы элге мийманга
Баглан козу сойгула
Балтенки туурап койгула
Кийинки келген мийманга
Картенки союш сойгула
Катуу туурап койгула
Булгаари кийиң путуңа
Бурулуп келиң журтуңа
Булгары кийсе өз бутуң
Бурулуп келсең өз журтуң
Акээри кийиң бутуңа
Акими болгун журтуңа
Акээри кийсе өз бутуң

[1] КР УИА КЖБ. – Инв. № 731.

Айланып келсең өз журтуң
Бектер келет бел ашып
Педерлүү тону жарашып
Бег өзүндөй бай акем
Кайда кеткен адашып
Кандар келет гармашып
Камка бир тону жарашып
Кан уулундай бай акем
Кайда кеткен адашып

Керчеси минген сулуу деп
Кер учкак кийген жылуу деп
Сурчасы минген сулуу деп
Сур бучкак кийген жылуу деп

Туш туурдугун түрбөңөр
Тушума келип күлбөңөр
Туш туурдугум түргүдөй
Тушманың беле акелер
Капшытыма келип күлбөңөр
Кашыма келип күлгүдөй
Касташым беле акелер.

## ЧАЛЫНА КОШКОН КОШОГУ[1]

Кыштоонун башы кызыл гүл
Кызыл гүл жеген тай баштайт
Кыз алганың карай бет
Кыйын күнгө не таштайт.

Жайлоонун башы жашыл гүл
Жашыл гүл деген пай баштайт
Жаш алганың карай бет
Жабырлуу күнгө не таштайт

[1] КР УИА КЖБ. – Инв. № 731.

Адырда калды кунаның
Арасат калды жубаның
Кыйырда калды кунаның
Кыйында калды жубаның

Боз жорго минип бастырса
Бонкердик айткан жарайт деп
Боздоп бир какшап отурсам
Боз балдарың санайт деп

Сур жорго минип бастырса
Суналар айткан жарайт деп
Сумсайып ыйлап отурам
Шум балдарың санайт деп

Кер жорго минип бастырса
Кербездер айткан жарайт деп
Кейип бир ыйлап отурам
Кемпириң энең санайт деп

Чапса бир бүтпөс майдэниң
Чакырсам келбес мейманың
Эксе бир бүтпөс майдэниң
Эңсесе келбес мейманың.

## АТАСЫ ТАЛКАНБАЙ ӨЛГӨНДӨ КОШКОН КОШОК[1]

Борой-борой күн жааса,
Бос жамынчым атакем.
Болор-болбос гап уксам,
Болушаарым атакем.

Алай-дүлөй күн жааса,
Ак жамынчым атакем.

[1] КР УИА КЖБ. – Инв. № 731.

Аздыр-көптүр гап уксам,
Айтышаарым атакем.

Атакемдин барында,
Күлгүндү кием дейт элем.
Күлгүн тургай бөз кайда,
Атакем көзү өткөн соң,
Күлүп сүйлөр сөз кайда.

Аргымак келет куу менен,
Ак бос ат келет чуу менен.
Аздыр-көптүр жыйнаган,
Аркаңда уулуң жогунан,
Агып кетээр суу менен.

Көк бос ат келет чуу менен,
Көк шумкар келет куу менен.
Көч жакта уулуң жогунан,
Көптүр-аздыр жыйнаган,
Көрүнбөй кетет суу менен.

Калайлуу болду күмүшүм,
Аркаңда уулуң жогунан,
Кайгылуу болду бул ишиң.

Бедерлүү болду күмүшүң,
Белдарың уулуң жогунан,
Бекер болду бул ишиң.
Атакемдин койлору,
Баары бирдей бос болгон,
Оройт десе козголгон.

Токмогум кооз болсун деп,
Долонодон чаптырган.
Чыктам кооз болсун деп,
Кажарыдан[1] эштирген.

[1] жибек

Уугун кармап каларга,
Уулу болуп калсамчы.
Кереге кармап каларга,
Келини болуп калсамчы.

Ак тикенде муун жок,
Алтыга чыккан уулу жок.
Көк тикенде муун жок,
Көркөмдүү болгон уулу жок.

Аргымакка ат кошкон,
Ар жакшыдан башы озгон.
Тобурчакка ат кошкон,
Топ жакшыдан башы озгон.

Кырга желе кедирген,
Кырдан өткөн кишиге,
Кымыз ичсин дедирген.
Сайга желе кердирген,
Сайдан өткөн кишини,
Саамал ичсин дедирген.
Дасторкону жайнаган,
Чайнекте чайы кайнаган.
Паркечте наны жайнаган,
Ак бос ат минген сулуу деп,
Арс ичик кийген жылуу деп.
Көк үйүнө жөлөнгөн,
Көрпө ичикке бөлөнгөн.
Ак үйүнө жөлөнгөн,
Арзи ичикке бөлөнгөн.
Эшиктен төргө ак кийиз,
Эшендер кирген үйүнө.
Капшыттан төргө ак кийиз,
Калпалар кирген үйүнө.

## АПАСЫ ӨЛГӨНДӨ КОШКОН КОШОГУ[1]

Каз элечек карай көз,
Калкыңа жаккан ширин сөз.
Торко элечек торгой көз,
Тобуна жаккан ширин сөз.

Кара жорго үстүндө,
Сүлкүлдөгөн энем жан.
Каз элечек ичинде,
Бүлкүлдөгөн энем жан.

Тору жорго үстүндө,
Сүлкүлдөгөн энем жан.
Торко элечек ичинде,
Бүлкүлдөгөн энем жан.

Порлобой тонун ак кылган,
Болуштарга чак кылган.
Сырлабай тонун ак кылган,
Сынчыларга чак кылган.

Энекем жасаган тондорум,
Алгандастар* баалаган,
Көргөн адам таң калган,

Алтымыш түптүү ай көчөт,
Ай жарыбай баштаган,
Абысын жолго таштаган.

Жетимиш түптүү ай көчөт,
Жер жарыбай баштаган,
Жеңени жолго таштаган.

---

[1] КР УИА КЖБ. – Инв. № 731.
* тон баалоочулар

Кирпигине кир жукпас,
Кирдүү аяктан суу жутпас.
Чачпагына чаң жукпас,
Чаңдуу аяктан суу жутпас.

## КЫЗДЫ КҮЙӨӨГӨ УЗАТКАНДА ЭНЕСИНИН КОШКОН КОШОГУ[1]

Көчкөндө көчтүн көркү эле,
Өрүүдө жүктүн бурчу эле.
Карыган энең келгенде,
Жүрөгүнүн курчу эле.

Ай кашка минген кайнагаң,
Арманда кеткен өз атаң.
Көк кашка минген кайнагаң,
Көрбөй кеткен өз атаң.

Белести шамал кагуучу,
Белгилүүнүн баласы
Берген жерге жагуучу
Капталды шамал кагуучу,
Кадырлуунун баласы.
Каерге барса жагуучу.

Бек өзүнө сарт улуу,
Берген жериң аты улуу.
Кан өзүнө сарт улуу.
Кармашкан жери аты улуу*

Эшигиң алды майда тал,
Башын чырпып отко сал.
Барган жериң мыймандос,
Эшик ачып, кийиз сал.

[1] КР УИА КЖБ. – Инв. № 731.
* жакшы жерге бардың

Алтындан бешик өңөргүн,
Алганың менен көгөргүн.
Күмүштөн бешик өңөргүн,
Күйөөң менен көгөргүн.

Ашкананын оозунда,
Ай тийгендей жан балам.
Курак жүктүн тагинде,
Кут түшкөндөй жан балам.

Жүк алдында шиберим,
Жүккө жапкан килемим.
Сүйрөп кийиз салып жүр,
Сүйгүнчүк келин болуп жүр.
Кагып кийиз салып жүр,
Кадырлуу келин болуп жүр.

## КЫЗДЫ КӨЧҮРГӨНДӨ КОШОК[1]

Жүк астында айнегим,
Сүт үстүндө каймагым.
Жүк үстүндө кыйгырым*
Айланайын жан балам,
Үй тиреген шыргыйым.

Түндөп бир түндөп эл көчөт,
Айланайын жан балам,
Түндүк бир боомду ким чечет.
Саар менен эл көчөт,
Айланайын жан балам,
Сандык боомду ким чечет.

[1] КР УИА КЖБ. – Инв. № 731.
* кыргый

## БАЛАСЫ МАМЫТ ӨЛГӨНДӨ КОШКОН КОШОГУ[1]

Жоогазы эле ачылган,
Жылдыз элең чачылган.
Улуу бир тоодон уларым,
Удургутуп таштаган,
Уктатпай калсын убалың.

Жашылды кийбей күрмөнүн,
Жаш өмүр сүрбөй дүйнөнүн.
Кызылды кийбей күрмөнүн,
Кызыгын сүйбөй дүйнөнүн.

Байкасам тону күзгүдөй,
Бей арман кеткен балам ай,
Бейкарас[*] адам күйгүдөй
Кара атка салган кажарым,
Кагылсам балам базарым.
Кайрылып үйгө келгенче,
Жеткен го экен ажалың.

Чөөттө суулар тоңбосун,
Бей ажал өлүм болбосун.
Коктуда суулар тонбосун,
Кокустук кырсык болбосун.

Кашкардан келген жоолугум
Кырк жеринен түйөйүн.
Кымбатым Мамыт сен үчүн,
Кырк жыл да болсо күйөйүн.

Ак куудай боюн таптаган,
Күзгүгө үч маал каранган.
Айлансам балам пакизам[**]

---

[1] КР УИА КЖБ. – Инв. №733
[*] сырттагы
[**] таза

Кыра бир манат эндеген,
Кашкардын жолун ченеген.
Кагылсам Маамыт көзү ачык,
Калкымда сулуу мен деген.

Кызыл бир манат эндеген,
Кытайдын жолун чендеген.
Кылыгы жакшы көздөйүм,
Кыргызда сулуу мен деген.

Калдыгачым качырдым,
Кара бир белес ашырдым.
Тулпарымды качырдым,
Туура белес ашырдым.

Аргымак атың бар беле,
Ашыгынан шал беле.
Алыстан укең келгенче,
Шашылыш ишиң бар беле.

Алтының кетти тишиңде,
Арманың кетти ичиңде.
Күмүшүң кетти тишиңде,
Күйүтүң кетти ичиңде.

Абалап учкан ак кытан,
Арка бир жүнү бир тутам.
Алыстагы укеңдин,
Калганына эш тутам.

Көкөлөп учкан көк кытан,
Көкүрөк жүнү бир тутам.
Көрүнбөй кеткен акеңе,
Сенин калганыңа эш тутам.

## ИНИСИ ЖАНЫШ ӨЛГӨНДӨ КОШКОН КОШОГУ[1]

Атын Жаныш болорбу,
Санааны башка саларбы.
Алыстан атаң келгенче,
Армандуу өлүп каларбы.

Жаныш деп жүрүп жалбарып,
Жашынан өткөн апакем.
Күйүткө күйүп чөмүлүп,
Кайгыдан өлгөн апакем.

Жанышым аман бар болсо,
Чабат эле улакты.
Чалат эле кыякты.

Өлбөй аман чоңойбой,
Өз теңдүүнү көргөндө,
Эси бир оойт эжеңдин.

## АТАСЫ СОГУШКА КЕТКЕНДЕ КОШКОН КОШОГУ[2]

Элүү жашта энебиз,
Эңкейип арча алалбайт.
Алтындан тумар тага албайт,
Бизди атабыздай бага албайт.

Этегиң алды эки суу,
Эңсебей атам белиң буу.
Көл боюнда талдарың,
Көрсөм деп ыйлайт балдарың.

---

[1] КР УИА КЖБ. – Инв. №733
[2] КР УИА КЖБ. – Инв. №733

Шалонго түштүң шалдырап,
Ыйлап калдык жалдырап.
Жазгы эккен буудайым,
Жалдыраттың кудайым.
Күзгү сепкен буудайым,
Көрсөтөр бекен кудайым.

## ЭНЕСИ ӨЛГӨНДӨ ЖОКТОГОНУ (КОШОК)[1]

Айтса ада болбогон
Алымдуу шаар жан энем.
Жесем ада болбогон
Жемиштүү шаар жан энем
Дарактуу жерден күн тийсе
Тийбегендей көрүнөт
Азамат уулу болбосо
Бул жарыклык дүйнеге
Келбегендей көрүнөт
Эгизги* тоодон күн тийсе
Тийбегендей көрүнөт.
Азамат уулу болбосо
Бул жарыклык дүйнөгө
Келбегендей көрүнөт
Бякасам тонго зар жасайт
Эгизги тоога кар жасайт
Он эки мүчөң тең жасайт
Кыз баласы кургурдун
Ороюң элден кем жасайт
Алыскы тоого кар жасайт
Ак шайы тонго зар жасайт
Эшигимде пал камыш
Башыдан тартсам таги бар
Азамат агаң болбосо
Буунуңдун баары бош.

[1] КР УИА КЖБ. – Инв. № 644. 2-дептер.
* бийик тоо

Кат кат деген китепте
Катты итайын кылыптыр
Өлгөнүңө кара жер
Жерди итайын кылыптыр

Алты ита десайе суу менен
Жууп коём турбайбы
Үч жериден белгилеп
Бууп коёт турбайбы
Анан жайга алпарып
Коюп коёт турбайбы
Жети кадам басканда
Кинасы менен Сообун
Ана ошондо билет дейт
Сообуп оору бир келсе
Актап үйдү салат дейт
Нур кызыны алат дейт
Күнөөсү менен сообун
Ана ошондо билет дейт
Ай алдында бир жылдыз
Сыдыр өткөн эмеспи
Бүбү Зуура ай энебиз
Жетим калган эмеспи
Жетим жесир ынтымак
Шодон калган эмеспи
Бүбү Зуура ай энебиз
Сасык турпак жууруп
Сүрөт кылган эмеспи
Бул өлүмдү бендеге
Сүнөт кылган эмеспи.

## 23 ЖАШАР БАЛАСЫ ӨЛГӨНДӨ КОШКОН КОШОК[1]

Агарып аткан таңды айтам
Таштап бир кеткен сени айтам

[1] КР УИА КЖБ. – Инв. № 644. 2-дептер.

Бозоруп аткан таңды айтам
Боздотуп кеткен сени айтам
Таң шамалы боз салкын
Түштү бир сенин бетиңе
Түшө албадым арага
Боло албадым садага
Көк чыйырдын кара жер
Өттү бир сенин этиңе
Айланайын кулунум
Боло албадым садага
Кыркма жакка кыйгач каш
Кыздардан тандап сүйбөдүң
Кесме бир жакка керме каш
Келинден тандап сүйбөдүң
Бул арманың кантейин.
Жолборстой боюң тартылган
Жонуңдан чарчы* артылган
Жолуңда чарчы алыш жок
Жообантып** кеттиң көрүш жок
Ыргайдай боюң тартылган
Ийиниңде чарчың артылган
Ийиниңде чарчың алыш жок
Ыйлатып кеттиң көрүш жок
Булгаарыдан көн*** жакшы
Мындан көрө көр жакшы
Суу ичээрге көл жакшы
Сыздап ыйлап жүргөнчө
Мындан көрө көр жакшы
Түндүксүз үйгө сен кеттиң
Түтүнсүз отто мен калдым
Жарыксыз үйгө сен кеттиң
Жалынсыз отко мен калдым.
Жарды жарлай жүргөмүн
Жал куйругун түйгөмүн

* белге чалынган кур
** кайгыртып
*** булгарынын бир түрү

Сендейлердин отуга
Эзелтен шундай күйгөмүн
Кырды кырдай жүргөмүн
Кыл куйругун түйгөмүн
Кымбатым сендей отуга
Кыйла жолу күйгөмүн
Сай боюда сары гүл
Саясы жерге кулп урат
Сардалдуу* жигит болгондо
Кара бир жерде ыпырып.

## АГАСЫ ӨЛГӨНДӨ ЫРДАГАН УШУЛ ЭЛЕ АШИР АПА[1]

Суроолоп келет Пайзылда
Суроолоп келсе Пайзылда
Супурадай жердесиз
Суроо катык элдесиз
Көрөм деп келет Пайзылда
Көрөм деп келсе Пайзылда
Көмүркөдөй жердесиз
Көрүү катык элдесиз
Ааламдан атаң өттү деп
Кимибиз туруп айта алат
Ак кагаз пулун парактап
Айлансам абаги дөөлөтым
Анжиян базар баргансың
Келинге сарпай** дарактеп
Көк кагаз пулун парактап
Кокон бир базар баргансың
Келинге сарпай дарактеп
Эшигиң алды топ терек
Топ терекке суу керек

* бойго жетип, жакшы болгондо
[2] КР УИА КЖБ. – Инв. № 644. 2-дептер.
** келинди аларда даярдап кийгизе турган кийимдер

Каадасы жетип кыз берсем
Ошо күдө сиз керек
Убанын* жолу кайда экен
Турпагы майда экен
Чын дүйне кеткен абамды
Энди бир көрмөк кайда экен
Көк зоодон түшкөн кум айык
Күндө арманың айткыча
Көк турпак мага ылайык.

## БАЛАСЫНА АЙТКАНЫ ЭСТЕП КАЙРА БАШТАДЫ[1]

Ак зоодон түшкөн Кумайык
Айда арманың айткыча
Ак турпак мага ылайык
Карарган тоодун бооруда
Карга бир учса кайып дейт
Карыядан оошуп
Жаш өлгөнү айтып дейт
Эгизги тоодун бооруда
Элик бир учса кайып дейт
Аксакалдан оошуп
Жаш өлгөндү айтып дейт
Кызыл гүл эдең ачылыш
Кыямат өлүм ашыгыш
Жашыл гүл элең ачылыш
Жаш өлмөк мынча ашыгыш
Жашыл бир тоонун этегин
Чыла бир болот дедиңби
Бу дүйнеде көп жүрсө
Күнө болот дедиңби
Ажырарга тал белек ботом
Айрыларга мал белек ботом

* шаар
[1] КР УИА КЖБ. – Инв. № 644. 2-дептер.

Күнүм бир бүтүп өлбөймүн
Күнүм бир бүтүп өлгүчө
Күзгүдөй жүзүң көрбөймүн.

## БУЛ БАШКА УБАКТА АЙТЫЛГАНЫ[1]

Төбөңдөгү курагың
Төркүн бала ынагың
Башыңдагы курагың
Асыл бала ынагың деп[*]
Көлдөн өрдөк учкан жок
Көйкөлүп өтү түшкөн жок
Ушунча көргөн өмүрүң
Суу жутканча болгон жок
Суудан өрдөк учкан жок
Суурулуп пари түшкөн жок
Ушунча көргөн өмүрүң
Суу жутканча болгон жок

Ажалым жетип өлбөймүн
Ажалым жетип өлгүчөм
Айнектей жүзүң көрбөймүн
Түндөсү жол жүргөн
Түлкүнүн колу сөгүлсүн
Түн эм бир дебей келе көр
Түңүлгөн апаң сүйүнсүн.
Эртең менен жүгүргөн
Эликтин колу сөгүлсүн
Эрте бир дебей келе көр
Эриккен паң сүйүнсүн
Саар турсам шамал жок
Сагынамын амал жок
Эрте турсам шамал жок
Эстесем кантем амал жок

[1] КР УИА КЖБ. – Инв. № 644. 2-дептер.
[*] кайнсиңдисинин күйөөсү өлгөндө айтканы

Карагерге бут артпай
Кара бир чачка кол артпай
Бозогерге бут артпай
Бото көзгө кол артпай
Бул арманың кантемин
Көк зоодон түшкөн тараша[1]
Көк кайың чыгат жанаша
Жалгызым сенин өлгөнүң
Пеш энеме жараша
Сыдыдым гүлдүн шагыны
Сыздадым өлүм дагыны
Кайырдым гүлдүн шагыны
Какшадым өлүм дагыны
Карала болду көйнөгүм
Бу өлгөндүн дарти да
Кана бир менин өлгөнүм
Көк ала болду көйнөгүм
Бу өлгөндүн дарти да
Кана бир менин өлгөнүм
Беш кабат соккон тубардан
Беттеп соккон бөз жакшы
Берип коюп алгыча
Мынан көрө жок жакшы
Аңдабай соккон тубардан
Аңчыл бир соккон бөз жакшы
Берип коюп алганча
Мынан көрө жок жакшы
Өрттөнөмүн чогуңа
Өлгүм бир келет жогуңа
Кактанамын чогуңа
Каландар болдум жогуңа
Алтындан сөйкөм шарк эткен
Айдай бир жаркып сен жүрсөң
Анда бир жүрөк зарк эткен
Күмүштөн сөйкөм шарк эткен
Күлүп жайнап сен жүрсөң

[1] жарылган сынык отундар

Анда бир жүрөк зарк эткен.
Кемерлер бото байланган
Кең көчөнү айланган
Кемерлер бото таттүүм
Так тагасы заттүүм
Тар көчөнү айланган
Камарлар бото байланган
Камарлар бото таттүүм
Так бубасы заттүүм.

## КЫЗЫНЫН АТАСЫ ӨЛГӨНДӨ КОШКОН КОШОГУ[1]

Абал башы жан элем,
Жан эгем карап жол тартса,
Баарыга дөөлөт бек атам,
Ажал жетип күн бүтсө,
Акырет карап жол тартса,
Улуулар менен алышып,
Урматтуу сиздей ким өткөн.

Ажы атам урматым,
Айткан сөзүң кымбатым.
Бак дөөлөт өткөн башынан,
Пармат менен мал берип,
Парзантты алган жакшыдан.

Оң мурутун имерип,
Он жигит кетпес кашынан.
Алтын, күмүш най өткөн,
Алты атаңыз бай өткөн.
Жети күмүш най өткөн,
Жети атаңыз бай өткөн.

---

* түпкү атасы
[1] КР УИА КЖБ.– Инв. №515. 6-дептер.

Боз ордосун жеткизкен,
Бор дөбөдөй конушка.
Бой таанышып мал берип,
Болуп өткөн бир чакта.

Кара ордосун жеткизкен,
Кара дөбөдөй конушка.
Кадырлаш болуп мал берип,
Карыбектей болуша.

Жалпы алган конуштун,
Жарыгын алган болуштун.
Суусун алган конуштун,
Сураган алган болуштун

Жакасы тилла кемзели,
Жаңы журтка мынзели
Чепкен тилла кемзели,
Таанышып бекке мынзели.

Чепкениңдин чети алтын,
Чегээси элең бул калктын.
Куюшканың куп алтын,
Кереги элең бул калктын.

Куюшкан кумпа жоголду,
Кубатым атам оголду.
Чепкениң чети жоголду,
Чеченим атам оголду.

Сапсалдап сакал тараган,
Сары алтын Таспа санаган.
Сардар төрө атама,
Сарттар көзүн караган.

Кучактап сакал тараган,
Кымбат баа Таспа санаган.

Кырдал төрө атама,
Кыргыздар көзүн караган.

Башчылыктын ишине.
Бала экенде жараган.
Казгалдак мойнун кайрыган,
Хандан жемин айрыган.

Безбелдек мойнун кайрыган,
Бектен жемин айрыган.
Хан алдында олтурган,
калпагын зарга толтурган.

Бек алдында олтурган,
Белбагын зарга толтурган.

Беделдүү болот күмүшү,
Беш уруу журттун ичинен,
Бек атам көзү өтүптүр
Эми, сиздей кимиси.

Алтындуу болот күмүшү,
Алты уруу журттун ичинен,
Бек атам көзү өтүптүр
Эми сиздей кимиси.

## РЫСКЕЛДИЕВ МАМЕТТЕН КЫЗДЫН КОШОГУ[1]

Карай-Манат кештелеп
Токунганым жок эле
Кайраным Арзи өлөт деп
Окунганым жок эле
Кызыл манат кештелеп
Токунганым жок эле

[1] КР УИА КЖБ. – Инв. № 630.

Кырчыным Арзи өлөт деп
Окунганым жок эле
Такыямдын чогунан
Жаш Арзикул өлүптүр
Менин таалайымдын жогунан
Такыя тиктим таңдайлаш
Арстаным Арзи жалгызым
Отурбадым маңдайлаш.
От жакпадым тараша
Ойронум Арзи жалгызым
Отурбадым жанаша
Ойду бир ойдой оттогон
Орок моюн нар бекен
Ош бешинде тул калган
Мендей бейбак бар бекен
Керди бир кердей оттогон
Кекилик моюн нар бекен
Келин болбой тул калган
Мендей бейбак бар бекен
Жар жыгылса суу бөгөйт
Жалгыз өлсө ким жөлөйт
Жар жыгылса суу чыкпайт
Жалгыз өлсө чуу чыкпайт
Аягың Кокон, башың Сок
Арстаным Арзи жалгызым
Ат өткөрөр жериң жок
Жайлооң Кош-Көл, жайың Сок
Жаш Арзикул жалгызым
Жан күйөрүң дагы жок.
Ак ыргай чыгат эл аша
Акыреги́м алдына
Ак алма бышат жанаша
Арзидан калган кара бет
Эр тандап жүрөт дагы деп
Айылга кылдың тамаша
Көк ыргай чыгат эл аша
Көкүрөгүм алдына

Көк алма бышат жанаша
Арзидан калган кара бет
Журт аралап жүргөн деп
Көп элге кылдың тамаша
Көйнөгүмдү көк кылдың
Уятымды жок кылдың
Эрте кооп күймөнөм
Мен Арзимди жоктоордон
Эне-атамдан ийменем
Саар кооп күймөнөм
Мен Арзимди жоктоордон
Кайын журттан ийменем.
Кара атка таккан дабылым
Кан Арзикул кабылым
Кара жерде сен жатсаң
Канетип чыдайт сабырым
Алты кары бөз менен
Аманат кетти бир жаның
Өтүп кетти күнүң жок
Өзүңдөн кичик иниң жок
Жаткан жериң жалбырак
Жашынганың топурак
Арстаным, Арзи жалгызым
Жаныңа күйсүн шам чырак
Отурган жериң жалбырак
Оронгонуң топурак
Ойронум, Арзи жалгызым
Оң чекеңе күйсүн шам чырак
Ирендин суусун бойлоп өт
Илме дос тиккен ур кыздын
Ийнесин алып ойноп өт
Кара-Сууну бойлоп өт
Кайырма тиккен ур кыздын
Кайчысын алып ойноп өт.
Шайке тондун маралы
Кайнатамдын айылына
Бирөө баштап барбаса

Уялбай кантип баралы.
Беш бейбелчек, он тырмак
Белчеден канга малалы,
Сары алтын, айдай ак бетти
Кара кан менен жубайлы (жууйлу)
Күйүттүн жолун кубайлы (кууйлу)
Күйүттүн жолу кайсы экен
Кайнатамдын айлына
Бирөө баштап барбаса
Уялбай кантип баралы.
Кутурган итим кабаган
Кудалардын айлынан
Куптанда келди чабаган
Алапар итим кабаган
«Арзикул бегиң өлдү!» – деп
Атам менен энемди
Алып кетти чабаган.
Жантая бүткөн тал элең
Арстаным Арзи жалгызым
Эми өспүрүм бала элең.
Карай чыбык ноодалап
Кашкарга кеттиң соодалап
Ой Арзикул шейитим
Ташкенде калды бейитиң.

## КОШОК[1]

Оң колуна кайчы алган
Сол колуна барча алган
Барчасы калды бокчодо
Энекем торко эмчек чүмкөнгөн
Энекем топ-топтон нарды чиркеген
Заманы баштан өткөн соң
Энекем турумтай куштай түлеген
Кетер бир чакта жүдөгөн.

[1] КР УИА КЖБ. – Инв. № 630.

Курандын башы алахамду
Жылаудун башы ойбайды
Жыламайын десем да
Шум өлүм эске түшкенде
Кам көңүлү курусун
Кайгылар түшүп коймайды
Кайгы бир деген кара дарт
Кагындыдан катты кен
Кагынды келди каралап
Жалпы бир журтту аралап
Жалпы бир журттун ичинде
Менин балдарыма алган саралап.
Сарамжалдуу сардалым
Сабдурап турган дегдарм
Ай кашында чолпоным
Бек кашында султаным
Ай менен күнүм тутулган
Карар бир көзүм сытылган
Кармар бир колум кыркылган
Майышкан менин билегим
Шум өлүм сенин дартиңен
Менин майтарылган жүрегим.
Товга бир бүткен терегим
Өлбөй тирүү жүргөндө
Жалпы бир журтка керегим.
Бек байласам белим ток
Ажалым жетип кас бүтсөм
Аркамда жылап тургандай
Уулум да түгүл кызым жок.
Уугум узун учу жок
Ырысы качкан карыпта
Уулдан түгүл кыздан жок.
Керегем узун кеби жок
Кеңешим алып жүргөнгө
Уулдан түгүл кыздан жок.
Өйдө бир чыксам өбөк жок
Ылдый бир түшсөм жөлөк жок.

Тарыган үйдө таяк жок
Тайгак бир жолдо сүйенч жок.
Белимде менин медер жок
Беш капкалуу Ташкен жок
Белимдеги медерим
Беш капкалуу Ташкентим
Ташкентим жолу тарыккан
Базарым жолу байланган
Кас илечек чүмкөнгөн
Катарлап нарды чиркеген
Тууп-тууп балдарыман түк калмаган.

## ТАМСИЛ

### ТАМСИЛ[1]

Эчки деген жаныбар
Ээгинде жалыбар
Ча десе койду баштаган
Ача мүйүз аштаган
Аркасына койчуну
Кокуйлатып жаштаган
Бөдөнө куштун бөкбөгү
Көгүчкөн куштун көпкөгү
Сарайгыр куштун сакоосу
Сагызган куштун макоосу
Булбул чечен ой кылды
Бүркүт палван той кылды
Жөргөмүш болду жарчысы
Ала карга азанчы
Кара карга казанчы
Таанды табак тарт деди
Ашка түшүп каласың
Чевертке кедей кет деди
Ат айдоочу ким болду
Таз кара деген шум болду
Куштарды айдап калат дейт
Кийин калган куштарды
Баспайсыңбы куштар деп

[1] КР УИА КЖБ. – Инв № 236 №9 дептер.

Чоң чеңгелди салат дейт
Аны көргөн куштар аву
Кайсы тырмак менен алат дейт
Маскара кылып салат дейт
Уйгу-туйгу болуптур
Эски дарты козуптур
Карчыга кыран озуптур
Мен эмнени алам деп
Өрдөк соно ал деди
Ада кетти ынтылып
Кыргый келет кынтынып
Канаттары шылтыйып
Мен эмнени алам деп
Бөдөнөнү ал деди
Ада кетти ынтылып
Турумтай келет нувуштан
Жеген жемин увуштап
Мен кайсыны алам деп
Сен чымчыкты ал деди
Ада кетти кувуштап
Күйкө келет курмуйуп
Күрөң аттай чурмуйуп
Мен эмнени алам деп
Сен чычканды ал деди
Ада кетти улмуйуп
Бир маалда карсаң
Жаман сар келет кайаңдан
Өз алдынча лапаңдап
Мага эмне берет деп
Сен келесты ал деди
Жакшы пейге тийди деп
Жандап алды келеста
Баш байге тийди деп
Байлап алды келесты
Орой чокуга бир уруп
Айдап алды келести
Колу бутун бекем деп

Байлап алды келести
Ээн жерге алпарып
Союп алды келести
Буда болсо насип деп
Ысыганда жагжайып
Тоюп алды келести
Такыр жебейм күрүштү
Такым этим тырышты
Эч жебеймин күрүштү
Ичеги боорум тырышты
Азали жебейм күрүштү
Ичеги боорум тырышты
Ашык жайы болбосо
Айланып кетсин күрүч конокко
Томуктай майы болбосо
Толгонуп кетсин конокко
Сары майы болбосо күрүч
Садага кетсин конокко
Базардагы көп күрүч
Кылкылдак көлдүн шалиси
Камыш болот палыси
Ал камыштын ичинде
Үнү ничке кыңылдак
Доошу ничке зыңылдак
Наша деген палакет
Келер экен кыңылдап
Кызыл кийген кыздарды
Кыңылдап келип жейт экен
Кылчайып туруп бир урса
Буга да шарид таап алыптыр
Кызыктан өлдүм дейт экен
Шайи кийген келинди
Шаңы менен жейт экен
Шапат менен бир урса
Бугада шарид таап алыптыр
Шайит өлдүм дейт экен
Мен билбеген не калды

Бүргө менен бит калды
Бит капырың билип жейт
Кыбыратып жүрүп жейт
Караңгы таңга камап жейт
Кабырганды жаман жейт
Жик-жигиңди билип жейт
Көк желкеңе минип жейт
Кабыргаңдын учун жейт
Кашатыңа туруп жейт
Окугандар ойлонуп
Муну ырдаган кимдир дейт.

## ЖАҢЫЛМАЧ

### ЖАҢЫЛМАЧТАР[1]

Үй үстүндө боз көрпө,
Боз көрпөдө кырк сирге,
кырк сирге мени кырк сыкты,
кырк сиргени мен кырк сыктым.
-----------
От боюнда тай талпак,
тай талпакты тайтайта силккен эр тайтак.
----------
Үркүнбайдын үйүн силктим,
Үйүндөгү кызын силктим.
Туш туурдугун туура силктим,
Тушундагы кыз ала силктим.
Капшыт туурдугун кайра силктим
Кара кызын ала силктим.
----------
От боюна майлуу сорпо төгүлдү.
Сиңер-сиңбес болду,
Сиңип койбос болду.
---------
Керегедей аңдан түштүм
Керегедей аңдан чыктым.
---------
Боз байтал минип машакка бардым
Бир жагыма таш арттым, бир жагыма
маш арттым.

[1] КР УИА КЖБ. – Инв № 236 №3 дептер.

Ташым ооп машыма тиет,
Машым ооп ташыма тиет.
Таш машакка шак этти,
Машак ташкка шак этти.
--------
Эки тигиш тигишти, эки түлкү силкишти
Жана тигиш тигишти жана түлкү
силкишти
Кайра тигиш тигишти, кайра түлкү
силкишти.
--------
Бир түп тыт туруптур, түптүн түбүндө
түрп туруптур.
Түрп тытты тутуптур, тыт түрптү
тутуптур.
--------
Сел сел сел келет
Сегиз теке бир келет
Сакалдарын арбайтып, мүйүздөрүн
тарбайтып
Андай силкпей мындай силк,
мындай силкпей андай силк.
----------
Үй аркасы темир тикен
Жүрүгүлө балдар ойнойлу
Көк канчыктын терисин
Кайра силкмей ойнойлу.
---------
Жолдо бир тоок келатыптыр
Карагай бакан колго топ,
Чаптым эле башка ток.
Кайың бакан сурма топ,
Чаптым эле башка ток.
----------
Колот ылдый котос келтат
Кимдин. Кимдин котосу?
Байсал акам котосу

Жабыгына жалп эткен
Жалдуу кара котосу
Түндүгүнө түп эткен
Түндү кара котосу.

--------

Беш кашка эшек
Бешөө беш башка эшек.

---------

Кой жыйырмага чыкпай картаярбы?
Карыган койду карыган койчу
кайтараарбы?

---------

Сен эмне олураясың
Олураярыңа олурай
Мага олурайбай

-------

Бул бүркүт томоголошпостордонбу?
Бул камыш токмоктошпостордонбу?

---------

Аягыма карасам калкылдаган кара таш,
Быягымы карасам былкылдаган
кызыл таш.
Таш бекен, тамак бекен?
Таргылала машак бекен?
Коргошундай колок бекен?
Кокуй наалат тыйнак бекен?

---------

Бир мому өңөргөн киши келетат
Саям дейди момума,
Сайдырбаймын момума,
Кире качам аңыма,
Чыга качам тамыма.

---------

Эл күңгөйгө жылкысын ала баталат.
Мен күңгөйгө жылкымы ала бататалатам.

## ТАБЫШМАКТАР

### ТАБЫШМАКТАР[1]

Асалломy валейкум мулла чарык,
Эки тутам эки эли башы жарык.
(Эчкинин шыйрагы туягы)

Бул имине муңаят
Башы имине кыңаят
Чекеси имине түктөйөт.
(Конок)

### ТАБЫШМАКТАР[2]

Букардан келген мунажын
Куйругу чолок кунажын
бу капырдын жүрүшү
тумшугунун чүрүшү
(Чочко)

Эртең менен кеткен жегилек,
Кечинде келет жегилек.
(Үйдүн түндүк жабуусу)

[1] КР УИА КЖБ. – Инв № 236 №1 дептер.
[2] КР УИА КЖБ. – Инв № 236 №3 дептер.

Кашкардан келген лөк
Эки көзү көк.

(Көгөөн)

Төрт сарт бир ороого сиет.

(Уйдун эмчеги)

Суу түбүндө төрт токоч.

(Аттын туягы)

Дүйнөдө эртең менен төрт буттап,
түштөсү эки буттап, кечкурун үч буттап
баскан бир жан бар?

(Адам: балалыгы,
киши чоңойгондогусу, карыганы)

Ал өйүздүн жылкысы кайсы кулак,
бул өйүздүн жылкысы топчу кулак

(Керегенин көздөрү)

Өлө бай акем өлөм дейт,
Эки баласы эки жагынан жөлөйм дейт.
(Үйдүн босогосунун эки жагы жана үстү)

Кыркырак абышканы
кырк найза менен сайдым

(Түндүк жана уук)

Нары шалп, бери шалп,
кунан койдун куйругу шалп?

(Үйдүн эшиги)

Караңгы үйдө каман күркүрөйт.

(Тегирмен)

Жар боорунда жалгыз ыргай.

(Адамдын киндиги)

Кыдырата таш койдум,
Кызыл өгүзүмдү бош койдум.
(Тил, тиш)

Тап-тап этади,
Тагынан карван өтади.
(Элик)

Такчама-такча,
Сатаркул батча.
(Чычкан)

Абан-табан, жаман чапан,
Ийри комуз, жарык жылдыз.
(Төө)

Ийри терекке кар жукпайт
(Уйдун мүйүзү)

Тий-тий десе тийбейт,
Тийбе-тийбе десе тиет.
(Эрин)

## ТАБЫШМАКТАР[1]

Багал-багал багал кийик.
Багалактуу жүндүү кийик.
Кашык толбос кандуу кийик,
Казан толбос көштүү кийик.
(Коён)

Кудай берди куш кармайт
Төрөбай таш кармайт
Балжы-булжу баш кармайт.
(Жүгөн, куюшкан, басмайыл)

[1] КР УИА КЖБ. – Инв № 236 №3 дептер.

Тышы кара көрпө,
Ичи кызыл өпкө.

(Дарбыз)

Каргашаган дегенде каргашаган,
Канатуулар ичинде,
Кайсынысы миң жашаган?

(?)

Бир терек, бир теректе он эки бутак
Он эки бутакта отуз жалбырак,
Ар бир жалбырактын үстү ак, асты кара.

(Жыл, ай, айдын жарымынын
караңгы, жарыгы)

Ай-айга багышат,
Алтын табак кагышат.
Күн-күнгө багышат,
Күмүш табак кагышат.

(Күндүн күркүрөгөнү, чагылган)

Суга кирсе миң,
Суудан чыкса бир.

(Аттын куйругу)

Кичинекей чилатир,
Боордон отун кулатыр.

(Көздүн жашы)

Жездекемдин жээрде аты,
Жер алдында кишенейт.

(Суур)

Ээрди-мурду чүрүшкөн,
Эрендер мен жүрүшкөн.

Жалгыз патир баары, жокко татыр.

(Ай)

Теңдегей жерге күн тийбейт

(Мылтыктын оозу)

Өзү ток, көлөкөсү жок.

(Көл)

Аттаган жери атандай,
Оттогон жери оймоктой,
Баскан жери бармактай.

(Коён)

Узун-узун урганак
Учу-түбүн ким табат?

(Жол)

Жыйдым-жыйдым бир килем,
Жыялбадым түр килем.

(Чөп)

Кап оозу эмне?
Карга оозу эмне?
Кой баласы шек.
Анытабалбаган эшек.

(Кийиз, мүйүз)

Сакалы жок муруту бар
Тону бар кийерине чапаны жок
Пайдасы үй ичинен табылган соң,
Таалага барып кыр салгысы жок.

(Мышык)

Төрт тап-тап,
Эки дөң-дөң
Ийри комуз
Бакыракай жылдыз.

(Төөнүн тараны, өркөчү,
мойну, көзү)

Аттан эгиз
Иттен пас

(эгар, ээр)

Кат-кат тондуу
Пастак бойлуу

(Пияз)

Такир-түкүр тарабан
Ичи толо марабан
Эки чанач азыгы

(Бешик, бала, сүт)

Саар менен туруп,
Эки айрылыш жолго түшөм

(Шым)

Саар кетет лайлак
Кеч келет лайлек

(Кыргыз үйдүн жабуу)

Элемен аке өлөм дейт
Эки баласы жөлөйм дейт

(Босого)

Жездекемин сары аты
Жер түбүндө кишенейт.

(Суур)

Баратып үйдү карайт,
Келайтып токойду карайт

(Балта)

Тоодон токум ыргыттым

(Бүркүт)

Наркы өйүздүн жылкысы кайчы кулак

Берки өйүздүн жылкысы кайчы кулак,
топчу кулак
(Кыргыз үйдүн кереге уугу)

Кагышатан тебишет
Кыл куйругун тебишет
(Уук, кереге)

Кичинекей келин
Үй айланып, боозуйт.
(Жүн менен ийик)

Жаарти патир
Ааламга татир
(Ай)

Сууга кирсе миң болор
Суудан чыкса бир болор
(Аттын куйругу)

Кырда кылыч жаркылдайт
(Күн)

Каз акемин кыздары, каздай болуп отурат,
Таранарга чачы жок, таздай болуп отурат
(Мышык)

Алтын эр көмкөргөн
Аны тапкан миң бир жаш
(Молдонун китеби)

Кытайдан келген лөк, эки көзү көк,
күлгө келип чөк!
(Абдесте)

Кашкардан келген муналуу кемпир,
бул кемпирдин жүрүшүн кара,

буту-колунун тырышын кара.
(Чегиртке)

Кара тоогум какылдайт,
канаттары шакылдайт.
(Машина)

Казык үстүнө кар токтобойт.
(Жумуртка)

Кичине кана кутуча,
ичи толо мыкыча (мык)
(Анар)

Такыр-тукур этет, алдынан кербен өтөт.
(Элек)

Караңгыда кызыл көйнөкчөн
кыз келе жатат
(Мурундун каны)

Караңгы үйдө бели байланып кул жатат.
(Шыпыргы)

Ак күчүгүм үй айланып, борбор чычат.
(Кыргыз (боз) үйдүн кырчоосу)

Чык этти, чыгып кетти.
(Тамчы)

Караңгы үйдө каман күркүрөйт.
(Тегирмен)

Лаби (илеби) кара,
ичи кызыл, өлдөп (суулап) чапса,
кургак чыгат.
(Тандыр)

Суу түбүндө төрт токоч
(Аттын төрт туягы)

Канаты бар куш эмес,
Суу түбүндө таш эмес.
(Балык)

Таманы жаргак үч салаа
Жыйнала түшөт басканда
Тизесин бекем өңөрүп,
Төөчө чөгөт жатканда
Бул куштун атын эл айтат
Бутун шилтеп басканда.
(Өрдөк)

Тап-туп, тапанек
Тапандары коёнек.
Гүл шаардын ичинен
Гүлүп чыккан коёнек.
(Адам, күзгү)

Муңаят да муңаят
Мунун башы кыйшаят
Төгөрөгүн жумбаса,
Орто жери кызарат.
(Конок, таруу)

Салмак менен урдурам,
Сары бала туудурам.
(Күү, бишкек)

Бир кап ун, ун ичинде устун
(Жийде)

Узун терек солк этет,
Учу менин колумда.
Сагызганы шак этет,

Шагы менин колумда.

(Комуз)

Талаага таяк көмдүм.

(Жылан)

Караңгы үйдө карды жарык
кемпир отурат.

(Чемодан)

Бадыр-будур баш кармайт,
Төлөк баатыр бел кармайт.
Кушбек баатыр куш кармайт,
Белек баатыр бел кармайт.

(Жүгөн, көмөлдүрүк, ээр, басмайыл)

Талп этип талып калат.

(Уйдун богу)

Жатып, жатып, жазында арыкка кирди.

(Кар)

Жер чокулап, кукулдап,
Балдарын жемге чакырган.
Жакындаган адамды
Үрпөңдөп тээп качырган.

(Тоок)

Бир сандыкча ар тилде,
Сүйлөйт, ырдайт, күү чалат.

(Радио)

Узун, узун упелек, учу-түбүнө ким жетет.

(Жол)

Үстү такта, асты такта,
орто жери сары пакта.

(Тукум, жумуртка)

Ийри талга кар жукпайт.

(Уйдун мүйүзү)

Баарына керек,
бирок кээ бирлери кыла алышпайт

(Нан)

Жыгач күйөт, бирок түтүнү жок.

(Шам)

Үстү жашыл, асты кызыл, жерде өсөт.

(Кызылча)

Башы менен жерге өсөт, жазда эмес,
кышта өсөт, күн чыкканда жылт эрип,
жашын төгүп, жок болот.

(Муз)

Өңү аппак, жылдыз сымак,
күн жылт этсе, кадим сымап.

(Кар)

Мүйүзү болуп уй эмес,
куйругун шыйпанып жылкы эмес.
Чуудалы туруп төө эмес,
туягы туруп, эчки эмес.

(Топоз)

Ийип кетип сүт берет,
Байып кетип дан берет.

(Апийим)

Үйүмө кирет, жиниме тиет,
урайын десем, таягым тийбейт.

(Шамал)

# КАЛП

## КАЛПТАР[1]

Атадан жалгыз элем, өлүп-өлүп үчөө калдык. Үчөөбүз бара жатып үч көлгө жолуктук. Экөөнүн суусу жок, бирөөсү таптакыр кургап калыптыр. Үч көлдө үч балык бар экен. Экөө өлүп, бирөө жаны жок экен. Балыкты алдык да, жүрүп отурдук. Бир жерге келсек, андагы үйлөр чалдыбар экен, бирөө урап калыптыр, анда барып, түбү жок казанга балыкты салып эритсем, эки плак май чыкты. Аны өтүгүмө жоолатсам бирөөнө жетпей калды. Жанагы үйдөн чыгайын десем, эшигиден батпай, бир кичине тешигиден чыгып кеттим. Андан ары бара жатып бир жерге келгенде, уктап жатсам: «Сен майлуу, мен майсыз», – деп экөө урушуп жатыптыр өтүгүм. Экөөнү эки жаныма коюп уктап калсам, майсыз өтүгүм Самарканга кетип калыптыр. Ары карап таппадым, бери карап таппадым, допумдун үстүнө чыгып карсам Самарканда жүрөт. Самарканга барсам өтүгүм бир бээ алыптыр. Бээм тууптур. Самаркандын суусуна келип бээни минип, тайды өңөрүп өтөйүн десем өтө албадым. Андан кийин тайды минип, бээни өңөрүп жөн эле өтүп кеттим.

[1] КР УИА КЖБ. – Инв. № 731.

## АПЫРТМА[1]

Кош айдоо малында эшекке жигирма чыпта дан жүктөп түштүм. Аны алып келип, күрөк менен жерди казып туруп сээп койдум. Бир он күн өтпөй эле, элдин майсасы эми чыкканда, меники бышып жетилди. Бул сулууларды жыйнап алар мезгил жетти. Анан мен 10 гектар жерден 10 тракторду салып жибердим. Кана алиги тракторлор сулуларды жыга албаса жиним келип, бир сулунун башынан кармап туруп жулуп алсам болобу. Тракторлор дагы деле айдай албайт. Мен киши кара келип калабы деп эки улак багып жүрөт элем. Бир күнү баягы улактарым жок. Издеп түк таппаймын. Көрсө алар ошол койук чыккан сулулардын арасында жүрө бериптир. Бир малда баягы тракторлордун бир айдап келе жатканда «баа» деген үн чыга түштү. Жүгүрүп барып карасам улактардын бирөөсү. Аны ошол эле замат мууздап, бир сулунун башыга аса салып союп салдык. Ошондо да баягы сулу бир ийилбейт. Анан улакты союп, казанга салып, баягы он тракторист болуп, таяр ашар деп бир казан гөштү жеп туруп кеттик. Ал эккен сулуларды эч ким оро албай, куурап жок болду. Баккан улагымдын бирин талаадагы жырткычтарга тапшырып, эшегимди минип алып, жайлоону карай жол тарттым.

[1] КР УИА КЖБ. – Инв. № 731.

## САНЖЫРАЛАР

### САНЖЫРА[1]*

Нук пайгамбардан үч бала болот экен: 1) Сам, 2) Хам, 3) Яппас. Сам Азия менен Африка жеринде жашоону арабтар башка мусулмандан дагы бар. Уруулар барлыгы арманлар Сам урулары деп аталат.

Хам балдары – Африка, Америка, Азия жерлеринде Индустан деңизинин араларында Оогыш жапайыкречилик оокат кылуучу Инди – негрлер.

Яппас балдары – Адилер жана Нуранлар деп экиге бөлүнөт. Иран, Валиндес, Сарт, Ооган, Юнан, Арнаун, Латин, Француз, Ингилис, Немис, Орус, Суроп ж.б. булар Хом Адилер Яки ак түстүү тукумдар аталат. Азыркы замандын дөвлөттүү ошол уруктардын колунда турат. Хом Нуранлар Нураннын Хомдору Азия жеринде жашоочу Хытай, Япун, Инди, Индикытайлары, Татар, Фин, Осмон түрктөрү, казак, кыргыз, калмак, каракалпак, уйгур түрктөрү ж.б. эски тарыхтарда айтуу боюнча Нураннын коому деп аталат.

---

[1] КР УИА КЖБ. – Инв. № 630.

[*] Эскертүү: Кочкорбаев Кантөрөө бул санжыраны ар кмиден, ар кандай кол жазмалардан алып, өзүнчө жыйнап жүргөн. Муну өзүнүн араб алфавитиндеги кол жазмасынан окуп берди, без көчүрүп алдык.

## НАСИЛ ЯППАС БАЛДАРЫ

Яппас Нуктун бир уулу болуп көп жаш жашады. Өзүнүн сегиз уулу болуп улуусу түрк, Хазар, Сахылар, Кытай, Хымари, тарихи Япун, Манжурлар болуп батыш тагын Стамбул богдунан тартып бүткүл Азия жеринин көп жерине тарап Япун аралдарынан тартып Камчатке жана Беренгов богдуна чейин тарап кетишкен. Яппас өзүнүн көп жашоо ар касында балдарынын балдарынан бир канчалык балдарды көрдү жана тукуму көбөйтү. Көбөйтү себептүү экиге бөлүнүп жармы Стамбул богдунан өтүп бүткүл Европа жери жана Америка, Азиянын күн батыш тарабындагы Хавказ жынзы Яки ак жынстуу халктар. Ал жынстуу Халктардын белгиси эски тарых Я бир Азиянын айтуу боюнча өңдөрү ак чач, сакалы барах, баштары чокулуу, көзү, оозу кичине болот. Сары жынстын белгиси – өңдөрү, баштары томолок, чач, сакалы сейрек, көзү кыпкач, оозу чоң, жаагынын сөөгү чыгуу болот. Булар көпчүлүгүнүн мүнөзү жалкоо болот деген.

Кара жындуулар – өңдөрү кара, тиштери орсок, чач, сакалы катуу, мурунну жалпак, чокусу жазы, тили чапкандай буларды өнөрү маданиятсыз, жапайы калктар болуп ак жыныстууларга колония болуп эсептелмекте. Турган жери көбүнчө Африка жеринде Занчи, Заңги, Хабаш жана дагы уруктары бар. Кызыл жыныстуулар – өңдөрү отко салган темирдей. Өңдөрү кызыл болуп Американын түп кайгы болгонун булар 1492-жылдан тартып Гүлүм боюнан Американы таап жана европалыктарга кабар кылуу менен европалыктар көчүп барып Америкага орношо баштагандан кийин кызыл жыныстар Батышта ак жыныстуулар жерин ар түрлүү жагынан эзе баштаганынан чыдабай жоо болушкан. Бирок жоо болуп урушканы менен ар түрлүү от менен жабдыктанган ак жыныстарга тең келбей кырылып жоголо башташкан. Калгандар болсо ак жыныстуулардын колунда кул катарында болуп

күнүн өткөзөт. Ошончо оокатты кылгандай болсо дагы азыраак болуп Европалык керек кылбаган. Пайдасыз жерлерде жашамакта жана дагы ак жыныстарга аралашып туруп калгандар дагы бар. Насил Түрк уруктары – Яппастын саккис уулу болуп, улуусу Түрк. Түрк атасы Яппас алардан мурун ордуна хан кылды. Бул Түрктүн өзүнөн баштап тогуз уулуна чейин хан болуп бет алган душманын жеңип келди. Түрк тукумунда тогуз нарк кылуу Түрктүн тогуз уулуна чейин калган. Хан болуп келиши тууралу болгон. Түрк атабых өзү баатыр жана акылдуу, тартиптүү адам болду. Атасы Яппастан кийин көп жерлерди көрүп жүрүп, бир жерди жактырып келип турду. Бул убакта ал жерде Ысык-Көл болгон. Күңгөй, Тескей Ала-Тоолорунан чыккан туура суулар күн батышка көздөй агып, Кочкор жана Чоң Кемин сууларына кошулуп Аральиске мору ичине Арал деңизине куюучу. Андан көп жылдан кийин Мылади Иса Исанын Нассалары ичинен кетишип бүткүл Европалыкты эсепке алышат. Мына ошондон беш жүз жыл мурун Түркстөндү текшерип Радут деген сагатчы (саякатчы) келген. Мына ошол убакта Ысык-Көл жок болгон. Табийхат замандын өзгөрүшү менен кийинки убакытта пата болуп ошол болуу себептүү Күңгөй жана Тескей тоолорунан чыккан сууларды Ысык-Көл боюна Иранын өзүнөн тартып алуу менен Чүй суусу Арал деңизине жетпей калган. Түрктүн Ысык-Көлгө баштап көчүп келишине Нуктун топон суусунан беш жүз он төрт жылдан (514) кийин келген. Түтүктүн Кошкон, Баркан деген уулдары болгон. Түтүк атасы Түрктүн ордуна туура убагында атасы Түрктүн тапшыруу боюнча падыша болду. Эки жүз (200) жыл өмүр сүрдү. Тамак, туз, салмак өңдүү ж.б. бир канча расмилерди чыгарды. Түтүктөн кийин ордуна Илинча хан болду. Ашарын ашап, жашарын жашап көп жылы өмүр сүрдүү каарланганга казап кылып, жолдон чыкканга азап кылып дүнүйөдөн өттү бу дагы. Илинча хандан кийин ордуна уулу Баку хан

болуп көп жылы өмүр сүрүп акыры барса келбес жакка кетти. Бакудан кийин ордуна уулу Кийик-Адил хан болуп бир канча жыл адилеттик менен жүргүзгөндөн кийин бул киши дагы дүйнөдөн көчтү. Кийик хандан кийин уулу Алинча хан болуп, Алинча ханды убактысына чейин барса Яппас балалары болот. Нук пайгамбардын расмин колдонуу менен бирге ошол убакта эл бай болуп дөөлөткө мас болуп, маданиятка кас болуп, ар ким өзүнүн каалаганы боюнча расмини тututшту. Алинча хандын Татар, Могул деген эгиз уул болуп экөө элди экиге болуп экөө эки жеде падыша болот. Татар өзүнүн жети уулуна чейин падышалык кылды. Балдары ушулар – Бука хан, Жаланча хан, Атли хан, Азиз хан, Ордо хан, Байдо хан, Сүйүнчү хан хандык бу кишиден тартып кете баштаган. Алинча хандын эки эгиз уулунун бири Могул хан болуп, бул Могул хандын уулу Карахан атасынын ордуна хан болуп туруп, бул Карахандын убагында дин расми деген калган эмес. Карахан акмакчылык кылып, адам колунан өлдү. Карахандын ордуна уулу Огуз хан болду. Огуз хан эки миздүү кылыч өңдүү хан болуп атанын ичинен олуя туулуп элди динге үндайт. Бул адамдар Азия жеринде турган элди өзүнө каратып бир жүз он алты (116) жыл падышалык кылып турду. Андан кийин өлөт. Бул Огуз хан Синейчилерин Мухамбет пайгамбардын Меке шаарынан Медина шаарына көчүшүнөн үч миң төрт жүз (3400) жыл мурун дүйнөгө келип сураган элдери Кытай, Япун, Индостан, Мисирге чейин сурап турду. Мыладыгын бүткүл Европалык жыл эсеби боюнча 1931-жыл болсо Ижирап жыл эсеби менен 1350-жыл, мына ошол жыл эсеби менен Огуз хандын дүнүйөгө келип турушуна 4750-жыл чамасынад болгон. Огуз хандын алты катынынан 24 уулу болот. Улуусу – Тагынды Огуз хан өлө ямгинде хан кылды. 200 жакын Түрктөн баштап тогуз атам хан болду деп Түрк тукумуна эскиче тогуздап калың берүү наркы ошондон калган.

Бирок Огуз хандын көзү өткөндөн кийин балдары ынтымаксыз болуп элди бөлүп алышып өз алдынча хандык кылышат. Ошондон кийин Түрк тукумунда чабышуу, көбү азын талап алуу деген аңгемелер болуп, урукчулдук, орунчулдук, баскынчылдык яки башталыш болуп эсептелет. Тагын хандын төрт уулу болот. Улуусу – Кыргыз, Салур, Эрали, Кыйман деген балдары болду. Кыргыз Тагын хандын балдарынын улуусу болгондуктан атасынын тагыны отурат. Тагын хандын улуу уулу Кыргыз Огузхандын небереси экендиги ырас. Сарт тукуму Кыргыздын атасы Ит деп жалаа кылышат. Себеби андан көп кийин үчүнчү хасыр (кылым) Яки кылымдын ичинде Могул тукумунан Чынгызхан деген атактуу хан чыккан. Мына ошол убакта Шайых-Мансур деген олуя чыгып Чынгызканга кас болуп ошол кас болгонунан Чынгызкан билип өлтүртүп, сөөгүн өрттөп суугa салып жиберген. Мына ошол убагында хандын кыздары боозуп калган имиш жана ошол суугa салган күл агып көбүк болду, бул көбүк айланып турду. Кыздар мунун көрүп көбүктү жалады, жалаган себептен кыздар боозуп калды. Ал убакта хан катуу казапка алды кыздарды, өлтүрмөк болду. Кайдан адам келет. Андан кийин бир вазир таксыр, бу кыздар сак, куданын ахында деди. Андан кийин кыз болгон Шайых-Мансур олуяны өрттөп күл кылып, суугa салып жибергенде кандын кызы кырк жолдошу менен барганда айткан. Биз адал акпыз аккан суудан көбүк келди, ал көбүктү карап турсак бир калаты болуп турду. Ошону жакшы көрүп жалап койдук, башка жазыгыбыз жок дешти. Андан кийин хан туруп ойлонуп, бул кырк жолдошум менен кыздарды адырга ташта деди. Кыздарды адырга алып барганда бир Сары ит ээрчип барат. Мына ошону караңгычылык менен боёмолдоп сарт калкы жалаа кылышат. Алалхак, Менамхак дегендин мааниси ушул. Адам баласын иттен деп айткан адам өзү капыр, катын талак.

## МОГУЛ ТУУРАЛУУ

Могул Алинча хандын эгиз уулунун бири болуп турду. Карахан Нуктун Уйгур деген балдары болду. Карахан баягы болуп өттү. Мухтун Ойрот, Кыйрат деген эки уулу болуп, Ойрот тукуму Алтай тоолорунда Ойротстан аралган. Элдер Тургут (тыргоот) болсо Монгулуя атагындагы Мангул жана калмактар болот. Могулдун үчүнчү уулу Уйгур болуп, мындан Ингир, Манжур, Талгамыш деген үч уул болду. Жалгамыштын тукуму көчкөндөн көңүлү калып, жүргөндөн жүрөгү калып, алты шаар Кашкар тарабына турую калган. Азыркы Уйгур атагындагы Түрк тукумдары болот. Ингил, Манжур тукумдары бир нече убакыт Карахан, Огуз тукумдары менен турса дагы замандын өзгөрүшү жана элди көбөйтүп жер талашуу аркасында Огуз хандын тукумдары менен Түркстанды талашкан. Бирок ал убакта Жакыптын Чоң Манас деген чыгып аларды күн чыгышты көздөй сүрүп жиберген. Азыркы чоң Бээжинге түндүк жагынан тартып Японияга чейин Манжу атагындагы калктар булар. Түрк тукумунан болуп Түркстан, Орто Азиядан ооп барса дагы кытайдын бир канча жерин багынтып алып, сурап турушкан. Кандардын аты – Алим-мо, Яки, Көк Талас деп ат коюшкан. Соңура көп жылдар кытай менен бириктешип туруу себептүү кытайлашып Яки кытайдын бир бөлүмү болум кетишкен.

## НАСИЛ КОСТОН ТУУРАЛУУ

Костон түрктүн бир уулу болуп Ысык-Көлдүн тескей тоолорунда жердеп турушуп, замандын өзгөршү менен бир канчалык жыл тургандан кийин Күн Июнь түрктөрү атагында туруп I – IX гасырдын ичинде Самарканды көздөй барышып, Саманлар менен би-

ригишип туруп, эң акырында Саманлардын өкмөтүн тартып алышып Селчок (Сельджук) падышалыгын курушту. Мындай көп убакыт турушту. Майнача алты шаардан Уйгур түрктөрү келип, уйгур түрктөрү менен Июнкүн Түрктөрүнүн ортосунда узак убакыт согуш болду. Акырында Уйгур түрктөрү менен Саманлар биригишип, Күн түрктөрүн күн батышты көздөй сүрүп жиберишкен. Бул Күн түрктөрдүн сүрүп жиберүүгө Уйгур түрктөрү менен Саманлар болсо дагы көбүнчө Харазим (Хорезм) Ал-Шайхы Хыва кинязлары себеп болушкан. Күн түрктөрү күн батышты көздөй барышып Анатилий Сурияга турушту. Бул кезде Умдар менен Пырыстары ортосунда дайым согуштар болуп турган. Бул согушта Күн түрктөрү Умдар жагында болуп Пырыстарды жеңишип, ошол жеңүү арскасында Умдар хандыкы беришкен. Бул кезде зор күчтүү болгон. Осмон-Али мамлекетин курушту жана Ат таман Бурды деген аталып барып турган шаары Кинистану (Константинополь) бул яки түп атасы болгон Костондун атына уйкаш кылып коюшту. Түрктөр көп элдерди багынтышып чоң мамлекет курушса дагы соңку асирлерде кечире баштады, себеби өздөрүнүн мурунку баатырдыгына ишенип жаңыдан маданият, өнөр тайларды көбөйтүүгө аракет кылбагандыгы себеп болду. Башында Уйгурлар менен Хорезм биригишип, Күн түрктөрүнө жоо болушса да акырында Уйгурлардын колунан өкмөтүн алышып Хорезм-Ал-Шайхин деп аталган чоң мамлекет болуп эң акыры Хорезм-Ал-Шайхын Мухамбет хандын заманына чейин келди. Бул оор Хыва кыяздарынын биринчи жетишкен доору болгон. Хорезм-Ал-Шайхим аталган Мухамбет хан эсептешип турган убагында Моңгулдун 1164-жылы туулуп 1191-жылы хан болуп Төмөчин деген атын Чынгызхан коюп, атактуу чоң хан болуп, 1211-жылга чейин бүткүл кытайдын элин каратып жана кыргыздар дагы ошол элдин ичине кипип калат. 1217-ж.

Хорезмдин күн чыгыш жагындагы Отрар шаарында жакындай Отрардын жакын жеринде Чынгызхандын аскери Мухамбет хандын жыйнаган 400 миңдей аскери менен согушуп, бул урушта Хорезм аскерлерин дагы жеңген. Мындан кийин Төмөчиндин мамлекети курулуп, Хорезм, Иран, Индустан, Уруссияны, Самарга чейин болгон. Бир бөлүмү багынат Чынгызканга. Бир нече жыл падыша болуп 1241-өлгөн. Күн түрктөрү түрктүн чоң тукуму хан болуп туруп Х асырдын ичинде Алты шаардан Уйгур түрктөрү келип жаңыдан урушмак болуп Хорезм хандары менен биригишип туруп Күн түрктөрүн күн батышты көздөй сүрүп жиберишкенден кийин алар барып Ана-Төлдөн орун алышкан эл.

Бул Күн түрктөрүн мурун ал жердин түндүк тарабында Думдар болсо дагы ар түрлүү уруктар көп болгон. Түрктөр ал жерге туруу менен бирге ибр канчалык көп элдерди багынтып Азия жана Европа, Африкадан жер алышкан. Азыркы убакта болсо Балган (Калкан) согушунун жана Европа согушунан кийин бир карчалык жерлерин башка мамлекеттер алып кетишти. Изанын туулганына 2500 жыл чамалуу мурун мунун 4500 жана 5000 жыл чамалуу илгери азыркы түрктөрү ээлеп турган жеринде Бабул калктары болгон. Бул калктар өздөрү абдан билимдүү калктар болуп далай элдер мындан өрнөк алышкан. Азыр илгертен Бабулдар дүнүйө жаратылгандан берки өздөрүнүн жана өздөрүү менен бирге туушкан жөөт элдердин тарыхын жазып алышкан. Персиянын падышасы Кис Бабулдарды жеңгенге чейин адабиятын сактап келишкен. Финикиядан алышкан латын тамгалары Бабулдардын асалдары болууга керек. Илгерки Бабулдуктардын туруп шаар салган жерлери азыркы убакта бузулуп чалдыбары чыгып калганын көрсөң Баулдардын жеринде жыгач, таш болгону үчүн саман аралаштырып балчыктан салышкан. Бабул жерлеринен балчыктан жасаган жука такталарга

жазылган китеп, күбөлүк кат, мыйзам өңдүү. Бабул элинин жазуу тамгаларын табышып Евурупалыкатар музөйгө коюшкан. Мындан 2600-жыл мурун Бабулдун падышасы Набухурин-Сурум жөөт Еврейлердин падышалыгын жеңип, туткун кылып турган. Ошол убакта жөөттөр өзүнчө айрым улут болсо дагы көп нерселерин кабыл кылып алышкан. Бабулдардын аркы түбү Сам тукумунан болгон.

## НАСИЛ КЫРГЫЗ ТУУРАЛУУ

Бул Кыргыз Огуз хандын тукуму Тагынкандын улуу уулу болуп кыргыздын Сабырша, Түркмөн деген эки уулу болду. Түркмөн тукумдары Чамбил, Хыва тарабында Теке Түркмөн болуп чоң шаарды Ашхабад шаары болот. Сабыршадан – Алаш, Булаш, Буурат деген балдар болуп, Бурат тукуму Байкал көлүнүн жанында болот. Алаш Түрктүн он үчүнчү уулу болуп бул Алаш Барча, Кыргыз, Казак атагында эл болуп, керегебиз агаш, түп атабыз алаш деген атак сөз ошондон калган. Кыскасы Нуктун 222-чи уулу алынган болуп, мындан Арыстанбек, Үрүстөмбек деги уулдары болот. Үрүстөмбек балдары – ичкилик атанын Хыва, Бухар, Самаркан, Анжиян, Сары-Көл, Кең-Көл, Ополго, Кашкар тарабында турган. Каракалпак, Сарыкалпак, Кайчык, Курама, Каратегин, Кандуу-кызыл, Тыным, Зайда, Ачак, Кыдырша деген уруктар болуп, булар Өзүбек, Сарт ж.б. элдер менен аралаш туруп Кыргыз уругунан кайсысы билсе, кайсысы билбей калган. Өздөрүнүн адабиятын аздыгы себептүү билбей калды. Арыстанбектен – Байчоду, Жанчоду, Карачоду деген үч уул болду. Жанчодудан – Аргын, Найман, Кыпчак деген уруктар болуп Орто Жүз аталат. Карачодудан – Алчайын, Жайпас, Чөмөкөй, Дөөлөткелди, Кызылгурт, Айдас, Балта, Куракты, Атачал, Жагалмайлуу деген урук тарга бөлүшүп Кичүү жүз аталат. Байчодудан – Жаанбай ан-

дан Кийикбай андан Төбөй андан Нумайкам, Коогам, Мекерейил коюлду. Төрт уул. Мекрейилден – миң жүз деген Кокон, Наманган тарабындагы казактар болгон. Коюлдурдан кырк жүз деген Оротөбө, Букар тарабындагы казактар. Майнындан улуу жүз атагындагы чабыраштын Дөөлат, Сары, Уйсин деген Жапа дагы башкалар. Коогамдан барча кыргыз атагындагы эл болуп, булар эң түп атасы болгон кыргыздын атагын чакырып калды. Казак тууганадарыбыздын кыргызга жакын боло туруп, казак деп аталышынын себеби – казак деген ата аларды болгон эмес. Чынгызхандын уулу Чөбөкан болуп, азыркы Казакстан аталган жерге Чынгызхандын тапшыруу менен хан болу турган. Анын уулу Шайван Шайвандын бир нече уулдары болуп, кыргыз жигиттери менен бирге ойноп, ит агыртып куш салып жөта берүүчү. Ошол себептүү казактар деп айтылыптыр.

Казахы деген рахатта «жашоочу»деген сөз болуп, түрктүн кээ бир жеринде семиз кой, семиз жылкы жана башкаларды айтат. Үч жүзгө болоту жүз деген ата казакта болгон эмес. Кыргыз, казак урууунан 1465-жылдан Мухамбет деген хан болгон. Бул хан калмак менен чабышканда бардык элин ата уругу эсеби менен үчкө бөлүп, улуу жүз, орто жүз, кичүү жүз деп айткан. Ошол себептүү аталып кеткен ал убакта биздин кыргыз сарт кандарынын калунда болуу керек. 16-асырдын башынан тартып казан чине Касымканда болуп, андан кийин уулу Шыгайкан, анын уулу Бөлө кан, анын уулу Эшимкан болуп, 16-асырдын башынан 17-асырдын аягына чейин кан болушуп, Казахстандын көп жерин: Ташкент, Түркстанды бийлеп турду. Касымкандын кашка чөлү, Эшимкандын эски чөлү деген сөз ошондон калды, - деп Түркстандүн тарыхында жазат. Бирок аны жазган киши көбөйтүп, ачыш кылып жазган эмес. Ошол убактыда да Калман жөнүндө Өзүбектер менен чабышып турушкан. 18-асырды башында

1723-жылдан баштап, Жайык орустары келе баштап, 1731-жылы Кичүү жүз жана Орто жүз баштап төрө Абулхаирды хан Оруска букара болду. Улуу жүздүн бийлиги ошол убагында Абылай хан жана анын балдары бийлеп турушту. Ошол Абылайкан жана анын тукумдары болгон: Касым жана уулу Кененсары кыргызды жоолап, бир нече жолу чаап жүрүшүп, эң акыры Кененсары, Норузбай төрөлөрү башкасы дагы бир канчалык көп казактардын, кыскасы, Чүй суусунун Токмок шаарына жакындап барган жери түп тупчак жакасындагы Майдалуу Дөбө деген жерде көп кырчын табышкан. Мына ошондой эле болуп, кыргыз казак бир атанын баласы боло туруп, ичип-билиминин жогунан кан төгүшүп, эл чабышып, көбү азып талап алып жүрүшкөн. Бул эл чаап, кан төгүшүү ал убактагы элдин канына сиңген адаты өңдүү болчу. Кыргыздар ошол убагында сартка караштуу болуп, алман берип турушту. Төбөй балдары: Байчоронун төртүнчү уулу болуп, мындан Майкын, Коогам, Мекирейил, Коюлдур, бир тууган деген экен. Мекирейил Коюлдур баяны кыскача баян кылынды. Майкындан улуу жүз атагындагы казактар болуп, келечекте баян кылабыз. Коогамдан – Баркан кан болуп, оттой кытып кан болду. Андан Кабыркан, андан Калындин, андан Айсалан, андан Калымбий, андан Сыптабыр бий, андан Төмөшбий, Арстанбий, Атанбий, Назарали бий, Шүкүрбий, Сенкибий, Сарыбий, Дүмбүл бий, Дөлөн бий. Бу Дөлөн бий деген киши Могул тукумунан болгон. Чынгысхандын убагында болгон. Могул тукумунан Чынгысхан деген хан болду. Бул кандын өз аты Тэмичин эле. Бул кишинин бир нече урук эл болду. Кийин муну кан кылып, түрктүн мурунку адаты боюнча бир нече урук эл ак кийизге отургузуп көтөрүп келип кан шайлаган. Ошшол убакта аты Чынгысхан деп коюптур. Чынгысхан деп сөз «адилкан» деген сөз экен. Бул киши өзү абдан баатыр болуп, Эртышты

бойлоп, көп элди багытты. Кытайдн көп жерин өзүнө караткан жана Кытайды барып басып алып турган. Мына ошол убактында кыргызды бийлеп турган Аризитууру деgenге 9 шумкар тартуу жибергенден кийин кыргыз Чынгысханга тартуулук менен карап кетти. Мындан кийин Чынгысхан Сунабай, Кураныч деген вазирлерин кошуп, аризи тууралуу Жайсаңга жумшаган. Барып багынтып келүү үчүн. Жайсаңга барса кайта келбесин билпи Дөлөн бий барбай калып калган. Алоолу Жайсаңга барган кишилер кайра келбей калган. Мындан кийин Чынгысхан бүткүл Асияны жана Европанын бир бөлүмүн каратып, Хорезм-Ал-Шайихин аталган Муканбет канды 1217-жылы да жок кылган. Бул Чынгысханын элдин жерин ичине карата бөлүм, өзүнүн балдарынан кан койгон. Могул тукумдары илгертен күчтүү эл болуп, кытайды барып чаап алып, кытайлар могулдун чабуулунан сактануу үчүн узундугу 2000 чакырым кылып сепил салышкан. Бул анык.

## ДӨЛӨН БИЙ

Думбулдун улуу уулу болуп, Кочкордун Түштүк жагынана кирген. Жоон-Арык деген сууну ордон барган жеринде белге жанын Сары-Булак деген жер бар. Ошол жерди жердеп туруп өттү.

Бул кишинин катыры Кочкордон Нарынды көздөй өткөн белдин өзүндө болды, Дөлөн ашуусу, Яки Дөлөндүн бели деп аталат. Бул кишинин дүнүйөдөн өтүшүнө 13-асырдын башында болуп, 700 жыл чамалуу болгон. Дөлөндүн уулу Эркалпак-Муратайдын: Телгозу, Каракозу эки уулу болгон. Каракозудан Чоңбагыш уругу болуп Кытайга караштуу Кашкар тарабындагы эл болгон. Телкозудан Сатыке бий болуп, бул киши кийимди кооз кийинип жүргөндөн «сен жар короозсуңбу?» деп тамаша кылыптыр. Ошондон ылыкап тамсил жасы багыш – Жангороз атагы кеткен. Сатыке бийдин

Ак уул, Кызыл деген эки уулу болуп, Кызыл уулу ит агытып, куш салып, бүркүт салып, жылкы тийип жүрүүчү эле. Ошол себептүү келиндери Кубул же деп тергегендиктен Кубул аталып, Ак уул, Кубул аталат экен. Кубул тукуму сол аталып Кытай кол алдында туруп калды. Айтантуу урук бары аз, конып, кандабас, бычан, колун, кычыбына келет Кушчу, Мундуз деген уруктарга бөлүнөт. Жасы, багыш тукуму көп болуп кетүү себептүү кийин жагында айтылып, Жангороз кийимди кооз кийинүү деп айтылган.

Ак уул, Кубул балдары Оң, Сол аталды. Аталышына себеп, – Кочкорду жердеп, бир күнү жайлоого чыгабыз деп кеңешип калышты. Кубул айты: – Каракужурга чыгабыз деп. Агуул айты: – Мамбет аке каякка чыкса, мен ошоякка чыгайын деп. Мамбет аке дегени ошол убакта сыйлай турган кадырлуу киши эле. Мамбет бул экөөнүн көңүлү эки жакты санап турганын билип, экөөнүн малынын эсебин сурады. Экөө малынын эсебин айтышты – Ак уул балам, сен оң жагымдагы Каракужурга чыккын. Кубул балам, сен сол жагындагы Соңкөлгө чыккын деп айткан. Ошол себептүү Ак уул тукуму оң аталып, Кубул тукуму сол аталган жана өздөрү ошол эки жайлоого жайлашкан.

Ак уул балдары: Адигине, Тагай, Муңгуш үчөө болду. Тагайдан: Богорстон, Койлон, Кылжыр, деген төрт уул болду. Жана дагы Тагай бий кадырлуу киши болгону үчүн биринчи Моңолдор, Черик Азык, Коңурат, Чертки деген кишилер келип, бала болушкан. Тагай бийдин кундуу уулдары менен бардыгы он бир уул болду. Акыры жетөөнү кыргыздын эски адат сөзү боюнча жети кул деп да айтчу эле. Адигине тукуму Анжиян тарабында болушуп, Саттар, Баргы, Бөрү, Көнчө уулу, Олжоке, Тауке, Сабай, Жору, Ардай, Мөнөк уруктарга бөлүнөт.

Муңгуш Ак уулдун уулу болуп, бул Муңгуш тукуму дагы Анжиянга туруп калган: Эр Кашка, Төлөйкөн, Маңгыт, Көк чаңга, Соколок, Жапалак,

Кодогочун, Жоуш, Жигерди, Сарала, Теке, Бөөкүр, Татар деген бир нече уруктарга бөлүнөт. Бул эки урук элдин турган жери Анжиян, Кокон тарабында болуп калган Адигине менен Муңгуш түштүк тарапты, Тагай түндүктү ээлеп калган.

19-асырдын аяк ченинде Алимбек деген Адигине Баргы уругунан хан болуп Ош шаарына бир медресе салдырып Коконго хан болуп туруптур. Бул киши дүнүйөдөн өткөндөн кийин бул кишинин ордуна өзүнүн аялы Курманжан датка деген датка болуп шайланган. Ошону менен бир канча жыл сурак кылган. Курманжан датканын балдары – Абдылдабек, Мамырбек, Баатырбек, Асанбек, Камчыбек деген балдары болгон.

Тагай бийден – Богорустон, Койлон, Карачоро, Кылжыр деген төрт уулу болду жана дагы Моңолдор, Черик, Коңурат, Азык, Саяк, Чертки, Бараң жетөө Тагай бийге өздөрү келип уул болгон. Туунду уулдары болгон. Бараң Тагайбийдин уулу Карачоро менен энелеш болуп атасы Сарт болгон үчүн ишенгенден Бараң өңдүү деп Бараң деп айтышкан. Атасы Сарт, энеси кыргыз болгону үчүн Тагайбийдин убагында Сартка карштуу болуп турду. Ошол себептүү Тагайбий Сарттын ханы Эрешен ханга барып ак үйлүү болуп туруп калыптыр.

Бир күнү Тагайбий ханга саламга кириптир. Тагайбийдин мойнунда бит турганын көрүп хан ордодон кыздан жактырып Тагайбийге бир кыз алып берген. Алгандан кийин Тагайбийден боюна бүтүп калган. Бир күнү Тагайбийдин үйүнө кетүүгө уруксат болуп хандан уруксат болгондон кийин катынын мөөр шакеги менен болот кестигин берип боюндагы баланы аман туусаң эркек болсо атын Карачоро коюп, Мөөр шакеги менен кестигимди берип жибер. Мени издетип жибергин. Кыз болсо атын өзүң билип өзүң кой. Ыйлабай турган жерине бергин деп Аркадагы элин көздөй жүрүп кетиптир.

Андан кийин Тагай бийдин калган аялы эркек тууп атын Карачоро койгон. Карачоро чоңойду. Атасы Тагайбийдин осуятын айтуу боюнча шакек менен болот кестигин тапшыруу менен атасы Тагайбийди издеп чыккан жери. Ошол убакта Азык көтөрүп бир бала кошо келди. Жана жолдо селсаяк жүргөн бир бала кошо жүрдү. Азык көтөрүп келген баланын атын Азык, селсаяк баланын атын Саяк койду. Болот кестиги менен мөөр шакегигинен таанып билип сурагандан кийин Карачоро болгон иштеридин баш аягына чейин бүтүн айтып берди. Тагайбий андан кийин өзүнүн баласы экенин билип Карачорону кучактап коё бербей мойнунан кучактап келди. Тагайбийдин андагы (ордо) катыны бир сартка тийип, ал сарттан бир бала тууган. Ол баланын атасы Сарт, энеси кыргыз болгону үчүн Бараң деп айтылган. Бул Бараң атасы Сарт болгону энеси Кыргыз кызы болгон жана Карачоро менен энелеш болгону ырас.

## МОҢОЛДОР, ЧЕРИК, КОҢУРАТ БАЯНЫ

Адигине, Тагайдын Наал деген эжеси болуп, бул Наал эженин Коңуркула атын Адигине, Тагай жоого аттанмакчы болуп суратып жиберген. Адигине, Тагай экөө тең бир тууганы болгону үчүн Наал эже бирине берсем биринин көңүлү калат деп Баймоңол деген жигитинен калыс берип жиберди. Кайсы убакта Адигине, Тагайдын кимиси кысталыш болсо ошонусуна бергин деп Наал эженин Таманы ак деген тайганы Баймоңолду ээрчип кошо кеткен. Жетелеп жүргөн Коңуркула атты жана тайганы менен жоонун колуна түшүп кетти. Бирок Адигине, Тагай экөөнү чаап кайтышкан. Наал эжеге Баймоңолдун ордуна бир киши чыгарып берди. Коңуркула аттын ордуна бир бала чыгарып берди. Таманак деген тайгандын ордуна бир бала чыгарып берди. Ол бала сырдаган бешиктин ичинен табылган бала болуп, андан туул-

ган бала Черик болду. Коңуркула аттын төлөөсүнө келген баладан тарагандар Коңурат болду. Баймоңолдун ордуна келген жигитке Наал эжеге үйүндө жүргөн күңүн алып берген. Мындан тарагандар Моңолдор уругу болуп атанып кетти. Чертки четтеги деген шаардан келип тамеки жана майда бакал сатып жүрүп кыргыз ичинен бир кыз алып Тагайбийге бала болуп туруп калган. Мындан тарагандар Чертки уругу болуп калган. Карачоро бул жердеги Тагай атасына келип бир нече жыл Тагай атасы менен туруп акыры тукуму Анжиянга барып туруп калган. Багыш деген Эр болот. Койлон Тагайбийдин бир уулу болуп мындан тарагандар Жедигер де аталган. Булар аз түтүн. Турган жери Намангендин үстүндө, тоо арасында турушат. Солто, Сарыбагыш ичинде да бар.

Кылжыр Тагайбийдин уулу болуп өз аты Сарыбагыш мойну кылжыр себептүү кылжыр аталган. Кылжырдан Орозбак, Төөлөс деген эки уулу болот. Орозбактын Арык, Асан, Карамурза, Мурзакул деген төрт уул болуп Барча бугу деген эл ошол. Түбү ошондон таралат.

Төөлөстүн – Токо, Жантай, Элчибек, Манап экөө улуу катындан болуп уулу Токонун балдары Каракурсак атанган. Булар аз түтүн болуп Тынай элинде жана Абылай, Сабыра, Жагалдак деген Өзөк, Чечей, Молой, Бешкөзөк деген жети туундуу уулдары болуп булар бардыгы тең Сарыбагыш уруунда эң мурун чыгым салып элден жыйнап алыш Токодон калды. Каратоко манапбай эле, алды-артына кара бай эле, эми бере бергин санатпай эле деген сөз бергени жалган айтылган эмес. Бул орунда Каратоко манап ай, үй башына бир жылкы ала бергин санабай деп айткан. Себеби түтүнгө бир жылкыдан чыгым алгандан айтылган. Токонун туундуу жети уулу өздөрү ар кимиси ар башка айтышат. Мисалы, Абылалардын карыялары айтышат. Абыла баатыр

Олуя-Атада казак, кыргыз урушуптур. Ошондо Абыла баатыр колго түшүп, Мамбеткулдун колуна келип туруп калыптыр дешет. Бирок Токонун өлгөн убагында кызы кошкон кошогуна караганда Абылай болсун Яки башкасы болсун Токонун туундуу балдары болууга керек. Абылай, Сабыр, Жагалдак атам тапкан кул эле, Өзөк, Чечей кул, Молой Өзүм кул эле, Өзүкелди, Бешкөзөк бул качан атамдын уулу эле. Ол убагында кыргыздын эски адат сөзү боюнча бир жактан келгенде жана кичи катындын баласын кул деп айтышкан. Жантай, Төөлөстүн уулу, Токо экөө бир энеден болуп, Токонун энеси болгон. Жантайдан Сары андан Бөрүчек болгон. Бөрүчек өз убагында бий болгон. Бөрүчек бийдин төрт уулу болду. Улуу катыдан – Атабай андан кийинки катындан – Элеке, Көзөкө, Атабай, Бөрүчек, Бөрүчек бийдин улуу катындан балдары болуп Кутат, Белек, Акча, Борон, Мендеке, Таштокум деген уруктарга бөлүнөт. Элеке, Көзөкө кичүү катындан болот да Элеке тукуму Токтогу атанган. Аюуке тукуму Аюуке атанды. Атабайдан Казабек андан Календер андан Кожояр андан Окурсак андан Баялы. Атабай жана Акча уругунун кадырлуу кишилерден болгон.

Көзөкө балдары – Көзөкө Бөрүчек бийдин эң кичик уулу болуп Көзөкө тукуму Калмаакы атанган. Калмакы деген атак Калмакка чабуулга түшүп кетип, бир канчалык туруп, кайта келген себептүү айтылган. Көзөкөнүн – Аки, Калматай, Эшеке, Досон деген төрт уулу болуп, Эшеке, Досон Көзөкөнүн Сарт катынын баласы болуп, Досондон Досон уругу болгон. Бул Досондон илгери Маңгитаздар деген хан Ормонго увазир болгон. Булар азыраак түтүн болуп, он чамалуу түтүнү Быстыровконун күн батыш жагы четинде Кашкелең кытагын да турушат. Ысмайыл, Дунабай деген аксакалы бар. Эшекеден – Балабагыш андан Бектемир, Сокур эки уул болуп, Бектемирден – Кудайберди андан Назар

андан Качанак андан Текебай, Максүт. Сокурдан – Ак жол андан Ормош, Татыбек, Ажибек. Ормоштон – Ногой, Капа, Касым. Ногой убагында чоң болуп өткөн. Калматай Көзөкөнүн уулу болуп андан Медеке, Ороке, Кашка, Кенже төрт уул олуп булар Бай Жантай деп айтылган. Медекеден – Эсентай, Майназар эки уул. Жантайдан – Сентай, Ормотой андан Жанай, Мурзакул. Майназардан – Чоткара андан Байсерке андан Молдогазы жана Кашкадан – Шербото андан Темирке андан Мергенбай андан Медер. Бул туугандарыбыз быйылкы 1930-жылы 120 түтүнгө жакын болуп Шамшы элинде Буранага жакын жерде турушат. Аки Көзөкөнүн улуу уулу болуп бул киши учурунда бийликке жеткен киши. Акиден – Дайырбек, Ниябек, Ополбек деген балдары болуп жана дагы Тыныбек деген уулу болгон. Ополбектен – Турдубай андан тукум жок. Токтонун тогуз уулу болуп Жаман, Киши, Маркаш, Чолок деген балдарынан тукум бар. Алтоонон тукум жок болгон. Жаманкиши андан Кожокелди андан Атабек андан Нияз, Мамбет деген уулдары болгон. Жана Маркашкан, Абылбай андан Тайсары андан Оторбай. Ниязбектен – Мамелек, Шакен, Уултеке, Кенжеке, Малжан деген уулдары болуп Малжан тукуму Таласта Бешпирон деген Саруудан Малжан катын алып 1909-ж көчүп Чоң-Кеминде Жангай турган уругуна кирип эки жыл турушуп калды. Андан кийин ар кайсы жерде бөлөк өсүп калгандык кылып көнө албай кайта кетип калды. Түтүнү 60 түтүн чамалуу бар эле. Уултекеден – Шайбек, андан Буудайбек андан Молдоисак. Кенжеден – Каработо андан Бекали андан Табай андан Касабек. Дайырбек балдары – Акибийдин бир уулу Дайырбек болуп, бул киши Чүйдүн тескей тоосундагы Желаргынын күн батыш жагындагы Окторкой деген жерден калмак келип чаап Дайырбекти катын баласы менен туткун кылып алып Чоң-Кар Жунгар тоосунан андан ары Эрен

Кабырга Иртиш деген жерге калмактын канынын жанына туруп калган. Бир нече жыл туруп Дайырбек дүнүйөдөн өткөн. Уулунун алдында балдарына осуят кылып айткан. Чоң атаңар Акибий Сарыбагыштын Жантай уругунан болосуңар деп айтып, түп атаңар Жантайлык ошону жоготпой алып баргыла деп бир мылтык жана оттук, бир бычагын балдарына керээз кылып тапшырган. Эгерде бул керээзиңер жок болсо кыргыз силерди Жантай уругу деп эч айтпайт. Жана өздөрү билгенин кылат деп айтып Дайырбек дүнүйөдөн өткөн. Дайырбектин – Асанбай, Ибеке, Жакам элчиси Мадихан, Сеңгилтай деген алты уулу болду. Акыркы экөбү калмак ичине барганда туулган. Атасы өлгөндөн кийин калмак бошотпой жана жибербей нчен жыл туруп калышкан.

## МАНАП БАЯНЫ

Манап Төөлөс бийдин Жезбийке деген токол катынын баласы болуп, Жезбийкенин бооюнда болгондо Маңгишек байбиче деген Төөлөс бийдин улуу катыны ичинен кийиз тартып жүрүп Жезбийке тууганда мен туудум деп багып алып атын Манап койгон. Жана тууган убакта ороосун манаттан кылып, манат менен ороп, бешикке салыптыр. Мына ошол себептүү кийиз курсак Маңгишек атанган. Ол бала Маңгишек байбиченин багып алган баласы болуп, Төөлөс бийдин чоң үйүн ээлеген. Жана ошондон тартып чоң болуп бүтүн Сарыбагыш ичиндеги манап деген илгертен берки чоң болгон. Ошол Манаптын тукумдары болгон жана кыргыздын башка уруктары Солто, Бугу, Саяк. Саяк ичиндеги манап атангандар атакты ошондон алган экен. Никелей падышанын убагында 1916-жылы барча – Сарыбагыш убагында он беш болуш чамасында болду. Мына ошолордун баарын бийлеп турушкан жана болуш болуп өйүз-бүйүздөрдү, пристопторду (пристав) мурдунан

жетелеп, тилин алдырып тургандар баарысы манап тукумдары эле. 1916-жылкы Октябрь төңкөрүшү болуп мындайлардын баарын жоготуп, кедейлер менен кембагалдардын өктөмдүгүн чыгарды. Манаптын Солто, Жарбаң деген эки уулу болуп, Жарбаң тукуму азыраак болуп, булар Нарындын жана Чүйдүн кайсы бир жерлеринде бар. Энесинин ичинен жарып алганынан Жарбаң атанган.

Сүйдөн – Сарысейит, Токур эки уул болуп, Токурдан – Эшим, Чоңчарык уруктары. Сарысейиттен Үчүке, Түлкү, Канкудаяр үч уул болуп, Чоңчарык аталышы Токурдун неберелеринен Олжотой деген киши болду. Бул бөтөнчө болуп бүткүл Анжиян шаарынан бутуна бир кепиш бутуна батпаган. Жана жайдын ысык күнүндө кепичинин ичине улак жатып алыптыр. Ошол себептүү Чоңчарык деп атанган. Үчүке, Түлекү, Канкудаяр деген Сарысейит бийдин уулу болуп булар убагында Сарыбагыш ж.б. уруктардан бийлеп турушкан. Бир күнү Түлкү энесинин айтуу менен катынын коё берген жана элден кыз жактырбай бир канча жүргөндөн кийин Какшаалда хандык курган Ойгут (нойгут) элинин ханы Жаңыл Мырзанын алуу үчүн барып, жылкысына келип, дөбөдөн чаап, Какшаалдын тоосунун арасында айдап келе жатып бир жардын түбүнө келип конуп жатышкан. Ошол жылкыга тийген убагында Жаңыл үйүндө жок болуп, адатынча ит агытып, куш салып, талаада жүргөн. Жаңылга кабар баргандан кийин артынан кубалап келип Түлкүнү сынап сынына жол туруп турду дейт. Мына ошол убагында Жаңыл Мырзанын Кер тайганы шимшилеп Үчүке, Түлкүнүн бээ союп, таш коросуна этин бышырып жаткан кошуна кирип барган. Ошондо бул Кер тайган кайдан келди деп коштогулар сурашат. Түлкү канчыктын (Жаңылдын) Кер тайганы деп жооп берген. Ошондо жардын башында турган Жаңыл жаа менен атып Үчүке,

Түлкү, Атакозу, Чабак деген кишилерди өлтүргөн. Мына ошол жер Үчүке, Түлкүнүн бейити деп атанган. Жаңыл Мырза Түлкүгө тийүүгө көңүлү бөлүнүп турду, бирок жаа менен атууна себеп биринчиден «канчык» деп айтуу болсо, экинчиден кызды балам дебесе да болот деген. Жаңылдын жанындагылардын сөзү болгон. Үчүке, Түлкү, Сарысейит бийдин уулу болуп, Атакозу, Чабак деген Саяктын Бөбөй деген уруусунан эле. Төртөөнүн өлгөнүн Сарысейит бийге Ысык-Көлдүн күн батыш аягындагы Ак-Өлөң деген жерде төө кайтарып жүргөндө жоодон качып келгендер аткан. Үчүке, Түлкү өлдү, Ата-Көзү, Чабак өлдү деп угузганда ошондо Сарысейит бий Үчүке, Түлкү кулунум, Ата-Көзү, Чабак арстаным деп аттан учуп түшкөн. Сарысейиттин байбичеси Үчүке өлсө, Үчүкөдөн үч бала калды, Түлкүдөн Тынай калды жана ичтен кан уучтап түшкөн кайраттуу тууган хан Кудаяным бар деп Сарысейит бийди колунан тартып тургузуп үйүнө алып барган.

(Тамам)

## ЖОМОК

### МААРАЗЫК КУУДУЛ[1]

Тоолуу жер Терекке Нурак мерген экөө кийикке чыгат. Ал Нурак Маараzыктан улуурак, андан мурунураак мергенчилик кылып жүргөн болот. Ошо Теректин жылга тоосунан көрөт дагы аңдып тооруп тоого чыгып, жакындап барып тооруп, ата турган мезгилге келгенде экөө сүйлөшүп:

– Ээ Нурак аке, сиз мерген кишисиз, атып жүргөнсүз, эми мен да мерген болоюн, мен тооруп, мен атайын – деп сурайт.

Анда Нурак:

– Мейли, мейли, бар, бар – дейт.

Барып ата турган жерде шыкаалап тиктеп турса, баякы Нурак:

– Токто, токто, экөөбүз маша кошуп аталы – дейт.

Анда Маараzык ойлонуп тура калып:

«Бул чил баштын эмне кылганы, мени ат деп убара кылат дагы. Кайта маша кошолу деп келгени эмнеси» деп:

– Болуптур, болуптур – деп далдаланып мылтыгын тартып турса, Нурак өрмөлөп мынтыгын сүйрөп барып калат.

– Кел экөөбүз маша кошуп аталык – деп айтат Нурак.

[1] КР УИА КЖБ. – Инв. №733.

Анда Мааразык ойлонуп тура калса, биякы Нурактын өрмөлөп бараткан кезинде териден жасаган куур шымынын көчүгүндө жыртыгын көзү чалат. Нурак шыкаалап турганда. Мылтыгын шыкааламыш болуп, көчүгүн караса жыртыгын көрүп, мылтыктын чок койгон милтесин сууруп алып, билгизбей жыртыктан нары машаны атып жиберет. Жылаңач этине тердеймин деп куур шым кийип алган экен;

– Калак! – деп бир колу менен көчүгүн кармаганда бир колунда мылтыгы тарс этип, кийик качып кетет. Баягы көчүгү күйүп

– Сен көчүгүмдү күйгүздүң – деп мушташып, улам бир жыгып, боордон куланып өөнгө (кабак, түзгө) түшөт.

Аябай мушташып урушуп. Эч ким жок ажыраткыдай, чарчаганда экөө жарашып:

– Эми, Мааразык, эч кимге айтпа! – дейт Нурак.

Анда Мааразык:

– Ооба, ооба, эч кимге айтпаймын – деп экөө жарашат дагы, үйүнө келишип, эч кимге айтпаймын деген бойдон, жашырын элге айтып коёт.

Ошентип, Мааразык Нурактын көчүгүн күйгүзгөн экен.

## МААРАЗЫК КУУДУЛДУН АШКА БАРГАНДАКЫ ОКУЯСЫ[1]

Тасма деген кишинин ашы болуп, Алайку өрөөнүнөн көп элдер барат. Ошондо ошол элдин арасынан Нар уулу Ысмайылдын аты чарчап жакындаганда:

– Ашка өкүргөн кишилер өкүрүп түшүшке барабыз – дегенде, Мааразык куудулду:

– Түлөкө экөөң учкашып ал – дейт.

Ал Мааразыктын албуут сарала аты болот экен. Ал Ысмайыл Мааразыктан улуу болгондуктан, ал сарала аттын алдына Ысмайылды мингизип, арка-

[1] КР УИА КЖБ. – Инв. №733.

сына өзү учкашат. Эл өкүрүп, ал өкүргөн жерге эл дуулдап бараткандa Маарaзыктын сарала аты ала качып, аш берген жерге тиккен үйлөрдөн алалап өтүп, Ысмайыл аттын оoздугуна алы жетпей, бир калың токойду аралап кетет.

Анда учкашып жүрүп Маарaзык:

– Тарт, тарт, аттын оозун келпик (оозу кйышыкты келпик дейт). Бизди маскара кылдың элге. Кууддулдугу менен атты теминип жүрүп, токойду аралап, Ысмайылдын бетин токойго тыттырат. Ысмайылдын чыт чапанын токойдун бутктары тытып, пахталарын түлөтүп келет. Ал өзү Ысмайылдын дал ортосуна башын катып алып, бетин тыттырбайт. Ал түшө калып, аттын оозунан кармап, эл өкүргөн жерге жетелеп барат. Ал өкүргөн элдин атын алып, түшүрө турган кишилер баары каткырып, күлүп туруп калышат.

Ошол ат ала качып жүргөндө Маарaзык куудул:

– Эсил кайран Тасмакем өөй! – деп бакырып жүрөт.

Ал аш берип жаткан күнү кеч кирип, ал барган элдерди той берген кишилер конокко алат. Конок болуп жаткан жерде Маарaзык куудул менен Ысмайылды:

– Минген аттарыңарды талаага откоруп келгиле – дейт.

– Менин бир эжем бар эле, ат откозгончо ошондо барып түшүп, суусадык бир айран жутуп өтөлүк. Балырлуу көлдөн аттарды сугара өтөлү дейт.

Ал Ысмайылды Маарaзык куудул ошол көлгө алып барып:

– Мен эжемкине келгенде көлдүн ушул жеринен өтүп жүрдүм эле. Менин атым албуут болуп жөнөтпөй жатат, Ысмайыл сен бастырчы дейт.

Анда Ысмайыл:

– Кана, кана мен бастырайынчы – деп көлдүн жээгине барат. Көлдүн жээгинде Ысмайыл атын:

– Чу, чу! – деп жатканда Маарaзык куудул атын сооруга чаап, чаап жиберет. Аты секирип көлгө ту-

шүп кетип, аты бир жерде, өзү бир жерде Ысмайыл көлгө калкып калат.

Анда Ысмайыл:

– Какый, өлдүм, Маазазык мени тарт! – дейт.

Анда Маразык аттын чылбырын түйүштүрүп ыргытып:

– Карма чылбырды! – дейт.

Ысмайыл чылбырды кармап, балырга аралашып чыгат. Ысмайылдын чапаны суу болуп, балырлар чапанына жабышып калат.

Мааразык кийимин чечтирип, өзүнүн кийиминен беришип, атты өткөрүп, түнүндөсү жатып, эптеп таңды аткырат.

Эртең менен откоруп жүргөн аттарын элине алпарат.

Анда Мааразык:

– Көп балырды көтөрүп,

Көлдөн чыктың Ысмайыл.

Улуу чаттай медиян*

Чөлдөн чыктың Ысмайыл – деп ырдайт.

Анда элдер күлүп:

– А каапыр Мааразык, шумдук жасапсың – деп калышты.

Ошентип, Ысмайыл чапанын сыгып кургатып, ашты өткөзүп келет.

Мааразык Такен уулу. Өзү менен бир тууган Козубай, Култай, Төрөгелди – төрт ага ини болот. Бала экенден Мааразык куудул чыгат.

Такен моңолдор уругунан. Чоно бий көчүрүп, суу башы Узун-Айрыкка тегирмен салдырат. Такен тегирменди жүргүзүп, каласын жеп турат. Ошол Мааразык ортончу баласы экен.

– Мааразык тегирмендин кашын (астына ун толуп калат) тартып кел десе, болбой керкайыштанат. Анан уруп токмоктоп:

– Кашын тартып кел – десе,

---

* ээн талаа

– Мен өлүп келейин – деп кыштын күнү жыңайлак карды кечип барып, тегирмендин кашын тартып, кайта жылаңайлак кар кечип келет.

Үйүнө келип:

– Мына менин бутум түшүп калды – деп чокко сала коёт.

Анда Бүргө энеси катырма нан жасап отурган болот.

– А бу чунак ий, бутуң күйдү. Буту түшүп калды – деп жумшаган балдарын кубалайт.

Анда Мааразык:

– Бутту берип бир жолу тынып жатайын – дейт.

Энеси катырманы бышырып коё берет. Катырма бышып бүткөндөн кийин балдарына бөлүп берет. Балдарынан мурун Мааразык жеп ийип:

– Келе, эне, колуңдагы нандан бер, мен жеп ийдим – дейт.

Анда энеси айтат:

– А-у, чунак ий, атам-энем бар болсун, оозу-мурду жок болсун деп айткан экен – деп тура калып жеп калат.

Анда энесинин колуна боюу жетпей, коломтодогу чоктон кончуна сала коёт.

– Калак, калак! – деп олтура калганда, колунан сууруп жеп жиберет.

Атасы уста киши экен, атасынын устачылыгын үйрөнөм деп, атасынын согуп олтурган темиринен ала коюп, эшиктен кирип келе жатакан кишиге колун күйгүзмөккө:

– Кокуй, тигини ала кел! – дечү.

Кармап алып:

– Калак, калак! – деп таштап ийгенде,

– Каран калгыр, мен билбей калган экемин, ысык бекен – деп айтчу.

Чоңоюп калганда атасы аял алып берет. Сары деген кара баргы уруусундакы киши экен. Кызымды көрөйүн деп Мааразыктыкына келип учурашып;

– Кызымды төркүлөт – десе, эртеси эндигирээк (азоорок) байталга кайынатасын, кайынатасынын атын өз аялы Орозого мингизип, Бешик-Бое белди ашып кетип бара жатып, тик кыя менен түшүп баратканда аялын тамашалайт. Кайынатасы астында, аркасында Мааразык аялы Орозо менен түшүп бараткан.

Орозо деген аялына:

– Атаңды жыга аламбы, жыга албаймбы? – деп айтат.

– Кантип эле жыгат элең, уялбайсыңбы, жыга албайсың.

– Чын эле жыга албаймынбы?

– Жыга албайсың.

– Мына эмесе жыгалбай турсам – деп алдыдагы байталды куйрукка саят.

Байтал куйругу менен чыбыкты кыпчып, мөңкүп, кыянын этегине барганда Сарыны жыгып кетет.

Анда кызы Орозо:

– Кокуй, кокуй атамды өлтүрдүң! – деп Мааразык менен урушат. Ал кайынатасы эси ооп жыгылып калат.

Анда Мааразык аялын:

– Мелдешпедик беле – дейт.

Анан кайынатасын эсине келтирип, анан атына мингизип коё берет.

Ошол жылы Тегеректе Кичи-Кулунда арпа айдайт. Күздүн күнү арпа бышып, оро турган убак келет.

Бир күнү күндүзгү иче турган айранын Орозо унутуп калып, түндөсү уютпай, эртең менен уютуп:

– Айран уюганда жеткирип берем – дейт.

Мааразык арпага кеткенде Сары дагы кызын көрөм деп келип калган болот. Атасынан уялып айран жеткире албай, Мааразык кечке ачка калат.

Кечиндеси үйүнө ачуусу келип келсе, баякы кайынатасы Сары келип олтурган болот.

– Атам келип, жеткизе албай калдым эле – деп бир аяк айранды куюп колуна кармата коёт.

Кайынатасынан уялбай эле, кармата койгон айранды аягы менен аялын бир коёт.

– Какый, какый, балам, эмне болду? – деп Маразыкты кармай калат.

Ачуусу келген Маарaзык кайынатасын тогенек ороп, чалкалатып кайрып көрөт. Жыга албаганда кайынатасын коё берип, уялгандан эшикке чуркап, төшкө өрмөлөп чыгып, олтуруп калат.

Анан ойлонуп кетип;

– Ой, Карабай, бери чыгып кел – деп, коңшусу Карабайды чакырат.

Анда Карабай:

– Эмне дейсиң? – деп, чыгып жанына барат.

Карабайды айтат:

– Мен натура иш кылдым окшойт кайынатама?

– Эмне иш кылдың?

– Тээ көгөндө эчкинин бирин сой, кайынатамын уялып калдым, а бу дедирип кой.

Төштөн чуркап түшөт да Карабай:

– Оо Маазарык бери түшүп кел, бери кел – дейт.

Ошондо Маарaзык Карабайдын жанына төштөн түшүп келет.

Андан кийин Карабай:

– Сары аксакал, чыгың, кеч болуп кетти, союшка бата кылып кой.

Сары чыгып Карабайдын жанында турганда:

– Эми Сары аксакал, күйөө балаңыз таарынышкан себеби: кечке арпа оруп, кызыңыз айран жеткирип берем деп, сиз келген себептен жеткирбей калыптыр. Ошонун натыйжасында курсагы ачкан адам, кызыңыз менен уруша кетип, ушул чатак болуптур.

Кеч деле кирди, мынабу Маарaзыктын эчкисине бата кылып кой, экөө тең балаңыз – деп эпке киргизип коёт да, эчкини соёт.

Ошентип кайынатасын жаткызып, саар менен узатып жиберет.

Анан ошол сөздү Үркүнбайга Карабай айтса, аябай күлүшүп, Маразыкты Керимбек экөө шылдыңдайт.

Анда Маарзык:

– Сен экөөңдү да мындан артык шылдыңга калтырам – деп моюн бербейт.

Анда Үркүнбай менен Керимбек:

Шылдыңдай албайсың, бизди жазгыра албайсың – дейт экен.

– Силерди оңой эле жазгырам – дейт Маарзык.

Анан бир жыл чамасы өткөндөн кийин, күздүн күнү болгондо унуткарып, эл кыштоого конгон кезде элдин бала-чакасына сасык тумоо аралап турган кезде Керимбектин үйү кыштоосу менен чоң жолдун боюнда болот.

Маарзык баягы айткан сөздү унутпай жүрүп, түн кирген кезде, Капка-Таштын сайына чейин барып, бир капкактуу асел челек таап, тонун оодарасынан кийип, эки мүрүсүнө эки жыгачты байлап, өзүнүн башы менен үч баш болуп алат. Өзүнүн, берки эки жыгачтын башына жоолук ороп, биягы асел челекке таш салып, калдыратып, ортосунан жип менен таңып байлап, Капка-Таштын сайынан ылдый карай чоң жол менен ташты калдырата сүйрөп, чоң жолдун боюндагы Керимбектин үйүн көздөй жөнөйт.

Айылдын он, он-беш иттери калдыраган добуш менен келип, Маарзыкты аягынан-быягынан шаштырып, Керимбектин үйүнө барган кезде, иттердин анысын аякка, мунусун быякка тап коюп, түнүндөсү Керимбектин үйүн бир айланат.

Керимбектин үйүн кырчоосунан кармап силкип, булкуп, Кызыл бейитти көздөй челегин сүйрөп жөнөйт. Иттердин бардыгы Маарзыкка тап коёт, челек калдырап, саксайган үч кишини көздөй тап

койгондо, аркасын тиктесе Керимбектин эшиги кыйшайып, бир неме баш бага түшүп, кайта үйүнө кирип кетет. Кызыл бейитке жакын барганда кызыл кыядан кайра тонун оңдоп кийип, үч башын чечип, жолго салбай күңгөйдүн түбү менен жашынып жүрүп отуруп үйүнө барып жатат.

Эртең менен атасы Молдокебек мечитке жөнөп баратса, Керимбек ооруп калыптыр деп, намазга бара албай калат.

– Керимбек эмне болгон? – деп атасы кабар алса, калтырап-титиреп ооруп жатып калган болот. Элдер намаздан тарап үйүнө кеткенден кийин:

– Керимбек эмне болдуң? – деп эл сураса,

– Мага түндө бир сыр көрүндү – дейт.

– Кандай сыр көрүндү?

– Түндө чоң жол менен бир калдыраган-шалдыраган бир неме келип, үйгө тийип, бейитти көздөй иттер менен кирип кетти. Бардаш кылып тура калып, эшикти тиктесем үч баштуу саксайган түгү бар. Коркуп кетип, үйгө кирип эле жатып калдым. Туугандар мен эми өлөт окшойм, ыраазы болгула – дейт.

Анан элдин эң арка жагынан Мааразык:

– Керимбек ооруп калыптыр, сурап коёлук – деп Керимбектикине келет. – Эмне болду, Керимбек? – дейт.

Мааразык айтканда Керимбек:

– Тели-теңтуш элек, түндө мага сыр көрүндү – деп калтырап-титирейт.

Анда Мааразык:

– Кудайы өткөрүш керек – дейт.

Керимбек айтат:

– Кудайы өткөргүдөй жандык малым деле жок эле.

– Жаңгыз уюңдун торпогун кескилетип ийсең кудайы болот.

Анда Керимбек:

– Ооба, ооба! – деп айылдыктарды чакырып, баякы торпогун союп, бир жиликтен элге таратып жиберет.

Мааразык үйүнө кетип, билмемиш киши болуп, түш убактысында келет.

– А, а, Керимбек түзүк болуп сеп алып калдыңбы?

– Жүрөгүм эле токтобой чыйрыгып жатам. Ысыкбы, суукпу тамырымды көрсө болот эле. Тели-теңтуш элек, менин тамырымды көрүп койчу. Мааразыкка колун сунуп, тамырымды көр дегенде, эки тамырын тең кармап:

– Ээ Керимбек, сени бирөө коркутуп жиберген бейм – деп жиберет Мааразык.

Ошондо бир жылдан мурунку айткан сөзү эсине келе калып, тура калып кармаша кетет.

– Торпогумду төлөп бергин – деп чачышат.

– Сен кудайды унуттум дегениң, өзүң кудайы кылып, мени төлөп бер дейсиң. Торпогуңду мен сой деп айттымбы.

Атааңды көргө, наалат сени! – деп, булкунганда элдер ажыратып, үйүн көздөй Мааразык качып кетет.

Элдер Керимбекке:

– Сен өзүң торпокту союп, элге кескилетип ийип, торпогумду төлөп бер дегениң жарайбы – дейт.

Керимбек тим болуп калат. Кыш түшүп, кыш ортосу болгондо Карабай сүр (суукта союлган мал) соёт, айылын чакырат. Айылдан Карабайдын үйүнө Мааразык, Үркүнбай ж. б. болуп чогулуп келишет.

Ал мезгилде кар жаап, үй-үйгө чыйыр болуп жол түшүп турат. Карабайдын үйүнө келгенде Мааразык арча отундун чиригинен элге билгизбей ушалап томолоктоп отурат. Куу катары кылып отуруп, эл Карабайдын үйүнөн тарап, үйүн көздөй чубап жөнөйт.

Ошондо Мааразык баякы арчанын чиригин кичине жалынга тийгзип, элге билгизбей үйлөп, эки алакандын ортосуна кармап, Үркүнбайдын аркасынан түшүп, караңгыда бараткандa баягы арчанын чиригин Үркүнбайдын башынан алыс ыргытат. Барып кардын үстүнө жалп этип түшөт. Анда Үркүнбай:

– Айланайын эй, асмандан жалп этип бир неме түшө калды – дейт.

Анда аркасынан келе жаткан Маарaзык:

– Кана, кана мен көргөнүм жок – дейт.

– Тигинде турбайбы!...

– Кана, кана мен көргөн жокмун.

– Тигине, тигине.

– Жылдыздын кетиги болбосун.

– Жылдыздын кетиги деген эмнеси?

– Сен билбесең, мен билем, каякта турат мен ала коёюн аны.

– Жылдыздын кетиги эмес кут болбосун, кут окшойт – деп карга тизелеп барып экөөлөп, Үркүнбай бел курун чечип мен алайын, сага кантип берейин, алдыма түшкөн немени – деп ороп алып, алдастап үйүнө барып түндеси эмне кылсак болот, Маарaзык? – дейт.

– Кудайы өткөрүш керек. Ушу жашка келип, эмдигиче билбейсиңби?

– Сойгудай ылайыктуу мал деле жок эле.

Ошондо үйүндө бтр бооз желиндеген эчкиси байлануу болот.

– Бооз катын өлбөйт бекен, эчкини деле кудайы кылса болот – дейт Маарaзык.

– Алдыма түшкөн кутту саа кантип берейин – деп баякы жоолугуна орогон кутту жүктүн бурчуна, керегенин түбүнө коюп коёт дагы түндеси баягы желиндеген эчкини кудайы чалат.

– Эчкинин этин эртең менен эле айылга салып берейин – дейт.

Үй-үйлөрүнө кетип, тынч барып жатып уктап калышат. Таң атканда караса, курга орогон кут жоолук-моолугу менен күйүп, бир ууч күл болуп калат.

– Каапыр, Маарaзык, мага шумдук кылган экен – дейт да, мечитте намаз окуган элге айтат.

– Маарaзык мага шумдук көрсөттү, эчкими төлөп берсин – дейт.

Анда Мааразык айтат:

– Эчкиңди өзүң мууздап, кудайы чалып, мени эчкими төлөп бер дейсиң, сен кудайды унуттум дегин, бир эчкиңе эки эчки берейин.

– Кой ээ, кудайды унуттум деп кантип айтайын – деп туруп калат.

Күндөрдүн биринде, бир жылы, жарым жыл өткөндөн кийин, алысыраак коңшусу Нар уулу Ысмайыл дубана болот.

Чөп орок мезгили келгенде эл чөпкө түшөт. Ушунда Ысмайыл дубана ээлеген жерлеринен аялы экөө чөп оруп жүргөнүн көрөт. Мааразык дагы ээлеген жеринен чөп оруп жүрөт. Ошондо бир күн жаап, чөптөрдү суу кылат. Элдер чөптөр кургасын деп, жайлоого үйүн көздөп жөнөйт.

Ысмайыл аялы экөө жайлоого барбай, керебет жасап, тамына жатып жүрөт. Анда Мааразык:

– Эл кетти жайлоого, мен дагы кетейин деп жөнөйт.

Кечкурун күн баткан убакта Мааразык «үйүмө жетпеймин го» деп артын караса, баягы Ысмайылдын тамынан жибектей түтүн чыгат. Мааразык: «Ысмайылдын тамына барып, жанына жатып алайын, жаңгыз тамдан эсим чыгат» деп, Ысмайылдын тамына Мааразык барат.

– А, Ысмайыл, Ысмайыл! – деп кечкурун тамынан чакырат. Анда Ысмайыл:

– А уста – деп тамынан чыгат.

– Эмне дейсиң? – дейт.

– Эл үйүн көздөп жайлоого жөнөгөндө мен артынан жөнөсөм күн кечтеп калыптыр. Үйгө жеткидей эмесмин, караңгы кирип кеткидей. Сенин жаныңа жатып алайын деп келдим эле – дейт. Анда Ысмайыл:

– Мейли-мейли – дейт.

Анда Мааразык өгүздөн түшүп, өгүзүн аргамжылап келген кезде аялы Курман жарма жасап олтурган болот. Караңгы кирет. Караса Ысмайыл бир үркүнчөгүрөөк атты байлап, бир жагына керебет жасап алган.

Ал Ысмайыл менен аңгемелешип, уйкулары келгенде:

– Керебеттин аркасына, сенин жаныңа жатып алайын – дейт. Анда Ысмайыл:

– Кой ээ, аялдуу кишинин жанына башка киши жатчу беле.

– Мен жерге жатсам эсим чыкпайбы.

– Жерге жатсаң жат, жаныма кантип жаткырайын. Түндеси уктап жатканда сасык албарысты басып эле уктатпады.

Анда Маарaзык ого бетер эси чыгып, эшиктен биртке чөп колтуктап келип, керебеттин кабагына жерге жаткан болот. Уктап калган мезгилде баягы Ысмайыл дубананы дагы сасык албарысты басат. Анда баякы Маарaзыктын уйкусу келбей жатып:

– Ысмайыл, Ысмайыл эмне болду – деп, чочуп Ысмайыл тура өйдө боло калып, Маарaзык үстүндеки аялынын чапанын кармайт дагы куудулданып:

– Какый, албарыстыны кармап алдым, тарт, алым жетпей жатат. Албарыстынын жеңи – деп чапан жеңин кармата коёт. Уйкусураган Ысмайыл чапандын жеңин үзүп алат. Аңгыча жанындагы аты кошкуруп, үркүп калганда Маарaзык куудул атынын жанына барып, куйругун кармалап:

– Кокуй Ысмайыл, алым жетпей жатат, чачынан тарт! – деп аттын куйругун кармата коёт.

– Кокуй, алым жетпей жатат, тарт, тарт! – дегенде керебеттен учуп түшөт. Аты мөңкүп кетип, көкүрөктөн ары бир тебет.

– Какый, карылуу шайтан экен дейт Маарaзык. Ысмайыл атка тептирип алып, онтоп калат.

Маарaзык ошо бойдон өзүнүн тамына келип, таң атканда кабар алса, баягы Ысмайыл дубана атка тептирип алып, ооруп жатып калган. «Суу болгон чөптөр кургасын» деп Маарaзык ар кимдин чапкы, орогун кадап тамында жүрөт. Түш чамасы болгон кезде Түлөкө казы сынган чапкы, орогун устага

кадатып алайын деп, Маарazыктын тамына келет. Келип Түлөкө казы:

Маарazык, Маарazык барсыңбы? – деп чакырат. Чыкырганда Маарazык:

– Бармын, казым – деп тамынан чыгат.

– Балдарга сынган чапкы, орокту кадатып келип берейин деп келдим эле – дейт.

– Көрүк басып бергидей киши жок эле, казым.

– Мен өзүм деле басып беремин.

– Кой, казым, өзүңүз кантип басат элеңиз. Тиги жерде Ысмайыл дубана чөп суу болду деп уктап жатат. Ошону чакырып берсеңиз басып берер – дейт Маарazык. Анда Түлөкө казы:

– Мейли, чакырып келейин, эмгиче уктаганы эмнеси – деп Ысмайылдын тамына барат. Анда аялы чыгып:

– Ооруп атат эле – деп жооп берет. Кайра келип Маарazыкка: «А, каапыр ушу бир шумдук кылган окшойт» деп ойлонуп келип, Маарazыктын тамына келет.

– А, каапыр Маарazык, сен бир шумдук кылгансың го – деп Түлөкө казы айтат. Айтканда Маарazык ууртун кыйшайтып:

– Жок, жок, казым – дейт.

– Эмесе өзүңүз басып бериңиз, көрүктү – дейт. Ошондо көрүк басып, чапкы, орогун камдап отуруп:

– Ысмайылдын сасык албарыстысы бар экен. Уйкусурап кетип, керебетинен кулап түшүп, атына тептирип алыптыр.

– А, каапыр Маарazык, сен шумдук кылсаң керек, кантип атына тептирип алсын.

– Жок, жок, казым, кантип эле – дейт. Ошентип чапкы, орогун камдап, Түлөкө казыны узатыптыр.

Ысмайылды жакындан тээп, тарт эле тарт деп жатып, эки-үч күн жатып туруп кетиптир.

Мамашерип Эрмекбайдын тегирменине өгүзгө арпа-буудай жүктөп барат. Тегирменге жүк артып,

Эрмекбайдын үйүнө келет. Түндеси тегирмендин алдына ун толгондо утур-утур тартып тура берет. Анда Эрмекбай:

– Моңолдор куудул болот дечү эле, буга жомок айттыралы – дейт. Анда Мааразык:

– Жомок билбейт элем, - деп Эрмекбайга айтат.

– Кантип эле, мен уккамын, жомокту моңолдор кыйын айтат деген. Жалкоолонбой узун түндү кыскарталы, айылдагыларды чакырайын – деп билбейм деген оюна койбойт. Анда Мааразык куудул: «Буларга бир ат коюп эрмек болоюн» деп, баякыл айылы чогулганда ат коё баштайт. Эрмекбайдын туугандары келип катары менен боз үйдө отурганда эң баш жагында Эрмекбайдын тууганы Маке аксакал, Черикбай, Одон, Турганбай, Одондун аялы, анын ылдый жагында Макенин аялы отурат. Башынан айтсам билип алат дейт дагы Черикбайдан баштап ат коё баштайт.

– А Мааразык, сүйлө, сүйлө – деп Эрмекбай айтканда,

– Эмесе мен жомокту айтайын, чет жагында чердегей, музоо кирпик дердегей, кажыр тумшук карала, анын мааниси жок Мамар аялы, узун кирпик сүзмө көз аял, анын этегинде капжарды каңкор болгон экен. «Билип албасын» деп, Мааке аяк кырган уста, арык тартайган киши экен.

– Тартаң күшет деген дагы бирөө болгон экен дейт.

Ошондо Эрмекбай биле коюп:

– Бизге ат коюп жаткан турбайбы, карма атаңдын көрү, сабаш керек дейт. Анда Мааразык качып эшикке чыгып:

– Карма эле, карма – дегенде өгүзүнө да, тегирменине да карабай чоң жол менен жөө качып жүрүп олтуруп, үйүнө келет.

Ал эми жанагы чет жагында чердегей Черикбай, музоо кирпик дердегей Эрмекбайдын укеси – Одон,

кажыр тумшук карала – Тургунбай, мааниси жок Мамырбайдын аялы, узун кирпик сүзмө көз – Одондун аялы.

Маарызыктын атасы Такен уста киши болгон. Алар арка моңолдорунан келип, Кулаган-Ташта жашап турат. Атасы темир уста, тегирмен да салат. Чоно бий Кулаган-Таштан бала-чакасы менен Узун-Айрыкка көчүрүп келип, тегирмен салдырып:

– Эл үчүн жакшы болот, алыс жерге барып тегирмен тартуунун ордуна, үйдүн жанынан тартсын – дейт экен.

Тегирмен кармап, усталык кылып турат. Мунун Козубай, Култай, Маарaзык, Төрөгелди деген балдары бар экен. Ошондон эки ата, үч атасына чейин ушу жерде жашап, небереси Бөдөнө, Ошур, кайра ошол Кулаган-Ташка тууғандарына көчүп кетет.

Маарaзык кызыл тоголок, орто бойлуу киши болгон. Анын балдары эки уул, эки кызы болот. Макен Өзгөрүш колхозуна башкарма, ферма болуп иштеп туруп, ооруп өлөт. Андан кийинки баласы Абажан 1941-жылы согушка кетип, кабарсыз. Кызы Арзыбү Кан-Коргондо жашап, өз айылынан өлөт. Андан кийинки кызы Түкүн Көк-Арт селосунда жашайт. Аялы Орозо өлгөндөн кийин Молдогазынын кызы Айтбүгө үйлөнөт. Бул бир кыз төрөйт.

Олтурганда сүйлөп элди күлдүрөт эле. Маарaзык Чычырганак өрөөнүнүн Узун-Айрык кыштагында төрөлөт. Такенди көчүрүп келгенден кийин Култай, Козубай Кулаган-Таштан төрөлүп келет. Маарaзык менен Төрөгелди быяктан төрөлөт. Булардын энеси Бүргө болот.

Маарaзык 1944-жылы декабрь айында жетимиштен ашып барып өлдү.

## БОЗ АТТУУ БАЙ МЕНЕН ЭРГЕШБАЙ, ЖОЛДОШБАЙ, АРЫКБАЙ КАЛДАР[1]

Илгери бир Боз аттуу бай деген бай болуптур. Анын бир киши жечүү боз аты, 1000 кою, катыны, энеси, жаш баласы болгон экен.

Ошонун айылынан алысыраак жерде Эргешбай, Жолдошбай, Арыкбай деген үч бир тууган жетим үчөө тең кал балдар болуптур.

Боз аттуу бай жетимдерди жок кылуу үчүн атымды багып бер деп Эргешбайды жана Жолдошбайды бирин жедирип экинчисин да багып кел деп талаага жиберсе аты жеп коюп келет имиш. Акырында Арыкбай калды чакырат мага малай болсун деп. Арыкбай бара жатса жолдо бир кемпир чакырат, барса эчкинин туягына айран куюп берет. Кемпир айтат: ушул туяктагы айранды ичип түгөтсөң акелериңдин өчүн аласың, түгөтө албасаң боз атка жем болосуң дейт. Ичет, ичет түгөнбөйт. Акырында кемпирди жазгырып туруп айранды койнуна куюп жиберип мына деп туякты ыргытып жиберет. Акелериңдин өчүн аласың бара бер дейт. Арыкбай барса боз атты талаага багып кел дейт. Болуптур деп минип алып, кыл менен оозун бууп көчүгүнө шиш өткөзүп кыл менен бууп ичин көптүрүп чаап келери менен ичи жарылып өлөт. Бай көп тойгузуп коюптурсуң деп тим болот. Арыкбай эшигинде кул болуп отун жагып, күлүн чыгарып, Байдын катынынын аташ керек менен нечен чапканы эсинен чыкпай жүрөт. Жаткан жери очоктун бою. Бир күнү түн ортосунда байдын жаш баласы чычам деп ыйлап калат.

Бай Арыкбай, Арыкбай мынабу жарылгырды эшке алып чыгып жарып келчи дейт. Баланы көтөрүп чыгып, жарып, сан-сан кылып керегеге илип коёт. Көп убак өткөндөн кийин бай Арыкбай бала кана дейт. Э бай аке жарып кел дегениңи жарып

[1] КР УИА КЖБ. – Инв № 236 №2 дептер.

салдым дейт. Бай өзүнүн айтканына өкүнүп, эртеси кетмен алып мүрзөгө Арыкбайды ээрчитип барып көрсөтүп, «кулагың менен тең каз» деп кетет. Аркасынан Арыкбай жерди бир чаап кулагын ченеп жетип келет. Каздыңбы? – ооба кулагымдан ашык каздым дейт. Баланы көтөрүп барып кетменди табышпайт. Себеби Арыкбай алып келип койгон. Казган жериң кана десе чуңкурурак жер болсо эле жата калып кулагын ченейт. Бай ачууланып айласын таппай, бар үйдөн кетмен алып кел дейт. Арыкбай үйүнүн жанына келип, Бай аке, Бай аке кетменди катының бербей жатат деп кыйкырат. Бай ачуусу менен жыга чап деп оозунан чыгары менен барып катынды жыга чаап таштап келип баланы көмүшүп үйгө келсе катыны өлгөн. Аны да сураса өлтүр дедиң өлтүрдүм дейт. Айласыз унчуга албай аны да көмүшүп келип жатышат. Арыкбай эшиктен билинбей чыгып жаман тонун тетири кийип короодогу койлорду үркүтүп, үркүтүп билинбей кирип уктай берет. Койлор козусунан адашып маарай берсе бай ойгонуп Арыкбай бу кырылгырдын кою эмне чуулдайт кырып келчи жагын тынчытып тынч уктайлы дейт. Арыкбай чыгып алып, жыгачы менен таң аткыча кырып бүтүрөт. Бай эрте менен турса койлору кырылган эмне болду десе дагы баягы жообун айтат.

Эртеси жаткандан кийин Арыкбай мен бир жакка барып келем деп эшикти чоң ачып чыгып кайра билинбей кирип жабып алса, бай энеси экөө сүйлөшөт Арыкбай түгөтмөк болду, биз качып кутулалы дешет. Аман калган эки серкесин союп, көшүн куурма кылып серкенин чаначына салып Арыкбай уктаганда экөөнү экөөбүз көтөрүп жөнөйлү деп кеңешкенин угуп Арыкбай, ашканадагы чаначтагы көштү эшке алып чыгып төгүп өзү жылаңач чаначка кирип жатып алат. Түн ортосу болгондо экөө экөөнү көтөрүп жөнөйт.

Үч күн жүрүп чарчап, эми Арыкбайдан кутулдук деп, алды дайра бир жардын башына дем алышып

көш жейли десе Арыкбай чаначтан чыгат. Сенден кутулбайт экенбиз эми достошолу деп дос болуп көш жешип жардын башына жатышат. Суу жак жээгине Арыкбай, ортого байдын энеси, четке бай жатат. Бир убакта бай энесине: уктаганда Арыкбайды түртүп жибер деп шыбыраганын билип, Арыкбай чарчап уктаган кемпирди өзүнүн ордуна сүрүп өзү ортого жатып алат. Бир убакта бай Арыкбайды түткүлөп ойготот да Арыкбайды түрт дейт. Анда Арыкбай ээ балам менин алым жетпейт, өзүң түрт дейт. Бай Арыкбай деп энесин сууга түртүп жиберет. Эми Арыкбайдан кутулдум деп уктап, эрте менен турса, энеси жок. Арыкбай туруп алыптыр. Бай энем гана деп догурунмакчы болгондо, өзүң түртүп жибербедиңби десе, эч сенден кутулбайт экемин деп кармаша кетет. Экөө тең суугa т үшүп кетип, семиздик кылып бай чыга албай өлөт. Арыкбай сууда жакшы сүзгөндүктөн чыгып кетет да акелеримдин өчүн алдым деп, байдын калган-каткан мүлкүнө ээ болуп калган экен.

## ТАЙЧАБАР САГЫР[1]

Илгерки өткөн заманда бир бай болуптур, анын жалгыз уулу болуптур. Ал байдын жалгыз уулу жылдан-жылга чоңоюп эр жетет. Андан кийин бай баласын үйлөө үчүн кыз издеп жөнөгөнү жатканда баласы өзүнүн жактырып жүргөн ошол эле өзүнүн айылындагы бир байдын кызын алып берүүгө мажбур кылат. Андан кийин бай атасы кыздын атасыныкына барат. Андан кийин бай эмне максатта келгендигин кыздын атасына айтат. Кыздын атасы байдын суроосуна мындай деп жооп берет:

«Мен кызымды таразага тартып калың алып күйөөгө беремин эгер бай ушуга макул болсоңуз» –

[1] КР УИА КЖБ. – Инв № 236 №3 дептер.

дейт. Анда бай туруп, болуптур мен үйдөгүлөр менен акылдашайын андан кийин ал жагын көрөбүз деп бай үйүнө кайтат. Бай үйүнө келип баласы Тайчабар менен акылдашат. Кемпир менен үчөө сүйлөшүп отуруп балага мындай дешет. Балам сага ушул кыздан башка кыз куруп кетти беле. Айылдагы башка кыздардан жактырсаң болбойбу деп чал-кемпир экөө баласын жемелешет. Анда бала туруп менин жактырганым ушул кыз, мындан башка жактырганым жок эгер алып берсең аялдыкка ушул кызды алып бергиле бербесеңер өзүм алууга мен ушул күндөн аракет кылайын дейт. Анда кемпир менен чал ан-таң болушуп эч айла таба албай акыры макул болушат. Бай эгер мен таразага тартып калың берип ушул кызды уулума алып берсем, менин балам Тайчабарды үйдөн айдап чыгууга туура келет, себеби баламдын эч кандай ушул баштан эле баламдын мага пайдасы жок деп ойлойт.

Акыры бай кыздын атасыныкына барып, кыздын атасы жана энеси менен кудалашат. Ошол күндө эле бай Тайчабардын атасы таразанын бир жагына тилла салат да, бир жагына кызды салып таразага тартып калың берип кызды үйүнө көчүрүп келип баласы менен кошуп бир түн өткөндөн кийин баласын үйдөн айдап чыгат. Кайда барсаң өз эркиң дейт. Баласы аялын эрчитип өзүнүн айылынан башка бир 20-30 километрдей жерден бир байдыкына барып, андан чеерекар болуп иштей баштайт. Бай аларга самаханадан орун көрсөтүп берет. Тайчабар Сагырга (аялы) 20 тыйын пул берип базарга жиберет. Базарга барып ала турган соодасы Топу так жана бир ийне, бир ише панар жок болот. Кыла турган соодасы бүткөндөн кийин Тайчабар сагыр үйүнө кайтат. Үйүнө келип күн отуруп караңгы киргичекти байдын отун-суусун кылып андан кийин самаханага кирип жатууга үйүнө кирет. Аялы анда топу тигип отурат. Тайчабар уйкуга кетет, аялы бир топуну бүтүрүп алда жатат.

Эртеси Тайчабарга топуну берип допуну баасы 40 тилла, ким сураса кырк тиллага сатың дейт. Топуну базарга алып барып ким сураса 40 тилла дейт, анда эч кимдин допуга күчү жетпейт. Ошол учурда ал допуну бир жөөт келип көрүп хардар болуп 40 тилла берип допуну үйүнө илип койот да, ар күнү бир көрүп жүрөт. Бир күнү жөөт элге жар чакырат. Эгер ушул допуну тикккен аялды мага ким алып келсе, ага мен бир мис жам тилла берем дейт.

Ошол убакта бир кемпир чыга калып, ал топу саткан баланы мен табамын дейт. Анда жөөт айтат. Мейли бар сага эмне керек дегенде, мага бир чолок эшек, кырк жамактуу гуржун бер дейт да кемпир издеп жөнөп кетет. Бу кемпир баланы издеп кете берсин, эми сөздү баладан эшитиң. Аялы базарга жиберген убакта топуну сатып пулуга күрүч, эт, май жана топуга так алып келиң деген эле. Тайчабар топусун сатып катынын айткан нерселерин барын алып барат. Кечинде алып барган нерселерди палоо кылат. Оокаты пышкандан кийин күйөөсү Тайчабар кожоюнуну чакырат. Кожоюну үйүнө келгенден кийин Тайчабардын аялы оокатыны сала баштайт. Салып жатып палоодун чекесине самандан кичине салып коёт да саман бар жагын байга коюңуз деп күйөөсүнө айтат. Күйөөсү аялыны айтканындай кылып, байды алдыга коёт. Тайчабар этин туурайт да палооду жей баштайт. Бай палоо абдан таттуу болуптур деп жей баштайт. Теңдей жеген убакта ортосунан саман чыгып калат. Ошол эле убакта бай айтат. Силерге бу там болвоптур андагы мийманканага чыгып олтургула дейт. Бай үйүнө чыгып кетет.

Ошол күнү эртеси Тайчабар сагыр байды айткан жакшы тамыга кирет. Киргенден соң Тайчабарды аялы дагы топу тиге баштайт. Топусуну келе жаткан базарга бүтүрөт. Саар менен базар болду аялы топуну Тайчабарга берет. Бу топуну баасы да 40тилла. 40тиллага сатып астыңа ат, колуңа куш, агытууга

тайган алып кел дейт. Тайчабар сагыр маакул деп сүйүнүп кетет да базарга топусуну сатат. Кардарлар топуңду баасы нече пул десе Тайчабар 40 тилла дейт. Эч кимдин 40 тиллага күчү жетпейт. Мурдагы алган жөөт муну да 40 тиллага алат. Үйүнө алып барып илип коёт. Жөөт топусуну көрүп жата берсин эми Тайчабарды эшиткиле Тайчабар сагыр аялыны айтканыны орундатмакчы болду бир ат, бир куш жана агытканы тайган алды да, үйүнө келди.

Эртеси саар менен Тайчабар сагыр атын минип кушун колуна кондуруп, тайганын ээрчитип куш салганы тоого чыгып кетти. Кушун салып жүрүп арып, чарчап, кечинде келе жатса жолдо бир кемпир үшкүрүп пешенесиге муштап жатканын көрүп Тайчабар сагыр кемпирди жанига барат, эмне кылып жүрөсүз деп сурайт. Кемпир айтат. Айнанайын балам энеси жокко эне болом, баласы жокко бала болом дейт кемпир. Болуптур басыңыз менин энем жок мага эне болуң дейт. Жакшы болот деп кемпир баланы алдына түшүп алып жорткон бойдон баланы үйүнө келет. Аялы Тайчабардан сурайт бу кемпирди эмнеге алып келдиңиз дейт. Бу кемпир талаада тентиреп жүргөн кемпир экен муну баласы, ага-иниси эч кимиси жок экен, мен баласы жокко бала, энеси жокко эне болом дейт. Ошондуктан мага эне бол деп алып келдим дейт. Анда аялы айтат сизге башыңызга балаа болот, жаниңизга жазаа болот дейт. Ушул жерде Тайчабардын ачуусу келип аялыны камчы менен бир коёт. Эмне үчүн сен мага мындай дейсиң. Ушул кемпирдин колунан эмне келмек эле дейт. Аялы ыйлап капа болуп отурат да оокат кылышып жатышат. Саар менен болгондо Тайчабар уу кылганы тоого чыгып кетет. Аялы топу тигип отурат да, базарга чейин дагы бир топу бүтүрөт. Тайчабарга берет. Бу топуну 40 тиллага сатып көрпө, төшөнчү, идиш, табак алып кел дейт. Тайчабар болуптур деп топуну алып, атыны минип кетет. Бу топуну да жөөт алат.

Эми кыскасы үчөөнү да жөөт алды, топуларыны ар күнү бир маал көрүп коёт.

Эми Тайчабар сагыр аялынын айткандарын баарын алып үйүнү жасашып алат. Эртеси болгондо Тайчабар ууга чыгат. Кемпир Тайчабардын аялына айтат: «Менин бир таз балам бар эле. Ошо баламы бир көрүп келели деп Тайчабардын аялыны башын жууп, чачын тарап, палоо дамдап, жөөт кайдасың деп кемпир ээрчитип кете берет. Бир жерге барып, жөөттүн жети дарбазалуу үйүнө алып кирет. Кириши менен жөөт чыгат да Тайчабардын аялын кармоого жети дарбазалуу үйгө карап чуркайт. Анда Тайчабардын аялы жетинчи үйүндөгү жөөттүн бир кулачтык канжарын алып жөөткө тап берет. Эгер сен мени үстүмө басып кирсең сени өлтүрөм мага 40 күн руксат бер 40 күнгө чейин жетинчи дарбазадан ар күнүнө мени бир көрөсүң эгер ашыкча көрсөң сени өлтүрөмүн, анткени Тайчабардын катыны эң сулуу эле. Ушундай кылып ар күнү бир маалдан көрүп жүрөт. Эми кемпирди болсо бир мис жана тилланы берип жөнөтөт.

Тайчабардын катыны 40 күнгө руксат алганыны себеби ушундай 40 күнгө Тайчабардан кабар болор бекен деген максат менен сураган эле. Кабар болбосо ушул жөөткө тийемин деген максат руксат алган эле. Энди сөздү Тайчабардан эшители. Тайчабар уудан кайтып келсе, үйүндө эч ким жок, кечке карайт. Аялынан эч кандай кабар болбойт. Ошол күнү Тайчбар үйүндө жатат да аялынын киши колдуу болгондугун билип, атты, кушту, тайганды сатып бир жоор эшек бир куржун, ийне, сакыч, торок, айнек, түрдүү ыраңдардан же боёктордон алып куржунга салып, сакыч кетти, ийне кетти деп эли журтту кыдыра баштайт. Күндөрдүн биринде шаардын ичин аралап өтүп бир кичине кыштакка кез келет. Ошол кыштакты аралап бара жатып, Тайчабар мындай деп кыйкырат. Ийне кет, торок кет деп кетип бара жаткан болот. Ошол

убакта жөөттүн эшигине барып калат. Тайчабардын аялы тандырга нан жаап жаткан болот. Жөөттүн бир 13-14 жаштагы кызы болот. Ал кызды Тайчабардын аялы чакырып эшикке чыккын көчөдө аттарчи өтүп бара жатат, ийнеси бар бекен сурачы дейт. Анда кыз чыгып аттарчи бува допу ийнеңиз барбы деп сурайт. Тайчабар сагыр бар балам, допу ийне бар дейт. Ошол убакта Тайчабардын аялы Бир даана ийне алмакчы болуп тандырдагы нандан бирөөнү үзүп нандын ичине кат жазып мен ушул эшиктемин бүгүн келсеңиз келдиңиз, келбесеңиз курук калдыңыз дейт да жазган катты нандын ичине кыстарып коёт. Нанды аттарчига бер да. Бир даана кечте ийне алып кел деп нанды кызга берет. Тайчабар нанды алып бир ийне берет, андан ары дагы бакырып жүрүп кетет.

Ошентип ошол айылдын этегинде бир кыштак бар болуучу ошол кыштакта бир тегирменчи бар ал тегирменчини алдына барып тегирменчини чакырып баягы нанды экөө жемекчи болуп нанды Тайчабар сагыр сындырса нандын ичинен бир кагаз чыгат. Ал кагазды окуса кагазда бүгүн келсең келдиң, келбесең курук калдың деген жазуу бар. Нанды да, эшикти да, куржунду да тегирменчиге берип, Тайчабар үйүн көздөй жөнөйт. Үйүнө келип эки атты байдан сурап алып түн ичинде жөөттүн коргонун артында эки атты эки жерге байлап өзү жөөттүн жети пакса дубалына минип жатып уктап калат.

Ошол убакта жөөттүн үйүн аңдып келген эки ууру болот. Алар эки атты экөө минип турганда, Тайчабардын аялы бир чоң бөкчөнү таштайт. Аны эки ууру алып кудай берди деп ичинен сүйүнүп турушат. Аңгыча болбой бир аял дубалдан ашып түшөт. Ал аялды уурулардын бирөө атка учкаштырып алып, айт деп жөнөп кете беришет. Түн ичинде ким экендигин Тайчабардын аялы билбей күйөөм да деп кете берет. Таң аткандан кийин көрсө эки ууру. Булар аялдын сулуулугуна кызыгып, экөө

мен алам, мен алам деп таанышып калышат, анда Тайчабардын аялы мындай дейт, экөөң бириңди бириң пычакта, өлгөнүңдөн калганыңа тийем дейт. Эки ууру бирин-бири пычактап экөө тең өлүп калат. Андан ары Тайчабардын аялы жүрүп кетет. Энди бир убакта Тайчабар сагыр уйкусу канып ойгонсо атта жок, аялы да жок, аң-маң болуп (ак дос) деп дувана кейпинде эл кыдырып дагы издеп жөнөйт. Энди Тайчабардын аялы үстүндөгү кийген кийими эркекче, башында кундуз тебетей, астындагы мингени жакшы ат.

Ошентип бир нече күн жол жүрүп, аз гана эмес, мол жүрүп отуруп алты ууруга кез келет. Уурулар анын аял экендигин билип, ошол жерде алтоо талашып кетет. Анда Тайчабардын аялы туруп, алтооң базардан алты тон алып келгиле, кимиңердин тонуңар жакса ошонуңарга тийемин дейт. Уурулар тонго кетет. Аял андан ары дагы жүрүп кете берет. Бир нече күн жол жүрүп отуруп, дагы баягыдай он эки ууруга жолугат. Анда уурулар дагы талашып калат. Аларды да он экөөң он эки тон алып келгиле базардан, мен ушул жерде турам кимдин тону жакса ошого тийем дейт. Алар да тонго кетет.

Жүрүп отуруп дагы бир ууруга кезигет, кыскасы аны да ошондой кылып алдап эң аягы бир шаарга жете бергенде бир топ карааанды көрөт, жакындап жетсе, ошол шаардын падышасы өлүп, падышанын ак шумкарын учуруп, кимдин башына консо, ошону хан көтөрөбүз деп турган кези экен. Ар бир кишинин колунда шапалактайдан гөш. Элдин бардыгы гех, гех дешип чуркап жүрүшөт. Ошол убакта Тайчабардын аялы дагы элге аралаша калат. Акшумкар айланып учуп келип, Тайчабардын аялынын башына конот.

Андан кийин аны ак кийизге салып жыйынды жети айландырып, хан көтөрүшөт. Тайчабардын аялы хан болгондон кийин өзүнүн сүрөтүн сүрөтчүлөргө тарттырып, падышанын сарайынын дарбаза-

сына илип коёт. Уурулар улам бирден барып сүрөттү көрүп дөөс деп кыйкырат. Он сегиз ууру, бир жөөт, эң акырында Тайчабар сагыр да барып сүрөттү көрүп дос тарттат. Он сегиз ууруну башка камап, жөөттү да башка камап, Тайчабарды мал короосуна киргизип коёт. Эртеси он сегиз ууруну желдеттерге буйруйт. Ууруларды желдеттер өлтүрөт. Эң акырында Тайчабар калат. Ошол күнү жигиттерине жооп берет, бүгүн бардыгыңар үйүнөргө баргыла, эртеге эртең менен келгиле дейт. Жигиттер макул болушуп кетишет. Тайчабар сагырды аялы барып, мал короону ачып чык бер жака деп каттуу бакырып папаза кылат. Тайчабар коркуп зорго бүткөн бою калтырап чыгат. Анда аялы алдыма түш, Бачагар эмне үчүн дос тартың деп кан саясат кылып сурап калат, анда Тайчабар кыскасы башынан өткөндөрдүн бардыгын айтат, ошондо аялы дагы сурайт. Аялыңдын кай жеринен таныйсың дегенде Тайчабар аялымдын оң эмчегинде калы бар эле дейт. Аялыңдын оң эмчегиндеги калын көрсөтсөм таанийсыңбы? – деп коркутуп сурап калат. Тааныймын дейт. Ошондо Тайчабардын аялы оң эмчегиндеги калын көрсөтөт. Ошол жерде аялын таап, Тайчабар хан болуп калган экен.

## ДААНЫШМАН СОКУР[1]

Илгерки убакта бир кан болот. Анын жакшы көргөн баш увазири болот. Ал увазирдин катыны менен кандын катыны экөөнүн боюна бир айда болот. Ошондо кан менен увазири экөө куш салышып жүрүп, эгер экөөбүздүн катыныбыз тең эркек төрөсө дос кылып, молдого окууга беребиз. Эгер бирибиздики кыз, бирибиздики эркек төрөсө куда болобуз деп экөө шарттpredмашат. Бир күнү кан менен увазир экөө куш салып кетишсе экөөнүн катыны тең эркек тө-

[1] КР УИА КЖБ. – Инв № 236 №7 дептер.

рөйт. Кандын баласынын атын Ысмайыл, увазирдин баласынын атын даанышман коёт.

Ошентип жылдардан жыл өтүп, экөөнүн тең баласы алты жашар болот. Андан кийин экөөнү дос кылып, эки жылдык оокаты менен молдого окууга беришет. Окууга бергенден кийин эки жылга бир ай калганда кан баласынан кабар алмака ашыгып кетип, срогунан бир ай мурун барат. Барса кандын баласы курандан өтө албай отурат. Увазирдин баласы окуткан молдосу менен жол талашып, окуткан молдодон дагы билимдүү болуп чыгат.

Ошондо кан баласынын билбегенине ыза болуп, окуткан молдону сен менин баламы түзүк окутбапсың деп молдонун башын алмакчы болот. Анда молдо мен эртең балаңызды окутайын андан кийин айып менде болсо, менин башымды алың. Эгер балаңда болсо өзүң бил дейт. Эртеси баласын окутат. Молдо өзүнүн тилинде бир деме десе бардык балдар көчүктөрүнө кыш алып коюп, китептерин окуп калат. Ал кандын баласы болсо, каңкийип оозун ачып отурат.

Ошондо кан айып өзүмдүн баламда экен деп, ичинен баласынын билбегенине ыза болуп, үйүнө алып келет. Алып келгенден кийин увазирдин баласы Даанышман эң бир чоң молдо болот. Ошондо кан увазиримдин баласы мындай болуп жүрөт, менин баламдын акыбалы болсо бул. Эгер мен өлгөндөн кийин балама күн көрсөтбөйт, андан көрө азыртан көзүмдүн тиригинде Даанышмандын эки көзүн ойдуруп салайын деп ойлонуп, увазирлерин жиберет. Увазирлер Даанышманга барып кан сенин эки көзүңү оюп кел деп бизди буюрду деп айтат. Анда Даанышман увазирлерге имне десең ал дагы бирок менин көзүмдү ойбо. Мен өмүр боюу көзүмдү ак каса менен таңып өтүп кетем. Силерге эч кандай наала келтирбейм дейт. Анда увазирлер макул болуп, иттин көзүн канга Даанышмандын көзүн оюп келдик деп апарып берет.

Бир күнү кандын баласы куш салып жүрсө, чоң дарыяда карагай минип алып күн батышты көздөй бир кыз кетбара жатат. Сулуулугу ай десе айда жок, күн десе күндө жок. Аны кандын баласы Ысмайыл көрүп, сенин жериң каякта, бир белгиңди берип кет деп ээрчийт. Ошондо кыз агып кетбара жатып, жакасын, көзүн, кулагын көрсөтүп коюп кетип калат. Ысмайыл үйүнө келип, атасына айттырат. Мен ушу жактан бир кыз көрдүм, бир белги берип кет десем жакасын, көзүн, кулагын көрсөтүп кетти. Атам мага элин жыйып ошо кызды алдырып берсин, болбосо мен ал кыздан башка кызды албайм деп айттырат.

Анда атасы 6 жашар баладан өөдө тартып элинин бардыгын чакыртып туруп, уккан билгениңер барбы деп элге жогорудагы кыздын көрсөткөн белгисин айтат. Анда элинин бардыгы билбейт. Анда кан дагы ким калды деп увазирлеринен сураса баякы көзүн ойдуруп салган Даанышман сокур калыптыр, андан кийин Даанышман сокурду алып келип сураса, мен билем эгер көзүмдү айыктырып берсең кызды балаңа алып берем болбосо кызды эч ким билбейт жана балаңа тийбейт дейт. Анда кан сенин көзүңү имне кылса айыгат деп сурайт.

Анда Даанышман элди жети күн-түнү менен Даанышмандын көзү айыгып кетсин деп бата кылса айыгат деди. Ага кан макул болуп, бардык элин даанышмандын көзү айыксын дедиртип бата кылдырат. жети күн-түн бүткөндө калп эле эми кичине көзүм ачылайын деди, дагы жети күн, жети түн бата кылгыла анан көзүм баштагыдай болот дейт. Кишилер дагы жети күн, жети түн бата кылганда Даанышман калп эле мына менин көзүм баштагыдай болду деп таңган касасын алып ыргытып ийет. Кан кана эми Даанышман эми айтып берчи дейт.

Анда Даанышман жакасын көсөткөнү жакалык деген шаарда дегени, көзүн көрсөткөнү Көзайым сулуу дегени (кыздын аты), кулагын көрсөткөнү Кулапан падышанын кызы дегени дейт. Анан атасы

Даанышманга кырк качырга дилде, алтын, күмүш жүктөп, баласын кошуп берет. Даанышман кызды алып бергени жүрүп отуруп (бир нече айда) Көзайым сулуунун өзү айткан жакалык деген шаарына барат. Ал кыз кубулуп асманда учуп жүрчү экен (жолдоштору менен кырк кыз). Ар жумада бирден түшчү экен. Ал кыз түшкөн жердин тегереги коргон, коргондун ичи бүтүн ар түрдүү түстөгү гүлдөр. Ага часаовой эч кимди киргизчү эмес экен. Столовою дагы ошонун ичинде экен. Даанышман баякы часовойду алдап кирип гүлүнүн ичинен сары гүлүн алып, сары гүлдүн бетине, Сизди үч-төрт күндөн бери ушул жерде Сары гүлдөй саргарып сизди көрүүгө кумар болуп жатабыз деп жазып кароолго берет. Кароол кыз келгенде берет, бергенде эмне үчүн киргиздиң деп кырк камчы салып, эшиктин астынан көрсүн дейт.

Анда Даанышман Ысмайылга мындай деп үйрөтөт. Сен барганда кырк кыз тең кириң жезде кириң деп өтүп кете берет. Ошондо сен качан кыркы тең кирип болмоюнча кирсең айрылганың ошо, кайып болуп учуп кетип калат дейт. Анан Ысмайыл эшиктин астына барганда кириң жезде кириң деп өтүп кете берет. Теңдей болгондо бир сулуу кыз кириң жезде кириң десе кирип барат. Анда Көзайымдар учуп кетип калат да, Ысмайыл кала берет.

Аны Даанышман урушуп кейип экинчи жолу эми сага алып берем деп алдап коргондун ичиндеги гүлдү аралап жүрүп, кызыл гүлдү алып, бетине бир канча күндөн бери кызыл гүлдөй кызарып жүрөм, сизди көрмөкө деп жазып дагы кароолго берет. Кыз келгенде кызга берет, бергенде кыз эч кимди киргизбе дебедим беле деп сексен камчы салып, бизди оокат ичкен жерден тапсын дейт.

Анда кароол камчы салып жатса (өз ичинде) бүгүн мени сен жонума камчы  менен салып жатасың, эртең мен сени ишнем менен салаар экемин деп Даанышманга алданып сүйүнүп турат. Даанышман

Ысмайылга кырк кыз тең ичиң жезде ичиң деп айтышат. Ошондо сен эң кийин анан ичкин деп үйрөтөт. Анда Ысмайыл барып кыздарды табат, андан кийин кыркына кырк каса оокат алып келет.

Ошондо дагы кыздар ичиң жезде ичиң деп отуздан ашканда ичип жиберет. Дагы кыздар учуп кетип калып Ысмайыл кала берет. Даанышман Ысмайылга кейип кырк качыр тилдасынын жыйырмасын сатып кырк тору ат алып экөө тең кызга жасанып, эки сонун атын минип, калган аттарга дагы бөлөк кандын кыздарына мингизип алып оюн курап үчүнчү күн түнү менен ошондо Көзайымдын уйкусу келип кара шалап калат. Эгер башта жатабыз десе биз жатканы келген эмесбиз ойногону келгенбиз деп болбойт. Зчү күнү жатканда кандын кызы менен кандын кызы, бектин кызы менен бектин кызы жатсын дейт.

Ошондо Көзайым жумалак болуп түйүлүп, эти дүкүлдөп ич кол тийгизбей жатат. Ошондо катуу уктаганда чачынан эки колуңа бекем ороп билгизбей, суудан аккан сен эмес белең, сени кууган мен эмес белем десең ошондо аласың, болбосо алалбайсың дейт. Айтканындай кылып отуз сегиз кыз чогултат, өзүлөрү менен кырк болот да баягы кандын кызы Көзайымдыкына барат. Барып эки күн, эки түн ойногондо жатабыз дейт Көзайым, анда Даанышман болбойт. Биз ойногону келгенбиз деп үчүнчү күнү болгондо абдан кыйналышып, уктамакчы болгондо кандын кызы менен кандын кызы, бектин кызы менен бектин кызы, увазирдин кызы менен увазирдин кызы жатсын дешип жатышат. Жатканда Ысмайыл менен кандын кызы бир жатат. Жатканда ашыгып кетип, түзүк уктай электе эле чачын колуна оройм дегенде, ойгонуп учуп кетет. Ысмайыл дагы кала берет. Даанышман кайгырып кейишип, төртүнчү жолу дагы бир айла табат. Тогуз жолдун тоомунда отуруп алып өткөн кеткендин туулганынан өлгөнүнө чейин айтып бере берет. Анын бардыгы туура чыгат.

Бир убакта Көзайымдын атасына угулуп, ал дагы келип, туулганынан тартып качан өлүшүнө чейин айтып берет. Анын бардыгы туура чыккандан кийин кан кызымды жиберем кырк жолдошу менен дейт, болуптур жибериң дейт. Келгенде кырк кызын бир күндөн кырк күн эмне боло тургандыгын айтып берип Көзайымды кырк биринчи күнү бир ээн үйгө киргизип, үч күн-түнү менен эмне болду жана эмне болоруна чейин бардыгын айтып берет. (үч күн тең ничке чыбык менен токмоктоп уктатбайт) төртүнчү күнү болгондо уктатат.

Уктап жатканда Даанышман өзү Ысмайылдын колуна Көзайымдын чачын билгизбей ороп берет да суудан аккан сен эмес белең, сени кууган мен эмес белем деп айткын деп айттырат. Айтканда кыз өзүнүн шартына туруп, Ысмайылга тиймекчи болот да атасына айттырат. Атасы макул болуп, элди чакырып той берип, Даанышманды менин оордума кан болгун, мен сага кандыгымды берем десе болбой коёт. Себеби мен бирөөнүн баласын аманат алып келгенмин. Андан көрө бизди жөнөтүңүз. Атасы кызына септи жүктөп жиберет. Ошентип Ысмайыл тилегине жетип, Көзайым экөө турмуш күтөт. Даанышман дагы кандын карызынан кутулуп, өзүнчө жашап калат.

## АПЕНДИ[1]

Бар заманда бар экен жок экен бир Апенди бар экен. Ал Апенди бир күнү эки өгүзүн кошуп жер айдамакчы болот. Өгүзүн таап эртеси кош айдап жатса жерден бир гөрө менен толтура алтын таап алат. Таап алып киши кара көргөн жокбу деп айланасын караса эч ким көрүнбөйт. он бир-он эки километр жерде эки аттуу киши кетип бара жатса: нак ошол эки киши көрүп коюшту, эми мен мунун теңин бербесем мени ханга айтып урдуртат деп ойлоп баягы эки кишини жаны калбай кыйкырып жатып чыкырып алат.

[1] КР УИА КЖБ. – Инв № 236 №7 дептер.

Баягы эки киши бул Апенди эмне чакырат болду экен деп келе жатышса, Апенди кайра ойлонуп каап жөн эле койбой, көрүшкөн эмес чыгар деп ойлонуп турганда баягы аттуу кишилер келип: Ээ Апенди, эмне чакырдың? – деди. Анда: туугандар, мына бул жерди эки айдадым уругун себе берсемби же дагы бир айдап сепсемби? – деп силерден сурайын дедим эле деди.

Анда аттуу адамдар: эки айдайсыңбы. Мага десең төрт-беш жолу айдайсыңбы, аны сепкен киши өзү билет, биз кайдан билдик, оо курган апенди десе – деп аттарын моюнга чаап кетип калышат.

Анда Апенди: – ээ атта кап! Жөн эле бөлүп бербей эми ханга айтып коёт, хан келсе мен куруйм, кой бөлүп берейин деп кайра чакырат. Эки аттуу киши кайра келип: Эмне? Оо Апенди бизди мынча чакырасың? – дейт.

Анда Апенди ойлонуп туруп: – Ээ шериктер эртеге базар. Ушул эки өгүздүн кайсынысын сатайын деп чакырдым эле деди.

Анда аттуу адамдар: Сен адам эмес айбан экенсиң, биздин көп ишибиз бар эле баарынан калтырдың деп чаап кетишет.

Анда Апенди: Иии кокуй! Эми иш болбой калды.

Булар ачуусу менен кетишти, барып ханга айтып ханды кырк жигити менен ээрчитип келип мени урат. Кой, аны көргүчө чакырайын деп бакырып-өкүрүп чакырат. Эч укмаксан болуп, чаап кетип калышат. Анда Апенди эми балаа болду, кой өзүм көтөрүп барып берейин деп көтөрүп алып үйүндөгү энесине барып: – Энеке кел мага оокат бер ханга барайын дейт.

Энеси эмнеге десе унчукбайт. Энеси: балам соо эмес – деп тамак берип коюп эшикке чыкса бир гөрө менен бир алтын турат. Ээ кудай урган балам муну ханга бермекчи болгон тура деп алтынды капка салып, көрөгө үч таш салып оозун бекитип коёт. Апенди тамакты ичип болуп жүгүрүп эшикке чыгып,

гөрөнүн ичин карабастан көтөрүп алып, жүгүрүп отуруп хандын ордосуна барат. Барса хан киши сурап жаткан болот.

Апенди: менин ханда ишим бар деп көпчүлүк элди жөөлөп, хандын үстүнө кирип барып: - ханым сизге эки киши келдиби? – дейт.

Анда хан: кандай киши эле – дегенде Апенди гөрөдөгү алтынды төксө алтын эмес үч томолок таш чыгат.

Хан анда: бул эмне дегенде Апенди айтат: Ханым муну атам жүз байса дейт, энем бир гадак дейт, мен жарым гадак дейм, кимибиздики туура, ушуну сурайын дедим эле дейт.

Хан: жогол көзүмө көрүнбөй деп жигиттерине айдатып чыгат.

Апенди акылдуулугунан өлүмдөн калып, энеси тапкан алтынды алып, аман-эсен жатып калган экен.

## БИР КЕМПИР ЖАНА ЧАЛ[1]

Илгери илгери бир кемпир чал болуптур. Ал экөөнүн баласы жок экен. Бир күнү чал кемпирге барып биздин балабыз жок болсо жүрү кемпир бизге кудай бала бербесе, талаадан жетим бала болсо да алып келип багып алалык. Биз карыдык арыдык дейт, чал. Кемпир менен чал экөө тең талаага жөнөп бара жатса, аларга бир ак сакал учурайт. Силер эмне кылып жүрөсүңөр дегенде, балабыз жок дейт. Силер балаңар жок болсо, Көктөндү мазардын суусуна барып сууну карап отургула, андан эки алма агып келет. Бирөөнү өзүң же, бирөөнү аялың жесин дейт. Экөө сууну карап отурса эки алма агып келет. Экөөнү тең чал жеп алат.

Кемпири ыйлайт: мен алманы жесем төрөйт элем сен эмне төрөмөк элең, кууураган чал дейт. Экөө уру-

[1] КР УИА КЖБ. – Инв № 236 №8 дептер.

шуп үйүнө бара жатса, чал тууп коёт. Тулупту чал менен кемпир ташка корумдап бара жатса, тулуп чыгып тоголонуп апа, ата мен калдым деп жөнөйт. Ошентип бир канча жерге көмсө да, тулуп бара берет. Чал менен кемпир жадаганынан майли дешип үйүнө тулупту көтөрүп кетишет. Тулуп үйүндө томолонуп жүрө берет.

Бир күнү тулуп апа, ата мага аял алып бергиле дейт. Анда апасы кимдин кызын аласың дегенде кандын кызы Айсулууну алам дейт.

Анда апасы ал кандын кызы болсо, сен болсо чалдын тулуп сыяктуу баласы болсоң, сенин көзүң, бутуң, колуң болбосо сага кан кантип берет кызын дейт.

Анда баласы апа андай дебесең, сен андан көрө жуучуга бар дейт. Апасы ага макул болуп канга барат. Кандын үйүнө кире албай беш-алты күнгө чейин кандын эшигин шыпырып көрүнбөй жүрө берет.

Бир күнү кан вазирлеринен эшикти ким шыпырып жүрөт? Ал ким? Эмне максат менен эшикти шыпырып жүрөт? – деп сурайт.

Вазирлеринин бири уктабастан эшикти кайтарып жатса, кемпирдин шыпырып жүргөнүн көрүп, кемпирди кандын астына алып барат. Анда кан сурайт, сенин максатың эмне дегенде, кемпир жуучуга келдим дейт.

Кан вазирлерине кемпирдин колун-кол, бутун-бут бөлүп өлтүрүп баштыкка салып, ээринин башына илип атын үйүн көздөй айдап жибергиле дейт. Ат үйүнө барса энеси жок. Ээрдеги энесинин сөөгүн алып аны талкалап, ылайды атасына жууруттуруп, кишидей сүрөтүн жасатып төшөкө жаткыртып койсо, энеси уктап калыпмын деп оордунан тура калат. Ошентип бир нече күнгө чейин бара берсе күнүгө өлтүрүп жибере берип, кан жадап кемпирге төмөндөгү тапшырмаларды берет.

– Күмүштөн жасалган чапан.

– Алтындан жасалган ат.

Короом койго толсун, өрүшүм малга толсун жана эшигимдин астында эки түп чынар терек болсун. Биринин башында булбул, биринин башында Күкүк менен Зейнеп сайрасын жана экөөнүн түбүндө эки көл босун, бирөө май көл, бирөө сүт көл болсун, бирөөнүн балыгы бирөөнө түшүп турсун дейт. Кемпир үйүнө барып айтат.

Анда баласы сүйүнүп, бир көлдөн бир челек ылай алып келип мейманканага алпарып кой дейт, апасына. Апасы эки челек ылайды алпарып коёт. Баласы апасына көрсөтбөй, алтын аттын сүрөтүн, күмүш чапанды жасап коёт. Апасына айтат: атты сойгула да, кан жиндерин төкбөстөн алып койгула, ага ундан чалып койгула да, аттын кошүн кошуп кандыкына таңга маал баргыла да кан тура электе кан жинди кандын эшигине апарып, көрсөтбөстөн короосуна кой тол, өрүшүнө мал тол деп кан менен жинди чачсаңар мал болот дейт жана аттын эки кулагын жерге көмгүлө, ал эки чынар терек болот. Аттын эки көзүн ошол жерге көмсөңөр ал эки көл болот. Күмүш чапанды эшигинин астына илип кой, алтын атты эшигине коюп кой дейт да, өзүңөр баса бергиле дейт.

Аны кан көрүп өзү эле кызын мага алып келип берет дейт, баласы. Энеси бардыгын апарып коюп, өзү баса берет. Тулуп өзү мурун атасына, энесине эч көрүнгөн эмес. Аялын алып келгенден кийин тулуп кейпин таштап коёт. Андан эң сулуу бала чыгат. Бала аялына айтат: менин кейпим (кебим) тулуп асти бирөөгө бербе да, көрсөтбө. Бирөө кокустан көрөм десе да – деп бала ууга кетип калат.

Бир күнү кыздын жеңеси келип, кыз сенин күйөөңүн тулуп кебин көрсөтсөң, а байкушум эмне деп киет деп ыргытып жиберсе түндүктөн тулупту желмогуз кемпир алып кетип калат.

Ошол бойдон ууга кеткен бала бир күнү куш болуп келип аялына келип сен өзүңдү өзүң билбестен менин

тулуп кебимди эмне үчүн желмогуз кемпирге бердиң. Мен эми ошонун колунда куш болуп абалап асманда учуп жүрөм. Тулупту алсаң келгеним, албасаң келбегеним деп кайта учуп кетет. Аялы ыйлай атасына барып, темир таяк, темирден бут кийим жасатып алып, күйөөсүн издейт. Тоону тоодой кыдырат, ойду ойдой кыдырат. Колундагы жана бутундагы темир жоголуп, аргасы кеткенде күйөөсү боор ооруп куш болуп учуп келип айтат. Алыстан менин тулуп кебим желмогуз кемпирдин үйүнүн өзүнүн жата турган жеринде кырк метрде ороо бар, ошонун ичинде сакталат дейт. Мен аны кантип алам деп айтканда сен желмогуз кемпирдин үйүнө бар, ал сага кийизден жасалган балта берет. Жыгач отунду жар дейт. Анда мен учуп келип канатымы тийгисем, ал балта темирге айланат, анан жарасың, кайта жерге койсоң кийиз балта болот. Сен үйүнө жат. Мен шамал болуп боз үйүн учурмакчы болом, сен уктаба ошентип таңдын каракчысында басылат. Анан желмогуз кемпир уктайт. Сен желим чылап, көзүнө сыйпап кемпирди төшөгүнөн силкип жибер да, ал арада көзүн сыйпалап жүргөнчө сен менин тулуп кебими алып келип бер дейт. Аялы ошонун барын аткарып качат. Ушинтип күйөөсү менен үйүнө кетет.

## ТӨЛГӨЧҮ КАРГА[1]

Бар экен жок экен бир жетим бала бар экен. Ал бала дайым тузак тартып жүрүп, бир күнү бир карга илинип калат тузагына. Ал тузагын таштап, карганы койнуна катып алып карга көрбөгөн шаарды көздөй жол тартат. Күндөп-түндөп жүрүп-жүрүп отуруп араң бир шаарга жетет. Ал шаардын четинде бир дыйкан кош айдап жаткан экен.

Бала каргасын колуна кондуруп алып өтүп кетип бара жатса, дыйкан баланын колундагы карганы

[1] КР УИА КЖБ. – Инв № 236 №9 дептер.

көрүп таң калат. Ой, бала! Колуңдагы эмне? – деп сурайт.

Анда бала бул барлык нерсени билген төлгөчү дейт.

Анда дыйкан ушу төлгөчүңдү мага сатасыңбы дейт. – Бала ооба сатам – деп жооп берет.

Дыйкан айтат: Сата турган болсоң тээ тетиги көрүнгөн менин үйүм, ошондо барып тургун. Мен азыр калган жерди айдап бүтүп коюп аркандан барамын дейт.

Бала макул болуп, каргасын койнуна катып, акырын ошол дыйкандын үйүн көздөй жөнөйт. Үйдүн жанына келип, акырын үйдүн тешигинен караса дыйкандын катынын жанында бир эркек киши отурат. Бала байкап турса, ал киши дыйкандын катынынын досу экен. Баягы катын досуна кылган тамактардын артканын бир тарелканын астына, чаватыны дагы бир табактын астына бекитип катып коёт.

Бала бардыгын көрөт да, үйгө кирмекчи болот. Эшиктен баланын шарпасын эшитип досун сандыкка салып бекитип коёт. Бала үйгө кирип барып, каргасын колуна кондуруп отурат.

Бир оокумда дыйкан келет. Бала экөө чай ичишип олтурат. Чай ичип олтуруп бала карганын куйругун кармап койсо, карга «чаак» дей түшөт. Балам төлгөчүң эмне дейт деп дыйкан баладан сурайт.

Бала айтат: Тээтиги табактын астында каттама бар деп айтат деди. Кана катын тарелканы ашчы (аччы) дейт. Катыны ачса, чын эле каттама чыгат. Бери алып кел дейт дыйкан. Бала экөө ал каттаманы жешип олтуруп, бала дагы карганын куйругун кармап коёт. Карга дагы «чаак» дейт.

Дагы эмне дейт балам деди дыйкан. Бала дагы табактын астында чаваты бар дейт деди. Дыйкан катынына каратса, чын эле чаваты бар экен. Дыйкан төлгөчүгө абдан кызыгып калат. Дыйкан бала менен соодалашып төлгөчү карганы 10 тилла пул,

бир эшекке сатып алат. Бала пулну, эшекти алып кетип калат. Дыйкан каргасын үйгө коюп, эшикке чыкканда катыны каргага жакындайт. Карга «чаак» деп сандыкка барып коно калат. Досумду билип жатат деп катындын жаны чыгып, күйөсүнөн коркуп, карганы түндүктөн чыгарып жиберет. Карга учуп жолго түшөт. Ошентип дыйкан талаада калган экен.

## КЫРСЫДЫРЫН БААТЫР[1]

Илгери бир падышанын кызын аюу ала качып кетиптир. Бир үңкүргө алпарып, тиричилик кылып жүрүшүптүр. Ушундан бир уул бала туулуптур. Туулганынан кийин тил пайда болуптур. Бир күндө бир жашар, эки күндө эки жашар, үч күндө үч жашар, он күндө он жашар болуптур. Шунда энесинен гэп сураптыр:

– Эне сен кайдан келгенсиң? – деп.

Энеси айтыптыр:

– Мен падышанын кызы эдем. Жаман аюу атаң ала качып келген – деп.

– Алып кетсем кетесиңби? – дептир баласы.

– Сен жаш болсоң, атаң аюу болсо, кантип алып кетесиң. Кетебиз десең, атаң экөөбүздү тең өлтүрөт – дептир.

Шунда кетебиз деп жатканда, аюу жолун тозот экен. Бала алып жөнөйт энесини. Аюу көрүп жүгүрөт, бакырып. Бала коркутканда, аюу коркуп качат. Энесин анан падышага алып келет. Энесин анан падышага алып келет. Келгенинен канча күн той кылып, курсантчылык кылат. Баланын атыны Кырсыдырын палван коёт. Баланы эскиче молдого окутат. Балдарды уруп, башыга жаңгак чагып жеп, койбойт. Аксакалдар падышага арызын коёт.

– Өзү аюнун баласы болсо, балдардын башына жаңгак чагып жесе, алып иштетиң – дейт. Падыша

[1] КР УИА КЖБ. – Инв. № 731.

баланы алып чыгып, иштетет. Бала иштебей койгондо, падыша тажап: «Балам кайда барсаң бар, барып оокатыңды кыл» – дейт. Кырсыдырын ошентип жолго түшөт. Кырсыдырын кетип баратса бир палван эки билеги менен эки тегирмендин ташын айлантып отурат. Кырсыдырын барып:

– Мине кылып отурасың? – дейт.

– Кырсыдырын деген баатыр менен күрөшө аламбы деп отурам – дейт. Ошондо Кырсыдырын

– Мен Кырсыдырындын досу болом. Ал мени, мен Кырсыдырынды жыгыта албайт эдим. Эгер мени жыксаң, аны жыга аласың дейт. Күрөшүп, палванды Кырсыдырын көтөрүп жыгытып: «Бирөө эдек, экөө болдук» деп кете берет. Онон бир жерге барса, эки чынар теректи уруштуруп, бир палван отурат. Ону айтат: «Мени жыксаң, Кырсыдырынды жыгасың» деп, ону да көтөрүп урат. «Жүда экөө эдек, үчөө болдук» деп ону да ээрчитип жөнөйт. Бир жерге барса бир палван үйдөй таштарды уруштуруп отурат.

– Мине кылып отурасың? – десе, Кырсыдырын менен күрөшкөнү отурам – дейт.

Ону да жыгып, «Үчөө эдек, төртөө болдук» – деп, атасынын үңкүрүнө барып, кийик уулап жата берет. Күнүгө кийик атып, алып келген гөшү жок. «Гөштү ким алды» деп, бүгүн сен турчу деп тегирмендин ташын айланткан палванга айтып, өзү уктайт. Үңкүрдүн нары жагынан бою бир карыш, сакалы кырк карыш, кырк кэлэси бар чал чыгат. Кармашып кырк сакалынын бир сакалын жулуп алып, көтөрүп уруп, гөштү алып чыгып кетет. Келсе ал байланып жатат. Кырсыдырын келип:

– Мине болду? – дегенде, ал – бир чал келип, онондой кылды дейт. Үч баланын үчөөн койсо, чал үчөөн тең ошентип жыгып, байлап кетет. Ошондо үңкүрдө Кырсыдырын жатат. Кырсыдырын жатканда нары жактан бир чал чыгып, бакырат. Кырсыдырын кыймылдабай жата берет. Чал кырк сакалынан би-

рөөн жулуп, бакырып басып каларда, Кырсыдырын туруп кылычы менен башын чапканда кырк кэлләсинин бирөө гана калп, чал «кап сени, кап сени» – деп кирип кетет.

Беркилер келишип, баарын көрүшөт. Кырсыдырын эми муну сууруп чыгышат. Улам бирөөн түшүрсө: «Күйдүм эле күйдүм тарт» деп кыйкырышат. Үчөөн түшүрсө, үчөө тең ошентишет.

Шунда Кырсыдырын: «Мен түшөм. Өлдүм эле өлдүм, күйдүм эле күйдүм десем да, сала бергиле» деди. Кырсыдырын түшсө баягы чал: «кап сениби, кап сениби» деп бир кэлләси менен отурат. «Мына сага кап сениби» деп, ол кэлләсин ыргыта чабат. Чалды өлтүрүп, каранса бир сандык турат. Сандыкты ачса, анда ай десе аты жок, күн десе көркү жок, бир сулуу кыз жатат. Баягы кыз туруп мойнунан кучактап: «Меням адам баласыны көрөт экем» деп ыйлайт.

Кырсыдырын: Эми мен чыгайын. Анан сен чык бул жерден десе кыз ыйлап, коркуп болбойт. Кырсыдырын «кызды биринчи чыгарып берсем, тигилер мени өлтүрүшөт» деп мен чыгам десе кыз болбойт. Кырсыдырын кызды байлап чыгарып берет. Тигилер тартып чыгарып, бул мынча мээнет кылса, муну бизге бербейт. Шондуктан Кырсыдырынды жарымына чейин тартып келип, түшүрүп жиберип өлтүрөлү дейт да ошентишет. Кырсыдырындын жамбашы сынып үңкүрдө жатып калат, кыз тигил үчөөнүн колуна түшөт.

Кырсыдырын гарып болуп жатып калганда, үстүнөн нары-бери бир чычкан секирип ойнойт. Ошондо Кырсыдырын: «Мени ушу чычканда маскаралайт» деп бир муштаса, чычкандын буту сынып, баса албай калат. Чычкан жылып барып бир гүлдү сыйпап бутуна айыгып, секирип чуркап кетет. «Эми мен ушул чычканчалык болбоймунбу» деп ал да ол гүлдөн сүйкөп, мунун да жамбашы айыгып кетти. Кырсыдырын жүрүп отуруп бир жерге келсе, бир адам кош айдабатат.

Кырсыдырын: «Өш деген кимсиң? Кош айдаган кимсиң?»деп бакырат. Ошондо тигил киши: «Айланайын акырын, бул аюу, жолборс бар, аста бакырба» дейт. «Менин курсагым качты, барып үйүңөн тамак алып кел» деп абышканы жиберип, өзү бакырып жер айдай баштайт. Аюу, жолборстор чогулуп келет. Аларды Кырсыдырын кошко кошуп, өгүздөрдү коёберип жиберет. Абышка тамак алып келет. Кырсыдырын аюу, жолборсторго минип абышкага тийбейм деп касам алдырат да, ата мен эми жер үстүнө кантип чыгам дейт.

Чал: «Балам сен жүрүп турсаң бир чынар терек бар. Чынар теректин башында алп каракуш бар. Ол жылга туат. Жылга ажыдар жеп кетет. Кечээ, бүгүн жей турган убагы. Эгер сен ону өлтүрсөң, ол сени жер үстүнө алып чыгат» – дейт.

Барса ажыдар чынар терекке оролуп, жаңыдан башын буруп жей турган болгондо Кырсыдырын кылычын кармап барып куйругуна чейин бөлүп чыгат. Чынар терекке чыкса алп каракуштун үч баланы жатат.

Алар: «Эми биздин энебиз келгенде таш учуп, чынар теректин башы жерге тийип, кэээттэ шамал болот, мэкэл болосуң» деп Кырсыдырын шондо жатат.

Алп каркуш учуп келип: «Балдарым ушу бир адамзаттын ысы бар» дейт. Балдары чынар теректин түбүндөгү ажыдарды кара дейт. «Ким өлтүрдү?» дегенде балдары Кырсыдырынды көргөзүшөт.

Алп каракуш Кырсыдырынды жутуп жибергенде, балдары тамагынан сууруп чыгарышат. Кырсыдырын жүдэ чырайлуу, сулуу болуп чыгат.

Алп каракуш «Өзүм жутуп, чыгарганда мындан хэм чырайлуу болот эди» дейт. Алп каракуш: «Кана балам мине кылып жүрөсүң?» дейт. Кырсыдырын башыдан өткөнүн айтат да, «Жер үстүнө чыга албай жүрөм» дейт.

«Эми балам мен жер үстүгө сексен айланып чыгам. Бир айланганым да суу, бир айланганымда гөш

бересиң» дейт. Ошентип бир жагыга суу, бир жагыга гөш артып учуп жөнөшөт. Бир айланганда суу, бир айланганда гөш берип жүрүп отуруп, жер көрүнүп калганда эки мэрптэ берүчү гөштү берип.

Бир айланганда гөш жок, нарчасыдан (санидан) гөш кесип алып сала койду. Жер үстүнө чыкканда «кийинки берген гөш башка гөш эди, кандай гөш?» деп кыстап калды. «Чынын айт, же жер астыга кайта алып түшүп кетем» дегенде «санымдан кесип сала койдум эле» дейт.

Али кара куш кайра гөштү кусуп, жармаштырса кайтып мурункудай болуп калды. Эми кара куш патаны берип кайтты. Ошондо Кырысыдырын кайтып баягы үңкүргө салды дейт. Бая үч балбан бирөөн өлтүрүп, дем алып улам урушуп, кызды талашып жатат дейт. Баягы кыз ыйлап мурундан аккан суу булак болуп, көздөн аккан жаш көл болуп отурат дейт. Кырсыдырын экөөн өлтүрүп, кызды алып максатына жетти дейт.

## БАЙБАТЧА[1]

Илгери байбача бир падышанын колунан экинчи падышага чайкоочулукка барып, бир абышканын «Менин бир габым бар, 100 тиллэге бербеймин» деп бакырып жүргөнүн көрөт. Эл анын сөзүнө күлүшөт. Байбача абышкага барып анын габын сурап, 100 тиллэге сатып алат.

Абышка «Ар кимдигн сүйгөнү өзүгө жакшы» деген сөздү айтат. Байбача тиллэни бекер бердим го деп ойлоп калат.

Эртеси дагы келсе чал дагы бакырып жүрөт. «Менин биттэ габым бар 100 тиллэге бербеймин» деп. Байбача ал эмне деген гап дейт.

Ал: «Бүгүнкү ачыгыңды эртеге сакта» дептир. Ал койчулар менен бөлөк падышанын кол алдыга

[1] КР УИА КЖБ. – Инв. № 731.

жөнөптүр. Үч күн бою жол басып, бир кудукка жетиптир. Шонон суу алып өзүлөрү, койлору суу ичип, дем алышат экен да, бирден койчулар шол кудуктан чыга албай кала берет экен. Шунда койчулары өзүң түш деп кыйнап калды. Дабасы куруп, өзү түштү. Чыгайын дегенде этегинен бир чал менен жигит шыпырып кетти. Чалдын мандайында таш бака, жигиттин маңдайында кыз олтурат.

«Таш бака жакшыбы» деп чал айтат.

«Кыз жакшыбы» деп жигит айтат.

Шунда таш бака жакшы дегендерди жигит, кыз жакшы дегендерди абышка өлтүрүп коёт экен. Ошондо тигилер кимисиники жакшы дегенде, 100 тиллэге сатып алган габы уноого келди, шуну айтайынчы дейт.

«Ар кимдин сүйгөнү өзүгө жакшы» деди.

«Энди таптың» деди чал.

Экөө эки якут чырак берет. Шундан белиден арканга байлап койчуларга тарттырды дейт. Тартканда кудукту жарытып чыкты. Койчулар биз түшсөк өлүп чыгат эдек, бул жарытып чыкты дейт. Үч күн жол басып падышанын жериге жетти. Сатып алган жерде аш-ыроон дем алдырып эс алып жатты. Шунда Байбачанын үйүндө якут чырак күйөт деп арыз болгон экен. Баягы Байбачаны айдатып барып, менин чырагымды уурдап алган экенсиң деп айтканда: «Хан мен уурдап алган болсом, якут чырагыңдын өңүн, салмагын айтың» дейт.

«Салмагыны айта албай, хан энди экөөбүз дос бололу» деп дос болуп, чырактарына албаптыр. Байбачаны падыша оң увазир кылып отургузуптур. Шунан 25 жыл увазирлик кылыптыр. 25 жылдан кийин падышадан руксат сурап үйүгө жөнөптүр. Өлгөндөн калгандары менен жөнөп, шериктеринин мурун түндө үйүнө келет. Келсе зайыбы ак чач болуп калыптыр, уктап жатат. Зайыбынын жанында мойлобу чыккан 25 жаштагы жигит уктап жатат.

«Мен кеткенде шуга тийип алган экен» деп кылычты чапканы суурун алат. Баягы 100 тиллэге сатып алган гап унаоого келет. «Бүгүнкү ачыгыңды эртеге сакта» дебеди беле дейт. Ушул сөзү менен 25 жаштагы жигитти ажыратып калган экен. Ол жигит өзүнүн баласы болуп чыгат. «Ар кимдин сүйгөнү өзүгө жакшы» деген сөз менен өлүмдөн башын аман алып калып, 25 жыл увазирлик кылган экен.

## АЮУ МИНГЕН КЫЗ[1]

Илгерки заманда Сасыкбай аттуу бай болгон экен. Анын жалгыз эрке кызы болот. Ал бир күнү журт жаңыртып жайлоого көчүп чыгат экен. Айылдын кыздар-балдары каалаган оюндарын ойношуп, ойноп жүрөт. Күндөрдүн биринде айылдын балдар-кыздары өгүз тутуп минишип, оодарышмак, тартышмак болушат.

Баардыгына өгүз жетип, ошондо бир гана байдын эрке кызына өгүз жетпей калат экен. Ал ары чуркап, бери чуркап, жардын түбүндөгү күрөң өгүздү көрүп калат: «Ээ балдар мага да өгүз табылды» – деп байдын эркеси алчаңдап шап этип минип алат. Ал өгүз чочуп кетип качып жөнөйт. Ал өгүз эмей эле аюу эле. Кыз корkконунан аюнун моюнунан бекем мыкчып алат. Ошол бойдон тоодогу үңкүргө алпарат. Ошол үңкүрдө кыз менен жашай берет. Күндүз аңчылыкка кетээрде үңкүрдүн оозун бекитип кетет. Кеч киргенде келет. Күндүз кыз зеригип кетип, кутулуштун айласын издей баштайт. Аюу келгенде кашымыш болуп жүнүнөн жула берет.

Ошентип отуруп алтымыш күндө алтымыш кулач аркан кылып тоголок ташка түрүп, үңкүрдүн ичиндеги ташка байлап коёт. Ошол учурда бай кызын издетип эч бир дарегин таппаган соң кызына аш

[1]КР УИА КЖБ. – Инв. № 731.

бериш үчүн камылга көрүп, отунчусун отунга жиберет. Отунчу отун алып жүрүп баягы аркандын учуна туш келет. Аркан менен жүрүп олтуруп кызга туш келет. Кыз аюу келип калат деп коркуп атасына тез сүйүнчү жиберет. Бай курал-жарактуу жигиттери менен келип аюну чаап алат. Кызын алпарып таапка салса кыздын боюнда бар экендиги билинет.

Ошентип кыз ай-күнүнө жетип аюу чалыш бала төрөйт. Бала бир күндө бир жашар, эки күндө эки жашар, ошентип жети күндө жети жашар болуп, айылдын малынын, бала-бакырасынын буту-колун сындырып койбойт. Ошондо байды айылдын аксакалдары чакырып: «Небереңди жогот, же болбосо өзүң жогол», – деп опузалайт. Небереси ойноп кеч келсе таятасы капаланып отурат.

«Ата, эмнеге сиз капа болдуңуз», – деп жалооруйт.

«Ээ балам»,–деп элдин айтканын айтат.

«Анда ата мага бир темир таяк, бир алтын сака бериң. Мен атам үңкүрүнө кетейин» – дейт.

Атасы небересинин өтүнүчүн аткарып, баласын жөнөтүп жиберет. Бала кете берет, кете берет. Бир күн жол жүргөндөн кийин алдынан бир киши жолугат.

«Мага шерик болосуңбу?» – дейт. Ал киши ынанбайт. Аюу палван көтөрүп уруп минип алып «шерик болосуңбу?» – деп ургулай берет.

«Шерик болом» – деп араң кутулат кэлтэктэн.

Экинчи күнү, үчүнчү күнү да киши жолугат. Аларды да уруп коркутуп, өзүнө шерик кылып алат.

Жүрүп олтуруп, атасынын үңкүрүнө келет. Күнүгө ууга жөнөйт да, кетээрде «Кабак салам деп отту өчүрбөгүн» деп эскертип кетет. Сугураак кишиси калган экен. Кабак салам деп отту өчүрүп алат да тоого барса, алыскы каңгыраган ээн талаадан бир алачыктан чартылдап жалын чыгып баштайт.

Мына ошол отту көздөй барса бир желмогуз кемпир отко какташып, эки бутун очок кылып, казанды

асып колу менен буудай кууруп отурган экен. Корк-конунан бечара: «Арбаңыз эне!» – деп кирип келет.

«Эне дебегениңде эки бүктөп жейт элем» – дейт.

«Эне мага от бериң» – дейт. Бир колуна буудай, бир колуна арпа алып берет.

«Энди кете бер. Ушуну үйүңө жеткиче чууруп кете бер. Үйгө барсаң от каланып турат».

Аркасын караса буудай сээп келген жагы чынар терек, арпа чууруп келген жак мунар терек болуп калыптыр. От күйүп, чай пышып, көңүлү куунак олтурганда «Аргымагым ал!» – деп кыйкырган желмогуздун үнү угулат. Коркконунан чыгып эшегин алат. Желмогуз үйгө кирип, казандагы гөштү жеп, кишинин таманынын канын соруп, калган гөштү алып эшекке жүктөп кетип калат. Аюу палван келгенде арызданат.

Эртеси үч киши мергенчиликке кетет да, үйдө аюу чалыш палван калат. Гөштөн пышырып болсо: «Аргымагым ал!» деген кыйкырык чыгат. «Албайм» дейт. Желмогуздун жини келип: «Гөш пөшүң менен жеп алам» – деп үйгө кирип келгенде темир таягы менен аюу палван башын ыргыта чабат. Кэллэси качып жөнөйт. Аны күн-түн кубалап жүрүп, бир чатырга кэллэ куланып кирип кетет. Чатырга кирсе ай десе аты жок, күн десе күндөй сулуу бир кыз олтурат. Андан кэллэ кайда кетти деп сурайт. Кыз жердин түбүнө түшкөн оюкту көрсөтөт. Андан жердин түбүнө түшүп кеткенин билип, шериктери келгиче кыз менен көңүл ачып ойнойт.

Бир маалда желмогуздун эшегин минип үч шериги жетип келет. Шериктерин ушул чуңкурга түш деп белине аркан байласа: «Бай-бай күйдүм, өлдүм!» – деп коёт үчөө тең. «Анда эмесе мен түшөйүн» – дейт да белине жип байлап жер астына түшөт. Аюу палван жерге түшкөндө үчөө сулуу кызды талашат. Акылдуу кыз бирини бириге өлтүрүп коёт. Аюу палван кэллэни издеп жүрүп, көлдүн боюнан таап,

майда чачып, күлүн көлдүн үстүнө чачып жиберет да жер үстүнө чыгуунун амалын издеп кете берет. Кетип жатып куш атасы буудайыкты тутуп алып минип үйрөнөт. Акыры ошол куш менен жер үстүнө чыгып, атасынын тоодогу үңкүрүндө бактылуу турмуш куруп калган экен.

## ТУЗАКЧЫ ЧАЛ[1]

Илгери, илгери бир кемпир-чал болгон экен. Алардын баласы жок, кемпир үйдө ийик ийрип, чал тузак коюп жан багуучу экен. Бир күнү чал тузак коюп жүрүп, бир тукум, бир эшектин палаңын табып алат да, алыстан келе жаткан бир дөөнү көрүп, тукум менен эшектин палаңыны жерге көмө коёт. Дөө тегирмендин ташын билегине салып тегеретип ойноп чалга келет. Дөө чалга:

– Ке, күч сынашалы, дейт.

Корккон чал ага макул болот. Дөө чалга:

– Тегирмендин ташын ыргыт, кимивиз бийик ыргытат экенбиз,–дейт. Чал:

– Биринчи сен ыргыт – дейт.

Дөө макул болуп, тегирмендин ташын асманга ыргытат. Жерге түшкөн ташты чалга берет. Чал тегирмендин ташыны ыргытышка көзү жетпейт да, асманды эле карай берет. Анда дөө:

– Асманды не карайсың? Тезирээк ыргыт! – дейт.

Анда чал:

– Асмандын тешиги болсо, ошого киргизе коёюн деп жатам – дейт.

Анда дөө коркуп кетип:

– Кой эмесе, бул менин ойноп жүргөн эде – деп чалдын колунан тегирмен ташты алып коёт.

Анда чал дөөгө:

– Жердин мээсин чыгара тепчи? – дейт.

[1] КР УИА КЖБ. – Инв. № 731.

Дөө жүгүрүп барып жерге секирсе, тизесинен батып калат. Жердин мээси чыкпайт. Анда дөө чалга:

– Кана эмесе сен чыгара тепчи! – дейт.

Чал жүгүрүп барып баягы көмүп койгон тукумдун үстүнө секирет. Тукумдун баарысы жердин үстүгө чечиреп кетет.

– Ана, жердин мээсин чыгара тептим – деп, чал дөөгө:

– Энди жердин кавыргасын сындыра тепчи!

Дөө секирип барып жерге тизеси менен батып калат.

Дөө чалга:

– Кана эмесе, сен сындыра тепчи! – дейт.

Чал жүгүрүп барып палаңга секирсе, палаң сынып кетет.

– Ана мен жердин кавыргасын да сындыра тептим – деп мактана баштайт. Дөө чалдан коркуп:

– Кел, энди дос бололу – дейт.

Ошентип экөө дос болушат.

Досун ээрчитип дөө үйгө барат. Дөөлөрдү да чакырып, досун жакшы мейман кылат да, кеч киргенде чалга түндүктүн тушуга төшөк салып берет. Чал дөөнүн бир нерсе кыларын сезип калат да, бурчка келип, чапанын жамынып жатып алат. Бир кыйладан кийин дөөлөр келип, түндүктөн таш менен ура баштайт. Андан кийин чал өлдү деп үйлөрүнө кетет. Чал таштарды чогултуп алып, көрпөгө келип жатып алат. Таң атып, чал туруп кийинип, эшикке чыгат. Дөөлөрдүн бардыгы чалдын өлбөгөнүнө таң калып, коркот. Дөө өз оюда «муну кетирбесем болбойт» деп, чалдын курсагын тойгузуп, бир «хы эшегим, тиллэ чыч» деген тиллэ чычар эшегини берип, үйгө жөнөтөт. Эшекти минип чал келе жатып, бир досунукуга конок болот да, эшектин сырын досуга айтып коёт. Досу баягы эшекти алып ордуна башка эшекти байлап коёт. Эртеси чал туруп, баякы эшекти минип үйгө келет да:

– Ээ, кемпир, ишиң болбосун, дөөдөн «Хы эшегим, тиллэ чычты» алып келдим дейт.

– Кана эмесе, тиллэ чычырчы? – дейт кемпири.

Чал эшекти минип:

– Хы, эшегим, тиллэ чыч – деп салгылайт. Эшектен эч нерсе чыкпайт. Айласы кетип:

– Атаң көрү, дөөгө алпарып берет. Дөө коркуп, эшекти алып, анын ордуга жэйил супураны берет. Ал супура «Жэйил супра жэйил» десе бир нече түрдүн оокаттардын түрү даяр болот экен. Ал супураны көтөрүп баягы досунукуга да жатып калат. Ал досу жэйил супураны алып, ордуга башка супра коюп коёт. Эртеси чал башка супураны көтөрүп үйгө келет.

– Ээ кемпир, ишиң болбосун, жэйил супура алып келдим, эшегин бердим – дейт.

– Кана жэйил супураңды жэйилтчи көрөйүн – дейт кемпири.

Чал супураны ортого коюп:

– Жэйил супарам, жэйил – дейт. Бирок супура жэйилбейт.

– Атаң көрү, дөө мени дагы алдаптыр – деп, супураны көтөрүп кайра дөөгө барат. Дөө дагы коркуп, анын ордуга «Ур, токмогум урду» берип, токмоктун тилинин барын үйрөтөт. Чал «Ур токмокту» көтөрүп, дагы баякы досунукуга келет. Досуга:

– Эми «Ур токмогум, урду» алып келатам – дейт.

Чалды досу мейман кылып уктатат да, «Ур токмокту» башка үйгө алып барып: «Ур токмогум ур, сур токмогум сур» – дейт. Токмок өзүнү савап кирет. Бир маалда чалга кавар келет:

– «Хы, эшегим тиллэ чычты» да, «жейил супураңды» да ал, токмогуңду токтот – деп.

Чал жүгүрүп барып:

– Урба токмок урба, сурба токмок сурба – дегенде токмок токтолот.

Эртеси «Хы эшигим тиллэ чычты» минип, «жэйил супураны» бөктөрүп, «Ур токмокту» өңөрүп, үйгө келет.

– Ээ кемпир, ишиң болбосун, бардыгын алып келдим – деп чал кемпирге. Кемпири:

– Алдаган чал, көрсөтчү? – дейт.

Биринчи эшекти:

– «Хы, эшегим тиллэ чыч» – десе эшек быдыратып тиллэ чычат. Экинчи «жэийл супурага» чал:

– «Жэйил супура жэйил» десе түрлүү оокатын түрү пайда болот.

Кемпири ыраазы болуп:

– «Ур токмокту» көрсөтчү? – дейт. Чал аны да көрсөтөт. Ошентип жыргап-куунап жатып калат.

Арадан бир нече күн өтөт. Баягы дөө досунун үйүгө келет. Досуну төргө отургузуп, кемпирини сыртка чакырып чыгып, эс үйрөтөт. Мен кирип отурам. Сен «чал не оокат кылалы?» де, мен үндөбөйм. Экинчи жолу дагы ошентип айт. Мен дагы үндөбөйм. Үчүнчү жолу дагы кайтала. Мен ошондо: «Өкүнкү дөөнүн башын сал, азыркы дөөнүн кэллэсин кесип берем ону кошуп сал!» – дейм. Дөө качып кетет – дейт. Кемпири макул болот. Чал дөөнүн жэниге кирип отурат. Кемпири сырттан кирип:

– Чал, не оокат кылалы? – дейт. Чал унчукпайт. Сөзүн экинчи жолу кайталайт. Чал унчукпайт. Үчүнчү жолу байбичеси:

– Чал, не оокат кылалы? – дегенде, чал: Кечээки дөөнүн башын сал, азыркы дөөнүн кэллэсини кесип берем, аны кошуп сал! – дейт.

Ошондо дөө качып жөнөйт чал: Токто эле, токто! – деп кууп жөнөйт.

Дөө жеткизбей качып кетет. Чал дөөдөн ошентип так кутулат.

Бир күнү чал талаага кетсе, зериккен кемпири «Ур токмокту» жакшылап көрөйүн деп:

«Ур токмок ур» – десе, токмок уруп жүрүп кемпирди өлтүрүп коёт. Чал талаадан келсе, үйдүн ичи чаң, тополоң, кемпири өлүп жатат. Чал токмокту токтотуп, кемпирин жайга коюп, өзү жалгыз жашап калат.

Бир нече жыл өтөт. Чалдын кабарын угуп, чалга жуучу жүгүртөт.

«Жэйил супураңды, хы эшегим, тиллэ чычты» берсин, болбосо чал өлөт – дейт хан. Чал дароо берүүгө макул болбой:

– Ханың эми, колун жыйнап, палан жерге, палан күнү келсин, ошондо хан менен беттешем. Азыр эч кимисин бербейм – дейт.

Хан колу, эли менен айткан вактысыда, чал айткан жерге келет. Чал бир дөңгө чыгып, «ур токмокту» коюп жиберет. Ал хандын колун кырып салат. Хан:

– Мунуңду токтот, кандыгымды бердим – дейт.

Чал «ур токмокту» токтотот.

Хандан кандыкты өткөзүп алып, жыргап-куунап калыптыр.

## ЖОМОК[1]

Илгери-илгери бир кемпир-чалдын эки кыз, бир уулу болгон экен. Ал кемпир уулуга бир күн аял алып берейин деп аял издеп чыкса, аял табылвай коёт экен. Анан бир күн өзүнүн карындашына үйлөнгөнү жатса эле бир синдиси кавырга жеп кирсе эле эжем «Кээ кавырга берчи» десе «Өзүңүздүн тоюңуздан өзүңүз жейсизби» десе эжеси айтат. «Мени кимге алып бергени жатат» десе, «акэмэ алып бергени жатат» дейт. Ал кыз ыйлап барып гүмбөзгө барып:

– Ачылай гүмбөз, чачылай гүмбөз. Мурун да эде өз энелерим, азыр да болду кайнелерим – деп кайгырганда гүмбөз ачылып кетет. Гүмбөз ичине кирип отурганда көйнөгүн чети чыгып калат. Энелери издеп келет да, караса гүмбөздө олтурган болот. Кыздын атасы минтип ыйлайт:

– Ачылай гүмбөз, чачылай гүмбөз,

[1] КР УИА КЖБ. – Инв. № 731.

Мен кызымдын дидарына тоёюн.

– Ачылба гүмбөз, чачылба гүмбөз,

Мен атамдын дидарыга тойбоюн гүмбөз.

Мурун да эде өз атам. азыр да болду кайнатам – дегенде атасы ыйлап кетип калат. Ошентип энеси келет:

– Ачылай гүмбөз, чачылай гүмбөз, Мен кызымдын дидарыга тоёюн гүмбөз дегенде кызы:

– Ачылба гүмбөз, чачылба гүмбөз,

Мен энемдин дидарыга тойбоюн гүмбөз, мурун да эде өз энем, азыр да болду кайненем – дегенде, энеси ыйлап кетип калат. Экэси келет да:

– Ачылай гүмбөз, чачылай гүмбөз,

Мен карындашым дидарыга тоёюн гүмбөз.

– Ачылба гүмбөз, чачылба гүмбөз,

Мурунда эде өз экэм, азыр да болду күйөвүм – дегенде акеси да ыйлап кетип калат. Сиңдиси келет:

– Ачылай гүмбөз, чачылай гүмбөз, Мен эжемдин дидарына тоёюн гүмбөз – дегенде:

– Ачылба гүмбөз, чачылба гүмбөз,

Мен сиңдимдин дидарыга тойбоюн,

Мурун да эде өз сиңдим, азыр да болду кайын сиңдим.

Ошентип бардыгы ыйлап кетип калат. Эртеси сиңдиси жүгүрүп келет:

– Ачылай гүмбөз, чачылай гүмбөз, Мен эжемдин дидарыга тоёюн гүмбөз – дегенде эжем айтат:

– Ачылай гүмбөз, чачылай гүмбөз,

Мен сиңдимдин дидарыга тоёюн гүмбөз. Мурун да эде өз сиңдим, азыр да болду кайын сиңдим – дегенде гүмбөз ачылып, чачылып кетет. Эжем экөөвү өбүшүп, жытташып калат. Эжем минтип сурайт:

Үйдө ким бар? – дегенде, сиңдим:

– Ич ким жок – дейт.

– Ич ким жок болсо, чаначка нан сүдүрөп келгин – деп эжеси жумшайт. Сиңдиси алып келет, анын сиңдиси экөөвү чаначты сүдүрөп кетет да, таң атканда бир жерге барып сиңдиси:

– Эже суусадым – дегенде эжеси айтат:
– Кой бул жыландын суубу – дейт.
Дагы бир жерге барганда:
– Эже суусадым – дейт сиңдиси.
– Кой бул баканын суубу – дейт.
Андан дагы бир жерге барганда:
– Эже суусадым – дейт.
– Кой бул коёндун суубу. Бул сууди ичип алсаң коён болуп кетесиң – дейт.
– Эже калишим калып калыптыр – деп эжесин калп айтып суудан ичип алып коёнго окшоп, таштан ташка секирип кетип калат. Чаначын сүдүрөп бир жерге барса, суубун боюда бир чынар терек болуптур. Ал чынар терекке чыгып олтурса бир ат багар ат сугарып келсе, аты үркүп суу ичпейт. Бул неге ичпейт экен деп атын чапкылайт. Аты үркүп суу ичпейт. Эки жагын караса ич балээ жок. Суудa караса бир көлөкө бар. Чынар теректи караса бир сулуу кыз отурган болот. Ал кызды жанагы киши:
– Ээ, кыз, түшпөйсүңбү? – дегенде, ал кыз айтат.
– Ушу бою салсаңар түшөм – дегенде, жанагы киши атын сугарып, сугарбай атты чапкан бойдон кетет. Барып ханга айтат. Барып кызды түшүрүп алышат. Хан кызды баласыга алып берет да, максат муратыга жетет.

## «КЕМЕЛИМ САРЫК» (СЕЙТЕКТИН БАЛАСЫ)[1]

Кемелим Сарык бул өзүнчө өткөн баатыр адам экен. Бул Кемелим Сарыктын Ак байбиче деген энеси болуптур, Үрпия деген аялы, Коңурбай деген койчусу, Чыдырпызы деген жылкысы.

Күндөрдүн бир күнүндө Коңурбай кой кайтарып турса, үч каз келет. Бул үч каз келип:

1 КР УИА КЖБ. – Инв. № 731.

– Кемелим Сарык каякта? – дейт. Анда койчу айтат:

– Кемелим Сарык мен – дейт.

– Жоок, койгун, сен эмессиң Кемелим Сарык – дегенде койчу айтат:

Кемелим Сарык мен өзүм
Кеңкол атым алдымда
Полот кылыч колумда
Кара жаак пиримди
Кең олпогум үстүмдө дейт.

Ошондо баягы үч каз айтат:

– Кемелим Сарыкка өзүн теңеп турганын карачы ой. Полот кылычка таягын теңеп турганын карачы ой. Тытла кулун тыткыла, кең өтүгүн жырткыла, - деп баягы куур тонун тытып таштайт. Муну көрүп үйгө барат, үйгө баргандан кийин Кемелим Сарык:

– Эмне болду? Сенин тондоруң баары жыртылып кетиптир? – десе:

– Билбейм койлор чардын арасына кирип кетип, айдай албай жаттым.

– Жок сенде бир икая бар – дейт.

Эртеси дагы барат. Баягы үч каз дагы келет. Анан үчүнчү күн болгондо: «мында бир икая бар, өзүм барып көзүм менен көрөйүн» деп койчуну алдыга жиберип ийип, артынан Кемелим Сарык өзү келет. Өзү келсе баягыдай үч каз келет. Дагы Коңурбай койчудан сурап калат.

– Кемелим Сарык мен өзүм
Кеңкол атым алдымда
Полот кылыч колумда
Кара жаак пиримде
Ак олпогум үстүмдө – дейт.

Дегенде үч каз туруп айтат:

– Кемелим Сарыкка өзүн теңеп
турганын карачы ой
Кең олпокко жаман куур тонун
теңеп турганын карачы ой

Тытка кулун тыткыла, кең өтүгүн жырткыла – дейт. Деп каткырып күлүп, койчуну тытып, соколоктун башына учуп барып конгондо, Кемелим Сарык ак келтем менен атат. Атканда каздын тырмагы кыркылып түшөт. Тырмакты кыркканда кат бар. Катты окуса:

Төгөрөк чийген жериңе
Төрт күн барып жатып кел.
Тегеренген жериңе
Тентип барып жатып кел – дейт. Башка сөздү айтпайт. Ушу менен барат дагы баягы катты алып үйүнө келет. Үйүнө келип туруп Ак байбичеге Үрпия сулууну тапшырат. Үрпия сулууга жылкычыны, жылкычыга Коңурбай койчуну тапшырат. Болуптур эмесе аманат, мен ошол казды издеп кеттим деп аттанат. Аттанып жол жүрөт. Кемелим Сарыктын аты тулпар ат экен, пулуттуу көктүн үстү менен жүрөт экен. Алты айчылык жолду алты күндө басат, он айлык жолду он күндө басат. Ушинтип алты айчылык жолго барганда ат тура калып айтат:

– Кемелим Сарык, мен билгенди билдиңби баатыр, мен көргөндү көрдүңбү баатыр – дейт. Ондо Кемелим Сарык айтат:

– Жок, сен билгенди билбедим тулпар, сен көргөндү көрбөдүм тулпар – дейт.

– Эмесе, мен көргөндү көрбөсөң баатыр, мен билгенди билбесең баатыр. Азыр биз кетип атабыз. Астыбызда кара таш, кара таштын астында бир жети баштуу желмогуз кемпир отурат. Ал сени түш дейт, сен түшпөгүн, эгер түшчү боло турган болсоң мени коё бер. Мен кетейин – дейт.

– Болуптур – дейт.

Бир убакта кара ташка барат. Барса оо бир төө жатат. Төө чөгүп турат. Төөнүн астында бир сан гөш жатат. Бир кара тайган турат. Кара тайгандын астында бир боо чөп турат.

– Эми кара тайгандын астындагы чөптү төөгө сал, төөнүн астындагы бир сан гөштү кара тайганга сал да, анан кирсең киргин кемпирге – дейт.

Ошондо барып кемпирге салам айтат:

– Ассалоом алейкум эне киши!

– Алекимассалоо бала киши!

Алигиң болбосо, азыргыча болбойт элем. Эгер саламың болбосо саатка чейин койбойт элем. Түш балам аттан – дейт.

– Мен турсам отуралбайм, отурсам тура албайм – дейт.

– А түшөйүн – дейт.

– Эми мени коё бер – дейт ат.

Ат ошо жерден кайып болуп кетет. Кемелим Сарык уктайт. Уктаганда «менин таржымалым бар» – дейт желмогуз кемпир.

– Канака таржымалыңыз бар – десе:

– Менин кызым жылда тууйт. Тууганда тулпар тууйт. Муну алпкаракуш келип туруп, жылдакысын жылда алып кетет. Мына азыр кырк биринчини тууйт, ал толготуп жатат, эми азыр алпкаракуш келет. Кайтып алып кетет муну. Ал тууганда ала тулпар тууйт, ошону менен кырк биринчини тууйт. Эми сен баатыр палван экенсиң жигит, ушу менин тулпарымды алып бер – дейт.

Ушу сөз менен Кемелим Сарык карап отурат. Бир убакта күн бүркөлөт. Күн бүркөлүп койдой таштар котураңдап, үйдөй таштар үтүрөңдөп, астыңкы жер шыпырып, үстүнкү көк шыпырып, шамал, боорон жүрүп кетет. Ошол учурда алпкаракуш келет дагы, кыз төрөгөн учур болот. Баягы тулпарды көтөрүп жүрө бергенде Кемелим Сарык шыйрактан калат. Алпкаракуш асманга тартат, Кемелим Сарык жерге тартат. Алпкаракуш бир бутун үзүп калат. Мына ошону менен болду, алды. «Эми муну кайдан табамын» дегенде, «эми муну сен табасың. Ушу биздин элде Таштемир хан деген хан бар. Таштемир хандын

үч кызы бар. Үч кызы өздөрүн боёп, каз болуп көрүнүп жүрөт. Ошонун кичик кызы сага гашык болуп калган. Ошо гашыктын дартынан барып, ошондой болду. Эми муну Майкөл, Сайкөл деген эки көлү бар. Ушу көлгө барып кыздар киринишет. Эгер бир тапсаң ошо жерден таап каласың. Мындан таппай турган болсоң, Таштемир хандын ааламга батпай турган уйлары бар. Койчусу бар таз. Ошо тазды таап, баарын угуп, кызга жетесиң – дейт.

– Болуптур, энеке – деп бала ушерден аттанат.

Кемелим Сарык аттанып отуруп барса бир мал жүрөт, бети курусун ааламга батпайт. Бир койчу, уйчу таз жүрөт:

– Муну кантип башкарасың? – деп сурайт.

– Ээ, ону геп урба. Мен ону оңой эле башкарам. Тосулгурдун малы тосул десем тосулат. Айдалгырдын малы айдал десем айдалат, байлангырдын малы байлан десем байланат.

– Кэттэ дария бар. Ондон кантип өтөсүң?

– Мындан кантип өтмөкмүн. Мен өтөөр маалда, малдар өзү өтөт. Көк өгүз бар, кел өгүз десем, көк өгүз өзү жанга артын такайт. Көк өгүз менен мен өтүп кетем.

– Андан баргандан кийин кылган кызматың эмне?

– Менин кылган кызматым, Таштемир кандын үч кызы бар, үч кыздын тапанын жалап жатамын. Мына ушул менин кылган ишим – дейт.

– Ондой болсо болуптур. Мен сенин башыңды сактаймын. Сен мага уй кайтартып жолун үйрөт – дейт. Өзүңдүн боюң менен барабар ор каз – дейт. Таз ор казат.

– Эми бир кап кум апкел. Бир кап кум апкелет. Апкелгенде өзүн орго таштап, башына кумду куя берет, куя берет. Акыры баягы тазды басып, таз өлөт. Кемелим Сарык баягы баатырлык кийимин чечип, таздын кейпин кийип, уйду айдап Таштемир хандын шаарына жөнөп калды. Малдын баары суудан өткөн,

көк өгүз келип жарга артын такайт. Кемелим Сарык куйругун толгоп туруп ыргытканда наркы өйүзгө барып түшөт. Ошону менен барып туруп көк өгүз шаарды аралап кетет. Көк уй «Тосулгурду» унутуп калат. Шаардагы катын-калачтын баары чыгат.

– Оо таз эмне эсиң ооп калганбы. Тосулгурдун малы тосул дебейсиңби.

Анан «тосулгурдун малы тосул» деп тосуп, «жатылгырдын малы жат» деп жаткызып, анан кыздардын үстүнө кирет. Кыздар өзүнчө бир өргөөдө. Жатаар маал болот. Бир маалда кетип атканда ит үрүп чыгып калат. Ит үрүп чыгып калганда иттин тилин сууруп алат. Уйдун тилин сууруп алып чөнтөгүнө салат. Кыздардын уйкусу келгенде уйдун тили менен сыйпалап секин уктата баштайт.

«Бу эмне сенин тамагың кургап калганбы – тур анау майды же» дешет кыздар. Туруп барып караса май турат, уйдун карынына салган. Бир аз жемиш болуп кайра келип, иттин тили менен уктата баштайт. Таңга маал болгондо кайра уйдун тилин салат.

«Бу мине болду бул кэлгэ» деп үчөө кэлди кууп жөнөшөт. Чоңу узун союл менен белди ашыра кууду. Ортончусу ортороок белди ашыра кууду. Кичиги кууп жөнөгөндө, белден ылдый чуркап бара жатып жыгылып калды. Ошондо калпагы ыргып кетип, башындагы алтын көкүлү жарк дей түштү.

Ошондо кыз: « Болду, болбоду Кемелим Сарык келип калган экен» деп билип калат. Экөө таанышты.

Болду «Мен алам, сен тием». Ошону менен Таштемир хан бир күнү элин жыйды: «Менин кыздарым бойго жетти. Тандасын күйөөгө беремин» деп жарлык кылды. Элди чогултту. Эркек аттуудан эч адам калтырбады. Элди чубата баштады. Чоң кызынын колуна бир алма, ортончу кызынын колуна бир алма, эң кичик кызынын колуна бир пышкан алма. Эл чубап жатканда чоң кызы кандын уулу Канбачаны уруп, кандын баласына турмуш-

ка чыгып кетти. Онон ортончу кыз бектин уулу Бекбачаны уруп, бектин уулуна турмушка чыгып кетти. Кичине кызы эч кимди урбай койду. Кандын кызы жаңылды деп кайра, кайра эл чубайт. Эч жок, кыз көңүл бурбайт. Анда Таштемир хан тажаалдык кылды:

– Талаада ким бар?

– Уй кайтарган таз бар. Андан башка энди калаган эмес.

– Таз болсо ям алып келгиле – деди жигиттерин жиберди. Барса таз келбей койду.

– Мен барбайм. Мени кыз сүйөбү. Жок мен барбайм – дейт.

Жигиттери болбой замбэлге салып келди. Элди кайра чубатып, замбал менен тазды эң артында чубатты. Таз чубай баштаганда, кыз тазды алма менен коё баштады. «Жок кандын кызы жаңылды» деп эле кайра чубайт. Кайра чубатканда жана коё берди. Үч жолу элди чубатып бүттү. Үч жолу тең ошону уруп туруп алды.

Кан кызына өчөштү дагы «Өлүп кетсин бар» деп кызды ого кармата берди. Кармата бергенде кан кыздарына үй бериш керек болуп калды. Кандын уулу Канбача менен бектин уулу Бекбачаны алтындан тургузулган сарайга киргизди. Кичүү кызын сасыган итканага киргизип таштады кан өчөшүп. Ушинтип жашап жүрүштү. Күндөрдүн биринде кан күйөө балдарын сынаш үчүн ууга чыгышты. Чыгарып эки күйөө баланы айдады.

«Ууга чыккыла мага кийиктин эти керек болуп калды» – деп жигиттери менен жүда шарактатып жөнөттү. Ал эми тазга эчтеке жок.

Анан кызы жиберди: «Бар эми атама бар. Мен алардан кэм эмесмин, мен эркекмин. Мен деле ууга барып көрөйүн» – деди. Десе атасы:

– Оо койчу, таздын колунан эмне келмек. Бар итиңердин бок-сагын тазалап үйдө отургула – деп

болбоду. Болбогондо кыз ыйлап жиберди. Ыйлап ийгенде кыздын апасы турду дагы:

– Жа кой, таздын көөнү болбосо да, кыздын көөнү. Кыз биздин заарыбыздан чыккан. Ушуга да бир ылоо бер – деди. Кан коңур өгүздү берди, жаман бир көсөө мылтыкты берди. Муну айдады. Жигит нараак барып, өгүздү өлтүрүп, мылтыгын ташка чаап сындырып, Кемелим Сарык кең кула атынын жалынынан үзүп калган, аны күйгүзгөндө ат даяр болот.

Атты минип алып кетти. Кетип туруп, атка буйрукту берди: «Тоодо теке калбасын, ойдо теке калбасын, баарын үй» – дегенде ал учуп жүрүп баарыны үйдү, отту жагып гөштү бышырып отурду. Бая кан күйөө менен бек күйөө жок. Алар эч нерсе таппай салпайып түшүп келди. Эми бажа биз кайнатага уят болбойлу. Эмне деген шартыңызга биз туралы. Бизге ям кийиктен беришип, биздин наамыбызды көтөрүң» – деди. «Боптур» – деди. Эмесе менин шекегим бар, ушу шекегим менен куйругуңарга тамга салам. Анан каалаган кийик сиздики бажалар».

«Боптур, буга чыдайбыз». Шекекти отко ысытып туруп, басты. «Ал энди алып кете бер». Баарын жүктөп олор жөнөштү. Кандын уулу кайната менен кайненесин оокатка чакырып калат. Барып ондон жейт. Жеген менен баары оору болот, эч туура келбейт. Андан кичик күйөө баланыкына келди.

Андан бир аз кийиктин этинен жегенде ооруган жери кыйла басыла түштү. Үчүнчү жолу алайын дегенде, иттин тезеги оозуна кептеле түштү «Болду, болбоду, мында бир иш бар экен. Кой муну эшекканага котороюн» – деди. Андан да ошондой болду.

«Кой күйөө балдарды сынаш керек» деди. Баягы желмогуз кемпирдин кырк бир тулпары кетпеди беле. Ошол кырк бир тулпарды алып келгиле – деп күйөө балдарын жигиттери менен шайлап жөнөттү.

«Ошо кырк бир тулпарды таап алып келесиң» – деди. «Мен ям барам» дегенде, баякы жаман өгүздү дагы берет.

«Боптур» деди. Берки экөөнүн колунан эчтеке келбейт. Ол каякта экенин билбейт. Кемелим Сарык жөнөдү. Тигилер жарым жолго ак өргөө тигип, ор казып тоярлап:

– Бажа, биз сизди күтүп алабыз – дешти. Кемелим Сарык барып туруп кырк бир тулпарды айдады. кырк бирдин бири чолок. Келсе ак өргөөнү тиккен, орду казган. Бая жерден арак-шарапты берип туруп, мас кылып, «ыргал тазым, ыргал» деп орго ыргытып таштап кетишти. Эки күйөө бала тигини орго таштап коюп Таштемир хандын шаарына баса беришти. Келди. «Мынаке менин күйөө балдарым айдап келди» деди хан, – «а баягы таз болсо жоголуптур» – деп кубанып калды.

Баягы Кемелим Сарыктын атынын тили бар сүйлөшкө: «Эми алып чыгышка аркан керек. Эми сен жата бер».

– «Мен Таштемир хандын шаарына барам. Анда кең кула менен тең туулган токмок куйрук жору ат деген бар экен, ал азыр жөнөкөй ат формасында жүрүп калган экен. Ошо күнү келсе, Таштемир хан кийиз кылдырып атат. Таштемир хандын дагы бир сулуу кызы бар экен, ал кызы жаш экен.

«Атты минем» – дептир, нары жорголотуп, бери жорголотуп туруп айтат экен: «элдин баары үйгө кирип кеткенде арканды ал, алдыңа өңөр биз барабыз, аерде адам бар, ошону чыгарып келебиз» – дейт. «Боптур».

Ошентип барышат да, кыз эки аттын омуроосуна аркандын учун байлайт, бир учун Кемелим Сарыкка таштайт. Кемелим Сарык белине байлап, тартып чыгарат. Бир атка кызды мингизип, кең кула атка өзү минип, Таштемир хандын шаарына келет.

Келсе хан той кылып атат: «Менин күйөө балдарым тулпарларды айдап келди» – деп.

«Ассалоом алеким» – деп таз да келип калды, Кемелим Сарык таз формасында эмес, баатырлык

формасында келди. Аны таанышпайт. Баарын кырып, болутагы кызды, кийинки кызды алып өз шаарына жөнөп калды. Тулпарларды желмогуз кемпирге алып келип берди. Өз шаарына келсе баягы эли, калкы жок. Апасы да, койчусу да, жылкычысы да жок, аялы гана калыптыр. А жерди аюу мекендеп, аюу Үрпия сулууну алып алыптыр. Кемелим Сарык келип Үрпия сулуу менен отун терип жүргөндө кезигишип калат.

«Кандай ахвал. Эмне болду менин апаларым. Менин мал-палым кайда кетти? – деди. «Сен кеткенден кийин ушундай ахвалга кабылганбыз. Баарын жок кылган. Мени зорлоп алып алган. Мен андан бала туудум, азыр үч ай болду. Азыр бешикте бала» – деди.

«Эми анын жолун кандай табабыз».

«Эми үйгө барып үйдүн тэгинэ үңкүр казабыз. Мен бешикти коём. Сени кубатың киргиче багам. Кубатың киргенде сен аны жок кыласың. Кайтып мурункудай болобуз» – деди.

«Боптур» болуп, ошондо жатты. Бир күнү Үрпия сулуу аюудан тууган баласын тилге сайды.

Аюу «Менин балам эмне ыйлайт» деди.

«Козудан союп берсин» дейт деди.

«Союп бер, менин малым кетмек беле, Кемелим Сарыктын малы кетет» – деди. Ону жеди. Ону жегенден кийин дагы тилге сайды. «Менин балам мине ыйлайт» – деди.

«Жылкыдан союп берсин дейт» – деди. Муну союп берди. Муну жеди. Үчүнчү жолу жана сайды. «Менин балам мине ыйлайт».

«Атам ушунчалык баатыр, палван болуптур, атамдын жаны кайда экен, атамдын жанын көрсөм экен» деди. Дегенде: «менин жаным балама керек болсо, булак, булакта сур тэкэ, сур тэкэнин ичинде алтын кутуча бар, алтын кутучанын ичинде жети баштуу кычкач менин жаным» – деди: «Керек болсо балам ошону алсын» – деди.

Муну угуп алып Кемелим Сарык булактын башына барып жатты. Бир убакта сары мүйүз ала теке кирип келди. Кармай бергенде ичинен сандык ыргып кетет. Сандыкты ачса жети баштуу кычкач бар экен. Көтөрүп келип алтоону талкалайт. Бир гана жан калды. Эми алысы жетет деп кармашканы калды. Кемелим Сарык менен аюу кармашат. Ошондо жети күн кармашып, аялы жардам берип жатып, аюуну араң өлтүргөн экен. Баласы менен үч күн, үч түн кармашып, экөөнү тең кыйратып, малын издесе эч малдан кабар жок. Баягы токмок тору ат менен кең кула ат экөө чыгышып, доош салса ондон, мындан жылкылар чогулуп келет. Жомоктун баянына караганда малдары жапайы болуп кеткен экен.

## КӨЧӨРБАЙДЫН КУУДУЛДУКТАРЫ

### АЯЛЫН АЛДАГАНЫ[1]

Көчөрбайдын аялынын чогулткан үч карын майы болот, экөөн балдары жешет. Бир карыны калат. Алайкууда сиңдиси болот.

– Балдарым жоогансырап (ачыгып) кетти, бузабыз – деп атасы Кочкорбай масылат салат аялына. Анда аялы Алайкудан сиңдим, же узун сары келгенде бузам – деп буздурбайт.

Андан кийин Кочкорбай базарга кетимиш болуп, аялын алдайт.Үч күн жүрүп, сиңдиси болуп кечкурун айылга келет. Аялдын кийимин кийип, колтугунда жапкан патри бар. Айылдан алыс туруп:

– Ээ жээндерим, Чокмо, Шамат, Буркуя. «Ит каап албасын» деп чакырып, айылдын четине туруп калат. Анда балдар чуркап барат да:

– Апежем келген тура – деп иттен тосот да, кайра үйлөрүнө бири чуркап келип, апасын чакырат.

---

[1] КР УИА КЖБ. – Инв. №733.

– Алайкудан апежем келиптир, чакырып жатат сизди – дейт. Андан кийин эжеси барат да:

– Айланайын, садага кетейин – деп учурашып, эки-үч жыл көрүшпөгөн, өөп-жытташып, ыйлап калышат да, кайра үйгө келип, эсен-соолукту сурашат.

– Жездем кайда, кетти? – десе,

– Базарга кетти – дейт.

– Канча күн болду? – десе,

– Үч күн болду – дейт.

Эс алгандан кийин чай-оокат ичишет. Ошо кезде баладар эжесинин алдына олтуруп:

– Ээ атамдын көзүнө окшош экен, атамдын көзү экен – дейт. Ага апасы болбой:

– Шүк, чунактар, атаң базарда жүрбөйбү – дейт.

– Анда карынды өз колуңуз менен буз – деп сиңдисинин колуна берет.

– Жездем не дейт?

– Жезедең эмне демек эле, сага арнап койгомун, жездең келгенде союш же башака оокат таап беришин өзү билет. Менин тапканым, сага арнаганым ушул бир карын май – деп буздурат.

Сиңдиси баягы карындын кичине булуңун гана кесип алат да,

– Калганын жездем келгенде жесин - дейт.

Ал бусуп болуп, оокатка тойгондон кийин:

– Сагынып калдык, эже-сиңди экөөбүз бирге эле төшөккө жатабыз – деп төшөк салган болот. Анда Кочкорбайдын аялы Кочкорбайды таанып алып

– Карынды буздуруп мени алдадың – деп урушканда айылдагы айыл аксакалдарды чакырып:

– Мен карынды буздура албай жүрүп, эми азыр сиңдиси болуп келип майды буздурсам, аялым мени менен урушуп жатат – деп дагы калганын бузат да. кайра баягы сөздөрдү айтып, аксакалдарды күлкүгө салат.

Абдимомун бий жай мезгилинде көчкөн убагында аксакалдар менен үйдө кымыз ичип олтуруп.

Сыртка чыкса Абдимомун бийдин көчү келатканын көрөт. Ал:

– Көчтү токтото аламбы, токтото албаймынбы? – деп элге суроо салат.

– Токтото албайсың, эгер токтотсоң биз бир кой союп беребиз – дейт.

Олтурган аксакалдар мелдешет да, аялдын кийимин кийинип, желеде кулуну байланып турган бээден бирди жайдак минип, көчүп келе жаткан бийдин көчүнүн алдына чыгып, аялча кийинип толготуп калат.

– Айланайындар, мени толгоом кыстап калды. Бусурманчылыкка ондоп койгула – деп, аял-кыздарды чакырат. Колундагы бээ желени көздөп кулунун эстеп кишенейт.

Абдимомун бийдин келин-кыздары келишип:

– Кайда бараттың эле? – десе,

– Үйдө күйөөм жок, бир уюм желин жакындатып койду эле, касатат ушуну издеп чыга калбадым беле. Толгоонун мындай болушу эч бир үйдө белги берген эмес. Ошондуктан бусурманчылык кылып тартып коюңуздар – деп жалынат. Анда бир келин аттан түшүп, жана бир кызын да кайра чакырат.

– Колуң карылуу, айланайын тарт, тарт – десе,

– Оо жеңеке, жеңеке эркек экен дейт.

– Эркек болсо кудаанын бергени – дейт.

Жеңеси кайынэнесин чакырат. Кайынэнеси бийди чакырып: кылабдын (устаралар салган кап), устараларды бергин, киндик кесели – дейт. Абышкасы келсе:

– Чоң эркек экен - дейт.

– Чоң болсо да кудаанын бергени, чоң болсо да бала туула берет – деп бий айтат. Анда:

– Айланайын ата, өзү эркек экен – деп кыйкырып күлүп жатып калышат. Анда бий:

– Атаңдын оозун урайын Кочкорбай жинди турбайбы – деп байбичесин бокчосун (таңылчак)

оодартып, кымкап тондон бирди алып келип жаап, уятынан минген атын турушу менен Кочкорбайга мингизет да:

– Мени мындан кийин мыскылдаба – деп бий айтат. Атын минип, кымкапты жамынып алып, анысына да болбой, кайра жамандап кошот да, кайра айылына келип, аксакалдардан утугун (мелдешин) бир коюн алып союп, өзү турган айылды бир күндүк кымызы менен айыл аксакалдарын чакырып, болгон сөздөрдү айтып, элге тамаша оюн кылып берет.

Он эки бий, старчындар Ошко топко барып, үч түнөп калышат. Анда Кочкорбайды ала жүрүшөт. Үч түнөп, төртүнчү күн болуп, бешим убактысында Оштон кеч чыгат. Андан келе жатып:

– Аттарыңды тойгузам мен – деп, бир байдын менчик бедесине аттарды откорот. Анда бая үйдүн баласы келип:

– Кандай немесиңер, беденин кол менен багылып өскөнүн билбейсиңерби? – деп баякы бий старчиндер менен урушат. Анда Кочкорбай ат тойсун деген пикирде өзүнүн чоң бычагын бырпыратып асманга ыргытып, кайра тутуп, кыбыланы карап намазды окуй берет. Анда баякы келген баланы берки отургандар:

– Бул олуя адам, сага жүк таштап коёт, балам, намазын окуп бүтсүн – деп баланы аргасыздан токтотот.

Бала да бир саат күткөндөн кийин намазын окуп болуп, Кочкорбай бала менен сүйлөшөт.

– Ээ балам, ден-соолуктар жакшыбы, ушу жерде катуу оору бар экен, жүгү мага түшүп, ордуман тура албай ушуну эстеп жатам.

– Айланайын олуям, чын олуя экенсиз, менин дадам үч жылдан бери төшөктө жатат. Эгер мүмкүнчүлүгүң болсо, ушуну окуп көрүп, кетиңиз – дегенде,

– Жаңгыз бара албаймын, жолдошторум баарысы барса, өзүң аттарды батырып, тойгузуп алсаң, андан кийин барам, - деп баладан сурайт.

– Анда, тагалар, дадам жакшы болуп кетсе, дадамдын өзүмдүн тапканымды сиздерге сарып кыламын – деп бала жооп берип, үйүнө чакырат да, меймандарды күтөт.

Кочкорбай даараты менен барып, биринчи салам айтып киргенче эле, баягы ооруп жаткандын дам салып, камчысы менен азмас урганга кирет.

– Илээшкениң көп экен, айтканымдай болсоң, сени бир окуш, бир көрүш менен төшөктөн тургузам – деп Кочкорбай айтат.

– Болуптур – дешип, айткан масылатка киришет.

– Анда эмесе, эни жок сары серке айылыңарда бар, ушуну алып келип соёсуң, аны мен көчөт кылып көчүрөм – десе,

– Болуптур деп биринчи серкени көчөт үчүн туюк союп, этин башы, шыйрагына чейин бардык этин бышырып, түндөсү бышкан этти жайдырып коёт да, таңга маал болгондо ушуну көчөт кылып, чоң бейитке апарып көөмп келем – деп Кочкорбай айтат. Ошону алып келип, бая айткандай союп, бардыгын бышырат да, кайра аны дасторкон салып, үй ичине жайып коёт. Меймандарга чай, оокат бергенден кийин кайра союш издейт. Анда Көчөрбай издейт:

– Мен билип турам, айылыңда бир кара кой бар, эни жок. Ошону алып келип бизге соёсуң, анан ишиң бүтөт – дейт.

– Чүчө болгон карт экен.

Тегеле кыйын март экен – деп өзү менен отурган бийлердин айыптарын, каяктагы жамандыгын кошуп ырдайт. Анда бийлердин ачуусу келет да түн ичинде:

– Аттанып кетебиз – дегенге кирет.

Кайра бири-бирин басанчалап (кой-кой деп) бая бийлер жатып калышат. Байды Кочкорбай таң атканча көрүп, окуп чыгып, айтканындай ал ооруган бай төшөктөн туруп, басып калат. Баягы түнкү сойгон саркани жети кабат ак сурпту жети калта жасатып,

кабаттап салып, тышына серканын терисин ичине салып, түнкү саат төрт мезгилде бала экөө чоң бейитке эки ат минип алпарат да. баланы бейитке жакындаганда алысыраак таштап коёт.

– Сен мындай тур, өзүм билгендей ушул көчөттү өз дубам аркылуу таштап келем – дейт. Ага чейин бала жолдо турат. Бейиттин ары жагында калың бактын арасына баякы саркенин этин чачачына салган этти бакка караңгылаштырып илип коёт да. кайра балага келет.

– Бала, жүр кеттик, үйүңө, арканды тиктебе – деп аты менен чаап, үйүнө келип, кайра даарат алып, байды окуп, ордунан тургузуп, өзү бастырып көрөт. Өзүнө ишенгенден кийин бай да, Кочкорбай да кылган иши көңүлгө жагат.

Андан кийин саар менен чай-оокаттанып, тапканын алып келип, Кочкорбайга баш-аяк сарпай (кийим) турушу менен берип, калган бий старчындарга бирден селде, бирден допу, бирден чепкен кылып, колунан келген аракетин берет.

– Мындан кийин айланайын олуям, үйдү көрүп калдың – деп бала-чакасы менен чоң-чоң ыракмат айтышып, Кочкорбайга катта ыраазы болушат. Атанып жөнөшөт да, жолдо келатып, түнкү бакшы болуп, Кочкорбайдын жамандап ырдаганына кээде күлүшүп, кээде:

– Ушундай да иш кыласыңбы – деп, кошо жүргөн бий, старчылар жолдо эрмектешип келишет. Анда баягы серкенин этини жетишет да, ат чалдырып, эс алдырып, жол азыгын тамактанышат да:

– Мен силерди жамандап ырдаганым менен негизги сөз мынабу сиздерди сыйлоом – деп бардыгына кеңеш масылаттарын кеңири түшүндүрүп, үйлөрүнө кайрылып келишет.

Күз мезгили болуп, коон бышкан кезде, Өзгөндө жолдоштору менен базарга барып, жолдо келе жатканда күн кеч киргенде жолдо келатып:

– Ушу коондон жолдошторум силерге акчасыз алып бере аламбы – деп Кочкорбай айтат.

– Акчасыз алып бере албайсың – деп берки жолдоштору ишене албайт.Анда Кочкорбай өзү:

– Силер туруп тургула, коончунун эшигине барып, алачыктын астында туруп, атчан сөзгө салып, ырдай берем. Силер бышкандарын тандап, алышыңарча алгыла – дейт. Алачыкка барып алып:

– Ат салоомалейкум – деп коончуну сөзгө салгандан кийин, баякыл коончу:

– Акчага берем, акчасыз ала албайсың, аксакал – дейт.

– Эмесе сен тиктеп тур, мен акчасыз алып кетем – деп, алачыктын эшигинде кошуп, атынын бели талыганча:

– Алачадан албаңар,

Тордомодон калбаңар – деп жар салып ырдай берет.

Анын жанында турган коон багар: «Бу кандай ырдап жатат» деп ырына кубанып, жалдырап тиктеп отура берет да:

– Аттан түшүң – десе болбойт.

Ошентип, Кочкорбайдын шериктери бышкан коондордон алы жеткендеринче беймарал аралап жүрүп алышып, үйлөрүнө, бала-чакаларына алып жөнөйт да, андан жолго чыгат да, шериктерине:

– Кана, шериктер, мен айткандай ала алдыңарбы, мына акчасыз эле алдыңар го, менин куудулдугума дагы эле ишене албайсыңар – деп шериктерин сөзгө жыгат.

## ТАКЕН УУЛУ МАЙРАЗЫК КУУДУЛ АЯЛ АЛГАНДА[1]

Аялын алып келгенден кийин кайын атасы:

– Төркүлөт – дейт.

Төркүлөт дегенде,

– Менин колумда жок, колума бирдеме киргенде төркүлөтөм – дейт.

Кайынатасы:

– Анда мен кызымды алып кетем деп айтат.

Калп эле куудулдукка салып, кайнатасы менен кыжыңдашып, экөө кармаша кетет да, кайынатасын чалып, бир колу менен керегени кармайт, бир колу менен кайнатасын моюндан кармап, чалып алып, эл угуп калып, айылындакы эл келгенде эшикке чыга калып, төшкө качып чыгат. Айылдакылар чакырат.

– Майразык, Майразык, кел мында – дейт. Андан кийин бир эчкисин союп, кайын атасы менен жарашат.

Эртең менен аялын төркүлөтүп, өзү кошо жөнөйт. Биздин Тик-Кыя деген жерден түшүп бара жатканда аялына айтат:

– Атаңды жыгамбы, жыга албаймбы?

Энди аялы:

– Жинди, сен жыга албайсың – дейт.

Колунда бир чычырканактын чыбыгы бар, кайнатасынын мингени байтал болот. Тикенек чыбыкты ылдыйга түшүп баратканда куйругуна кыпчып коёт. Мындан байтал секирип мөңкүгөндө кайынатасы байталдан кулап кетип, кайынатасынын эси ооп калат.

– Кокуй, суу ууртаталы – дейт.

– Идиш жок.

– Мейли эч нерсе болбойт – деп көлөчүн чечип алат да, суу алып келип, сууну ичирет.

---

[1] КР УИА КЖБ. – Инв. №733

## ҮЧ ЖЕТИМ[1]

Үч жетим баланын бир кара ала өгүзү бар экен. Кичүүсүнө берип:

– Ар кайсы самандын түбүндө эгин бар, ошо жерге байлап коюп бак. Семиз болсун жазында буурусун менен эгин айдап алалы дейт.

Баягы өгүздү ууру алды.

– Ууру алып кетти – деп иниси бакырып ыйлап, жүгүрүп кирип келди.

– Ай, ууру алса алсын, аны биз жазында таап алабыз.

Соко айдалганда бир күнү базардан чыгып келатса, жолдун жээгинде буурусун менен соко айдап жатат.

– Ой, аба – деп жүгүрүп келди.

– Соко айдалып жатат. Аба.

Ортончусун:

– Бар, абамды чакырып кел – дейт.

Чакырып келгенден кийин үчөө олтурат дагы улуусу:

– Баягы өгүздү таап алалы – деп кеңеш салат.

– Кана эми баштабайсызбы? – деп улуусун дагы айтты.

Улуусу:

– Узун бойлуу экен – деп айтты.

Ортончусу:

– Көзү көк, өңү сары турбайбы – деди.

Кичүүсү:

– Узун бойлуу, өңү сары, көзү көк болсо, анда аты Муса турбайбы.

– Ээ жүрү таптык ханга баралы.

Ханга барды.

– Биз өгүздү кышында уурдаттык эле. Өгүздү таптык, ханым. Элиңизди жыйнап бериңиз. Биз ууруну кармап алалы – дейт.

---

[1] КР УИА КЖБ. – Инв. №733

– Силер эмне көзү ачыксыңарбы?

– Көзү ачыкпыс.

– Көзү ачык болсоң мен бир нерсени жашырайын, ошону атын билип таап берчи. Эки талинкени көмөрүштүрүп алып:

– Ичинде эмне бар? – дейт.

Улуусу айтты:

– Топтомолок турбайбы?

Ортончусу:

– Топтомолок болсо, кызыл турбайбы.

Анда эң кичүүсү туруп айтат:

– Топтомолок, кыпкызыл болсо, аты – анар турбайбы.

– Чын эле кып-кызыл олуя турбайбы, элди чакыр, элди чубат. Таап алсын уурусун.

Эл чубап жатканда жоон ортосунда баякы узун бойлуу, өңү сары, көзү көк Муса кетип бара жатканын көрө салып, баякыны:

– Кан ууру мобул – деп, колдон алганда баякы Муса мөңкүп:

– Коё бер деп жулунду.

Өгүздүн ээси:

– Каным, айланайын, атын сура – деди.

– Атым Муса – деди.

– Каным, ушу өгүздү уурдаган.

– Бер иним, бул кыпкызыл олуя экен. Бер өгүздү.

Анан:

– Муну алганым чын эле, каным. Койнумда аялым да этти каяктан көтөрүп келдиң деп суроочу эмес эле. Касапчыдан алып келдим деп, күнүгө үйгө алып келип берип турчу элем, каным. Мунун өгүзүн төлөп берейин – деп уурдаганын мойнуна алып, өгүзүн төлөп берди.

Олуяларга баягы өгүзүндөй өгүз берип тынды.

– Мал алып келгиле, бул олуяларды конок кылалы – деп бир кой алып келди.

Этти чыгарып, табакка жасап:

– Коноктордун колуна суу куй – деди.

Улуусу колун жууп, макисин жуубай койду. Ортончусу бир колун жууп, бир колун жууганы жок.

– Бул макүрөө эт экен.

– Макүрөө болсо арам болбойбу – деп ортончусу айтты.

Эң улуусу:

– Макүрөө – деди.

Ортончусу:

– Арам – деди.

– Макүрөө, арам болсо иттин эти турбайбы – деп кичүүсү чечти.

Колуна суу куйган бала:

– Муну иттин эти деп жатат үйдөкү олуялар – деп канга барды.

– Муну олуя десем, супурамдакы малымды арамдыкка чыгарат.

– Бул олуя эмес эле акмак турбайбы, айдап чык.

– Каным, муну баккан ээси барбы?

Баккан ээси жанында турган экен:

– Мен – деп тура калды.

– Бул койду айт эмне кой эле, айт. Айтпасаң биз айтабыз.

– Эй, каным, бу койду бая кара желин тууп, күчүгү үйдө калган канчык мени ээрчип жүргөн, ошону мойнунан басып туруп, козу маарап чыдай албаганда үч эмчегин эмизип алдым эле. Ошондо баягы көзү ачыктар:

– Ой каным, эчтеме ооз тие электе иттин сүтүн ичкенде арам болбой коёбу, бул иттин эти дегенибиз ушул, каным.

«Бул кыпкызыл олуя турбайбы» деп ойлонуп калат.

– Ханым, кайыр кош эми, биз үйгө барабыз – деп кандын сарайынан чыгып, үйүн көздөй кетип баратса, жангыз ичке жол менен бирөө чаап келе жатат.

– Ой, ээ, айланайын, жүктүү төө көрдүңбү?

– Бир жагына май арткан, бир жагына бала арткан төө беле.

– Ии, кагылайын, как эле өзү. Анда бирөө туруп айтат:

– Куйругу чолок, сокур төө беле.

– Как эле өзү, ушуну жүгү менен зыян кылбай бер – деп үч баланы кармады.

– Ой, биз алганыбыз жок.

– Жүрү, канга баралы – деп баягы төөнүн ээси, канга ээрчитип барды.

– Ой, айланайын, каным, мынабу үч жигит төөмдүн үстүндөгү жүгүнөн өйдө, куйругунун чолоктугу, көзүнүн сокурдугунан өйдө билип, бул үчөө бербей жатат. Муну алып бер, ханым – деди.

Кан:

– Эй, булар кыпкызыл олуя, төөң адамдын колундабы, оттоп талаада жүрөбү, ушуну сурагын – деп кан сураса:

– Бул төө үстүндөгү жүкмүгү менен аралап калың токойдо жүрөт. Барып ошол токойдон таап ал деди. Аттанып бастырганда кан:

– Бу үстүндөкү жүктү кандай билдиңер? – деп сурайт.

– Жолдун бир жагы менен зырылдап чымын, бир жагы менен аары учуп баратат. Аары балга, чымын майга конот, мындан билдим.

– Бул төөнүн куйругу чолок, көзү сокур беле дедиң, аны кантип билдиң?

– Төө куйруктуу болсо, бокту быяк-тыякка чачат эле. Ошол куйругунун чологунан чычкан богу жаңгыз жолго тизилип түшүптүр. Куйругунун чологун мындан билдим.

– Төөң сокурбу депсиң, сокурдугун кантип билдиң?

– Көзү көргөн жакка чөптүн баарынын башын үзүп жеп кетиптир. Берки көзү көрбөгөн жак чөптүн башы аман калыптыр, сокурдугун мындан билдик.

## ЖОМОК[1]

Илгери Асан дегендин сулуу кызы болот. Дагы бир бай үч баласына аял ала элек экен. Бай ооруп өлө турган болот. Ооруп жатып ойлойт: «Үч балама тең аял алып бергеним жок. Жаным чыкканча баарына тең аял алып берип, ушулардын карызынан кутулайын» деди. Элден мурун улуу баласын чакырды.

– Ой, балам, көзүмдүн тирүүсүндө кимдин кызын аласың, айткын, алып берейин – дейт.

– Асандын кызын алам – деди.

Ортончу баласын чакырды.

– Балам, карысыман кутулайын, кимдин кызын аласың, алып берейин – деди ага дагы. Ортончусу да:

– Асандын кызын аламын деди.

Анан кичүү баласын чакырды.

– Балам, карысыман кутулайын, кимдин кызын аласың? – деди аны дагы. Ал да туруп:

– Асандын кызын алам – деп айтты. Бай үчөөн тең чакырды.

– Үчөөң тең Асандын кызын аламын дейсиң, үчөөң үч миң дилдени ал, киши башына миң дилдеден – деп киши башына миң дилдеден берди.

Үч миң дилде берип туруп:

– Киминңер асыл буюм алып келсеңер, ошого Асандын кызын алып берем – деди.

Үчөө базарга барды. Барса улуусу барган жерде бирөөсү күзгү кармап турат.

– Бул күзгүнүн баасы канча?

– Күзгүнүн баасы миң дилде – деди.

– Бул күзгү миң дилде болгондо эмне өнөрү бар?

– Мунун өнөрү дүйнөнүн жүзүндө эмне болуп турганын жанындагыдай көрүп турасың. Караса бүткүл дүйнөнү көргөзүп, мындан да асыл буюм барбы деп, күзгүнү бала миң дилдеге алды.

[1] КР УИА КЖБ. – Инв. №733

Ал ортончусу базарга барганда кичинекей килемди миң дилде деп бирөө кармап олтурат.

– Ой, бул килемиңдин эмне өнөрү бар? – деп сурады баягыдан.

– Мунун өнөрү көз ачып жумганча самаган жерге жеткизет.

«Мындан да асыл буюм барбы» деп, баягыны да бала алды. Баягыны бала алгандан кийин базарга кичи баласы барды. Кичүү баласы барса бирөө бир алма шекилдүү нерсери кармап турат.

Алма шекилдүүнү:

– Мунун баасы канча? – деп сурайт.

– Мунун баасы миң дилде – деди ал дагы.

– Эмне өнөрү бар эле бул алмандын миң дилде болгондой – деп сурайт.

– Бул өлгөн кишини ссууга ала электе алып барып жыттатса, тирилет деди.

«Мындан да асыл буюм барбы?» деп, алма шекилдүү буюмду бала алды. Базардан буюмдарды сатып алып туруп, үч бир тууган кошулушту.

– Ой, сен эмне алдың? – деп биринен бири сурайт.

– Мен күзгү алдым, бүткүл дүйнөнүн жүзүн көрсөтөт. Беркиниси:

– Килем алдым, көз ачып жумганча жеткирет.

– Мен алма алдым. Ссууга ала электе жыттаткан адамды тирилтет.

– Сенин күзгүң менен карайлы, Асандын кызы эмне болуп жатты экен – деп үчөө күзгү менен карашат. Күзгү менен караса Асандын кызы өлгөн. Эл чогулуп, ызы-чуу түшүп жатканын көрдү.

– Ой, кана сенин килемиң менен учуп ссууга ала электе жетелик деди. Кичине килемге отуруп, үчөө учуп барып сатып алган алманы алып:

– Тирилт муну – дейт.

Баягы кичи баласы жыттатып кызды тирилтти. Кыз тирилгенден кийин үчөө калыска түшүп талашты.

– Менин күзгүм болбосо, мунун өлүп жатканын кантип көрөт элек, мен алам деп ал чыкты.

– Менин килемим болбосо кантип жетет элең – деп килемдин ээси талашат.

– А сен килемиң менен учуп келгенде кантип тирилтет элең, менин алмам болбосо кыз тирилбейт болчу.

Ошону менен бул үчөөнө калыстардын башы айланды. Муну менен булар талашып жата берсин.

Бир жерде хандын үч баласы бири-бирине кошулбай, тамаша кылып, бир бирден барып кийиктеп, экөө үйдө жатат. Үчөө кийиктеп жүрсө, кичүү баласынын чыга турган күнү экен. Бая кичүү бала эки агасын чакырат дагы:

– Бүгүн чыга турган күнүм эле, экөөң тең жүргүн. Үчөөбүз тамаша кылып, кимибиз өнөрлүү экенбиз, ошону көрөлүк, бирок олжо меники, талашпайсыңар. Силер тамаша гана көрөсүңөр – деди. Эки агасы:

– Эмнеси болсо да үчөөбүз тамаша кылалы, тапканыбызды сага берели – деп, тоого барып, кийик атып жүрүшөт. Кийикти кубалап, баланча жерден табышабыз деп, бир жерди убада кылып коюп, үчөө үч бөлөк жерге кетти.

Улуу агасынын аты жүрбөй бир белде турса, бир кийик шекилдүү нерсе келди.

– Мени сен атпагын, сага мынабу шакекти берейин, Сулайман пайгамбардын жүзүгү (шакеги) ушу шакекти алсаң падыша болосуң – деп айтты. Эң улуу агасы шакекти алды. Баягы бир убакта эки иниси келди.

– Эмне табылгаңар бар? – деп олжону сурады, баягы кичүүсү. Күн меники деген убадасы бар эмеспи.

– Күн меники, шакекти мага бер – деди кичүүсү. Улуу агасы:

– Мен бербеймин деп айтты.

Ортончу агасы:

– Убада бар эмеспи, ой бергин – деп кичүүсүнө болушту. Калыска түштү эле:

– Убадаңар бар экен, күн меники деген тигиге бер – деди калыстар. Ушуну менен чатак болуп, ага улуусу бербей койду. Муну менен булар талашып жата берсин.

Ошону менен бир молдо, бир зергер, жыгач уста үчөө жолдош болуп, үчөө бирөөнүн үйүнө барып конду. Бир убакта баягы жыгач уста эшике чыкса, эшиктин астында бир дөңгөч жатат. Дөңгөчтү адамдын мүчөсүндөй сүрөт бир сулуу кыз кылып, эшиктин астына жөлөп койду эле, бир убакта зергер эшике чыкса, сулуу кыз турат. Ары-бери кызды көрсө, кыз экен десе, дөңгөч, жыгач. Зергер турду да, кийимди тигип, сөйкөнү, билерикти жасап, сулуу кыздай кийгизип койду.

Бир убакта ал үйгө киргенде молдо эшикке чыкса, эшиктин алдында бүлбүрөгөн (келишкен сулуу) бир кыз турат. Караса, баягынын жаны жок, жасалгасы адамдай сулуу. Молдо туруп баягыга:

– Сүп, сүп! – деп жан салды.

Баягы кадимки адамдай бир сулуу кыз болуп, үчөө туруп баягы кызды талашып, алыша албай калыска түштү. Калыстар туруп: дөңгөчтү чаап, кыз сүрөтүн салганга ыйгарды. Жыгач устага ыйгарганда. Берки экөө бербей, нааразы болуп, калыстар:

– Жыгач уста алсын – деп ошого ыйгарды.

Ага берки экөө нааразы, чатактан-чатак болду. Бул үчөө талашып жата берсин.

Бир жерде бир падышанын жалгыз кызынын ким мени үч сүйлөтсө ошого тийемин деген убадасы болот. Ошол кызды үч сүйлөтүп алабыз деп далай киши өлүптүр. Ал падышага:

– Кызыңызды үч сүйлөтө албасам, өлүмгө ыраазымын – деп кол коюп, кызга барчу экен. Бир сулуу жигит падышага:

– Кызыңызды үч сүйлөтө албасам башымды алып таштай бериңиз – деп барды. Падыша айтты:

– Жакшы бала экенсиң, бөөдө өлүп каласың го, далай бала өлүп кетти.

– Сүйлөтө албасам өлүмгө ыразымын, сүйлөтсөм кызыңды аламын – деди.

– Баягыга алпар – деп, кол койдуруп алып, падыша кызга жиберди. Барганда:

– Күйөө келди – деп барабанды какты. Бала барып:

– Сизге бирдемени чечип берет деп калыска келдим – деп сөздү баштады.

Баягы Асандын кызын үчөө жакышы көргөнүн, байдын үчөөнө үч миң дилде бергенин, бая күзгү менен көрүп, өлүп жатканын, килем менен учуп барганын, алманы жыттатып тирилткенин айтты. Күзгү менен көргөнгө кызды алып бергенге калыстар ыйгарышты. Анда сүйлөбөгөн кыз:

– Анда сенин калыстарың кандай кудай урган калыстар – деп айтты. Күзгү менен көргөндө, учуп барганда эмне кылат эле, алма менен тирилткен балага тийиштүү эмеспи – деп кыз бир сүйлөдү. Барабан кагылды. Андан кийин Сулаймандын жүзүгүн алган үч бир тууганга келди. Кичи баласынын күнү экен, олжо, табылгы меники болот деген убадасы бар. Калыстар туруп, күн меники деген балага шакекти ыйгарганда кыз:

– Өз тапканын өзүнө бербейби. Ал тетиги, өзүнө берип кеткен шакегин кантип берсин, ал ошого тийиштүү – деп жаны чыгып кетти. Баягы жыгач устага келебиз. Жыгач уста дөңгөчтү чаап, кыз кылып сүйлөтүп койбодубу. Зергер барып кийинтип, молдо жан салбадыбы. Калыстар туруп, жыгач устага тийиштүү кылбадыбы. Ошондо бая сүйлөбөгөн кыз:

– Жан салбаса дөңгөчтү алат беле ал. Жан салган молдого тийиштүү – деп дагы үч сүйлөдү.

Ошону менен кызды үч сүйлөтүп, падышанын сүйлөбөгөн кызын жанагы жигит алып жатып калат.

## БАЛКЫЯ[1]

Илгери Балкыя деген киши таалай издеп чыгып, каякта экенин билбей, дүйнөнү кезип жүрөт.

Жаздын күнү. Жыландын падышасы Шаймаран бир топ жыландар менен жатканда Шаймардан үстүнөн чыгып калат.

– Бир адам келатат – деп падышага айтат. Шаймаран туруп:

– От чачып өлтүрбөй мага тирүү алып келгиле – дейт. Балкыяны жыландын падышасы Шаймаранга алып келет. Шаймаран он сегиз миң ааламдын тилин билет. Шаймаран туруп:

– Эмне кылып жүргөн кишисиң? – деп Балкыядан сөз сурайт.

– Мен бир шордуумун, бакыт издеп жүрөм. Шаймаран туруп айтты:

– Аны издеп жүрсөң, адам баласы опосуз, айлакер окумуштуу болчу эле. Сени коё берсем дагы бирөөгө жолугуп, мени зыянга учуратасың – деди.

– Шаймаранды көрдүм деп бирөөгө айтсам оңбоюн – деп каргыш берди.

– Таалай издеп жүргөндөн кийин тоскоол кылбайын – деп, коё бергенден кийин Балкыя чыгып, Шаймарандан кетип, канча күндөр жүрүп келатып, Балкыя дагы бир кишиге жолукту.

– Сен эмне болгон кишисиң – деп баягы Балкыя кишини сурап калды.

– Мен Акап молдомун – деди баягы киши.

– Сулайман пайгамбардын жүзүбүн (шакек) алсам дегем, бирок суулардан, дайралардан өтө албай жүрөм.

– Өтүүгө бир себеп, мени издеп жүргөнүм – Шаймаран – деп айтты баягы Акап.

– Шаймаранды тапсам суудан өтөөр элем – деп айтты.

[1] КР УИА КЖБ. – Инв. №733

– Кантип өтөсүң? – дегенде,

– Шаймаран он сегиз миң ааламдын тилин билет – деди. Суугa батпай турган бир чөп болот. Ошо чөптүн суусун таманыңа сүйкөп алып бассаң, кургак жердей суунун үстүнөн басып кетесиң. Ошол чөптү тапсам, суудан өтсөм, Сулаймандын жүзүбүн алсам, сага таалайды да таап берет элем – деди. Ошол сөзгө Балкыя алданды. Алданып:

– Шаймаранды мен таап берер элем, бирок аны сен өлтүрүп коёсуң го – деди Акапты.

– Мен өлтүрбөймүн, суудан өтө турган гана чөптү сурап алып, анан коё берем – деди.

– Шаймаран менен убадам бар эле. Коё бере турганың чын болсо, мен таап берейин деп көргөн жерине Балкыя ээрчитип келсе, нардай (төөдөй) болгон ажыдаарлар сойлоп жүрөт. Акап «Азайымкан» деген дуба менен нардай жыландардын баарын талытып, кыймылдатпай таштады. Акап Шаймаранды дуба мен чакырганда күмүш табакка салып, бир жылан сойлоп келип таштап кетти. Дубаны жандырып, эси ооп калган Шаймаран тирилсе, бая Балкыя досу олтурат. Балкыя досуна:

– Ушуну кыласыңбы? – деди. Анда Акап туруп сөзгө аралашты.

– Бу кишини азгырган мен болдум. Сизден бир нерсени сурайбыз, ошону айтып берсеңиз эле, коё беребиз – деди.

– Айткыла айтып берейин – деп Шаймаран айтты.

– Тегерете деңиз экен, деңизден өтө албай айлабыз куруп турат. Мына китептен көрдүм, бир чөп бар дейт, ушу чөптү сүйкөсө деңизден кургак жердей басып өтөт дептир, кайсы чөп экенин билбей сизге келдим. Акап китебин сууруп чыкты. Ушу сөздү айтсаңыз эле биздин сизге зыяныбыз жок, ордуңузга алып барып коёбуз – деп айтты.

– Анда эмесе, тетиги чөптү жулуп алып, таманыңа сүйкөп, сууну кечип көрчү – деп айтты Шаймаран.

Ошо жердеги чөптүн бирин үзүп, таманына сүйкөп, арыктагы сууну кечсе батпайт. Акап «он сегиз миң ааламга падыша болдум», эми барамын деген ой кетти. Ошону менен Шаймаранды коё берди. Шаймаран Балкыяны Акапка кошпой:

– Бери келчи – деп жалгыз чакырып алды.

– Айтпадым беле, мени бир топ мыжып убара кылдыңар – деп айтты Шаймаран.

– Сен жамандык кылсаң да, мен жакшылык кылайын – деп айтты Балкыяга Шаймаран.

– Силер суудан өтүп Сулаймандын жаткан жерине барасыңар. Барганда Сулайман терең сайдын ичинде, тегерегин кайтарып турган ажыдарлар, жакындаганда от жагып күйгүзүп жиберет. Сулайман жаткан жериндеги тоого барганда көрөсүңөр. Сулайман кымбат баалуу нерсени жамынып тактынын үстүндө жатат. Жүзүк сол колунун чыпалагында. Бул тоонун башына барганда «Азейимкан» дубаны окуп, жыландардын баарын талытып, катырып алсыз кылып таштайт.

– Сен жамандык кылсаң мен да жакшылык кылайын. Ошо Сулайман жаткан белден ары бараган күйүп өлөт. Жакшылык кылганым, сен белдин бери жагында кал. А эгер Акап менен кошо барсаң, сен да күйүп өлөсүң. Тоонун бери жагында кал – деди Шаймаран Балкыяга.

Шаймаранды коё беришти, коштошуп Акап менен Балкыя жөнөп, дарыяга барганда чөптөн таманына сүйкөп алып, экөө кургак жердей суудан өтүп, Сулайман жаткан тоонун башына чыкты. Караса, тактын үстүндө кымбат жакуттан жамынып алып, Сулайман жатат. Сулайманды кайтарып тегерете ажыдарлар, жолборс жүрөт. Белден чыгып, «булардын баарын талытып таштайын» деп, Акап «Азейимканды» окуй баштады. Ажыдарлар зыңкыйып катып, жолборс да кыймылдабай жатып калды. Жүзүктү алам, он сегиз миң ааламга падыша болом деп Акап кубанып турат. Ошондо Балкыяны:

– Жүр! – деди Акап. Балкыя туруп:

– Мени эмне кыласың, өзүң эле барып алып кел, мен ушу жерге отурайын – деди. Шаймарандын сөзү менен Балкыя олтуруп калды. Тиги кетти. Барды. Касыйданы окуп, жылан да, жолборс да кыймылдабай жатат. Акап барып Сулаймандын колунан тартып, чыгарам деп жүзүккө асылды. Жебирейлер:

– Тарт колуңду! – деп кыйкырганда жебирейилдин үнүнөн коркуп кетип, эсинен танып, «Азайымкан» дубаны окуй албай калды. Талып жаткан жыландар «Азайымканды» окубагандан кийин тирилип, жыландар от чачып, Акап өлдү.

## КАРЫМБАЙ[1]

Карымбай бай бар деп азирети Муса угуп;

– Андай немени оңдоп келейин – деп келет.

Азирети Карымбай менен амандашып келип отурат. Мал дегени төрт түлүктүү бугу, кулан, кийик, элик, аркар-кулжа Карымбайдын мал имиш. Азирети Муса үйүнө конгондо ошо малынан чычкак улак сойбой, бир мышык союп берет. Палоо басып, балоонун үстүнө мышыктын этин басып, алып жегенге алып келди. Палоонун үстүнө жасап келсе, мышыктын эти экенин билип, Муса:

– Мыш! – деп жеңи менен табакты жаскады. Мышык табактан тура качып кетти. Ошондо азирети Муса Карымбайга айтты:

– Ушунчалык малың көзүңө көрүнбөй, мышык сойгон кандай оңбогурсуң. Сен жаман ниетиңди таштап оңолбойсуңбу? – дейт. Карынбай унчукпай олтуруп калды.

– Бул адетиңди тыштабайсыңбы? Деп үч айтты. Үч айтса да болбой койду. Болбогондо азирети Муса туруп:

[1] КР УИА КЖБ. – Инв. №733

– Тарт, Карымбайды кара жер – деди. Шыймылчагына чейин Карымбай жерге кирди.

– Дүйнөгө мынча кызыкпай, дүйнөнүн бекер экенин, билбейсиңби, оңол – деп айтты. Оңол десе, жооп бербей койду. Болбогондон кийин:

– Жана тарт! – деди эле, бел кырчоосуна чейин кирди.

– Эми оңолосуңбу? – десе, болбой койду. Болбогондон кийин:

– Жана тарт! – деди. Жана тарт деди эле, кекиртегине чейин кирди. Кекиртегине чейин барганда:

– Сен ниетиңди оңойсуңбу же ушу ниетиң менен кетесиңби? – десе, унчукпай койду.

– Анда эмесе тарт! – деп Карымбай жок болуп, жерге кирип кетти.

Карымбайдын малы, жылкысы-кулан, уюу-бугу-марал, коюу-аракар-кулжа, эчкиси тоодогу эчки-теке болуп кетти. Мусанын каргаганы боюнча малынын баары кайберен болуп кетти.

Ушундай өлгөндү билбеген, ниети жаман кишилер үзүрүн көрбөй дүйнөсү талаада калат.

## ТӨШТҮК[1]

Илгери Элеман бай малында жүрсө, зокуюп бир алсыз кемпир олтурат. Ал кемпирге жолобой кетип калды. «Саган бир кезигермин» деп бир жезкемпир оозун карманды.

Ортосунан көп жыл өттү. Элемандын тогуз уулу бар эле. Балдарыма бир жерден, бир үйдөн алып берсем экен келинди деп кыз издеп жүрүп, арыктыгынан аты ыргайдай, өзү алсыз болду. Бир байдын үйүнө түшсө, бир кермеде сегиз сөйкө жүктүн бурчунда илинип турат. Баякы сөйкөнү көрүп, ошондо Элеман:

---

[1] КР УИА КЖБ. – Инв. №733

– Аттигин, бирөө болсо боло дагын – деп оозун карманды.

Анда үйдүн ээси байбиче:

– Ой, бай, менин үйүмө кирген адам оозун карманбайт, эмне үчүн оозуңду кармандың?

– Ай, байбиче, мынабу балдардын сөйкөсүн көрүп, дагы бирөө болсочу – деп оозун кармады.

– Дагы бирөө бар. Кенже, кичине кызымдын сөйкөсү сандыкта турат, сегизи мына. Кичи кызымдын сөйкөсү менен тогуз сөйкө. Ошондо Элеман бай:

– Байбиче, тогуз уулум бар эле, тогуз уулума бир жерден кыз алып берип, куданы бир жерден күтсөм деп, кыз издеп чыктым эле, үйдөн.

– Атасы кайда, бул кыздардын.

– Атасы бир жерден куда күтсөм, балдарымды бир үйгө берсем – деп, ошондой жер издеп кетти эле, дегенден кийин, кудасын күтүп, токтоп туруп калды. Кыздын атасы келди.

– Мынабу кыздарыңа куда түшөйүн деп жатамын. Куда болоюн деп келдим, тогуз уулум бар.

– Куда бол, эң жакшы киши экенсиң.

Малдын кереги жок, мынабу коктунун башында, бир бетинде  май булак, бир бетинде сүт булак бар. Ушунун арыгын чаап, эки булакты буруп келип, үйүмдүн жанына агызып кой, тогуз кызымды берем, калыңы ошол.

Калкты жыйнап, арыкты чаба баштады. Калк көптүгүнөн бирөөнүн башын бирөө керте чаап, биринин башын айра чапты.

Төштүк үйдө малда калган. Малда жаткан жеринде кыдыр алейки салам ойготот:

– Калк кырылып баратпайбы, өзүм чабам, өзүм чабам, кайт эле, кайт! – деп элди кайтар дагы, жылкыдагы чал куйрукту мин, өзүм чабам эле деп, өзүм чабам, ошону минип элди тарат – дейт.

Май булактын учунан кайын атасынын үйүнө чейин кайра чаап барып, элди таратышты. Сүт булагын да

учунан ат менен чаап, Төштүк кыздын ата-энесинин үйүнө чейин чаап, эки барып, эки келип, май булагынын мурунку чапкан жерине чейин май агып, көл болуп турат. Ошонун жанына сут булак да чаап барган изи менен агып, байдын үйүнүн жанына ал дагы көл болду.

Сегиз уулу колуктусун алып келгенге кайындарын көздөй жөнөдү. Төштүк мал кечесин багып, үйдө калды. Барысы улуусуна уулдай, кичүүсүнө кичүүдөй өз жашындагыны берди. Эң аягында сөйкөсүн мойнуна салган бойдон Кенжеке калды.

– Ээ, ботом, бул баламдын оо, куда жолдошу кана?

– Төштүк малда калды.

– Болуптур, балаңды алып жөнө, тилегиңе жет.

Ошентип үйүнө келгенден кийин Элеман бай малына барса, баякы кемпир бөлөк кемпир болуп, кийинген кырына түшүп өлгөнү жатат.

– Ой айланайын, балам, мени тургуза албасаң да, мындай колуман тартып койчу. Өлмөк болдум, тура албасам да көчүгүм менен отурайын деди.

Элеман бай аттан түшүп, колунан кармаганда тура калды да жакадан алып, көтөрүп уруп, муунтуп, чычырып, сийдирип өлтүрмөк болду.

– Малымды, келин кесегим менен балдарымы ал, менин жанымды кой!

– Өзүңө жаныңды коёюн, Төштүгүңдү бер.

– Макул, жанымды коё бер.

– Качан бересиң Төштүктү?

– Эртең көчөм, бу журттан. Төштүктүн ойноп жүргөн алтын сакасын көч жакта калып, журтка таштайын – дейт. Жаңы журтка көчүп барганда:

– Алтын сакам кайда? – деп сурайт.

– Атаны каран кеткир ай, алып туруп, коломтодогу таштын түбүнө коюп койгон турбаймынбы. Барып алып кел, балам.

Ошондо Чалкуйрукту кармап минип жөнөдү. Көп жерге келгенден кийин Чалкуйрукка адамча тил кирди.

– Сени атаң эмнеге жиберди, билдиңби? Алтын саканы атаң таштаган ошо жерге.

– Жок, билгени жокмун.

– Жезкемпир бар, ошо саканын түбүндө. Жезкемпир атаңды өлтүрөмүн деп, оозунан мурдунан кан келип, сийип, чычып, ошондо сенин жаныңды коёюн, Төштүктү бер деп, Жезкемпир сураган.Ошону менен алтын саканы таштап коюп, кармап алсын деп жезкемпирге жиберди. Төштүгүм, өлүмгө баратасың сен. Эми сен жанакы сакага жеткенде, мен коёндой жапыс болоюн, сен жагалмайдан илгич бол. Ошондо саканы алып, жеткизбей учам. Адегенде оң колун жулуп урат. Оң ийрегим оң деп, сол ийрегим сол деп турат. Ошол колунан аман кутулсак бизди жер астына алып кирип кетет.

Чалкуйрук ошону айткандан кийин журтка барса, так ошо саканын жанында бир кемпир олтурат. Жезкемпир экенин билбейт. Жезкемпир айтты:

– Энеке, береки саканы мага алып берчи – деди.

– Ой, балам, эңкейсем өйдө тура албаймын, турсам олтура албаймын. Өзүң түшүп ал, балам – деди.

Ошондо Төштүк ары жагын көрсөтүп:

– Тиги кубалашып келаткан ким? – деди.

Жезкемпир ошо жакты караганда Чалкуйрук бос коёндой жапыс, Төштүк жагалмайдай илгич болуп, шарт илип жөнөдү. Жезкемпир колун жулуп урат. Кол каяктан келе жатса, тетири жакка качып отуруп, Төштүк жер астына кирип, жүрүп кетип баратса, бир аюу өкүргөнүнөн барса, таманына жыгачтын кыйгагы кирген. Ошону Төштүк таманынан сууруп алып салды.

– Сен мени менен дос болдуң. Башыңа эмне мүшкүл иш түшсө, мурутумду отко тийгизчең, сенин жанында болом. Андан ары баратса бир асманды тиреген чынар теректе жарк-жарк эткен бир нерсе көрүп, «Бул эмне болду» деп барса, ажыдар экен, теректин башында үч балапан чарылдап турат, ошону

жегени чыгып баратыптыр. Ажыдарды кылыч менен кыя чап, жерге түшүрдү. Алпкаракуштун балдары экен, адамдай тил кирип:

– Ой, айланайын, дос болдук. Ажыдаардын өлүгүн көтөрүп чыгып кел. Ажыдаардын сөөгүн көтөрүп балдарга чыгып барды. Төштүктү да, өлгөн ажыдарды да катып, үч бала басып жатты. Бир убакта мөндүр аралаш кар, каттуу бороон каптап келди.

– Бу шамал менин эне-атамдын канатынын күүсү, кар жаап, көзүнүн жашы, балдарым ажыдардан аман-эсен турат бекен деп келатат. Алпкаракуш келип консо, чынар терек башы жереге тийип, кайра туруп, баякы эне-атасы келгенде балдары:

– Ой, эне, жакшылыкты көрсөтөлүбү же жаманчылыкты көрсөтөлүбү – деп энесине айтат.

– Адегенде жакшылыкты көрсөткүн, жакшылык жакшылык менен кайтсын. А дегенде Төштүктү көрсөтсө, шап жутуп жиберди. Бала-чакасы:

– Бизди кошо жуткун, биздин жаныбызды ушу адам алып калбады беле. Ошентип энеси менен тытышып жатып, жереге кулап түштү.

– Эр экен, кичине коё турсаңар, чычып берсем андан ашыгыраак баатыр болот эле. Мурунку баатырлыгы менен калды – деп оозунан кузуп берди. Ошо жерде алпкаракуш бир жүнүн жулуп берди.

– Жүнүмдү куйкаласаң жаныңа учуп барам, башыңа эмне иш түшсө, ушу жүндү отко тийгиз. Андан ары баратса, өрттөн качкан жети кумурскага жеңин тосо берип, өрттөн чыгарганда бирөө бутун жулуп берип:

– Башыңа эмне иш түшсө, ушу бутумду отко тийгизсең кашыңа келебиз – дешти. Баякыларды катып алып, Төштүк жолго түштү. Калктын баары жерге жайнап, бир нерсе издеп жүрөт.

– Бул эмне издеп жүрөт?

– Талаага жети таруу чачыптыр, кан. Ушул жети тарууну таап, колумдагы аюум менен аюсу

күрөшүп, жети тарууну тапса, калыңсыз кызымды берем дептир. Төштүк баякы аюуну, жети кумурсканы чыкырды.

– Падыша ушу жерге жети таруу чачыптыр – деп кумурскаларга тапшырма кылды. Кумурскалар издеп, бат эле таап алып келди.

– Мына тарууң – деп падышага алып барды.

– Тарууну таап келипсиң, эми аюуң болсо, аюну күрөштүр, аюну жыкса, калыңсыз кызымды беремин, сага.

Колго баккан аюу менен талаада жайдары жүргөн аюу экөө күрөшүп, падышанын аюсун көтөрүп урду. Падыша кызын берди.

– Мына калыңсыз кызды беремин. кызын алгандан кийин падышадан уруксаат сурады.

– Эй, падышам, биз жер үстүндөгү адам элек, улуксат бериңиз жерибизге, элибизге кетелик.

– Сен жер үстүнө кантип чыгасың?

– Мени алып чыга турган алпкаракушум бар. Улуксаат бериңиз, каным, алпкаракушту чыкырып, камынайын.

– Улуксат берейин, элиңе, журтуңа бар- деп улуксат берди.

Бая жүнүн отко тийгизип, куйкалап, алпкаракушту чакырды. Алпкаракуш тез келди.

– Не чакырдың, досум.

– Мен жер үстүндөгү адам элем. Бир атым, аялым үчөөбүздү асманга көтөрүп, жер үстүнө чыгар.

– Кырк эчкинин этин, жыйырма чанач суу камдагын. Өзүңдүн кулачың менен он жети кулач жибек аргамжы бош эшкин, жумшак болот. Анан алып чыгамын, даярданганда отко тийгизгин – деп бир жүндү берип кетти.

Кырк эчкини бир күндө союп, баары жогу даяр болгондо алпкаракуштун жүнүн отко тийгизди.

– Кана эми, көтөрүп алып уч, баарысы даяр. Көч жагына Чалкуйрук, астына Төштүк аялы экөө та-

цылды. Кескилеп берип турууга тамактарын астына алып алды. Зыңгыратып Алпкаракуш алып кетти. Айланып кайра коно турган жери – тышка чыкты. Көп айыл турат.

– Ай, бул кимдин айылы? – дейт Төштүк.

– Элемандын айылы – дейт.

– Жайлообуз, жердеген жерибиз тиякта эмес беле, эмне мындай эл көп топтолгон, эмне болгон десе, сурап жаткан:

– Төштүк деген баласы жоголуп кетип, ошонун ашын берип жатат – деп, андан кийин ар кимден угулуп-билинип;

– Мен Төштүкмүн, атама барып сүйүнчүлө – дейт. Баякы барган киши:

– Сүйүнчү Төштүк келди – деп, атасы Элеман байга сүйүнчүлөп барса, аялы Кенжеке карасын башынан ала элек экен. Ошо жерден атасы эли-журтун чакырып:

– Төштүккө аш деп бергеним алашадай той болсун, айланайындар – деп Төштүктүн аябай тоюн берип, эли-журтуна балбанга чыгарганга киши таппай:

– Балбанга чык – деп Төштүккө барган экен. Ошондо Төштүк:

– Жер астынан чыкканым жети күнчө болду го. Этим калды көк жашык, каным калды бир кашык. Уруксаат бергиле, мен балбандыкка чыкпаймын – деп, ошону менен Төштүк балбандыкка чыкпай, элинде жайнап жатып калат.

## ЛЕГЕНДА[1]

## БОШ МОЮН УРУУСУНУН ЧЫГЫШЫ ЖӨНҮНДӨ ЛЕГЕНДА

Таласта Боркемик деген уруу болгон экен. Ал казактан жылкы тийип келгенде, жылкы кайтарып жүргөн бала кошо келет. Ал бала жылкы кайтарып жүрө берет. Бала жылкыдан келип, салам айтып киргенде, бий козголуп отурчу экен. Байбичеси Боркемикке: – Сен ошо бала келгенде эмне ордуңдан көтөрүлүп отурасың дегенде, – О кой, ошо жылкы менен бирге келген балага мен которулчу белем, – дейт. Байбичеси бийдин этегин айландыра көктөп койгон экен. Бала салам айтып кирип келгенде бий баягыдай ордунан тура берейин десе аюу талпак кошо көтөрүлөт экен. Ошондо бий байкай калып, кайра отура калат. Бий ошондо байбичесине:

– Сенин айтканың туура, көтөрүлө калган себебим баланын эки ийнинде эки ажыдаар көрүнүп турат, ошондон чыдай албай көтөрүлүп жүрөмүн, – дейт.

Бала жылкысын багып жүрө берет. Бир күнү бий балага байлардан бир кыз алып берейин десе, бала мен өзүм таптырып алам деп коёт. Бир күнү орок саптаган бир адамдын бойго жеткен кызы болот. Бала жылкыдан келе жатса ал кыз сийип отурат экен. Сийген жерин караса жерди чуңурайтып эшип

[1] КР УИА КЖБ. – Инв. № 630.

кеткен экен. Ошондон кийин бала эгер атам мага кыз алып берем десе ошол орок саптаган кедейдин кызын алып берсин дейт. Атасы ошол кызды алып берет. Баланын атасы баланы алып кетем десе бий бербей коёт. Ошондо баланын атасы: – Менин баламдын кепичи турган жерге сенин балаңдын башы турбайт, – деген экен. Ошентип ал кетип калат. Ал эми ошол кыздан туулган Алакчын да. Муногу баланын атасы айткан сөз чын болду, муногу Эшенкул ажыдаар ушул алакчындан чыгып эл сурап турду го. А Боркемик эштекеге жетпей калды го. Аны биз кайдан билебиз энди. Онун айылы те жогору жакта, эшиткенибиз да. Көз начар, оңдуу көрбөйт.

Небере, неберенин баласы чүбөрө. Не апасын, не сиңдисин алса, шол экөөнөн туулган бала бири-бирине бөлө дейт.

## МАЗМУНУ

Баш сөз ........ 3

**ТЕРМЕ**

Терме ........ 13
Зарладым ........ 17
Жеңелерге ........ 18
Башкарма ........ 18
Армиядагы туугандарга арноо ........ 19
Душмандар ........ 20
Тилек ыры ........ 20
Тилек ........ 21
Атка минер ........ 21
Мергенчинин зары ........ 22
Кант заводу ........ 22
Жокчулук ........ 23
Жашчылык ........ 25
Ноокат ........ 25
Эшегин бөрү жегенде ........ 27
Туулган жерин кошуп ырдаганы ........ 29
Гүлжэрим ........ 34
Алай ........ 35
Алтын эгар ........ 35
Агасынын ыры ........ 36
Балдары ........ 37
Апама ........ 38
Акемдин ырынан ........ 39
Эл жерине арнаган ........ 40
Агарат башы тоолору ........ 42
Кызгалдак гүлдөр жарашат ........ 44
Саралалуу сан жылкы ........ 46
Балам Сыдыктын ыры ........ 46
Шырылдаң ........ 47
Кечеткан (кечүү) жерде ылай бар ........ 48
Түштүктүн тескей тоонун ........ 54
Балалык ........ 58
Жокчулук ........ 61
Сагындым ........ 62
Камбагал ........ 63
Келинге ........ 65
Рамазан ........ 66

**АР КЫЛ ЫРЛАР**

Алай ........ 68
Айылдын өзгөрүшү ........ 69
Сагындым туулган жеримди ........ 69

Молдолорду сынга алуу ........................................ 76
Сардал ........................................ 77
Угузуу үчүн айтылган ыр ........................................ 80
Мойнок Ак теректеги короону кошуп ырдоо ........................................ 82
Эсендикти суроо кат ........................................ 82
Эненин эмгеги ........................................ 86
Жаштык ырларынан ........................................ 87
Не керек ........................................ 89
Жокчулук ........................................ 105
Кой көз ........................................ 106
Кайгылуу жомок ........................................ 106
Айрылуу ........................................ 112
Кумарлык ыры ........................................ 113
Асмандан учкан каптардай ........................................ 116
Туйгунум ........................................ 118
Айгыры өлгөндө........................................ 120
Кең Алай ........................................ 121
Сариев Төлөгөн ........................................ 127
Акимбай ыры ........................................ 131
Ышкы ........................................ 134
Алагды кылба жетимди ........................................ 135
Кимге айтам ........................................ 136
Ракмат айтам ........................................ 138

**СҮЙҮҮ ЫРЛАРЫ**

Сүйүү ырлары........................................ 139
Эсен бол ........................................ 141
Даанышман ........................................ 142
Ак билек........................................ 143
Оштон........................................ 145
Бирөөгө кат ........................................ 146
Күкүк ........................................ 147
Сүйүү ........................................ 147
Сүйүү ыры ........................................ 148
Жаш сулуу ........................................ 160
Сүйүү ыры ........................................ 162
Сүйгөнүм........................................ 163
Ак жоолук ........................................ 165
Дайынсыз кеткен жарыма ........................................ 167
Кат жазамын күнүгө... ........................................ 168
Күйгөн........................................ 169
Ак келин ........................................ 171
Ашык жар........................................ 172
Өптүрчү ........................................ 173
Карачачтан ........................................ 174
Саламы ушул Сайранын ........................................ 174
Сүйгөнүм........................................ 175

Сагындым .................................................. 176
Акзийнат .................................................. 176
Мен кайрылып келгенче ................................. 177
Сулуу.................................................. 178
Кимге айтам .................................................. 178
Сүйүү ыры .................................................. 179
Ким аны билсин .................................................. 180
Ыр .................................................. 180
Шумкар (арноо) .................................................. 182
Селки жан .................................................. 183
Күйгөн .................................................. 184
Ашыклык .................................................. 186
Сүйгөнүмө арнаймын .................................................. 187
Ашыгылык ыры .................................................. 189
Ак Жайнак .................................................. 191
Буракжан .................................................. 195
Майлискан .................................................. 196
Кызга көрүшкөндө .................................................. 198
Ашыктык ырлар .................................................. 199
Ак келин.................................................. 211
Ашыктык ыры .................................................. 213
Ноодайым .................................................. 214
Ашыгылык ыры .................................................. 225
Ак зирек .................................................. 233
Ашыглык .................................................. 241
Ашыгылык ырлар.................................................. 245
Буракжан.................................................. 257
Жайын жайдай тынбадым .................................................. 264
Ашыглык .................................................. 269
Сентелет .................................................. 272
Келиндин каты .................................................. 276
(Каттын жообу).................................................. 276
Жигиттин 2-жазган каты.................................................. 277
Ашыктык ыры .................................................. 278
Карай көз .................................................. 283
Сүйгөнгө .................................................. 284
Сүйүү ырлары .................................................. 286
Балдызжан.................................................. 290
Сүйүү ырлары.................................................. 292
Ашыглык ырлары.................................................. 293
Ашыгылык.................................................. 297
Ак келин.................................................. 300
Ашыглык.................................................. 301
Ашык жар.................................................. 302
Жаштык ырлары .................................................. 303
Сырга жан.................................................. 305

Даткайым ........................................................ 320
Сардал ........................................................ 324
Секет ........................................................ 326
Гөр Жамал ........................................................ 327
Мырзайым ........................................................ 330
Жувармак ........................................................ 332
Ак Назик ........................................................ 334
Ак Кымча ........................................................ 335
Дардизар ........................................................ 339
Жайдарым ........................................................ 340
Карай көз ........................................................ 342
Сардалым ........................................................ 343
Акмолоч (Актолмоч) ........................................................ 346
Ак Динар ........................................................ 348
Ак толгун ........................................................ 349
Ак тартып ........................................................ 351
Ак Ноода ........................................................ 354
Лайлихан ........................................................ 358
Лаликан ........................................................ 359
Кымча ........................................................ 360
Ак Шайыр ........................................................ 362
Алтын ........................................................ 365
Ак маңдай (Аятканга) ........................................................ 367
Ак зирек ........................................................ 368

**ДИН ЫРЛАРЫ**

Сулаймандын ыры ........................................................ 376
Илгери Сулайман деген ырчы аксакал
атын бөрү жеп кеткенде ырдаган ........................................................ 377
Жарамазан ........................................................ 379
Жарамазан ........................................................ 381

**НАКЫЛ**

Накыл кептер ........................................................ 383
Накыл кептер ........................................................ 386

**МАКАЛ, ЫЛАКАПТАР**

Макалдар ........................................................ 388
Ылакаптар ........................................................ 396

**АЙТЫШ**

Тайгара ырчынын Зайыр ырчы менен айтышы ......... 397
Айтыш (Кулмурза менен Молдотаиптин айтышы) ...... 403
Маман менен Турганбайдын айтышы ...................... 408

**АРМАН**


Арман түн ........................................ 411
Фронттон акалары үчүн арманы .................... 412
Кеселчинин арманы................................ 414
Жигиттин арманы.................................. 414
Каптыгайдын кызынын арманы ...................... 415
Менин арманым.................................... 417
Турдукан......................................... 419


**САНАТ ЫРЛАРЫ**


Санат ........................................... 421
Санат ыр ........................................ 422
Алчадияр (санат)................................. 424
Санат ыр ........................................ 425
Санат ........................................... 427
Санат ........................................... 432
Санат ........................................... 434


**КОШОК**


Баласына кошкон кошогу .......................... 437
Апасынын кошогу ................................. 439
Чалына кошкон кошогу............................. 440
Атасы Талканбай өлгөндө
кошкон кошок .................................... 441
Апасы өлгөндө кошкон кошогу....................... 444
Кызды күйөөгө узатканда
энесинин кошкон кошогу........................... 445
Кызды көчүргөндө кошок .......................... 446
Баласы Мамыт өлгөндө кошкон кошогу ............... 447
Иниси Жаныш өлгөндө кошкон кошогу ................ 449
Атасы согушка кеткенде кошкон кошогу ............. 449
Энеси өлгөндө жоктогону .......................... 450
23 жашар баласы өлгөндө кошкон кошок .............. 451
Агасы өлгөндө ырдаган ушул эле Ашир апа........... 453
Баласына айтканы
эстеп кайра баштады .............................. 454
Бул башка убакта айтылганы ........................ 455
Кызынын атасы өлгөндө кошкон кошогу................ 457
Рыскелдиев Маметтен кыздын кошогу ................. 459
Кошок ............................................ 462


**ТАМСИЛ**


Тамсил ........................................... 465


**ЖАҢЫЛМАЧ**


Жаңылмачтар....................................... 469

**ТАБЫШМАК**


Табышмактар ........................................ 472
Табышмактар ........................................ 472
Табышмактар ........................................ 474


**КАЛП**


Калптар ........................................ 483
Апыртма ........................................ 484


**САНЖЫРАЛАР**


Санжыра ........................................ 485
Насил Яппас балдары ........................................ 486
Могул тууралуу ........................................ 490
Насил Костон тууралуу ........................................ 490
Насил Кыргыз тууралуу ........................................ 493
Дөлөн бий ........................................ 496
Моңолдор, Черик, Коңурат баяны ........................................ 499
Манап баяны ........................................ 503


**ЖОМОК**


Мааразык куудул ........................................ 506
Мааразык куудулдун ашка баргандакы окуясы ........................................ 507
Боз аттуу бай менен Эргешбай,
Жолдошбай, Арыкбай калдар ........................................ 522
Тайчабар сагыр ........................................ 524
Даанышман сокур ........................................ 531
Апенди ........................................ 536
Бир кемпир жана чал ........................................ 538
Төлгөчү карга ........................................ 541
Кырсыдырын баатыр ........................................ 543
Байбатча ........................................ 547
Аюу минген кыз ........................................ 549
Тузакчы чал ........................................ 552
Жомок ........................................ 556
«Кемелим Сарык» (Сейтектин баласы) ........................................ 558
Көчөрбайдын куудулдуктары ........................................ 568
Аялын алдаганы ........................................ 568
Такен уулу Майразык куудул ........................................ 575
аял алганда ........................................ 575
Үч жетим ........................................ 576
Жомок ........................................ 580
Балкыя ........................................ 585
Карымбай ........................................ 588
Төштүк ........................................ 589


**ЛЕГЕНДА**


Бош моюн уруусунун чыгышы жөнүндө легенда ........................................ 596

*Адабий-көркөм басылма*

*«Эл адабияты» сериясы*

# ОШ ОБЛАСТЫНАН ЧОГУЛТУЛГАН ФОЛЬКЛОРДУК МАТЕРИАЛДАР

38-том

Түзгөн:
*Исаева А. К.*
Тех.редактору: *Жанышбекова А.*
Корректорлору: *Исаева А., Абдыбаева П.*
Компьютердик калыпка салган: *Б.Өмүров*

Терүүгө 06.07.2018-ж. берилди.
Басууга 27.06.2017-ж. кол коюлду.
Кагаздын форматы 84x108 $^1/_{32}$.
Көлөмү 37,75 б.т. Нускасы 500. Заказ № ___

*«Турар» басмасында басылды.*